
ТӨЛӨГӨН КАСЫМ-БЕК

# КЫРГЫН



Т. Касымбеков

2017

Төлөгөн Касым-Бек

# КЫРГЫН

*(ТАРЫХЫЙ РОМАН)*

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. № 46230

БИШКЕК
ААК «Акыл»
«Бийиктик» басмасы
2004

ББК 84. Ки 7- 4
К — 28

«Акыл» А/К — «Кыргызстан» Басма Үйү
2000-жылы Бельгия өлкөсүнүн борбору
Брюсселде «EMRC» — «ЕВРОПАЛЫК» сапат
сертификатына ээ болгон.

*Бу тарыхий роман өткөн кылымдын 16-жылындагы кыргыз элинин башына баса түшүрүлгөн апаат күндөр болуп өткөн кадиксиз окуялардын, эч пенде төгүндөй алгыс көп документтердин негизинде жалтанбай таза кагаз бетине түшүрүлгөн дагы эле баягы Касым-бектин Төлөгөнүн көптөгөн жылдары бою онтоткон орошон ой туюмунун дагы бир орчун үзүрү.*

*Муну эл атанган чыныгы эгесине тартуулоо жагын, кудайга шүгүр, өткөн күндөн нарк, бүгүн барк билген азаматтар бар экен, эң оболу Кыргыз Өкмөтүнүн биринчи вице-премьер министри **Кубанычбек Жумалиевдин**, «Азамат-ойл» корпорациясынын деректирлер Кеңешинин Төрагасы **Токтосун Мадияровдун**, «Алканов и К» компаниясынын Президенти **Райкан Алкановдун** жардамы бүтүрүп отурат. Бу, албетте, ар түркүн заманда чанда эле жолугар жоомарттык, ырас, жалпы эле кыргыз көркөм адабиятынын таржымалында кызыл тамга менен белгиленип калары шексиз.*

*Мына, романчы, романды басып чыгарган «Акыл» жана «Бийиктик» басмаларынын эмгек жамааты бу билги инсандарга жалпы кыргыз окурман журт алдында астейдил ыраазычылык билдирет.*

**Касымбеков Төлөгөн**
К – 88 Кыргын: Тарыхый роман. – Б.: ААК «Акыл», «Бийиктик», 2004. – 384 б.

Т $\frac{4702300100 - 04}{М\ 451(17) - 04}$ 2004

ББК 84. Ки 7-4

ISBN 5-655-01537-4

© Касымбеков Т., 2004

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## 1

Сары Өзөн...*

Жер жашыл, күн жаркын, теребел жаркып турган, жер да, көңүл да кеңири, бейпил убак.

Жанаша бастыра эки-үч атчан жол келе жатышкан.

Кеби, сыры түгөнмөкпү булардын?! Ырас, өзүлөрү кудай буйруган колдо бар ырыскысына ыраазы, ашык дүйнө баш жарат, аны көксөбөгөн дили камсыз немелер, сыягы.

Капылет аттар селт чоочуп, эки жакка айрыла түшө кошкура ооздук чайнап кулактары бир тарапка тикчийе калды. «Бөрү бөгүп жатканбы, качты го?..» деген бейпил ой өттү. Жо, жал камыштын түбүнөн адам бейне сексейип, көзү туздай чекирейип турган. Тез кубулуп кеткен жок, кайра тирмейип, ал булардан чоочуп калган.

Тез эле нары жагынан дагы бир чачы өрүлбөгөн сары баш байкалып калды.

Ыя, булар көрүп жүргөн келберсиген төрөлөргө эч коошпойт ко?! Тарки кеткен жыгач арабанын нары жагынан онбештер чамасында го, ал да жалаңбаш, сары

---

* Чыгармада автордун сүйлөм тизмеги, баяндоо ыкмасы, лексикасы толук сакталды. (ред. — *М. Т.*)

көкүлү көзүнө түшө үнүрөйгөн өспүрүм көзгө түшүп, окчо кармаган мылтыгы атканга даяр экени сезилди. «И, орустан го...» деп койду жолоочулардын бири.

Бөлөк жер, бөлөк үрөй эл, чочунбай койо алмакпы келгин?! Кимисине болсо да атасын көргөндөй түр кылыш эп ко, эркеги да, ургачысы да тыякта өзүндө баринге кылган көнүмүш үйүт, дароо катар тура калыша эки-үч ирет жүгүнүп жиберишти. «Герман, тынч, Герман» деп, тиги мылтыгын кезей, буртуюп турган өспүрүмүн тыйды эркеги.

Өтүп кетишти жергиликтер.

Сары чач аял кызынын көзүн тиктеп, башынан сылагылап күбүрөп калды:

— Корккон жоксуңбу, булар деле адам окшойт го?..

Эркеги:

— Сен, Гер, куралды көрүнгөнгө жөнү жок көтөрө бербе , уктуңбу, биздегидей эле ар кандай киши бардыр, бирөө, ырас, куралдан чочуйт, а бирөө кызыгат... бизге бөөдө чатактын азыр кереги жок...

Бу жакын ортодо шаар, не бир чогуу он чакты там отурук көрүнбөйт. Быякка карай самсып көчкөн элге илешип келип, акыры ушул жерге ооп түшүп калган күнүнөн бери киши көргөн ушу, эч жакка элкин басыша элек. Жер ээн дешкени чын окшойт.

Те алда кайдан көк тирей шаңкайган бир сыйкыр бийик жер, ак чаңгыл кырка чоку көрүнөт. Карбы, музбу? Жалаң бирине бири үймөлөктөгөн бирде сур, бирде көк болуп улам кубулган, бирде көбөйгөн, бирде узара сулаган булут, акырын жылып түтөгөн боз туман турганы турган.

Бу түзгө бир күнү эле кыйла кой жыш сүрүлө каптап кирип келди. Ыкшала баскан оор топ кара мал, жаңы көпкөн букачарлары бирине бири секирип, койлорду чачырата аралап жүрүшөт.

Ээси ушубу!? Маң болуп туруп калды келгин үйбүлө. Кайдан келип калды мынча мал, жабайыбы?

«Кош» деген өктөм үн чоочутту, артынан «ош»

деди. Тыпшыйган, бою кибиреген киши түспөл балакай беткеле түшө бу баары жалаңбаш, сарыбашыл, баары чекирейген туз көздөрдөн «ой» дей жалт берип кетти.

Шаа мүйүз өгүздөн зыңгырата артылган жүгүн чоң кара тебетей эркек, койкойгон ак элечек зайып, тестиер бала болуша тез түшүрүп, дароо эле төрт канат кызыл торун чойо кере тикелей койо бир убакта тебетейчен тегерек немесин жыгач менен өйдө көтөрүп, беркилери узун кызыл шиштерин кыдырата сайышып, жанагы тегереги ового токтоп калды.

Күзгү сарала камыштын түбүндө кирпидей жыйрыла чогурашып көз албай таң болуп отуруштү келгин үйбүлө. Тигине, үстү жабылды, тегерете байланды, тыштан бирдемелерин ташып, ичине кирип чыга баштшты. «А-га, — деп алды сары сакал келгин, — жатагы экен...»

Төбөсүнөн түтүн булап, ичинен жарык жылтылдап көзгө илине берди. «Ыя, өзү жыгач, үстү мата... анан да ичине от жакса өрттөнүп кетпейби»

Жанагы үрккөн баласынан уккан го, чоң кара тебетей неме калкамандап басып келди камыштын көлөкөсүнө. Кабары бар, көргөн, алыстан мукураган кедей орустар переселен болуп, бозуп келгени бар, аларга атайы күн мурунтан жер өлчөнүп коюлган дегенди да уккан. «А булар кайдан асмандан түшө калгансып!?» деп кыжыры ойгонду. «Ыя, ушу мен кырдан түшкөнчө эле кыштоому ээлетип коюшабы!?» деген күйгүлтүк да келди оюна.

Не кыла алат эми ошентсе!? Жайыт талаша жакалаша мурун канаган соң экөвү тең кейип, кайра карқылдаша күлүп, бир кеседен кымыз ичип жарашып алар баягы көнүмүш казагы болсо экен!? Жо, булар улук журттан! Маң болду кыштоо ээси.

А тиги балкайган сары катыны эки жагын көз кыйыгы менен арытып, кимдир бир жабайычалыш капыстан баса каларын күткөнсүп, өзүнчө эле бүрүшүп тырышып, сары кызын бооруна басып отурат. Неткен менен

эркектана, эркеги келе жаткан чоң тебетейди бир алаң тиктенип коюп, деги эле тоотпогон кебете көрсөтө челкейгенсийт турат.

Чоң тебетей салам айтты, үнү катаал сезилдиби, «сөктү» деп ойлодубу тиги бир олурая тиктеп тим калды, алик алган жок.

Эми жымыйды биртке чоң тебетей, сөөмөйүн чочойтуп, ээгин көтөрүп койду суроо белги көзүнөн көрүнө.

«Сен кимсиң?» дегенди түшүндү келгин. «Менби? Мен Кузьмин деген орусмун...» деди, ал дагы жымыйганга жымыя батек сакалы бир аз ачыла тиши көрүнө.

«А... а... — деп койду чоң тебетей, — атым Көсмүн дечи, а... а...»

Эми Кузьмин сөөмөй кезеди, «а сенчи» дегенди баам кылды чоң тебетей, «а мен Жайлообаймын, буту алдын көрсөтүп койду, жергиликмин дегенин туйдура.

«Че, че... — деп алды Кузьмин, — джай... ло?..»

Тили келе албай койду эковүнүн тең, бирок кантсе да адам тукуму да эковү тең, жүз жылып, «сүйлөшүп калганга» көңүл да жумшаргансып, көк тиктеше күлүп калышты.

«Корош...» деп калды Жайлообай, кетейин деди окшойт, бу бир жолу базарда ушундай бирөөдөн угуп калган орусчасы. А тиги да баш ийкеди, «йак... ши...» деди, укса тыякта татар сыяктуулардан кулагы чалышы ыктымал.

Жер шимшип, чоочун жыт сезгенсип, чоочун үрөй көргөнсүп, көгала дөбөт күркүрөй бир имериле карс-карс үрүп, эч тартынбай бир бутун сырайта камыштын куу сөңгөгүнө чыркатып алып, аны асылабы деп мылтыгын ондоно калган өспүрүмгө дагы акырын күр-р ырылдап, биер анын жатагы сыяк дыңкыйып имериле берди.

Кулагы чалды белем, иттин үнүн болжой басып келди Жайлообай. Итин «кашкулак көргөн го» деген, бирине бири жөлөнө бугуп отурушкан жумуру баштарды көрө «йе, дагы кимдери...» деп чоочуп алды, кайра эс токтотуп имерип тиктеп, Көсмүнүн тааный өзүнчө баш ийкеп, өзүнчө бирдеме сүйлөп, артынан «корош»

деп койду. Тиги «мы — мужики...» деп, артынан «йак... ши...» дегенин кошуп, ошончо тил билгенине өзү да кыйла курсант болгонсуп бетинин түгүнөн күлүндөгөн туздай боз көзү эле көрүнүп калды.

Мылтыкты көзү чалды, баш ийкеди туземчи, «кайра келем» дегенсидиби, «кайыр» дедиби, иши кылып, жүзү жылым баш ийкенип коюп, акырын колун артына ала басып кетти, килтейип ээрчиди гүр дөбөтү.

Мылтыкка көзү түшкөнүн байкабай калышкан эмес, ачык сүйлөшүшпөй, бирок көзкөрүнөө тынчы кете баштады баарынын. Жыла бекинсеби? Каерине?! Калың сарала камыштын нары жагында дагы эмнеси ырылдап, дагы кимиси көз тигип турганын ким билсин?! «Быяк бейиш» дешпеди беле? Бейиш экени го бейиш экен, бирок жердин ээси бар окшойт ко?! Жүрөгү үшүп, жоон сары аял кызынын көзүн эч жакка чаргытпай көкүрөгүнө басып, өзү да дем тарта албай калды.

Кулак канча төшөлбөсүн, чоочун үн, түшүнбөй турган сөз. Тышка оту чоң жагылган, казаны асылган, кийиз үйүнүн ичинен да жарыгы көрүнөт. Булардын артык баш дубал сокпогон, керексиз тал тикпеген тушоосуз турмушу, түйшүксүз өмүрү ошо күнү да өз нугунда жайынча жүрүп турган.

Те бир убакта туземчи дагы келди. «И, кана, жүргүлө мейман болгула, үйдөн карыш чыксаң мусапырсың дейт, ал сурап, көңүл сурап коюш милдет, адамгерчилик, жүргүлө...» деди. Түшүнүшкөн жок, кызынын башын колтугуна катына, кымырыла баштады очойгон сары катын, «тынч, унчукпа» деп шыбырады. Мелтейе мылтыгын оңдой бооруна ала көчүктөп жыла кетенчиктей берди Германы. Куйкул түктүн арасынан ачылган оозу кызарып көрүнүп, не дешин билбей аңкайды мужук. Бир нерседен көңүлү тынч, эки жагын каранды, тегеректеп келген эч ким жок, кол салыша турган болсо туземчи жалгыз келбейт эле, мылтык октолуу, бирдеме болсо бала «атайынбы» деп сурап турбайт.

А чокчо кара сакал туземчи оозуна бирдеме салган болду, чайнаган өңдөндү, анан мойнун жүткүнө созо «жуткан» болду. Көзү күлүң, жадырап баш ийкеп, үйү жакка жаңсап турду.

«Бу, — деди катынына мужук, — бирдеме же деп турат...?»

«Ишенесиңби?»

«Пейили түз, көрүнүп эле турбайбы?!»

«Барып көр өзүң...»

Мужук туземчиге баш ийкеди, «макул» дегени, тура кошулуп жөнөмөкчү да болуп калды. А туземчи кабагын үйрүп отурган катынды карап, баш шилтеп, «сен да жүр» деген ишарат кылып токтолду.

«Уят ко, бирин чакырып, бирин таштап кетишим...» деп, «жүр», «жүргүлө» деген ишаратын улам кайталап, бирде дили сынып, таарынганы билине башка жакты тиктеп, кайра көзү жылтырап суранып көшөрдү.

Эми күлдү мужук:

«Ыя, сыягы бизди «төрө» көрүп отурат окшойт бу байкуш, — деди корккон аялына, — жүр эми, бара көрөлү, биз дагы бир жолу «барин» болуп отуруп келели да, ыя?» «Төрө» сендей болобу?»

«Эмесечи?! Мен орусмун, демек мен биерде төрөмүн!»

Шылдыңдап, «төрө» деп күлүп койду очойгон сары катын.

Эң акыры кызын ортого ала жетелешип барышып, төрт мейман дагы эле аярланыша туземчи өзү кыша эшигин көтөрүп ачкан үйүнө киришти. Кичинекей кара чийкил зайып «келгиле, келгиле» кылып калды, төрлөттү. Эти бышып, дасторкону даяр экен.

— Тайлак, колго суу куй, кагылайын, — деди зайып жети жашар баласына. Бала этекте отурган чарабашы атасынан баштады. Туземчи бычагын, колун жууп, салааларын бирге кармап, чылапчынга сарыктыра сыгып, анан таза сүлгүгө басып-басып нымын алып, анан «ушунетип жуу» деген ишарат кылды жаңы коңшу му-

жугуна. Мужук колун жуунуп, анан сунган сүлгүнү алар оюнда жок эки колун ылдый силкип-силкип таштады.

«И-ий, — деп жиберди кара чийкил зайып кабагы үйрүлө, «өлүгүндү көрөйүн» дегенин ичине калтырып, шыпшынып жиберди, — баары жокко чачырады го?!

«Йе, адаты ушу го?! Кейибе...» — деп койду байы, зайып тыйылып калды.

Кеселеп пыяз тууралган шорпо берилди, нан арбын болду. Мужуктун өзү түгүл тиги дагы эле мылтыгын колтуктап отурган уланына дейре устукан жилик тартылды, кылтыйган сары кызга чүйгүндөп насибе коюлду.

Нечен айлап, жалгыз ат чегилген жаман арабада чайкалып уктап, атты дем алдырган убакта арабанын көлөкөсүнө тыгылышып, күнүнө бир мерте өзөк жалгап, арыктап, арып араң жеткен келгиндер чоочуркаш быякта кала кудай бекер берген оокатка үйрүлө үзүлүп түшүп калышты.

## 2

«Баатыр» деген Байтик кийинки күндөрү бирдемеден үшү тайгансып, лүкүйүп төрдө болсо да, калдайып ат үстүндө жүрсө да, кабагы үйрүлө бир оор санаага кабылганы бет келишкен эле кишиге байкалып калды. Баягы качыра тиктеш, бирөө айткан саламга тиш кашкайта кубана алик алыш, не жолборсча күркүрөп, келберсип салам бериш жок. Өзүнчө мүңкүрөп, өзүнчө күндө куюлуп келген кум санаасынан өзүнө өзү бир жооп, бир көмөк издеген сыягы.

«Бу кандай күн?... Туурдуктан сарыккан тамчыдай бирден таамп, тынымсыз эле келе берсе бул орус... топон суу болуп басып калат ко?...»

Жооп, арга кана буга?! Те оолак жаткан ордого сырт сала күрүлдөгөн, өзүнү өзүң билген, өтүгүнү төрүнө илген чакпы?! Баягыдай дөбөгө жыйын куруп, локуюп отуруп, кана не кылабыз деп, ортого кеп таштамай,

сакалы белине түшкөн карынын түгүл ээгине түк чыга элек баланын кебин экчемей, баарына набы болор болжол, бүтүм кылмай кана?! Кылт этсең кыйырга угулат, былк этсең «козголду» болуп орус улукка жетет!

База дегенин алдына чакыртты бир күнү Байтик.

База ирени куба, көзү тик, быйпыйган мурдунун түбүндө биртке сары кылы бар көсө, ач күсөндөй лепилдеген жумуру баш экен. Киргенде эле көзү жылтырап кооп санай тигилип, кабагынан каар көрүнсө этек бурдатпай чыга качар өңдөнүп, бөжөйүп эңилип, кыңылдап салам кылды.

— Кел, Базам, — деди Байтик бир түркүн көңүлдөнүп, — ке, отур...

— А... чакырткан экенсиз... а... — деп, көзүн тиктеп, чөк түшө калды Базасы.

Унчукпай гүлчө менен карта жедирип, жай оогон убактагы коюу кымыз ичирип отуруп:

— Бир өтө маанилүү иш бар, Базам, — деди Байтик.

Көзү тигиле калды Базанын.

— Жоргодон тандап алыс жолго жарар ат мин, жаныңа беш жигит ал...

Эми көзү кыбыңдап, чайнаганы токтоп, ар сөзүн көңүлгө илип турду База.

— Али ылдыйлаша элек ко, Суусамырдын төрүндө эле болуш керек, түнгатар түнтөй саягына барасың, Базам...

Үндебей, көз ирмебей, «куп» дегени, акырын баш ийкеди База

— Эч кимге жолукпа, кылдай кеп ачпа, түптүз түнгатар түнтөйдүн баш бийи Ырыскулбектин өз алдына түшөсүң...

Дагы баш ийкеди База.

— Байтик өзү жиберди дейсиң, дитин билип кел деди дейсиң...

Сөз акырын мелтиреп күтө калды База.

— Айт, — деди Байтик, — катташалы, алыш бериш кылалы деди де, кадыр көңүл жарашса кыз алышалы,

туугандашып жамагат болуша отурук кылышалы деди де... Чогу бололу деди де...

Оозу жарым ачылып кулак төшөдү База.

Биртке ой баса түштү Байтикти, айттырсамбы, өзү билбесе жөн эле койсомбу деген ыргылжың ойго капилет кабылды. «Йе, бечарадай суранып отурганың кандай болот?!» деди дили. «Йе, суратпай ал өзү жеткирип бериш керек беле?!» деди өзүнө өзү.

Чычкан шырпын уга калган мышыктай ооз аңдып калды База.

— Этият бол, ал дымактуу адам, калпыс сөз кетирбе, — деп, үнү күркүрөп, эскерте сүйлөдү Байтик, — ээн жердин бөрүсү болуп жүрө бериш болбой калды, кабарлаш, катарлаш ынтымак ылазым окшойт бу заманда деди де...

Эң акыры:

— Уктуңбу? — деди Байтик катаал.

— Уктум, уктум, баатыр... — деп жиберди База кош кабаты жок көзүнүн карачыгы диртилдеп.

«Бар эми» дегенди туйдурганы, баш ийкеп:

— Тез жөнө, тез кайт... — деди Байтик.

Бир аз эле күндөн соң чакчарылган База Төө ашуудан ашып, андан нары Суусамырдын түзүндө жоргонун ыштан жыртма жүрүшүнө салып, Алабелге таянып барып калды. Те күн жүрүш жаккы төрүндөгү чоң айылы көрүнгөндө берки кой четинде, кымызгабы, ныксырап отурган тестияр тура келе:

— И-и, — деп калды, көзү чагыр, — каякка?

— Йе?! Сенин ишиң немене?! — деди чыргоолоно База.

Өзү Байтиктен келе жатса, барары өзүн «каранын каны» атаган Ырыскулбек болсо, анда дымак болбой кимде болмок?! А бу сенделген койчуманга эмне жок?! Кырсыгы келди Базанын.

— И-и, каяктан? Кайсы элден? — деп такыды балакай.

— У! эненди... — деп жиберди күбүрөй База, — чыкчы жолдон чоң атаңын арбагындай сүйрөлбөй... Мун-ну кара?!

— Эй! Ким «сүйрөлгөн?! — деп, бултуңдап таш сыйпалап шилтеп. — Эй! Сен энеңдикин тыгындап келгенсиңби бери чыгарыңда?! Ыя?!

«Кой, — дешти баатырдан келе жаткан элчилер, — Мындайга теңелсең тегерегиң бок болот...»

Жайлоо сары, арты карлуу кырка, түзгө тигилген онеки канат чоң ак өргөө көлкүлдөгөн алтындын үстүнө атайы көмкөрүп койгонсуп турбайбы, аны карай, о-о өзү баатырдын өзүнөн келе жаткан элчи го, жорго үстүндө суйсала бастыра берди База.

Жо, кылыччан жигиттер тороду алдынан:

— И-и, — деди алар дагы, — кайда?

— Бийге, — деди буларга да кырсыгы келе База.

«Бий түшкү куш уйкуда» деген жооп алды.

— Ойготсо болбойбу?

Күзөттүн биринин көзү чекирейе түштү:

— Ыя?! Сен үчүн ойгонсунбу?!

— Сен, кул, чекирейбе, — деди База күлгөн боло, а уурту ырылдаган сыңары, — биз деген кан Байтиктен келип турабыз, биз элчибиз, э-эй!

Тиги:

— Маа десең кудайдын өзүнөн келбейсиңби?! — деди мыскылдап.

Шеми тая түштү «элчинин», күлдү өзүнчө:

— Бу силер, — деди, — ээн тоодо жүрүп, ыя, коркулдап котос болуп кеткенсиңерби дейм?

Тиги сөккөнчө нарытын суусар тебетейчен бирөө келип, «и!?» деди анысы да, дагы «кайдан» «каякка» деп такылды. Кычашты База:

— Эмне?! Киргизбей койду деп кете берелиби?! — деди, ою коркутуп коймокчу.

Суусар кийген:

— Кетер жолуңду унута элексиңби? — деп, ачык мазактап күлүп алды. — Кан бүгүн бош болбойт, те-е Оулия Атадан силерден үлкөн, силерден баатыр орус төрөлөр келген, кулжа атып сейилдеп жүрүшөт. И, не дегидейсиң!?

— И-и, — деди База, — өз агасын агалай албаган

өзгөнүн улагасын сагалайт деген ушу! Пай-пай, жаңы эр таап алган эл болуп?! Уялыш жокпу?

— А биз деген, — деп үн ныгырды андан нары, — сейилдебейбиз, түнттү түртпөсөң билбейт дейт, баатыр Байтик түнтөйүнө берген тапшырмасын айтканы келип турабыз биз!

— Эй, «эшик ага», — деп какшыктап койду эми күлө, — сен киргизбей кое аласыңбы?! Ыя?!

Жини келе тиктеди тиги:

— «Тапшырма?!»

— И?! — деп тиктешти База. — Жаман атка жал бүтсө жанга торсук байлатпайт, жаман адам мал күтсө жакын коңшу кондурбайт! Ыя, үркүп калгансыңарбы?! Ыя, үйүмө орус келди деп эле сетиреп, теңирди таанымбай, тууганды чийткеп кетесиңерби?!

Жаагы түйүлө «жүрчү» деди тиги, өзү алдыга жулуна басып ээрчитип барып, «элчилерди» четки бир кара алачыкка түшүрүп, «кана, күткүлөчү биртке» деп коюп, кетип калды. Жазаланганы ошол экен, кароосуз калтырып, жол каратып дилин басмырлап, эң акыры үч күндөн соң суусарын чекесине кыял менен кыңырайта коюп, чокчое баса шылдың аралаш жымыйып,» и, элчилер, жин кагылдыбы биртке» деп тамашага саптыра тийишип келди, «жүр эми» деди.

Жини кагылмак түгүл кычап отурган, тиктебей, унчукпай, ошо итиркейи басылбаган бойдон «кандын» алдына кирди «элчи» База.

Төрдө кызыл оймо төрбөлжүн, шайы төшөк, үстүнө эшикти карата жайып ташталган башы кошо катырылган күрөң аюу талпакты мине мандаш менен отурган экен «каны». Жашы кыйла өйдөлөгөн, чачы күмүш боло агарган, бир көргөнгө деги тири жанга жамандык кылмак түгүл ойлобойт ко дегидей жүзү бопой адам экен.

Салам айтты «элчи». үлбүрөп, баш ийкеп гана койду Ырыскулбек, алиги ошол болгонсуду. Ырас, бий болгон соң кошоматка, арызга көп эле жумуру баш каттайт ко, баары менен эле бабыраша бере алмакпы?! «Отура кой» деген сыпайгерчилик да кылган жок, «и...»

деп койду угулар угулбас. Бу «айтарыңды айт» дегени. «Чагып коюшкан экен өзү өлө албай отурган чалына?!» деген кылт этти Базанын дилине.

Байтиктин «де» дегенин деди База, бирак өзүндөй жылым, «кеңеш», «акылдаш» кылбай үн көтөрө буйрук катары айтты ошо тик турганы бойдон. Нуру кайткан боз көз сабыр тутуна үлбүрөп, козголбой укту бий Ырыскулбек. Дем тартпай калды База.

— А, түзүк, — деди бий бир убакта, — «бирге бололу» деgenге не жетсин, чын эле, бу кыйын кезең убакта?! — Сээл энтиге демин ала тык-тык асте жөтөлүп, эчтеме чыкпаса деле аппак жүзү аарчыма менен эринин акырын сүртүп койду, — эли кеңирсиген Сары Өзөндү жергелеген, болгон да, толгон да солтобуз болсо, элбашысы жүргөн бирөө эмес, эр Байтик болсо... бу саламга алик албай койор белек...

Дагы бир аз үлбүрөп, өзүнчө ой экченип:

— Ушу... — деди кары бий, — алигибиз ушу, айта барасың...

Тыштан жанагы эшигага тороду Базанын алдын:

— И?

Бу мунун иши оң болсо «кеп жакшыбы», терс болсо «кирип эмне таптың» деген суроо. Итиркейи келе өзүнчө эле бой түзөй, үйдөн көрсөтө албаган кыжыры аны коштоп чыккан, жооп бербей кергичтей басты База.

— Жүр эми, — деди эшик ага ырсая күлө шылдыңга алып, — ыя, эми «конок болуп» кетерсиң, баатыр...

Тик карады База мелтейип:

— И-и, меймандос!? Каның кан болуп, бир элден атайы келген элчини элчидей кылып жай отургузуп сүйлөшө албаса! Ыя, мен отуруп берет бекемин кутандары менен!? Саг-га окшогон...

Жигити сагактап турган жоргого шап минип, мингенинче камчы уруп жүрүп берди, чубаша салпылдап чапты артынан беш жигити...

Үйүнө келип, эми ойлонуп, өз баатырынын алдына барайын деп бара албай, «ооруп келдим» дегенге саптыргансып жатып калды База. Тез эле угулду.

«Йе?!» деп таң калып, кыжыры да келип, тез жигит чаптырып айдатып алды Байтик.

Атайы шөмтүрөп, атайы шүмүрөйүп келип, жүз бакпай акырын чөк түштү База.

— И? — деди Байтик кабагы бүркүтчө үйрүлө.

«Эмне деди», «неге келбей жүрөсүң» дегенин түшүнбөй койгон жок База.

— Баатыр... — деди бир убакта мүңкүрөй, — алардын мага кылган кордугу быякта эле калсын, кутуруп калганбы, бий дегенинин жообун сизге чыдап айта албайм...

Бир жамандыкты сезе, куду эле канат күүлөгөн кара бүркүт, обдула санын аткый жүткүнө калды Байтик:

— Немене?! — деди күркүрөй, уурту ачыла.

Аны сайын бүгүлдү База:

— Мен айтпайын, баатыр, сиз укпаңыз...

— Айт! — деп, көзү чакчая чаңырып жиберди Байтик, ордунан жулунуп тура калды. «Өзөртө тебет эми...» деп, үрөйү уча өйдө баш көтөрө берди База. Дөө Байтиктин бою тиреп, чоң кара көрпө тебетейи ачык турган чамгаракты көзүн жаап калган.

Бышактап жиберди База:

— Кантип айтам эми... кагылайын баатыр... кантип эми...

— Айтасың! — деди үстүнөн жолборс ыркырап.

Үн жашыра акырын солуктап, бирок көзүндө жаш жок акырын күбүрөп баштады База:

«...айгыр эмес, ат да эмес
Пат Байтикке айтып бар...

деди...

кыргыз эмес, сарт да эмес
жат Байтикке айтып бар...

деди...

анын менен ишим жок,
айлына кошор кишим жок...

деди...

...ашына салар тузум жок,
айбанга берер кызым жок...»

деди...

Ыя!? — деп алды Байтик, уккан кулагына ишенбеди. Өлүк жаткан үйдөй дым боло калды өргөө ичи.

Шап жакадан ала көтөрдү баатыры элчисин, көзүн бетме-бет тиктеди:

— Ыя... деди дагы демиге шыбыштап, — ким бар эле жанында... — Жини кычап, күрүлдөп кетти акырында көмөкөйү: — Ыя, ушуну укканыңда, ыя?..

— Көп эле... өз кишилери көп эле... — деп кыкылдады База, атайы көзүн ачпай мелтейди, — билбейм, наркы шакебечил көп сарууданбы, эски ордосунун кымкабын кийген бирөө да отурган... билбейм, ахалап эле каткырып калышкан...

Байтик эми калчылдай баштады:

— И, сага кошо баргандар да уктубу муну?..

— Жо, жо... тышта калышкан... мени эле араң киргизишкен...

— И, келгениңден бери, и, кимдерге кобурап таштадың!?

Ыйманын жеп карганып жиберди База:

— Кара оозума кан толсун...

— И, өзүң билет турбайсыңбы, кан кусасың, — деди Байтик, — оозуңдан чыгып, кокус кулакка илинип калса, Базам, сен мага таарынбайсың а?

Буунуп, эки аягы жерге тийбей асылып турган неме:

— И-йи... — деп башы чала ийкелди, а баатыры жалп эттире түртүп таштары замат ал эч кейиш сездирбей, онтоп да койбой леп тура кала тебетейин улагадан эңе кийе өргөөдөн атып чыгып, атына мине бастыра жаны да, ою да өзүнүкү боло калды:

— Ыя, — деп алды, эми чакчарыла теминди, үнү ызырына чыкты: –Ый-йа!? Биз барбыз дешет, биз нар-

быз дешет, биз канбыз дешет, кана, бар болсо чачылышып, нар болсо жөөлөшүп, кан болсо төбөлөшүп көрүшсүнчү!? Ий-йа!?

Бу кимди айтып баратканын баамдай албай, ар бири өз үйүнүн эшигинде турган эл анын кыжына таркылдаган үнүнө, өз атын өзү карсылдата сабап бараткан кейпине таң болуша аңкайып карап кала беришти. «Бу мындай эмес эле го, жиндеп калганбы, ыя?» деген ой кетти кайбиринин дилине.

Аз үйлүү кан айылдан узай бере өзүнө өзү ыраазы кышылдаган сөөк өч заар күлкү чыктыууртуна Базанын.

## 3

Бу чөлкөм кайсы атасынан калганы жаны да көңүлү да тынч байоо Жайлообайдын оюнда жок, жыл сүрө заман санаган түкшүмөл карылар «Огуз кандан бери» дешет, аны аңдабайт, көз ачканы эч кайда кетпей турук кылган кыштоо жайы.

Тиги күдүңдөп керели кечке жаны тынбаган Кузьминди үйүнө жөлөнө ныксырап туруп:

«...макул эми... жер жетер, өлбөгөн жан барбы, эки кез жерге жатмай да... батышпай кетер малы жок экен, теңир коңшу болуп буйруган күнүн көрө берсин...» деп, тиши жок кызыл ээгин кере колунун сыртын калкалай көзү жашылдана түшө уйкусырап эстенип койду. Өзү «жаңы тууган» атап алган, ага астейдил боор тартатканы тарткан.

А Кузьмин эшигин шыпырынат, бадалдан түз ноодасын тандап кыркып келип, эрикпей шыпшап, аны кыйла майданга төрт бурчтантып тизе тосмо кылып, ага жылчыксыз кыла камыш калап, этегин башын белдиктеп, камыштын өзүнөн жанчып бурап, туземчинин көзүнө бери караса балкайган, нары караса соорусу даңкайган сары катыны экөөлөп ит кирбес, жат кирбес короо кылып алды. Сээл күндө эле эки каана

кепе салып, шыбын кырчындап шыбап, үстүнө чатырча кыла кырдантып, камыштан майда тестелеп байлап жаап башбаанегин ырастады.

«Ыя, үстүнө үйрүп салар эчтемеси жок, кантер экен кышында булар, эски үйүмү тигип берем го... байкуштарга...» деп жүргөн Жайлообай. Бир күнү эле ал үрпөйгөндүн үстүнөн түтүн булап калганын көрдү тышта чубактай, ыңырчагына мине үйүнө жөлөнүп отурган Жайлообай.

Кызык да?! Колду артына ала басып барды:

— О-у-у, Көсмүн, бу эмне? — деп сурады. Кыйла убак өттү го, жандашып, сөз аралаштырып, биртке түшүнүшө баштаган.

Көзү тегеренгенин болжоп:

— Дом, — деп койду өзүнө ыраазы Кузьмин мулуңдап.

Ой басты Жайлообайды, мазарга, базарга үйралган өз сарттарынын «там» дегени эсине келди:

— А-а, там... — деп салды.

Жымыя баш чайкады Кузьмин:

— Дом!

— Там... там... — деп, имере серп салды Жайлообай, — о-у-у, Кудаяр кандын коргону болуп калыптыр го, үстү камыштыгы эле болбосо!

Бири жылууланган, ортосуна от жагылган, уядай боз үйүндө, бири али дубалы кургап бүтө элек сыз домдо кыштап чыгышты эки коңшу.

Домдогуларга, ырас, Бишкектен өз төрөлөрү кыйла азык, каржы бергендей болгон. Ошентсе да, казанына биртке даамдуу оокат түшө калса, «кел деп кой, казанга түшкөн кайра капка барбайт» деген үйүтү бар боз үйгө жаңы тууганын, үй бүлөсүн кошо чакырып, аптасына бир жолу эт жедирип, коңшулук милдетин өтөп коет Жайлообай.

Эрте жазда бири чуулдатып мал төлдөтүп, жаздоого көчүп, бири темир күрөктөп короо ичине бирдеме эгип, тигип калган. Жөн убак болсо Жайлообай андан

нары чоң жайлоолоп кете бермек, ошол бойдон күздө түшмөк. «Ысыкта кагайып калды бекен байкуш...» деген ой айдап, биртке эт, бир чанач сүзмө байланып келип калды бир күнү.

«О-хо...» деп таң калды, ал көрбөгөн ак гүлгүн гүл алган өзөктүү чөп өстүрүп алыптыр мужугу.

Кузьмин чаначты алып, чаначтан жийиркенип турган катыны, ага карабай балдарына таттырып, «во, во» лоп өзүлөрүнчө макташып, кыйла сүйүнүч көрүнүп калды кебетелеринен.

Биртке жакшылыгың бирөөгө чоң кубанч болуп турса жаманбы?! Өзүнө өзү ыраазы болуп турду Жайлообай. Не кылар экен деп аңдып отурбай, көмөк кылыш ылазым го адамга...» деп жубатты өзүн. «Гүл деген, тигине, талаада жайнап турса, ыя, эшигине эгип, бу башына урабы...» деди бир ою.

— Бу не? — деп сөөмөй зекип койду дүпкүрлөп өскөн өзөктүү, гүлдүү чөбүнө Жайлообай.

— Көрөсүң! Сени да бир тойгузам! — деп бажактады «мусапыры». — Бу деген картошка, арзан, жакшы оокат.

Түшүнгөн жок коңшусу, керектүү сөздү кайталады Кузьмин:

— Кар-тош-ка...

— Кара таш ко?

— Ну, кем акыл, — деп алды Көсмүнү, тырмалап төөнүн корголундай бир саргыч дүмүрүн алып, «кем акылдын» бетине кармады. — Кар-тош-ка... Муну жейт... оозуна салган болуп, чайнап жуткан болуп алды. — Кар-тош-ка!

Баамдады, жей турган неме турбайбы, жалгыз калган акыл азууга сала жарып, даам сезген жок, «йе, арам нерседир...» деген ой жылт деп, тез түкүрүнүп таштады Жайлообай.

Кузьмин абдан күлдү, «муну кайнатып жейт» дегенди такыр түшүндүрө албай, коңшусунун чын эле кем акыл экенине көзү жеткендей ойлонуп, баш чайкап отуруп калды.

Калган бирдемесин алгангабы, «же жаңы тууганынын» эсен турганын көрүп эле кетмекпи, иши кылып, Жайлообай дагы бир кайрылып келди кыштоо жайына.

Эмне дүйнөсү бар дейсиң?! Ат мамы, арык-торук жандыгын бөлгөн чабыры турат, көө болгон үч кара таш, көкмөк коломто жатат, «кыштоо» дей ооз көптүргөнү, «атадан калган» турак жайы ушу. Көзүнө жылуу, овосу көнүмүш өз үйүнө киргенсип көңүлү бейпилсип, тула бою тынч алды. А Кузьминдин көзүнө баалуу эчтеме чалынбайт, эч качан адам турук кылбаган сыяк, ээн, суз айлана.

Үчөвү үч жерде элтейип отурушкан, сары кыз гана, али күн көрүү камы оюна кире элек, калкылдап конгон кызылала канат чоң калдыркан көбөлөктүн улам бирин кармайм деп жүткүнүп, улам жетпей жетпегенине кайгырбай ирени тамылжып, көк көзү ойноктоп, өзү эле кубанып жүргөн.

Көзүнө серт чоң кара тебетейди көрө сала кымырылып энесинин жанына барып, дагы таң, эликтин улагындай элтейип тиктеп, токтоло калды.

Салам айтты Жайлообай, чаначын ээр кашынан алып, өзү кубана, өзү маашыр, зайыпка берди. Аны өзү «Сары Зайып» деп алган.

— Жай... — деп, «огород» дегенин карай кол жаңсады Кузьмин, үнүнөн кайгысы сезилди, — карачы, болбой калды...

Баары казылып көрүлгөн, өзөгү сарала болуп солуган тамырынан чаар көз мончоктой болгон «кара таш» бирин серин көзгө илинет илинсе, илинбесе жок. Коңшусу гүлгүн өзөк чөп түп байлабай калганын түшүндү. Чала куруган өзөгүн кармалап, «бу суу иче турган тигин окшойт го» деген ой келди көңүлүнө.

Ырас, Кузьмин келген жакта бу тигин өсөт, тезметез жааган жамгыр, түнкү ным, шүдүрүм жетиштүү болот. Тунук аккан дайрасы жок, короодогу кудугунан суу ичкен эл. Эккен, тиккен өсүмдүгүн сугарыш, ал үчүн дайрадан кайрып арык салыш, суу сүрүп келиш түшкө кирбеген жер.

Күйүп өлсүн деген экен го азирети Император?! Дили тыталанып ойлонду Кузьмин. Чоң атасы, өз атасы, өзү баш көтөрбөй тер төккөн жерден барин князы Вольский төрт танабы жүз аршин аянт бөлүп берип койсо болот эле го?! Тентибейт эле го быякка?! Тизмеледи Көчүрмө Башкарма, «баргыла» деди, «жер ээлегиле» деди, келди карта боюнча белгиленген чөлкөмгө. Ушу болду акыбалы.

Келген эли тартышчылыктан, болуп калар кургакчылык убактан кандайча сактаныш биердеги атайын мекеменин акылына чүргөлө койгон эмес.

Жайдын саратан айында «баатыр кан арык каздырат экен» деген кабар жайлоо төрүндө уйкусырап, көзү ачылып-ачылбай ныксырап жаткан элге дуу-дуу тарады.»Йе, баатыр кан арык каздырса, акы төлөмөк беле, ашар болот турбайбы?! Барабыз, барбай кое албайбыз, элчилик иш!» дешти кыйласы. «Мен бара албайм го, балдар жаш, малым чачылып кетет ко...» деген да болду. Кыстамай, күргүчтөмөй жок ашарга, ар кимдин көңүлү билет. Бирок, баатыр атагына туштуштан чуурул келе берип, бир чоң маарекеге чогулган сыяк арты көрүнбөй кара комок болду эл.

Алыш башында турган экен Шабдан.

Сары Өзөнгө көк тиреген улуу тоолордун ар коктусунан сай толо күрпүлдөп түшкөн көк кашка сууларынан керегине жараша «жабайы»деген жергилик дыйкан эл күрүчүнө, жүгөрүсүнө, тиккен дарагына арык кайрып алып жүргөн эзелтен.

Бу сапар кеңири талааларга кекиликтин өткүнүндөй сапырылып коно баштаган «жаңы тууган» дегендерге да суу жетсин үчүн, кээ жерлерде суу жүргүзүлбөй кала берген эски арыктардын нугун кеңитип, кээ жерлерде жаңы казмак ылайык болгон.

Келген эл жамаат, урук болуша ашарга сойор кара малын союп, артынган тай казандарын асып, ар жерде асмандата түтүн булатып, бакылдаша үн салышып, тушалган, куюшкандаштырылган аттар аңылдап кишинеп, бир түркүн дуу-дуу болуп калды айлана.

Коктунун те өрдөшүнөн, суу сапырылып, кепташтан ашып түшкөн мерчемден кайрылмак болгон алыш. Бири көйнөкчөн, бири ыштанын түрүнгөн жалаңач, кара күчү тышынан көрүнүп турган карасур туземчилер күлтүлдөшүп, жоон жыгач кыркып келишип, үч ноголону башын бириктире тал кырчынынан жанчып бурап, үч ача болуп калган үстүнө казанча таштан кынап, агымга турушток кылар «кара өгүз» коюп жүрүшөт

— Кана, — деди Шабдан, — арыктын нугун чийели, этеги бир ат чабым жер, азыртан баштап бөлүп алышсын казар эл.

Мен деген жакшылары, айыл аксакалдары ийрилип турушкан, сөз ошолорго айтылды. Бирок, кабарсыз калбасын үчүн Көчүрмө Башкарманын жергилик үлкөнүнө акырын которуп койду тилмер.

Үлкөн төрө көзүн ымдалап ойлоно:

— Мындай ишке, — деп калды бирткe бушайман болгонсуп, — бизде инженер али жок...

Которулду Шабданга:

— А бизде ынжыныр бар, — деди ал жүзү камсыз жадырап.

А үлкөн төрө, инженерлик деген не экенин билген неме, жымыя «ушунча да калпычы болобу» деген сыяк, бул элдин өтө кадырманына чын эле таң, тиктеп калды.

— Бери апкел, — деди Шабдан. Кимди апкелишет?!

Кыдыйган көк эшек! Эки көзүнө эленген кум салынган куржун артылып коюлган экен.

Төрө тилмерин кыя тиктеп койду, «ушубу булардын инженери» дегени, көк эшекти тиктеше күлүп алышты.

Шылдың сезди Шабдан:

— Тарт! — деди, күлдү өзүнчө ал дагы.

Бири ак тумшук көк эшекти жетелеп, бири артынан басып, арык чен болжоп, тоо этеги ченин түз кыялай тартып жөнөдү эки көсөм абышка.

Куржундун эки көзүнүн түбүнөн ничке наштарлап тешик кылынган, ошо эки тешиктен сары кум сызы-

лып куюлуп, эшектин эки жагынан эки сызык болуп түшөт. Дегиси эшек кыйык мал, нары да жүгү оорлоо болгон соң, өзгөчө басар жолу кыя жер болсо, ылдый да өйдө да тартпай, түз илкип кете бермеси бар.

Чийин аягына жеткенин күтүшкөн жок.

«Бисм-илли-и и-рахман и-рахи-им...» деп, чийин ортосуна алыштын башынан баштап кетмен урду Шабдан.

«Кана?!»

«Кудай кубат берсин!»

«А дегиле!»

Үн жабырап туштуштан, бирине бири аралашып, куду эле элеттин күлүк сүрөгөнүнө окшоп элирме зарде кошул-ташыл болуп кетти.

Улам алыштан ылдый арыктын кыры жондонуп чыгып, таманы тегизделе баштаган сайын «суу жүрөрүн « караган көсөм арыктын таманына суу келер жагына баштанып чалкасынан жатып, эки чокоюнун тумшугун бириктире карап, учу араң көрүнсө «шыр кетет, шыр кетет» деп кубанып, а чокою көп көрүнсө, анда алды жагын дагы жукалатып алдырып жүрөт.

Сыдырып, «үлкөнү» жанында, жөө, арыктын ичи менен аярлай басып келди Шабдан.

Баягы Шабдан, кабагы жарык, жымыйганы да баягы:

— А жакшы, а жакшы, — деди, алкады, — көңүлү келбестин ишин кылбагыла, суу акса алкыш, акпай калса кейиш ылдыйласа түбүн жейт, андайт, көлгүп жай ага турган болсун, көлгүп...

Бир топко токтой калды:

— Те тоо этегиндеги кыргыз конушуна да чыга турган болсун, жигиттер.

— Оу-у, — деди бири, — ал өтө эле өйдө го?!

— Жо, кичине чалкоо гана, көз менен ченеп көргүлөчү.

Тиктеп калышканда байыркыдан бир маани айтты Шабдан:

— Уккан кулакта жазык жок, те илгери бир дыйкан ушин этип арык казып, бирак сувун жерине жеткире албай кыйналып жүрсө бир чоочун адам жолугуп

калган имиш. «И, теңир сүйгөн пенде, ал кандай?» дептир дейт. «Жакшы, — дептир дыйкан сыр бербей, — кур тектирге суу чыгарып алдым» дептир. «Ой, кыйла бийик эле го аер?!» деген экен тиги. «Чыгардым» деп коюптур дыйкан. «Э-э, арыгыңы ийри-муйрулап казган экенсиң а?!» деген экен чоочун. А дыйкан унчукпай барып, түз арыгын ийрилеп өйдөлөтүп отуруп, бу ийринин ар бурулушунан суу окторулуп, артын тартып андан нары күчөнүп өзү күүлөнүп кетет турбайбы, ошон этип дөңүнө суу чыгарып алган экен...

— О-о, — дешти уккандар, — мына керек болсо биз дагы ийри-муйру кылабыз!

— Ыя, ошон этип акыры тапкан данын ун кылып алыш керекпи, — деп, андан нары маани улады Шабдан, — тегирмен салыптыр дейт дыйкан. Караса даны чанак ган куюлбайт. Эми кантти?! Бир күнү дагы баягы жолугуп калган имиш. Сурайт: «А-а, ал калай?» «А шүгүр, тегирмен салып алдым» дептир дыйкан.. Тиги таң калып тиктеп, «ушу ылайдан жуурулган байкушуна берешен Теңир акыл кошо баштаганбы» деп ойлонуп, жеми түшүүватабы деп сураган экен дейт. «А, түшүүватат» дейт дыйкан. «А-а, чакылдак койгон экенсиң а ташына?!» дептир. Дыйкан дагы кымыйып барып, үстүңкү жүгүргөн ташына тийе чанактын оозун солкулдата турган карыш жыгач чакылдак байлап, данын богузуна түшүрүп алган экен...

«О-о!» дешти дагы кепке үйүр болгон эл.

— Ийги деген ушу, — деди эми Шабдан, — «...өзүң билбе, билгендин тилин алба» деген каргыш бар, өзүң билбесең билгендин тилин албасаң бул дүйнөдөн куурап өтүп кетесиң, а ийги кепке кулак тутсаң мудааңа жетесиң деген...

Онбеш күн бою иш тынган жок.

Учу тоо этектей бир ат чабым аралыктагы экинчи сайга жеткен соң арыкка суу кайрылат, эл дуу түрүлө барышты алыш башына. «Кара өгүз» коюлуп бекемделген алыш да бүткөн, сууду сээл бери жетелеп, кайра өзөнгө түшүрүп коюп турушкан экен.

Келишкен бир семиз бээ байланып турган. «Кана, омийин. Ушу алал мал Теңир жолуна кудайы» делинип, «ушу жаңы алыш бекем болсун, арыгына суу толо агып берсин, төмөнкү бечара карып пенделерине тең Теңир өзү убайын көрсөтсүн» деше тиленип, Шабданы өзү баш болуп турган эл дүңгүрөп, кол көккө созула бата тартып жиберишти.

Те эл четинде Жайлообай менен кошоктолуп Кузьмин да куйкул сакалын сыйпай түшө, а тиги кыкыйган үлкөнү бул элдин ыйык тилек батасынан жүз үйрө терс айлана калганын көзү чалып, колун ала кача, белкөчүгүн кармалана калды.

Эми эле бири казы сугунуп, бири семиз ноопастын сарыүйрүмөсүн былчылдата чайнаган эткорлор дагы бир соорусу казандай бээни заматта тапырата баса калыша коркурата мууздап жиберишип, ичин дароо жара сала сары каймактаган казысына шилекейлери ага тамшанып, эңилип көрүп да, а бир сугалагы түз эле тилип ала кое күрмөп убара болбой лук эттиргенге да үлгүрдү.

А Кузьмин деле Жайлообайы менен бирге эттен куру калган эмес, дагы эле кабагы ачыла койбойт, дагы эле бу узун арыктын баасынын канча бөлүгү мойнуна түшөрү көңүлүн курттай жеп жүрдү. «Канчадан түшөр экен?..» Өзүндөй жер кесилип берилген мужуктарын кайрадан кайра ичтен эсептеп, үңкүйө имерилип турду.

Нары басты, бери басты, бир убакта бир өң тааныш мужук «бери» деген ишарат кылды ага, акылдашабы арык акысын, барды Кузьмин. Кимиси ким экенин сурашкан жок, бир бөтөлкө кол арагы бар экен, унчукпай куйду ал, леп келе калышкандары менен төртөө болушуп, «бактылуу жаңы турмуш үчүн» кылышып, көздөрү дароо жайнай алып да кагып да жиберишип, жең жыттašып алышты.

— Эй, — деп жанагы санаа, кыңырылыш азыр жок, түз тиктеп бир арыкчыга келди, — бу жумушту канчага деп иштеп жатасыңар?

— Өй, — деди арыкчы ага эмес, өз жанында күдүндөп иштеген шеригине, — бу Жакеңин «бу бир бай-

куш» деген жаңы тууганы ушубу? Байкуш эмес ко бу? Немене эле көзү курчуп калган?

Шерик:

— Кутуртмасынан кылт этип алган го, анысы мышыкты жолборс кылат имиш, ошо да... — деп койду да, биртке орусча аңдап калган неме жаңы тууган кызыккан кепке «...бу деген ашар, а ашар болгон соң күч бекер, ишке акы алынбайт, бу деген жөн эле тууганга жардам, элчилик...» деп түшүнүк кылды. «Бекер» деген гана жаңдоо аркалы жетимдүү болду Кузьминге, бирок дагы эле кыйылып, дагы эле кабагы үйрүлө ой басып, баары бир ишене алган жок.

## 4

...Үн жок, дүңгүрөгөн бир бороон сыяк шоокум улам жакындап, улам даана күчөп муз бурчак келе жаткансыды.

Бир убакта не эрдемсинген ач кыйкырыгы жок, не дуу көтөргөн урааны угулбай, не булгалаган тааныр туу көрүнбөй этектен каркыра сыңары эки канат боло бир тегиз тизиле арты суюлбаган көп атчан кара селдей түрмөктөлө чыкты.

«Эй...»

«Ким булар?..»

«Соо эмес!..»

Жоо го, кокуй!?»

Дүргүй түштү аз түтүн айыл.

Жаңы конгон, Ала Белдин төрү, бейпил эле «кан айыл». Эшик карал, казанчы, эңкейген кары, кайраттууургачы куралы бары чамынып, жогу келтек алып, укурук, бакан сүйрөп тосту жоо алдын.

— Орус эмеспи? — деп сурады Ырыскулбек бий шашыла кийинип, «казактан окшойт» деген жооп алды. «И, геркашка!» деген аптыккан үн келди. «Йе, Байтик болобу анда!?» деди бийдин ишене албаган оюу. «Ой, жакында эле «кыз алышалы», «туугандашалы», «коң-

шу колоң болушалы» дебеди беле!? Ыя, жиндеп кеткенби баатыр!?»

Мына, кыйкырыгы дагы эле жок, сөгүнгөнү деле угулбайт, үйүрлүү бөрү сыяк бир тегиз жулуна кире бет келгенди булдурсундап сулатып, бирпаста чамгарагы төшүрө чабыла бир нече боз үй отко түшкөн күкүрттөй чатырап күйүп, кызыл жалын шамал урган шалпар жоолуктай желпилдеп, карк түтүн көккө буралды.

Мындайда кыз, жаш улан биринчи олжо боло келген. Бирок бу жоо тиги бакырып ыйлап качкан, тыталанып төшкө тырмышкан балдарга ынтылган жок. Улам кысып, «кан өргөө» дегенге беттеп келе жатты. Эр бүлө жол торосо башка чаап жыгып, андан аттары каргып өтүп, жер таянганга кайрылбай, «ой...солтосуңар го, ой... не болду силерге, кокуй...» дегенин эч бири кулакка илбей жетти чабуул «кан өргөөгө». Тегерене темине карсылдата союлдап, керегелерин буза-буза атчан сүйрөп, үстүнө эшигиндеги ст жагарлык куу куурайын үйө чакмак чагып жибериштти.

«Кайда?» деген заар үн заңк этти. «Кайда, ыя, эми «айгырсынып», эми «кыргызсынып» алган «кан»!?» деп тоо жаңырта чаңырды.

Табылбай калды Ырыскулбек бий. «Кокуй, немене балээ болуп кетти, баатыр?..» дешип, азыр шөмтүрөп ыйлап турган зайыптар бийин башына каралдын төбөсү тешик тери малакайын кийгизип, жаман тонун жаап, арык атка мингизип, убагында көздөн далда кетирип калышкан.

— Бу... немене болду, сага биздин бийдин тетири ою жок эле, кадыр кетирер жаман сөз эзели оозунан чыккан эмес эле, баатыр деген кайним... Лөлүдөн кыйын чыкса өз алачыгын чабат болуп... жиндегенден сосуңарбы деги!? — деди Сайкал байбиче.

— Ошо, — деди ачууга ууккан Байтик демиге, — бий экөвүздүн брибиз чын эле жиндеп калганбыз го, Сайкал жеңе!?. Сурап ал бийдин өзүнөн...

Тийери колго тийбеген соң кайра тартты кошун. Кетер жолундагы Көкө Мүрөн сувунун куйганында күн

көргөн саяк уругунан түтүнү сайын бирден баш көтөргөнүн чогултту Байтик:

— Эй, теги бирге тууган элим, силерге арманымы айтып коеюн, мен силердей эле тууган көрүп, тиги түнкатар түнтөйгө эртеңкибизге ийги болор ниет айтып, кадырым түгүл кара башымды кордогон тириде көңүлдөн, өлсөк сөөктөн кетпес кеп уктум, кантейин, мен дагы тууганчылыкка сыйбас иш кылып алдым! — Буула токтоло калды:— Силер сурбагыла аны, мен айтпайын...

Элтейип калды эл.

Байтик:

— Мен атайын киши жиберип бий сөрөйүнө айттырганым мына бу чалкеш заманда башка түшүп турган чакта «тири болсок бир дөбөдө өлү болсок бир чуңкурда бололу» дегенчелик гана алал дей турган ниеттин башы эле... — деп келип, «а бир-рак!»дей чаңырып жиберди:— Ор-рустан бурадар күтүп кыргыз терисине батпай калган бай акебиз бизди тууганчылыкка албады го!?

«Кокуй о-ой, каранын каны Байтикти теңине албай жүрсө, ыя, биздин тууган не акылдан адашкан, не чегинен ашкан...» дешти бейпил эл, жер тиктей баш чайкашып калышты.

Биртке кара буву чыга соолуга калды Байтик:

— Өй, курманкожо, — деди үнү жылымдап, — тигилерге айтылар сөздүн тегин силерге айтсам кулак тутунуп тура аласыңарбы?..

«И, неге кулак тутуна албайт экенбиз сөз ийги болсо!?» дешти, эл кызыга баштады.

Байтик үйрө имере тиктеди:

— Өй, качанга чейин тоо башында отурасыңар, тууруна куушура байланган кушка окшоп!? Туур турат, эч ким талашпайт силерден! Өй, түшкүлө ылдыйлап, келгиле Сары Өзөнгө... Заман чалкеш дедим го, эртең эле шүдүгер тегиз жер талаш болгудай, өй, азыртан кенен ээлеп, өй, отурук кылып алгыла түбөлүк...

«Ой...» деше күбүрөшүп калышты эки ата курман-кожо, кулжыгач. Таруу, арпа араң бышкан бийик да, суук да мал жайыт жер, бирок кантсе да киндик кан тамган деген, көнгөн Суусамыр. Бири кыя албады, а бири ичтен кымылдап да калды.

«Ырасы го ырас ко, Сары Өзөнгө не жер жетсин...» кыңырылды бири, а бири «...кышы жылым, жайы салкынча, кийеси тизеге чабылган, ар коктусунан түшкөн суу мүрөн эккениң өнөт, тиккениң көгөрөт...» деп тамшанды.

«Ыя, көп солто батырабы деги?..» деген көңүл өйкөдү. «Йе, кимиси батырбайт имиш минтип элинин туткасы өзү чакырып турса!?» деген чечкин ой да чыкты. «А-ай, ким билет...» деп мыңкылдап, күнүнө күйө суугуна тоңо очокко койгон жез чайдостой карарган жүзү аны сайын бырыша баш чайкап отурду бир көксоо чалы.

Иши кылып, нары да бери да ой экчелип, бир ай ичинде ошо күпшүйгөн жаман тонун кышы жайы үстүнөн түшүрбөгөн, ышынып жылына бир жолу ысык сууга жуунбай өз жан терине бүксүп бүткөн шекчил чалы баш болуп үч жүз түтүнү бир күндө үй чечип жүктөнүп, чубаган бойдон көк чөбү көлдөй көлбүп турган Сары Өзөнгө ооп келишти.

Не айдалып, не али дың бойдон жаткан түз жерин, кышта кыштоо, жазда жаздоо, жайда жайлар жайытын ар бир айылына бөлүп, өзү башында боло чектеп көрсөтүп, тез жайгаштырып алды баатыр Байтик.

## 5

«Ой... — дешти эригип күн чубактап отурган эки жергилик, — чоң көтөргөнгө орус жаңы жосун баштаптыр дейт...»

«Кандай жосун экен ал?..»

«Жаңы манап чыгарат экен... Элге салат экен, элге тандатат имиш...»



Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 46230

«А биздин манаптар кайда калат экен!?»

«Деги эле эл тандап көрбөптүр аларыны, өзүлөрү эле те бабасынан бери колунда келе жаткан камчысындай өз менчиги кылып алышкан турбайбы!?»

«Ким дөөрүп жүрөт муну сага?..»

«Йе, билбейм, кече базарга түштүм эле үч коюму айдап, ошойерде эл топтоп, эл күү-дүү... «

«Ар бир уруктан, ар бир атадан каалаган киши «мен болом» деп чыгат экен, ана, элге жакканы бир суу элге башчы болот экен...»

«Ыя, мен «мен болом» десем да болобу?..»

«Ха-ха... о-хо-хо... эл тандап алса немене кыласың, о кокуй, бир суу элге чакчайган бир бий болосуң да каласың!?»

«О-у-у...»

«Оюң болсо коркпо сен! Чоңдун оозу орок орот, көчүгү тегирмен тартат деген! О-хо-хо... чоң болгон соң атың батыр, оосурагың атыр... ха-ха...»

Ырас, эл ичине дуу болгон сөз жок жерден тараган эмес. Сээл эле күн мурда Уездбашы жергиликтин ар бир майда уруктарынан атайын өз алдына «өкүл» алдырып чоң жыйын өткөрүп, ушу жакын арада жергилик элге башкарма «волостной» деген, анын карамагына жергилик элдин салтына жана динине ылайык ички иштерин тескеп турар «бий» деген, а айыл топторуна «ыстарчын» дей турган кызматтар болунарын, булар жалпы каралай көз элдин тандоосуна коюлуп шайлатыларын жарыя кылган.

«Киминң болсоң да камына бер, мейли илгертенки манап да, эл ичинен кадыры али кете элек болсо, талапкер болуп чыга берсин, баарыңа бирдей талап, бирдей шарт коюлат...» деп убада бекемдеген.

«Ыя, эл катары көрөт деген ушу да!?» «Өзүнүн улук орусуна теңейт деген ушу да!?» дешип, ынанбаганы, ыразы болбогону калган эмес.

Россия башынан жеке бийлик өлкө, бүткүл өз жергесинин түгүл күн батыштагы, күн чыгыштагы колонияларынын ар түркүн тайпа элинин эгеси азирети мо-



Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ

нарх гана, кимге кандай кадыр берерин, кимди кандай кызматка койорун өзү гана билет, өзү гана тандайт.

А бу алыскы Кытай, Иран чегинде жаткан Түркстан тайпаларына мынчалык жергилик башчыларын жалпы эли өзү шайлап ала турган кеңчилик не үчүн тартуу болунуп калды экен!? Те унутулуп калган көөнө заманынан калган үйүтүнө, акыл салтына, өзүмдүк болуп калган диний түшүнүгүнө жараша, ошо сыяк эле бир тукум элчилик, жакынчылык, теңир коңшулук ыгын, ынтымагын карманып күн көрүшсүн деген ичи кең журтбашылык эркиби? Кудай гана жалгасын андай болсо!

«Түзүк, неге көтөрүлбөсүн башкадан акылга дыйкан чыкса, элине камкор чыкса...» деген ойдо тынч түшүнгөн аяр Шабдан. Бирок, куду ошонун бир суу журтунда күбүң шыбың көбөйүп, тымызын өчкө айланып жүргөн эски таарыныч акырындап ачылып, ага ачык болбосо да, эл ичинде, «тууган» дегендердин ичинде эрин кымтына тике карашкан кас ниет жакка оогондой. О илгерки Тагай түгүл кечеги Тынай, Атаке аталары «балдарына кошо асырап өз кылган» деген топ эми көк тиктеп бөлөктөнө баштагандай.

«Немене, — деди баягы гөй туугандын бири, — ойрот келсе деле ошолор бий, сарт келсе деле, орус олок келсе деле ошолор дөө, шаа!?»

«Йе, — деди бири аны коштоп, — бийликти булардын атасы кууп энеси тууп бериптирби!?»

«Мына! Андай болбойт аз-зыр! — деп ызырынышты. — Мына, орус деген бизге да күн туугузуп, эки тизгин бир чылбыр колго тийер маал келип турат ко мандайыбызга!? Неге жалтанат экенбиз!?»

Дегиси, бу бир волостной шайланар биртке жергенин эли толук атаке эмес, булардан мурда илгерки Сол канаттан чыккан Эр Эшимдин убагынан «саруу багыш» аттан калган аймак.

«Жыкканга жараша карышкырын жыгыш керек, — деди кедейи Савала, — бөлтүрүктөрү оңой, ырылдаса ырылдап көрүшөр, бирден желкелеп сүйрөп таштайбыз!»

«А бу акыл...» дешти, бир пикирге келишти.

«Ик-и-и, — дешпей койо алышпады муну кулагы чалган калыстар, — балтыр бит башка чыгат деген ушу-бу?..»

«Бөрүсү» кечеги баатыр кан агасы Шабдан. Тил күрмөлбөй волостной «болуш» делинип кеткен. Эч бир мансаптын атын албай келе жатпайбы, байкеси болуштукка умтулбайт, бир суу элдин болуштугунан анын ушул жүрүшүндө эле бу чөлкөм эмес бүтүндөй тоолук журтка, бийердеги орус атпай төрөлөрүнө кадыр сыйы али бар, жеке зоболосу өйдө бойдон. Аны көздөө, ага асылуу болсо тиги болуш болмокчу балдарын жокко сүрмөкчү деген ошо. Мында бирткe мандем бар, иттен бөрү чыгып калса деле бөрүлүк кыла бере албасы ырас.

Кандийлат* көтөрмөй убагы да келди акыры, мына ошондо илгертенки «...элге кеткет келгенде ит ыркырак башталар, айтышкан ооз жабылбас, арачачы табылбас...» деген кыйлы кезең күнгө айланды тынч турмуш. Тигине, кичүү улувунан ийменбей, улуву кичүвүн карабай, бир элчилиги эсте калбай айыл ичи сөз керишме, жака айрышма, жааттапыш муштaшма абалга жетти. Көрбөй билбей койгон жок Шабдан мунун баарын, өзүнүн үстүнөн тиги эле Жетисуу төрөсүнө арыз кеткенин да кулагы чалган.

Жалгыз эле Шабдандын айылында болдубу мындай окуя!? О жок, тоолук, ичкилик атпай кыргыз, чөлдөгү көчмөн казак, шаарларга байырлаган сарт, демекчи жамы Түркыстан журту кайнаган казандай бороктоп калды го!?

Бул элде журт агасы мындайча жаат курала талашылып «шайланбай» эле аз убактабы көп жылдабы аты угулуп, көзгө көрүнүп, эстүү деген баа алып, сыпаа деген сын алып, өзү жок топто өкчөлүп, байыртанкы «өз өлтүрбөйт» ишенимине негизделе түндүктүү десе түндүктүү, түптүү десе түптүү журттан өзүнөн өзү көтөрүлүп келген.

Ырас, тегизи жолуна ишенип, эки тизгин бир чылбырын төп берген өз элинин кыңырылбай кызматын

кылган, акы сурабай ажатын ачкан, атын туудай төбөсүнө көтөргөн азаматы, кулагы кесилбеген кулу болуп берген.

А өз очогун эле ичкериштире бергени да учурабай койду дейсизби!? Каратып туруп каражемсоо болгон андайы, элин куру сөз менен күнүгө алдаган, аны арсыз жандаган, бийлигин эл үстүнө камчыдай үйрүгөн, ары барынын мойнуна көрүнөө жалаанын кыл чылбырын салган. Кантсин, эл өзү көтөрүн кайра өзүнүн сөзү өтпөй, алы жетпей да калган.

А бирок, неге жетинди дейсиз!? Акыры жүрө калыс элдин назеринен айрылган, таамай баа, макал ат шилтенген кылычтан курч, анын кызылын кырган, сырын дырдай күбүгөн. Ана, алдынан ишеним деген тагы тайган, чыдамы түгөнгөн куйругу чычайып өзү качып, бөтөн жерге пааналап, жатты агалап, улагасын сагалап, көзүн карап, көтүн жалап калган.

Эми кантти бу эл!? Уезд төрөсүнүн ою бонча «баалоо», «тандоо» ченеми өзгөрдү. Уруу ынтымагына, кандийлаттын керт башынын баркына каралбай «болуш», «бий», «ыстарчын» жалпы элге салынган деген «шайлоо аркалы» делинип чоңойтулмакчы. Мейли, «жалпы элге» деген айтымы өөнсүз, мейли ошентилсин, жалпы эл эркинче ийиксе ошол элге сыйына сый кайтарган баарыга бирдей карамдуу, камдуу чоңдору пайда болушу мүмкүн.

Бирок, мандем «шайлоо өткөрүш» ыгында экен го, «жалпы элге» укук калтырбай, «партия» делинген көп жаатка атайын жиктелип, атайын иттартыш кылынса, эң акыры алдаган, пул зарптаган, ушунун баарын башкарып турган бийликтин приставына таянган, ага «ушу өттү» дедирип алган ыкчылдар «өтө» баштады. Уруу наамы, ата теги бирге дегени «шайланса» деле өз элине баштагыдай баш да эмес, өбөк да эмес, карыз да эмес «шайлаткан» орус акимдеринин гана колундагы кыңк этпеген иш аткармасы боло берди.

Улук орустун улук азирети Императорун эч убакта караламан эл шайлаган эмес, те байыркысынан бери

ата мурас укугунан такка отургузулуп келген не айтар сөзүн, не кылар ишин элге салып көрүшкөн эмес азиретилер, көңүлү өтө жакын ордо адамынын бирди жарым сунушун укса уккандыр, негизинен өзү гана буйрук кылып жүзөгө ашырткан. Орус ичинде ушуга дейре элге салып кызматкер «шайламайга» жол берилбейт, өйдөтөн болсо азирети император өзү көтөрөт, төмөнтөн болсо тийешелүү мансап эгелери өткөрөт.

Мына ушин этип, тыштан кирген баскын сели жайпап, бу жергилик элдин илгертенки көнүмүш бир үй-бүлө сыяк уруу наамы теги катары болгон салты, уруу коому көрүнөө өзгөрүп, бири өз элинин увакили эмес, бири туугана эмес болуп ыдырап, бир тайпа журт боло биригип келишкен уруулар эриш аркагы кошо Байтигинин да, Шабданынын да көз алдында бузула баштады го!?

## 6

Жылдан жылга көнүшүп, жылдан жылга ич жылып, чоочуркатпай кадыресе теңир коңшу болгонсуп калышкан.

Жайлоодон түшөрү замат бир кой союш берет Жайлообай, а Кузьмин бир чирте кап картөшкөсүн өзү көтөрүп келип таштайт. Кузьминдин мурда эле кат тааныган Германы Пишпектеги гимназияда, кызы Люба менен Жайлообайдын Тайлагы ушу ак көңүл коңшунун көмөгү тийип, балдар жергилик орус-тузем мектебинде бирге окуп жүрүшөт.

«О-о... — дейт өзүнчө байоо Жайлообайдын ыразы көңүлү, — бу болбосо жолотот беле орус мектебине!?»

Ошо көңүл ийги тынч күндөрдүн биринде коңшусу - куйкул сары сакалын бапайтып, туздай боз көзү жымыңдап, бир барак кагаз көрсөтүп калды Жайлообайга:

— Бу кагаз биз экөбүз ушул жерде ушинтип бирге жашап турушубуз үчүн жазылган кагаз... — дегенди эптеп кулагына салды.

Таң калды Жайлообай:

— Ыя, ушу коңшу отурган үчүн да кагаз жазылабы?

— О-г-о, жазылбай анан?! — деди Кузьмин. — Бизде бассаң да кагаз, жатсаң да кагаз, баары эсепте болот!

«Э-э орус оюндагысын кылат деген ушубу?..» деп алды Жайлообай ичтен:

— А биз макул десек болду, ал сөздөн кече албайбыз, а кол алышканды кудайдын мөөрү дейбиз, танмай жок

— Ушу ... — деди Кузьмин, — макул, сен айткан силерче, бу этегине бармак бас, «коңшубуз, биз тууганбыз» деген болот бизче...

— А мейли, ошол эле болсо...

Кузьмин үйүнөн өзү леп кармай келген баласынын сыя челегинен сөөмөйлөп, коңшусунун бармагын сыялады да, анын көзүнө бирдеме чыбырала боло жазылган кагазга ныгыра басып алды:

— Мына, бүттү, бар болгону ушу гана...

А байоо Жайлообай бийлер кагазга мөөр басканын бир көргөн, ал деле буга кыйла каниет алгансып калды.

Мына, жылдар куушуп өтүп жатты, коңшулар тынч, көңүл куунак.

Баягы да, мал семирип, балдардын бети кызарып жайлоодон күздөөгө жаңы түшкөн күн эле. Жайлообай каадасынча бир экитишти шишегин жетелеп алып, дагы келип калды теңир коңшусунун эшигине.

Чоочун орус бар экен, бу узун этек чаар чыт чапан, чоң кара көрпө тебетей Жайлообайды, куйругу килтилдеп жулкунуп келген шишегин алма-телме ормоюп тиктеп алды. Жайлообай бу сакалы таза кырылган, муруту кылдат чертилген орус төрөдөн дили тайсалдап, коңшусун каранып калды.

— Ну, Жай, — деди Кузьмин, — корунба, салыкчы, ошо иши боюнча келиптир, мейли, сүйлөшөбүз го...

Көңүлү биртке тынып, шишегин коңшусунун уйканасына киргизип, эшигин жаап, кулагы делдейип кайра келди Жайлообай.

Жербайын бийик кылып, ичкери кыйла тепкич менен чыгып кире турган, ар бөлмөсүн айнектеп, үстүн тикелеп камыштап жаап, элет көзүнө заңгыраган кан сарай салып албады беле Кузьмин?!

Үйүнө биртке буйдала баягы бир барак кагазды алып чыкты. Колунан чоочун төрө алды, буртуя көз жүгүртүп, андан соң Жайлообайды сөөмөйлөп чакырды да, баягы басылган бармак изин сайып ишарат кылды:

— Бу эмне? Сенин бармагың имиш ко? — деп, такмазалап сурады орусча.

Жергиликтин тилин атасынан артык билип алган Герман суратпай шыпылдатып которуп койду.

Салыкчы төрө:

— Ну, — деди эми көзү мечмейип, — кыштап жүргөн жериңдин ижара акысын неге ушул убакка дейре төлөп койбой жүрөсүң?

Таң калды Жайлообай:

— Йе, кандай акы?! — деп алды.

Салыкчы:

— Мына, — деп кагаздагы бармак изин дагы сайып койду, — жылына Россия акчасы эсебинде он сомдон бу жер ээсине төлөмөк болуп, а түгүл бармак басышып, келишим кылышкан экенсиңер го!?

— Йе, төрөм, — деп каяша кылды Жайлообай, — бу жер менин кыштоом, тиги эле жети атам кыштап келген өз жерим! Өз жериме кыштаганым үчүн кандайча акы төлөшүм керек экен!?

— Кыйкырба, — деди акырын Кузьмин коңшу, андан нары мыйыгынан жумшак күлө түшүндүрдү, — ооба, бу жер те илгери сенин кадырлуу атаң экөбүңүн жериңер болсо болгондур...

Сөзүн жыра тартты Жайлообай:

— Жо... жо... сен тентип келген мужуксуң, жо... бу жер те Огуз кандын нары жагынан берки ата мурас жерим... — деп бозала боло туталанды.

А Кузьмин «басып алып» дегендин ордуна «тентип» дегенди укканына кадыресе тырчыды:

— Кимден калбаган, кимдерге өтпөгөн бу «жер» деген! Билесиң, ушу биртке бурч гана түгүл бүткүл Түркстан өткөн биздин азирети Ак Пашанын энчине. Жалганбы!? А азирети Император өз жерине кимди отургузам десе өзүнүн императорлук эркиби жокпу!?

Эми ал кордук көрүп тургансып чачырап:

— А мына, — дей колун силкилдетти, — Көчүмүрмө Башкарманын акт буйругу боюнча менин энчиме түбөлүккө кесилип берилген!

Мындан соң түз эле кекетти Кузьмин:

— Бүгүн да, эртең да эсиңде болсун, Жай, бу жердин мыйзам колдогон ээси мен, Жай. А сен, бар болгону, менин ижарачымсың, ырайым кылсам акы төлөп тура турасың, каалабасам кара томолок алачыгыңды көтөрөсүң да жоголосуң, уктуңбу!?

Чыны ушу.

Жакасын да кармана албай, ээги көкүрөгүнө түшүп, ичтен солуп энтигип, шалдырап калды Жайлообай. «О, калыс кудай, зорлук деген ушубу!?» деди, дили сынды. Көзү жашылданып, ой тепсендисинен ойгонду:

— Ыя, Көсмүн, балыктын сөөгүндөй жаман арабаң менен сенделип келип.. ыя, Көсмүн, менин ушу кыштоомун четине солуп жатып калган экенсиң... Көсмүн... — үнү каргылданып буула калды: — Ыя, «адам баласы турбайбы, кокуй» деп, сыз өтпөсүн деп алдыңа олпок, башыңа көлөкө берип каралаштым эле го, ыя, Көзмүн!?.

Кузьмин кашы жайыла көзү жайнап:

— О-го. Жай, жалгыз сен каралаштың беле? — деп сурап, анан кыжыр чыгара күлүп алды. — Ал деген милдетиңер болучу силердин!

Ындыны өчтү Жайлообайдын, ок тийген онтогонун сезбей жыгылат турбайбы, «апа» деген гана оозуна кирет дешет, « ыя» деп, эсине эчтеме чүргөлбөй өзүнөн өзү купуя бирдеме сурагандай «кайда барам» дегени гана кулакка илинди. Каякка кетем дегениби, кимге арыз кылам дегениби, билинбеди.

Которулду чала угулган сөз да.

— Жер акысын төлөйсүң, тынч кыштай бересиң азырынча, — деди салыкчы төрө, артын айбат көрсөтө корс-карс этти, — төлөбөйт экенсиң... али көрө элегиңди көрөсүң! — Те алыскы ак кар көк муз тоолорго карай колун силкип салды: — Түшүнө алдыңбы?

Жо, кеңгиреген байкуш түшүнө алган жок. Өзүлөрүнчө сүйлөшүп калышты беркилер:

— Беш жылдан бери ижара акы сурай элекмин...

— Эмне үчүн?

— Өтө бай чарба эмес...

— Байбы, жардыбы, аны менен сенин ишиң эмне?! Төлөтүп ала бер! Сен дагы ошол ижара акыдан тиешелүү салык бөлүп төлөйсүң казынага, эсиңдеби? Беш жылына он сомдон элүү сом, мунун кыйла бөлүгү казынага өтмөк.

— Он сом көп акча, буерде үч келишкен кара мал, беш жылдыгы он беш кара. Бу деген бу жарды чарбага кыйла байлык...төлөө оор болот...

— Ну-у, — деди эң акыры салыкчы төрө, — Анда сен казынага тиешелүү бөлүгүн төлөп койо бересиң, а буларды кыста, булар бирин бири таштабайт, байы төлөп койот экен го?!

Ошол тушта данкайган сары чач аял эшиктин көзүнө толо чыга аларды даамга чакырып кетти... Леп этип күлө мейманын үйгө баштады Кузьмин, тез эле кол аракка бапырап калышты...

Көчүрүлүп келген элге менчиктелип берилген шүдүгер жерин кызыр калтырбоо, кыштоо жайлардын артыкбашын жергилик чарбаларга ижарага бериш жагы Көчүрмө Башкармасы тарабынан ар бир келгинге милдеттендирилген, ижара баа койулуп, анын акысын алса да албаса да баадан салык бере бериш мыйзам менен катыран эскертилген маселе.

Бир убакта  кызыл буурул болуп чыкты салыкчы төрө. Тиги кете албай, ушул азыр Көсмүнүн колуна өлүп бергидей болуп салбырап турган Жайлообайга түрүн буза тиктеп сөөмөй силкилдетип зекип, энесин оозанып сөктү

окшойт, оозу кыйшаңдап күркүрөп өттү. Кошо басып баратып көзүн кысып койду Жайлообайга Кузьмин.

Төрөсүн аткарып жиберип келип:

— Эми, жүр мындай, — деп жайкап коңшусун ичкери карай тартты, — экөбүз бирткеден...

Сиркеси суу көтөрбөй коңшусу колун тартынып, терс силкип кежеңдеди:

— Кой э!

— Ич, ызаң бирпаста тарап кетет, Жай.

— Кой э... мени алдап... Ичпейм сенин бозоңу! Тууган болду деп жүрсөм...

— Бери кара, — деди Кузьмин, — Мен сени эмес салыкчыны алдап жолго салдым, Жай! Кагаз чоңдорго керек болучу, сага капа болот деп айткан эмесмин. Сен төлөр ижара акыдан алынар салыкты өзүм эле төлөп жүрөм, дагы эле ошентем, камтама болбо!

Жумшара түштү Жайлообай.

Кузьмин:

— Тигинин көзүнчө сага катуу көрүнбөсөм, түз эле айтып койоюн, булар мени тиги эле уездге сүйрөп ортого салат! Мыйзамды бузду дейт!

«...а түзүк...» деп көңүлүнөн кайкуую чыгып калды Жайлообайдын...

Мал жоголгон имиш деген кеп чыккан.

Ошону териштириш үчүн «шайланма бийдин» алдына жергилик эки ыстарчын, жана да күбөлүккө, калыстыкка абыройлуу деген бир оор топ киши чогултулган экен.

Ар бири салмак, ар бири дымак, сөөлөт карманышып, дем тартылбай көңүл да, кулак да баарыга кадырман деген болуш тарапта, кең өргөө ичинде уй мүйүз тартып отуруп калышкан.

Улаганын бир жагында мал жоготкон сары сакал атыккан жаңы тууган Кузьмин, бир жагында баягы «беш жылдык ижара төлөмүнөн жарым жартылай араң кутулуп, эми «жалгыз ат, жалаң камчы» болуп бүткөн байкуш Жайлообай.

Йе, уездбашы өзү тааныган жер ээсинде дымак аз бекен!? Доогер баягы бай мужук Кузьмин. Өзүнчө «билинбей калса сыйрымтачы ууру, а билинип калса ала албай жүргөн акысын алган барымтачы булар» деп, караламанын түгүл бийинин өзүн жекире тиктегени тиктеген. А «уурусу» Жайлообай имиш, ал деле шөмтүрөбөйт, же ал ууру эмес, актыгына сыйынабы, же мойнума койо албайт дейби, же тагдырына кайылбы, деги чоочунар кебетеси жок.

Бүтпөгөн иш, тынбаган талаш болмокпу!? Болуш акенин көңүлү да жай:

— И-и, — деди, кантсин, төрө да, доогерге жылым, — алдырган анасынын койнун ачат дейбиз, айта бериңиз кимден көрсөңүз, кимде шегиңиз болсо, төрөм...

Ырас, «төрө» деш орус чоңдорун гана сый аташ эмес, күн сайын байыган, жыл сайын дымагына дымак кошулган, ошонусуна жараша бу өз чөйрөсүнө түгүл тиги эле приставына, уезддеги улугуна ачык колу жетип, кадыры өтүп, баягы келгендегидей «эй. саксайган мужук» делинбей, «төрө» дегенге мындайлардын кулагы көнүп, көңүлү өзгөчө эрдемсип алган убагы:

— Ну, эмне дейин!? — деп, кыйла тырчып, биле туруп сурайсың дегенсип бир аз буртуюп, ушу тоголок кийиз үйүндөгү эки аягын көчүгүнө катып отурушкан жарым жабайылар бири калбай азирети Ак Пашанын бу таза кан букарасынын алдында мыңк этпей айыпка жыгылышы керектей ныгырына күрсүнүп таштады: — Билесиңер баарыңар!

Быяктын тилмерлерине ишенбейт ал, Германын ала жүргөн, эки жактан чыккан кепти шып-шып маанилеп койо салды Герман.

Мулуюп койду бий, кантсе да, орус акимдери шайлатса да өз элинин башы эсептелет да, мулуйганы макул эместиги. Оң тизеси кагыша отурган ыстарчын бийинин дидин сезип, ошентсе да акырын:

— Ыя, «баарың» дейсиз, ыя, мындан келди, «баарың калыс эмессиң» дегениңизби бу?

Мелтейип, башын чайкап койду бай мужук. Муну-

су «силерге айткан кайран сөз» деген болуп туюлду жергилик тергөөчүлөрүнө, көздөрүнөн муң көрүнө бири бирин тымызын тиктешип да алышты.

Өзүнө өзү эге күн болсо «оозуңа карап сүйлө, чамгарагыңа карап отур» деп атырылмак, жок дегенде бири. Те илгери бирөө короо тынчытпаган бөрүнү капканга түшүрүп алып, эки арткы кылта тарамышын кыркып койо берип, анан «и, кана эми, айлаң болсо жорт, бөрүм» деп табасын кандырган экен го!? Өзүн жергиликтин жакшысы, иш билгиси, акылгөйү санап жүргөндөр бөрүнүн мукураган абалын ар бири өзүнө алып, тымтырс да боло калышты.

Муну сезбей койгон жок бий:

— Төрөм, — деди дагы эле жылым, тиги аны сайын кабагы үйүрүлүп, эки уурту калың кылчык сары сакалын дүгдүйтүп отурган төрөсүнө, — эрдин куну болсо да үркүтпөй эле айтыңыз, айтар доо болсо, төрөм...

«Үркүтпөй эле» дегенге ыраазы, отургандар копшоло, өзүлөрүнчө эле жөн эле күлүшкөн болуша:

— Төрөм ай, — деди калыстардын бири, — мал жоготконсузбу, же сарыбашыл киши жоготконсузбу, деги түрүн айтпайсызбы акыры?

Төрө да бош келген жок:

— Сарыбашыл жоголбойт, колунда мылтыгы бар,— деди үн ныгыра, кашы чимириле, — жоголгон мылтыгы жок мал болуп жатпайбы?! Желини жер чийген эки саан уй!

— Шек барбы?

Тиги улагада тирмейип тынч отурган коңшусу жакка акырын көз шилтеп койду Кузьмин.

— Та-арт, — деп обдулду Жайы, үйлөрүнөн эле чырылдашып чыгышкан, — ар-рам колуңду нары, сас-сык сакалыңды жулуп, колуңа карматып койо электе?!

Кызандап, андан нары төр жакка атырылды: — Эй, болуш! эй, кара кылды как жарар дегендер! Саан уйду союп жейт деп укансыңарбы өзүңөр деги?! Ыя, сүтү ийип турган мал ыйык дечү элек ко. сойчу эмес элек ко?!

Тура калды:

— Эй, биз деген «саан малга бычак тап кылган бала эмгизген катынга кол көтөргөн» дечү элек ко?! Ыя.?! Ой, ушу силер мени кар-рышкыр болуп кеткен дегиңер барбы?!

Бири баш ийкеди, бирине бири ийин тийише шыбырлашып да калышты.

— И, — деди бий, — буга эмне дейсиңер?

— Муну билген саан уйга көз артпайт, — деди калыс аксакал.

Кузьмин:

— Анда менин желини жер чийген эки уюм асманга учуп кеткен турбайбы, — деди баарын кыдырата тиктеп, мокото, — мен приставка, уезд башыга суроо салайын, ошолор көрүштү бекен желини овону чийип, кытайга ашып баратышканын!

«Карачы мунун сүйлөгөнүн!?» Ичтен өңгөчү тартылды көбүнүн. «Коркутканын карачы?!»

Не демек?! Уй жоголгону чын окшойт. Шек түшкөндүн жүйөлөрү да жанкечтилик эмес, жүйө. Бий буркуйду, ыстарчындар маң, аксакал ичтен теңшеп, ичтен өлчөп үңкүйдү.

— Ууру тыштан келген го, этекки дайрадан айдап өтүп кеткенге окшойт ко, бирак кайдан издемекпиз?! — деди бий. — Кантебиз, өз чөйрөбүздө, өз чөлкөмүбүздө таламандын тал түшүндө эле мал жоголуп отурса не дейбиз?!

Анын аргасыз дидин сезип:

— Кантебиз, эптеп септеп элчилик кылып ордун тургузуп берип тындырбасак болбойт ко, деп кынжылды, — Ушул эле ылазым го...

Бу «элчилик» бүтүм болуп калганын сезди баары. Жо, андай эмес дешке шылтоо кана?! Уезд башысы турса тыякта!

«Болгону эки уй экен, анткен менен, мужуктун сарала, карала уйларынын карааны да, челектеген сүтү да, базарга өтүм баасы да жогору экени ырас. Мейли, — дешти, — ордуна тургузса тургузуп ак берели. Ушу,

айлаң болсо жорт бөрү деген ушу. Кайтса бир кудайдан кайтып калар бизге...»

Кантип тургузулат? «Уурусу» быякта калып эле:

— Ар түтүндөн жармачынан 50 тыйын, бардарынан бир сомдон болсун, — деп чорт кести бий.

Мындай ишке уездден атайын көрсөтмө бар. Ким каршы боло алат!?

Ошо бир уруу элдин түтүнү саналып, орточо эсеп кылынып, эки уйдун төрткө көбөйтүлгөн баасы да, урууга түшөр айыбы да болуп 100 сомго бүтүм кылынды.

Ошол кез, төрт түлүк көп, аларман жокка эсе, үч сомго бир шаа мүйүз өгүз берген убак болгон.

— Эй, — деди кечинде Жайлообай коңшусуна, — Ууру атыктырып койдуң го сен мени!?

— Ну, төлөп калдыңбы!? — деп тиктеди Кузьмин.

— «...мал жоготтум де» деди, дедим...

Ушундайча кесим менен ордун тургузуп бериш элет ичинде жок, бу бөтөн жерде орус келгиндеринин чарбасын коргоо үчүн уезд тарабынан чыгарылган элет болуштарына милдет болгон. Нак акча элетте жокко тете, акчага чегерлип мал төлөшкөн, ошо жоголду деген мал ээсине төрт эсе оруну берилсе, а калган мал, чогулган нак акчанын көбү уезд чоңуна, дайыма куралчан эл аралаган пристав төрөгө жолдук кылынып, бирткелеп артышып калса болуш баштаган элет төбөлдөрү сөөк талашкан итче жулкулдашып жеген болуп көнүп кетишкен.

«О, жараткан, шору бар элге шойкон бий, бузулар элге бузуку бий болору ушубу!?» деп, бири байкаган, бири көргөн калыстын оозу ачылып эле кала берди...

## 7

Уезд мекемеси.

Тула бою калдайып, ага эшик пас экен, үңкүйө эңкейип кирди Байтик. «Таазим кылды» деп билди

уезд башы. Сол алдына атайы коюлган орундукка унчукпай кол жазгады, «тур» дегени болду анысы. Бу төрөнүн мынчалык кабагы жерге тшүп калганын көргөн эмес алака бар эле, ашына болушкансып эле калган төрө эле, ага өзүнчө буртуя акырын көчүк басты Байтик.

Өйдө карады акыры ашына, жылмайган жок илгеркидей, жай сурашышка өтпөдү:

— Сиз экөвүздү Верныйга чакырыптыр...

Тилмер дайыма даяр.

— Не үчүн экенин билсек болобу?

— Бара көрөбүз да, аскербашы өзү кабыл кылат экен.

— Жөнөш качан?

— Шашылыш, азыр жөнөй беришибиз керек ко.

Тышта кош ат чегилген паетон даяр экен, шап эле тура басты уезд башы, кошо чыкты Байтик. Тизилип турган топ атчан козактын жарымы дароо опоңдоп түшө жарымы арттан сопулдап ээрчиди. Баары жаракчан...

Тынбай келген топ жете электе эле, алар ушу жактан атайы барганбы, тааныш окшойт, бир кош темир дарбаза ачылып, поетон лепилдеген бойдон шар кирди. Эки «ашынаны» эки жагынан коштоп барган козактар жандап, эки босогосунда тапанчалуу эки күзөтчү турган эшикке жетип:

— Кана, кириңиз эми быякка... — деди уезд башы, Байтик түшүнгөн жок эмне айтканын, кол жаңсаганынан «кир» дегенди сезип, унчукпай эки этеги жер чийе эңкейип темир босогону аттады, баш көтөрө алдын карангыча темир каалга карс жабылып калды артынан...

Те шыбына жакын, адам түгүл мышык батпас сүйрү дарчеси да темир торлонгон экен, бир гана такта секи турат, мурда кимдир бирөө оонаган эски төшөк, жазданар бирдеме карайып жаткансыйт. Сүйрү дарчеден кылайып түшкөн шоола күүгүм.

Коңурсуган чоочун жыт сезди, калдайып турду, эшикке кайрылган жок, «эй, мунуңар не» деш оюна келбеди, «жапты го абагына...» деп алды. Көчүк басты

такта секинин четине. «Ошо...деди ою, — түнтөйдүн түнтү арыз түшүргөн экен...» «...сурар...» деди үмүт.

Бир күнү тилмер беш күзөтчү менен келди да, ортого алышып, күзөтчүнүн бири машасы тартылган бир атама пистолун түз эле Байтикке каратып окчо кармап, бутуна колуна кишен салып, суракка алып барышты. Не ойдон ооруп, не көңүлү сынып, эми баарына кайдигер болгонсуп, кабагы түшө эрини борбоюп үңкүйүп дөө киши. Элтейип калды суракчы офицер. Те баягы подполковник Лерхени Оулия Атага коштоп барган туземчи экенин жазбай боолгоп алды. Неткен менен, кызматы өткөн неме экен го!?

— Сиз, — деп, сылык баштады сурагын, — жооп бериңизчи, бүткүл Россиянын эгеси азирети Императордун кадырлуу букарасы Ырыскул бектин айылын кыйратыптырсыз, ыраспы?

Иштей баштады казак тилмер.

Өз санаасынын көлүнө чөгө баштаган Байтик акырын баш ийкеп, болору болгондугун жок деген жок.

Суракчыдан мурда:

— Сөз менен жооп бер! — деп кыжынып таштады.

— Ырас... — деди Байтик.

— Эмне үчүн?

— Бирге бололу деп киши жиберсем кеж-жеңдейт...

«Бирге» деген жоопту кыйла чечмелеп, акыры «шектүү максат» деңгелине көтөрүп түшүндүрүп салды тилмер.

— Жообу кандай?

Эми үңкүйүп, чоң сүлөөсүн бөрктөн кабагы көрүнбөй калды Байтиктин, суроо кайталанды, бирок жүз үйрө укпай калгансып унчукпай койду. Дагы чамгарактап жиберди тилмер:

— Жооп бербейсиңби!?

Жалт бир жүз бага көзүнөн тилмерге каны таршыган заары көрүнүп, а сылык суракчыга акырын баш чайкады Байтик.

«Өзүңүз катаалырак болуңуз, бу төө мени тоотпой жатыры!» деп шыкады суракчыны тилмер.

— Айт! — деп жиберди суракчы эми сенсиреп, тыгырчыктап кетти.

— Ооздон айлансын, — деди Байтик, — не дедиң эле деп, өзүнөн сураган жоксуңарбы?

— Суракка жооп бер!

— Жооптон айлансын...

— Демек, актанарың жок, — деп, маани бекемдеп алды суракчы, — биз ким экениңи изебилдеп көргөнбүз, бу дайым эле кыла жүргөн чапкыныңдын бири болгон.

Тилмери менен өзүлөрүнчө жай сүйлөшүп, тамеки ороп тартышып, «күнөөкөрүн» улам имере тиктеп коюша бирине бири баш ийкенишип күлүшө жай отуруп калышты. А үңкүйгөн менен Байтиктин кулагы ошоякта, «ат» «сарт» деген чыгып калабы дей көшөрүп тыңшады.

Бир убакта:

— Ну, канча киши өлтүрүлгөн?

— Камчы тийгендир, үзөңгү каккандыр... — деп койду Байтик, — өлсө өлгөндүр...

Тилмер жымыя имерип:

— Ия, быякка түшкөн эсеп боюнча алты миң го? — деди атайы таң калгансып.

— Э-эй, — деп ордунан очорула турду Байтик, — Сен шумпай кайдан таап жүрөсүң муну?

— Отур! — деди катуу суракчы, тура калды өзү.

Отурбай койду Байтик:

— Эй, манаптын элден обочо конгон төрт үйлүү айылында, ыя, ушунча кишини үстү-үстүнө машап жыйып койгон бекен!? — деп, күүлөнө кабинетте нары бери басты.

— Арестант, — деп кычырай эскертти эми суракчы, — отур ордуңа! Атып таштайм...

— А-а-ат... — деп ага беттенди нечен чабышта өлүм коркунучуна эрегишип кетмейи бар кашкөй, атса атсын деди, тилмерге карай чаңырды:

— Эй, казагымын баш терисин кийип алган жоо калмак, сен билесиң, билбей жөн жүрөр неме эмессиң, те баягы Кенесарынын жортуулунда эки жагын кошкондо да мындай сан болгон эмес! Муну кара, «алты

мың» имиш!? Бир айтса ыймансыз айтат муну. Сен буерде жалаага кымырыла кошулуп, деги эле бооркер болгон өңдөнүп, ыя, калмак чалыштын илгерки кегин алганы турасыңбы ушуерде, ыя!?

Не белги болду, не чуу чыккынданбы, тапыраша кирип келди эки күзөтчү тыштан.

— Ыя!? Мына, кармап берип туру орус акең, аттырып ал эми! — деп күүлдөп турган эле Байтик.

Эртеси суракта экинчи күнөө коюлду:

— Үч жүз түтүн тынч жаткан элди көчүрүп кеткенсиң...

Баш ийкеди Байтик.

— Чынбы!?

— Сөз менен жооп бер! Кагазга түшүрүлөт бу деген.

— Чын, — деди Байтик улам кыпчылгансыган тилмерге, — и-и, жүргүлө Сары Өзөнгө дедим, сүйүнүп эле көчүп келишти эл. Жер бердим, арыгын кошо каздырып бердим, и, жашашсын орустардай эле болуп, дарак тигип, коргон уруп...

Тилмер өз ишин иштеп, «муну да мойнуна алды» деди артынан. Тигиле тиктеп калды суракчы Байтикти:

— Таратып эле бере бергидей жер сенин менчигиң беле?

Буга чыдап бере алган жок Байтик, аянар эркинен адашып, баягы эрегишер көктүгүнө көрүнөө туттугуп каршыга ээгин көтөрө:

— Кимики анан!? — деп жиберди.

Терикken жок баскындын суракчысы, жымыйып шылдыңга алып турду кайта, тилмер такмазалап которду айтканын:

— Силер турук кылган биртке аймак түгүл каратылып алынган жамы Түркстан бүткүл Россиянын бактылуу Өкүмдарынын менчигине өткөрүлүп калган. Ыя, билбейсиңерби алиге чейин!?

— Ой!? — деп кара күйүндү болуп кетти Байтик. — Сурабай эле менчиктеп ала берeби!?

Кылыя тиктенип, не чынын не калпын ушул экөвүнүн кабагынан издеп калды Байтик.

Суракчы:

— Орус атынын изи түшкөн жер Россия!

— Мына! — деп өзүнөн кошуп койду табасы кангансып тилмер. — Сурап отурабы?! Өзүң подполковник Лерхени коштоп Оулия Атага баргандан бери бул өлкө Россия болуп калган.

Ындыны өчө нестейди Байтик. «Ыя, мындан келди, ыя, өзүбүз эле берип койгон болуп чыгабызбы?..» Эч качан эчтемени мойнуна албаган эр көөдөн ушуерде ичтен күнөөкөр сезди өзүн, өзүнө көрүнөө дили майышты.

Бүгүнкүгө ушул жетишет дешти окшойт, сурак токтотулуп, салбыраган Байтик күзөт менен камерасына жөнөтүлүп коюлду.

«Менимче, бу айбансынып турган неме тоодо тоңуп жүргөн жабайыларын суулуу кең түзгө атайы алып түшкөн, атайы бөлүп берген...» деген такмын айтты тилмер. «Ошо, — деди суракчы, — Империянын быякка эл көчүрүп келиш, түбөлүккө отурук кылдырыш мүдөөсүнө ачык каршы иштелген иш экен...»

Тамеки орошту, баш ийкешти.

«Биз билебиз го сырын, бу төөнүн эркеги өз билгенин кылып көнгөн неме. Бу ушу азыр да, кийин да ыкка оңой келе койбой турган тоң моюн элемент...»

«Мейли эле, тытышып биринин этин бири жесин эле, бирок...»

«Чын, жер бөлүштүрүш, отурук алдырыш убагында, эртеби кечпи, мындай неме бир жаңжалдын башынан көрүнүп калышы ыктымал...»

«...ошон үчүн...»

«...мына ошон үчүн жер бергенин айтпай туруп эле, бирөө болсо да киши өлгөнү үй өрттөлгөнү жетишет, бир нече жылга эркинен ажыратылат, а балким мурдагыларындай бир жакка айдалып жиберилер... биз тергөө ишибизди бүтөбүз, сот аныктайт...»

...Те шып түбүнөн, темир торлуу сүйрү дарчеден үлбүрөп түшүп келген бирде көгүл бирде саргыл таң

нурун ой түбүнө жетпей жок, маң болуп да отуруп, түнү бою көз ирмебей күнүгө тосуп ала берди Байтик.

«Бир үрөй көрүнгөнсүйбү?..» «Ыя, бу бери чык деген ишарабы?..» Бу бар болгону бир мерте кылая түшө кайра жоголгон үмүт! Уюган кол аягын кериле чоюла биртке жазынгансыйт да, салбыратып бир жагынан ой, бир жагынан канбаган уйку тартып, сасыган жаздык сөрөйгө кайра баш коюшка аргасыз, жо жата да тынч ала да албайт «аттиң» деген дилине жаңырып сызылып кирип, көңүлүн булкуп дагы баш көтөртөт, өйдө болот да карайын дебей эле эки көзү жалгыз сүйрү дарчеге өзү бурулат, оор ой кабатталыша ошо булаңгыр биртке шоолага күргөзбөй парде болуп да калат...

Темир эшик тарс-карс деди. И, өзөк жалгатары келди окшойт ко!? Эшиктин бирдеме берер алар тешиги ачылды бир убакта, сунган табак көрүндү, нары жагынан акырын күбүрөшкөн үн, шыбыш, бирөө акырын бышактагансый, аны бирөө күңк эте тыйгансый биртке шарпа жетти кулакка. Ким дейсиң!?

— Ареста-ант!.

Түрмөчү... жылымы да жок, кыжыры да жок чарчаңкы үн. Жылып басып барып, ага адат болуп калган, тиктебей да унчукпай да табакты алды дөө туткун. «...ава... кагылайын ава...» деди асте ыйлактаган... туткун баш көтөрө элтейе, ургачынын авазы, басыла калды. О, баягы эле ак көбөлөк алдамчы үмүт экен го!? Жо, «...бек боло көрүң... ава-а...» деди кайра... Карс! Эшик төрү үч кадам таш капез кара күүгүм, жымжырт болду кайра. «Ким?.. Кайсы күйөрман жаным?..»

Табакты коюп, көңүлү тартпай отурду үңкүйүп, акыры жабылган ак дакисин ачты, жылуу бойдон, бир жилик эт. Түбүндө жайма күлчөтайы бар экен. «Ким?» деген ээлеп туруп алды көңүлүн. «Ыя. Апар келип калганбы? Ава дебейт эле, туурап наарын кылып келет эле ал... бу шашылыштын оокаты, казакча... кайсы казагым бар эле мага жан кыйбас киргизер?..»

Күнүгө эртеңкиси кыйын кыстоо күн аптага, аптасы айга айланып баратты, бирок сот болору жок.

Үч кечте бир маал тышка чыгарып, ар бурчунда мылтыкчан күзөтү турган коргон ичине биртке бастырып коюшат.

«Ке, — деди бир жолкусунда түрмөчү, — аягыңда болсо бар, ке колуңа да кишен салып коеюн, тынч болобуз, кокус кароол жактан сөз өтүп, же чоңдор тескеп калса ачууң келип жүрбөсүн, атылып каласың...»

Чала казакчасынан ушуну түшүнүп, тиктебей баш ийкеди Байтик. «Коркпогула... ачууму келтирбейм...» деп койду акырын.

Кишенге билеги батпай калды, бутуна да атайы жасатып салынган болучу. Тиктеп туруп, башын чайкап, «эсиңде болсун, ким не десе да теңелбе» деп эскертти, дөө чалдын дагы унчукпай баш ийкегенине көңүлү тынчып калды сак түрмөчүнүн.

Мына, ушин этип колун артына алып, эч кимге жүз бакпай, бирөө көңүл бөлсө байкабай, башка арестанттар кобурашса ага үйрүлбөй чөлдө калган жалгыз нар төөдөй өзүнчө, өзү ыкшалып, өзү токтоп, өзү маңып кишени шылдырттап жүргөнү жүргөн.

Көк боз, булут сур, көзгө илешкен жер мунарык, эч жагынан агала тоо көзгө чалынбайт. Күн гана ыйлаган көздөй кызарып, чарасы улам кеңип көлкүлдөп, чубалган аза кара жоолуктай белине чырмала четинен ымыртка акырындап күнүгө чөгөт...

Ырас, жакшы кеп жанга кубат, бирок бат унутулат, а көңүл калган жаман кеп жадыңда жармашып жүрө берме балекет экен го кайран жаныңы көз ирмемиң сайын курттай жеп!?

Баягы мазак тышта да, ушул көөдөй караңгы гөрдөй тар таш кепесинде да бирге, жанында тургансып Базанын күбүрөгөн үнү улам кайталанып кейиш эмес таба болуп угула баштаган...

«Ыя, унчукпай отуруп берет белем? Түндүгүн түшүрө чаптым, өргөөсүн өрттөп таштадым. И, өзүнө жараша, алар жазасы бу!» дейт өзүнө, бу үчүн кармалганына кайыл.

А экинчи «күнөөгө» дили макул боло албайт. «Биз кайда калабыз!?» деп көөдөнү толуп, каны менен тиги эле Огуз канынан бери келе жаткан чабышар эски деми ойгонуп, ушу сызда муздап жаткан жан дүйнөсү дүргүйт.

Те баягы орус аскербанын жанында жүргөн карабоз аргымак үстүндө заңкайган Байтик азыр өз көз алдынан алчактата бастырып өттү. «Йе, баатыр жанында жүргөн турбайбы, түбү жаман боло койбос...» деген эле го, тааныган ээрчиген, дүрбөгөн тынчыган эле го!? «...аттиң...» деди дили, көк түтүн болуп чыкты эрөөлдө алдатып жыгылган найзакердин өкүнчү...

## 8

...Шабдан күнүгө жалгыз эмес. Же бир тилемчи, же бир кыйчалыш абалына көмөк сураган үзүлбөйт.

Мурда картасына чийилип алынган аймактардан башка да кошумча жер карашка макулдашыш үчүн орус төрөлөр да шапкелерин какайтып эшигинен көп көрүнөт, алаша этин ашашып мейман да болуп жүрүшөт. Аны көргөн караламан бири «о-о, биздин баатыр алып койду...» дей мактаныч кылса, бири «...а кокуй, жерди орусуна талатмай болду...» деп тымызын сары санаа боло баштаган кез.

Ошо күнкү саламчы баатыры дайыма «өз» деген казагынан ээгинде учу кайрымактанган биртке суюк кылчыгы бар, көз ордуна тынымсыз кылтылдаган бир кыя тартымдан жылчыгы бар неме экен.

Баатырды гана тиктеп, ага эш, эрмек болгонсуп отурушкан айылдык ак сакал көк сакал дегендерин, келип отурган Байтиктин Байсалын деле тушарына алгысы жок, өзүнчө эле көкүрөк кере манчыркап:

— Мына, азан менен аталган атымыз Алпысбай, алыстан арзып келип турабыз алдыңызга, батыр, — деп калды, — жолдугубуз жолдуктай кадырыңызга ыйлайык болсун деп, батыр, салтанатка мал жакшысы

кылкуйруктан соорусу чаар тандалган кырк байтал айдап келип, төшүңүзгө жайып отурабыз!

— И, — деди Шабдан, — не болуп мынчалык, ортого мал салбай эле келбейсиңби?

— Энди, батыр, — деп, айтам деген оюу кыла толгоно ыкшалып алды казагы, «берешен» деп билген адамдын көзүн кылтыя тиктеп, — несин айтабыз, жайды жайлар жайлоо тарыды, теңир коңшу бололу дедик, батыр, убактылы болсо да мейли, миң катмар ала тоо боорунан кичкинтай бир конуш сураныч кылып турганыбыз, батыр...

«...тарыды» деди, «келгин басты...»деп айта алган жок, тиги аны Шабдан болжоп баш ийкенди, «убактылы болсо... мейли да, өзүбүзгө керек эми десек... кетет да...» дегенге тоорулду токмейде санаа.

— И... — деди Шабдан.

Каерден сурайсың дегенди түшүндү казагы:

— Ана бу нарытын биздин Чымалган бизге жакын, беритин силерге жакын Кордойдун белине гана жайлатып турсаңыз болгону...

«Илгери Ит ичпестин Ала Көлдөн бери жер коруган Жаманкара баатырдын жайы-кышы алачыгы турган бел Кордой... — деп алды ичтен Шабдан, — каксоо, чөбү суйдаң какыр адыр, несине кызыгып турат бу...»

— Болуптур, тууганым, коңшу болсоң коңшу бол убактылы, — деди Шабдан эми ачык.

Тууганы кош колдоп жер таяна тура кайра үч бүгүлө:

— Куллук, куллук, батыр, куллук... — деп жүгүнүп, эти оорлуктанбы, кубанганыбы, демиге күшүлдөп кайра отуруп калды.

Кеп тереңдеди.

Бир убакта Батыш Сибир генерал-губернатору Гасфорд бул элдин бирин Чоң Ордо, бирин Жабайы Ордо деп атап, эки жагынан «кеңешке» увакил чакырып көргөн. Бу Жавайы Ордосунан Ормон бийдин уулу Үмөтаалы барган экен. Бир кыябында Гасфорд төрө «биз убактылуу кичинекей аскер чебин куруп туралы, Кокон менен эсептешип алган соң силерге калат, Үч Ал-

маты дегениңер ээн экен, ижарасына бергиле» деген имиш. А Үмөтаалы ортого түшкөн Чокан деген макул деп койгону, муну келип атасына айтса Ормон бий «атам билет дебейсиңби» деп чоочуп кеткен дейт. Ошо «макулдун» залдарынын акыры тиги эле кеңирсиген Иле боюнан, Ит ичпес айланасынан сүрүлүп келгени оозго кирди.

Тээ илгерки үйсүн Төлө бий эске түштү.

Төлө бий карып, алсырап, арык кара нардай төөдөй чөгүп калган кезинде, айтымда, бирөө «сизде арман жоктур» деген имиш. Кары бий «ойбой, ушу бүкүл он угул кыпчакта менден арманы чоң жумуру баш жоктур» деген экен.

«Ие, бала кезден башыңызга бак конуп бий болдуңуз, кулун сындуу ат миндиңиз, гүл жыттанган кыз сүйдүңүз, нечен дуван эл башкарып, калыс сүйлөп топ жарып, тагдыр чечтиңиз, ийиниңиз тозгон жок ко, кардыңыз ачкан жок ко, бу жалган деген дүйнө жалгыз сиз үчүн чын болуп жалаң сый үстүндө өмүр өткөрүп келатасыз го?!» дебейби таң калган.

Ошондо Төлө бий: «бир ак Кыргыз деген эл эдик, мына жарымыбыз Кыргыз кыпчак, жарымыбыз Кыргыз казак болуп жиктелип кеттик ко!? Жат болуштук ко, оңдон да, солдон да каска колтук ачылды го!? Ушул арман эмей немене, кокуй!?» деп ботосу өлгөн боз каймалдай буулдаган экен дейт.

«Эми көрүп аласыңар, ортоңо ичи ала түшөр, кулагы кесик кулуң кутурар, табыштырбас чабыштырар, иттей тукуруп кабыштырар...» дептир дейт эң аягы.

Эскиден мисал, азыркыга тамсил маани болуп ортого түштү бу дагы.

Иши көз көрүнөө оңуна өтүп, эми көңүлү өзсүнө баштаган казагы манайып:

— Сизде уул бармы, баатыр? — деп сурап калды эч ким күтпөгөн кыяста. Баары элтейди отурган эл. Йе, уулсуз калмак беле ушунча өмүр жашка келген адам!? «Муну не сурады бу?..» дегенсип жымыйып тиктеди Шабдан да. Казагы түгүл отурган эл не болорун күт-

көнсүп, те ашкана оозундагы Шааке байбиче нестейип, өргөө жымжырт боло калды. Баш ийкенди бир убакта Шабдан:

— Бизде уул жок, Алпысбайым, — деди акырын үнү да, жүзү да кылдай өзгөрүлбөй, эч жакка көз ийрибей.

Жоктун жогун айтсаң кемсинткениң, кайгысын кайра козгогонуң!

Сураганына өкүнүп, «...ушунча кадырлы жакшы адам, ушунча жашка келип, аттиң ай, перзентсиз калып турганы кыйын болгон экен...»деп тымпыйып отуруп калды казагы.

О, бир жагынан баатырына туугансынып, бир жагынан минтип аралашып отурган соң теңсинип, казактын көзүнчө кыйла көкүрөк көтөрө кабак үйрө компоюп отурушкан сарыбагыштары:

— Йе... баатыр... Мухеддин бек баштаган он уул турса»жок»дегениңиз немене!? — деп жиберишип, казакка «бу ит суракты не сурайсың ит болуп» деген түр да, сүр да кылыша жабыла адырайып калышты.

— Казак тууганым, бизде, — деп жооп маанисин ачты Шабдан өзү, — бизде уул деп атадан арта туулган, арта туулбаса да элге төбөсү көрүнүп, журт ишине жараган жаран бала айтылат. Бизде урук бар, казагым, урук бар...

Бу сөз «катындан түшкөндү эле уул дей бересиңерби силер...» дегендей туюлду сураганга.

А туугансынган, теңсинген, өз үйүндө бешөө болсо «беш туйгун» дешип, мактанычы чокусунан ашып жүргөндөрү: «...э-э... биз тумалай турбайбызбы... уруулуу элди топчаккан Мухеддини буга уул көрүнбөсө...» дегенсип, бири бирин тиктеп, мааниге али жетинбей, ар бири өзүнчө бүксүп, кайра «бу тойбойт экен го» деп ага кинээ ойлоп, өз демине дыгдыйып отуруп калышты.

«Эски тууган», эми «жаңы коңшу» өз ыраазалыгы үчүн оюнда «берешенине» бир келишкен ырчы кыз ыроолоп турган.

Уул жок дегенди уккан соң, анын үстүнө отурган-

дардан жаман үрөй сезип, эми сөз башкаланып калабы деп тез чыгып кетиш оюу кыстап жер таяна ычкынып «...батыр, кудай жалгай берсин эки дүйнө...» дей шашыла күбүрөнө ошол өңкөйгөн бойдон кетенчиктеп өргөөдөн чыга жөнөлдү Алпысбай.

Эми талтаңдап шаша басып, нарыда мейманды улам аткарып турган балага атын дөңгөчкө тарттырып ыйынып минип, ошо замат үрөйү да, кыялы да өзгөрүп, өзүнчө көөдөнү толо «...акесинин гөрү, не десе ошо десин, бу заманда берген март эмес, коркпой алган март — ...» дей, конушту сурап албай тартып алгандай эрдемсип, теминип жүрүп кетти ...

— Келгеним, — деп эми баштап, — абакта көп жатып калды го кайнагаңыз... — деди Байсал, — эли жоктой, элинде ишке жарары жоктой...

Шабданга «го» деген «не дейсиз буга» деген болуп угулду, тике тиктеп калды. Бу тиктеш «али бара элексиңерби» деп туюлду тетик Байсалга.

— Көп бардык, — деди Байсал, — төрөлөр деги жолотор эмес бизди, бири «уруксат жок» дейт, бири «кет» дейт, биз тилин таба алар эмеспиз...

— Йе, жүр, баралы анда, — деп жиберди Шабдан.

Соoронбайынын Дүрүн бир жагы топ көрсүн, адам таанысын деп, бир жагы ишеничтүү өз тилмер деп ала жүрө турган болгон.

Көп өтпөй солтосу менен сарыбагышынан бирден «элден увакил»кошуп, Үч Алматыдагы баягы кашкарлык сынакы ашынасынын кең чайканасына калдайып барып түштү Шабдан.

Дүр мырза орус мектебинен окуган, ал деле теги тынай, аталаш тууганы Соoронбайынын баласы, демекчи билимден да, тектен да кемчиликсиз, тилине жараша бирткелеп орус төрөлөрүнүн назерине илинип, эл оозуна кирип, акыры кудай буйруган күнү бу аяр абышканы өзү орусчалагандай «заменить» кылары шексизденип калган. Бою шыңга, майлаган буудай өңдөнгөн, тыноо алдына биртке жылтыр кара мурут коюнган

сылык сыпаа жигит агасы. Төрөлөр башкарган, орус аралашкан топко атайын орус интеллигенттеринче кийинип, зымпыйып жүрөт.

Үмүт да, аракет да, тамыр тартып көрүш үчүнбү, абышкасын айтпай Байсал экөвү эртелеп аскер губернаторунун эшигинде болуп калышты. Ыя. Тил бар, сөөлөт жок эмес, аяр абышкасыз эле ишти бүтөрүп жиберишсе кана!? «О, балдар ишке жарап калган турбайбы, кудай жалгап!?» деген эртең элге дуу дей түшмөк.

Коргондун тышы да, чини өйдө төрөлөргө кокустан болсо да кездеше алышпады, а күзөтчү козактар бу туземчинин орустун тилин орус ордосунда сүйлөнөрдөй мизилдетип турганына тан беришип, көпкө имерилишип кызыга кеп алышып, бирок коргонго киргизбей коюшту го!?

Тигине, уйку кандырыпбы, төрөлөрдүн кабыл алар саатын билеби, абышка да келип калды күн аркан бою көтөрүлгөн убакта.

Те обочо келгендер ат байлаган чоң түп жалгыз талдын тезек жыттанган түбүндө бир адам түспөл, тааныш немеби, эки мырзадан жүз жашырып, желкеси түшө салбырап отурган.

Сөлөкөтүнөн да таанылат киши, Шабдандын көз кыйыгы түшө калды, «бу не жүрөт буерде» деген кылт этти. Сезди муну тиги да. Нары бурулар кейиптенди. Бирок, көзү тигиле кабагы жайнап келе жаткан тууганынан жүз үйрүп кете алган жок, өчөйүп өйдө боло эки колу шалдайып белине түшө бой түзөгөнсүп, далдайып бери басып калды.

Жашы тең курдаш сыяк экен.

— Йе, жол болсун?.. — деди астейдил Шабдан, жүдөө кебетесин көзү бир чаргып кол алышты. — Не отуруп калдың мында!?

— А... иш болуп... — деп мыңкылдап, көз ала кача калды гөй тууганы. Дүрлөр ийриле келишти.

Шабдан:

— И, айтар арыз арман барбы?

Ырас, арыз кылгандан башка не катнашы бар караламан жай адамдардын.

— Жо, жөн эле... — деди гөй тууганы жер тиктенип, кабагы гир.

Буга бир көмөк кылып коюш зарылдыгын сезди Шабдан:

— Макул, — деди дайыма макул деп көнгөн адам, — ушуерден башка жерде бүтпөй турган кысыталыш болсо, макул, бирге кирип көрөлү, бүтөрөлү кудай бүтөрөр иш болсо, макул.

Шалдырап туруп калды тиги, дагы жер тиктене баш чайкады, анын иши бу элпек тууганына айтпай турган сыр окшойт.

— Кетебиз го эми... — деп алды ындыны такыр куруган, деми кесилген неме, улуктан кабыл сурап бир айдан бери зарыгып, көңүлү да дени да талыкшып, бирде үргүлөп бирде беймаал селт көз ачып отуруп жүргөн талдын ачылып калган тамырына азыр да темтеңдей бара кайра көчүк баса баштады.

«...булар калыс орустун өкүмү жүрүп турса деле биздин балдарга тизгин бербей койду, бири өлсө бири калат, бири кетсе бири келет, бизди кулсунат...» дей куду Шабдандын өзүнүн үстүнөн арыз көтөрүп жүргөн.

Чын, эшик тоскон орустун балдары киргизебиз деп, кол акысын да жол акысын да албай койгон эмес. Бу байкуш күнүгө эки маал тил эмет, кагазы улукка жеткени жетпегени дарексиз, доолашты дегиче карсылдаган сөкөт угат.

Ыргылжың болуп турганын сезди Шабдан:

— Макул, — деди буга да, — өзүң бүтөрөм десең, мейли, ага не жетсин, көп убара болуп калыпсың, дагы убара болосуң, бирак, кудай жалгаса бир чарасы табылып калар...

Тиги мүңкүрөп баш ийкеди, өйдө карай албады. Шабдан:

— Тайкүрөң, — деди дайыма жанына каржысын алып жүрчү жигитине, — берчи авакеңе ишине жеткидей каржы!

Жеткидей дегени кыйла пул, коюн чөнтөгүнөн үч чырбан чыгарып карматты Тайкүрөң. Үч чырбан ортоңку колдой тогуз кара! Же батыл ала койо албай, же жек көргөн ич дүйнөсү этек кактырып жибере албай, нес болду кетерге оокаты калбай каржалып турган байкуш.

Шабдан:

— Иш бүтөрөр керегиңе жаратып кой, бир чарасы ушу, бүтөр болсо тез бүтөрүп кайт элге, бөөдө жан кыйнап, дил кор кылып буерде көшөрүп отура бербей кайт элге, о кокуй...

Эми жүз бакты Шабдан Дүргө.

«Улук бар бекен?» дегенин түшүндү да:

— Биле албай турабыз, — деп, демсиз жооп кылды мырза.

Кош канат темир дарбазага түз беттеп басты абышка. Эки жагында экиден турган төрт күзөтчүгө өз мусулманча салам айтты. «Салам айтты» дегенге үлгүрүп калды Дүр. Күзөтчүлөр леп тура оң колдорун чекеге ала коюша аскерче урмат көрсөтө калышты. «Кириңиз» деди бири кол жаңсай, муну Дүрсүз билди, келип көп кирип көнгөн, башкасын киргизбесин билет, артын каранбай күзөтбашы менен кирип кетти абышка.

Бири тынайдын, бири солтонун «увакили» экенине көрүнөө манчыркап турган эки жакшы да орусча орустун түшүн жооруган Дүр, Байсал калдайып кала беришти тышта.

«Бу эмнеси, дувасы барбы бу чалдын!?» деп алды Дүр. «Ыя, мундири деле жок бүгүн ийнинде эле аскерче урмат кылгыдай, ыя, эшигиндеги итине дейре таанылып алып... ыя, бизге жол берер түрү жок ко?..» дегени өзүн көкүтүп турду ичинде. Бирөө оң дейби, бирөө терс дейби, иши кылып, өз убагында жайгарган иштери үчүн бу чал Россиянын падыша тукумунун тизмесине киргизилген адам болгон.

Жетисуу аскер губернатору дайымкысындай эле «бүткүл Россиянын эгесинин тууганын» кубанып кеткендей түрлөнүп кабыл алды, сылык, жылым жөн жай сурады.

«...бу туземчи ыкка келбес, өз билгенин кылып көнгөн кашкөй, азыр жер өздөштүрүш ишине каршы өтө коОптуу элемент...» делинип, сүргүнгө чектелип коюлган экен кайнагасы.

Мейли аздыр, мейли көптүр, Россиянын кызыкчылыгы үчүн өтөгөн иштеринин баркы али түшө элек, канча болсо ошонун баарын ортого кумарчыдай баңга коюп, эң акыры өз кара башын кепил кылып бу туземчи жактан кылдай чекилик кетсе жоопкерчилигин толук мойнуна алар «Тил катка» мөөрүн басып берди Шабдан.

— Ну, — деди аскер башы губернатор, — Сиз үчүн гана ушул документ боюнча бошонтуп берсек берели, мейли, Шаби Жантаевич.

Ыразылыгы, акырын ийиле баш ийкенди Шабдан, а көзү үлбүрөп тилмер жакка ооду да кайра үнсүз тиктеп калды улугун. Буга окшогон бир сыр байкаткан көз караш ты колунан иш өтөлүп турган улук быяктагы элдин мамилесинен биринчи жолу көрүп турабы, саал ээк көтөрө серп салып койду тилмерине. А сагызгандай сак тилмер да мындайды эч качан жаздым кылган эмес, дароо шык-шык сүйлөп керектүү кагаздарды дярдап жибererин айткан болуп, элпек болуп леп чыгып кетти. Аны сайын жүзү жадырап Шаби ак тайлактын жүнүнөн кылдап иштелген узун этек кең чепкендин койнунан кепиндиктей аппак илекиге оролгон бирдемени сынып кетердей акырын койду улуктун алдына. Улук чоочуган жок, үрккөн жок, коюлганды, Шабисин унчукпай алма-телме тиктенип койду. «Бу не?..» дегенин жаздым кетирбей илекини асте жазып ачып койду Шаби.

Бирөө эле эмес, эки тайтуяк! Көп кармалбай, кереги тийбей бокчодо жаткан гөр дүнүйө экен.

Жылт, жылт чагылды улуктун көк көзүнө, чоң терезеден кыйгач тийип турган аалам нуруна бириге бирде кызгыл сары, бирде көк жашылдана кубула ортодо көлкүлдөп калды.

Уурту өзүнөн өзү жымыйды улуктун:

— ...да, өзгөчө көрк...

Бу «өзгөчө көрк» эмес, бир тайпа журттун эр азамат уулунун куну болгон.

...Эртең бошотулар деген күнү Байтик түрмөнүн догдурканасына алып барылды.

Ошо жерде өз кийиминин тышынан ак сурп жабынчылуу сумсайган кишилер аны жылаңачтап, көкүрөгүн, далысын түтүктөп тыңшап, чала казакча тил күрмөйт экен, «түрмөнүн таш дубалынын сызы өткөн» деп айтышты да, билек кан тамырына ийне сойлотуп, не экенин өзүлөрүнөн башка бир кудай билер, «дары куюп, «эми бир аз күндө оңолуп кетесиз» дешти.

Недир канына өрт киргендей тула бою алоолоп, жүрөгү опкоолжуп, бир кур көңүлү көтөрүңкү тарткансып да калды, «сызды кууп чыгар дары окшойт...» деп болжоду Байтик.

Түрмөнүн эшигинде бир оор топ караан күтүп турган. Байтик көрүндү, арыктаганы го бою өтө эле узун сезиле чепкени шөлбүрөп калгандай. Дагы эле деми кесилбегенсийт мойну өйдө, жүзү ак сур, жай теңселип чыкты.

Бала да, Байсал баарыдан мурда умтула берип, алдына киши өтпөгөн Шабдан жездесин бир жалт карана тык токтоло калды, Шабданга эки канат болуша Дүр, казак болушун «султан» дешет, султан Бекеш башташа топ дүрдүгө тосо басышты.

«Ыя, о силер кайдан?» деген кыязы бир элтең караныл алды Байтик. Ким ортого түшкөнү ага айтылган эмес, «не күнөө жабылбай калды, не бир кудай өзү ыракым салды зулумдардын көңүлүнө» деген гана түкшүмөлү бар эле. Кучак жая келип, оңду солду төш тийгизише көрүштү Шабдан, андан соң султан Бекеш баштап баары бир баштан кол алышып аманчылык сураштты.

Өзсүнүп эле, баласынып эле озунуп басып калбай ыктанып, жол сактанып артта калган Байсал эми бет келише:

— Ата... — деп, атасынын тизесин кучактап, андан нары сөз айта албай жашып кетти Байсал, — Ата...

— Йе, — деп алды Байтик кабагы үйрүлө, — жашыба, үй күчүк...

— Кана, — деп калды тыяктан султан Бекеш топтун башынан ашыра тиктей казакча эрдемсип, — аттаналы, азиз тууган эл, жол оңуна түштөнө өткүлө, энди.

Эч жакка бурулар ою жок Байтикти кадырлуу Шабдан күйөө баланын кичине жымыя баш ийкенгени, жол оңу гана көңүлүн ийгерди. Бекеш сөөлөт сактана керилип келип, кошо колтуктан сүйөй басып, Шабдан менен Байтикти өз поэтонуна чыгарып, айдоочу ордуна өзү отуруп божу силке «хайт!» деп жиберди казакча ачык өрөпкүй. Сөзгө үлгүртпөй кош жорго бирдей чайпалып жол ала берди.

Чын эле түштөнүп өтөр жай жол үстүндө көрүнөө жайыкта экен. Таанымал поэтон, артынан шатырата келе жаткан бир оор топ атчан бурулганда атайы жаңы тигилген ак отау эшигинде селейип тиктеп турган аелзат көзгө чалынып, а чакчарылган султаны калдайган мейманын колтуктан ала келе бергенде аелзат мойну суксурдай сунула, күмүш чачбагы жерге төгүлө башы көтөрүлбөй таазим кылып калды:

— Ава... — деди үнү калтырап, — эсен аман бошонуп чыктыңызбы... кагылайын авакем?..

«...кайсы боорум...» деген кылт этти Байтиктин дилине.

Шабдан нестейди, те баягы ээн төрдө ушу чачбак сыйрыла күнүгө күтүп алган периште жанбы, жүрөгү акыл токтоттурбай бир оодарылып кетти. «Ыя!? Отура береби бүлөсө майга өтпөгөндүн жолун карап!?» деп Өзүбектин чарылдаганы кайра жаңырып угулду кулагына, ошондо анын кыжырлана өз атын өзү баш-башка салганы жылт-жулт көрүнүп өттү көзүнө. А Байтик «...ошо... ошол үн...» деп дили жумшарып. Жумасына бир жолу келип, түрмөнүн оокат берчү дарчеси тыкылдатып, апкелген туз даамын берип, «...ава... бекем болуң... аваке...» деген муңканган үн...

Таазим кунун жазбай авасынын күрөктөй алака-

нына тооп кылды аелзат. Эки чыканагынан асте өйдө кылды Байтик:

— Бир Аллам өзү бошонтту бошодум, анайын... — деп жиберди. Не сүйүнүп, не өзүндөгү түпөйүл кайгы, боорунун көзүнөн ирмелбей жаш төгүлүп турган.

— Эркем, — деди манайып Бекеш султан, — эшигинди кең ач энди төркүндөрүңө, эркем ау!

Отоудун чырмалган чий эшигин төбөсүнөн өйдө көтөрө ачып:

— Келгиле, келгиле, кагылайын авакелерим, — деп турду Эркеси, — киргиле, төрлөгүлө, авакелерим...

Улуулаша төрлөштү меймандар, эркесине булардын алдыртан назери түшүп калганын сезип:

— Батыр ага, — казакча каш көтөрө манчыркап, — баягы кыйын кыстоо убагыбызда өзүңүз мага бегилик кылган бауруңуз ушу, — батыр ага.

— Эсен жүрөсүңбү, ананайын?.. — деди Байтик.

— Шүгүр, аваке... Элиңиз эсенби, журтуңуз тынчпы, аваке... — деди боору кабагы жарк эте, кылтыйып аңдып турган байын жымыйып тиктеп алды.

— Тынч эле го, ананайын...-деп көңүл улады Байтик, кыздын кабагына «...а түзүк...» деди жумшарып.

Баягы булардын Тезеги полковник Циммерманды алакүштөп жалган доого Сары Өзөндү чаптырганы барганда бу Бекеш өзү туткун болуп турганына карабай өз Тезегине да, орус аскеринин генштабынын офицерине да калыс кебин айтканы үчүн жергилик бийлер туткундан азат кылып, дагы ага мындайда кылар салтты кылып үй көтөрүп, ичине никелеп кыз киргизип берип, кадыр менен казагына кайра көчүрүп коюшпады беле?!.

Байтиктин эсинде, айтылган, буйрулган, бирок кимдин кызы берилгенин, кызды да көргөн эмес. Бу кыз ошо күнүгө эрте менен үй кыдырып от издеп, тамызгы таап, бирдемеге ороп алган тамызгысы түтөй бирде чогу кочушунда жылтылдап, узун этеги булактап жүгүрүп жүргөн кыз. Күнүгө унутпай байкуш туткун казакка да от жагып берип чекесин жылыткан кыз ушу кыз.

— Сага ыракмат, Бекеш, — деди Байтик, — сен айтпасаң, сен коштобосоң бу кыз кайдан билмек, түрмөнүн жан кыйбас берер тешигин тыкылдатып, жан күйөрүндөй муңканып турар беле!? Бериси тартуууга келгендей, нарысы теги жок күңдөй санабай биздин кызды алмончок кылып күтүп, төркүн дегенинен жаман күнүндө да тажыктырбай каттатканың бу сенин билгилигиң, сенин бегилигиң, Бекеш.

— Бал-ли! — деди буга Шабдан.

Шашылыштык сездирбей, кабак жылым, сөз жай, сыпаа даам сызып отуруштту эки жак.

«Кыздын жаман дегени кара үңкүр, жок дегенде бир түнгө башбаанек боло алат...» деген ушубу?..» Ыразылык ой сызылды Шабданга, ошол эле замат «...кыздан шордуу бар бекен тууган жердин топурагы буйрубаган...» деген арман да улашты...

Ала тоо ааламдын тирөөчү сыяк шаңкайып көрүнгөн Кордой Белге узатып чыкты Бекеш:

— Батыр ага, мына бу кош жорголу жеңил орус араба өз баурыңыз Эрке айымдын мингизгени, — деп, өзү да казакча барсайып, баатыр агасы менен эки кайтара төш тийгизип кайырлашып калды...

Эч качан не «ичим», не «башым» дебеген дөө Байтик кечеги догдурлар билек тамырына ийне сойлотуп, ага кошумча көкүрөгүнө, бөйрөгүнө жабышкак неме сыйпап беришкен, тиерден бери аттагандан бери сол эмчегинин түбүнөн бирдеме булкунганын сезип келе жаткан. Кубангандан го деди, бирок жолмо-жол бир тынгансып, бир күчөй дүкүлдөп, чекесинен кара тер кетип, акырын тизесине өбөктөп, шалдырап калды дөө Байтик.

Сүйүнчү жеткен окшойт.

Сары Өзөн бою атчан жөө элге кара комок болуп калган экен. Куюгуп келе жаткан эки жеңил орус араба көрүнөрү замат кыйкырык сүрөөн куюндай уюлуп алдына көкбөрү тосуп, чарк айлана келип, аты күлүк өзү балбан таштады улакты. Камчысын бүктөй кармай

көкүрөгүнө ала таазим сездирген улакчыга алсыздыктан тиш эле көрсөткөн ыразылык билдиргенге араң жарады Байтик.

«Салам», «баш куттуктамак», «жүз көрүшмөк» деген тууганчылык, сөөкчүлүк көп өтөлүп, бир дүңгүрөдү Чоң айыл. Кантсин, күйүшкөн жакын да, сынаган сыпаа жат да «...Э-э...» деп бири кыңырылып, бири «...кайран киши оңолгус бейтап болуп келгенби...» деп, көңүлүнө жаман күдүк басмырлап тымызын жылып кирип, кейип, шыпшынып кетишти.

Ырас, баягы оролу жок, чоңкол ташка конгон кара бүркүт сыңары зоңкойо өзүнчө эрин кысып, топту имере тиктеген салават да, дымак да көрүнбөйт, басып турса үңкүйүп, отурса далысы оркоюп эрини саал ачыла демигип, көзү жашылдана кылайганы кылайган.

Көптүн бири болуп База да келген бир күнү. Көзүн ымдалап тааныды да, баятан ага кара болуп отурушкан туугандарын акырын ээк нускай тышка чыгарып, анан Базага «кел» дегенчелик баш ийкенип алды Байтик. Асте эңилип, кантсин, акырыш колун коштоп суна ал дагы алик кыла баш ийкенбей койо албады, көзүнүн төбөсүн нечен тегерентип, чактап экчеп тиктеди, «...чын эле баягы эмес ко...» деген леп келди ага да.

Кайра кыңкайды Байтик, кайра өйдө болду, кабагы эми үйрүлүп мойнун созо тиктеди:

— Э-эй... — деди акырын, үнү каргыл, сырт жакка бир мерте кулак салып алып, — сен кургур өтүрүк сөз айтып келипсиң го баягыда?..

Көзү кыбындай түштү Базанын.

— Эй... — деди Байтик эми зекий, — мага орустун суракчысы окуп берди го... жаман сөз оозанмак түгүл «мен макул эле болдум эле» дептир го бий?..

— Жо-о, — деп жиберди База эки көзү мышык көргөн чычкандын көзүндөй диртилдеп чый пыйы чыга түштү, — айткан эле... ыйманын жептир ал...

Муруту саландап, башы калчылдап кетти Байтиктин:

— Эй... сен эле жеп койгон окшойсуң ыйманыңы!? Э-эй...

«...кокуй, — деди Базанын чарк урган кымкуут оюу, — бу го, тигине көп жашабас, ченелип калыптыр өмүрү, муну укса, киши жиберип билип алса бөлтүрүгү деле соо койбойт, бүкүлү эле жеп тынат эми...»

— Баламын боорун жейин! — деп карганып жиберди База.

— Кой, — деди Байтик көрүнөө алсырап, көзүн сүзө сол көкүрөгүн алакандап акырын укалап, — кой, баланы ортого салба, баланын тийешеси жок биерде. Ыя, бир күнү бирөө өз көзүңчө балаңы союп, «жейм дегенсиң, же» деп боорун оозуңа тыгып жүрбөсүн, кой...

Дагы көзү сүзүлө дым болуп калды Байтик. Бу эскертүүдөн төбө чачы үркүп, болор окуяны болуп жаткандай өз алдына келе кымырылып бүжүрөп, тизе таяна акырын тура чыга качышка беттенип калды База. «Сөз баягы...» деди Байтиктин алсыз үнү, талма коңурстай өңкөйүп катып токтой калды База.

Байтик:

— ...эми... актанып да мактанып да оозуңан чыгарба, Базам, сен айттың мен уктум, экөбүздүн башыбыз менен эле кошо жатсын эми... шылдың кеп мага эле илешип кала бербейт, жакшы ойлонуп бак, сен бузуку атанасың, элдин эки жагына тең жек көрүнөсүң... өзүң түгүл, балаң түгүл жети тукумуңа наалат калат...

Не мааниге кулдук кылганы, не качып кутулмайга дили өткөнү акырын кетенчиктей улам баш уруна, акыры көчүгү өргөөдүн кош каалгаасына шырт тийгенде артынан бирөө шап кармаган сыяктана өзү селт этип, ошо бойдон каалгадан нары имерилер замат не өз кара башынабы, не ичкериде эки ийнинен араң дем ала ынтыгып калып калган бейтапкабы, таба кылгансып мурдунан мыңкылдап, ыйламсырап сөгүнүп алды База.

База «көп солто,» «ток солто» аталган урук ичинде Байтик чыккан атадан эмес, ачык да жабык да тиз-

гинге тырмышкан кыйырдан. Кыйырдан болсо да Байтик жанына тартып өткөн өчкө, өнбөс доого жумшап жүргөн ыкчыл десе ыкчыл, эпчил десе эпчил тыгырчыгы болгон.

«И!? — деди тыгырчык атына тырмышып минген соң. — Мүңкүрөйт экенсиңер го силер деле!? Сулайт экенсиңер го!? Ыя, акыры артабы жокпу бизге тизгин!?»

Эми эрдемсип теминди База...

## 9

Коңшу да, бирин бири акмалап жолгошуп, өзүлөрүнөн башка эч ким жок, ошондо да бирине бири эңиле калыша, далылары үңкүйө башы бириге акырын көрүшүп калышты эки көй тууган.

«Уктуңбу бирдемени?..»

«Эмнени?..»

«Эмнени дейт!? Көзгө басар жалгыз баатырыбызды орустун балдары жолун тосуп, уруп коюшуптур го?..»

«Койчу...»

«Койбой эле...»

«Ырас болуптур...

«Ыя, ата кылып ала тургансып, ыя, орусту ээрчитип келген өзү...»

«Кой, орус жол таппай талаада адашып жүргөн эмес ко... бирок...»

Те нарытын бир жай адам көрүнүп, тымпыя калышты эки көй тууган.

...Ырас, кыргыз атпайга аты угулган, «каранын каны» атыккан Байтиктин сөөгүн Пас Бөлтөгүнүн желкесине коюшуп, ошол күнкү кара ашына күйүшүп, эми кайтып келе жатышкан.

Көз алдында Байтиктин эки үрөйү... бири баягы баралындагы кара бүркүт сөөлөт, бири чыт чапандын алдында үлдүрөп, оозу жарым ачыла энтигип жатып калган бейтап абышка көрүнүп, кээде анын «...аттиң...» деген алсыз деми Шабдандын кулагында келе жаткан.

Неге аттиң дейт кечеги эр көкүрөк!?

Не бул жалгандын жалгандыгын эми туйганыбы, не өткөн өмүрүн текке кетти дейби, не кантсе да «ак пашага кылган ак кызмат» дегени бапасыз экенине өкүнөбү?

Жол кыйла, а жолможол ар тоомдо тыгыз жайгашкан орус отуруктары. Биринен бирөө эле эмес көп ит үрүп чыгып калды күрсүлдөшө. Мөңкүп жулунган тик кулак карышкыр иттердин артында чуулдап коштогон балдар жүрөт.

Кет дешет ко иттерин!?

Жо, балдар ойноп, кызып, алакүштөп келатышат.

Жүнү жылтылдап семирген гүр дөбөттөр күрүлдөшө имериле, кай бири ат үстүндөгү кишиге тике секире чап салып, кай бири аттын куйругун бурдады. Ит деген ит да, иттик милдетин өтөп жатышпайбы!?

Жо, иттер эле эмес кыса келген балдар ойнопбу чындапбы, жабыла кыйкыра, ышкыра тукуруп киришти го, кокуй!?

Торпоктой көк дөбөт күржүндөп келген бойдон, тандап алгансып, Шабдандын атынын куйругуна асылып, а мындайга маш болгон боз жорго чуная аяк шилтеп, бир каңк деп, аңгелдек ашып турбай калды көпкөн дөбөт.

Чур дей түштү балдар!

Баары жабыла таш, кесек сыйпалап ала боз жоргону беттеп, кыркырап таш, шуулдап кесек боз жоргого, анын үстүндөгү ээсин ким ылгасын, дүпөдүп тийе баштады. Же кыйгачтап качар эске келбей, же опуза кыла койдурар болжонбой, жалгыз боз жоргочон эмес жамы жолоочу алактап, дабырап тийген таш кесектен баш гана калкалашка жаранып калышты араң.

Те нарыда кырка там отурук четинде бир оор топ мужук жардап карап, иттерин түгүл балдарын кой дегени болгон жок, тиштери эле кашкая табалап күлүп турушкан.

Эми кирди Байтигинин мүңкүрөгөн «аттиңи» Шабданынын оозуна.

Бир нече күндөн соң бейбаштыкты тыйдырып коймок үчүн уезге келди Шабдан.

Ким тааныбайт аны!? Эшик тоскон күзөтчүсүн жөөлөп өтүп, түз кирди Шабдан. Уездбашы подполковник Путинцев ордунан тура келе кол алышып тосуп алды тиги эле азирети Императорго «кадыры өткөн, аты угулган» деген Войсковая Старшинасын.

Жолдо болгон окуяны дили кор болуп турса да, баягы Шабдан да, сылык саласал кылды.

Тынч угуп, тынч баш да ийкеп, эң акыры:

— ...эмне кылабыз... — деп койду подполковник Путинцев, камыраган жок, — ...ар бир көчүрүлүп келинген букарасына Бүткүл Россиянын Ээси тарабынан өзүн, үйүн, үй мүлкүн, тийген жерин кимден гана болбосун коргоп алыш укугу берилген... түзүк дагы ок чыкпаптыр, ар биринде бирден мылтык, миңден огу бар...»

Ушу болду алган жообу Войсковая Старшинанын. Кейүү эмес, жубатуу да эмес, ачык эле коркутуу сезип, түшүндүм дегенсий тышы жымыйып, ичтен сынып, ындыны өчүп, баатырынын «аттиңи» дагы оозуна өзү келип, сүйрөлүп чыккан тышка.

Ушу, бар болсоң көрө албас, жок болсоң бага албас эки гөй тууганга таба болгон бир окуя...

## 10

Ай кубалашып, жыл жылыштап, адам өмүрү өзүнө байкалбай өтөт экен, кетет экен.

Дагы баягы эки гөй тууган, бу сапар баштагы эмес, экөвү тең бир колунда таяк, бир колу уюган белде болуп, өңкөйүп калышкан. А бирок, жыртайган кызыл көз али кубатынан тая электен өтүп, аны жек көрүп, ниети бир күнү өзүлөрү кирер гөрүндөй тарып алган.

«Уктуңбу сен, укпасаң сүйүнчүлөп койоюн?»

«И, эмне болуп кетиптир!?»

«Биздин кыйын Меккеге кетем деп калыптыр го!»

«Кетмектен келбей калсын...»

«Барып көрөлүбү? «

«Барып көрбө анан?!

«Ыя, атасынын гөрү, сакалыбыз ак биздин да, бирден жилик көтөрүп, көз акыбызды ажыратып калалы да...»

Жулуп калмай, алып калмай дайыма жага келген. Ырсая үнсүз күлө дили жоого камынган сыяк баш ийкенишип алышты.

Эки гөй аттарына жүктөнүп араң жеткен.

Катташ, кадырлаш, пикирлеш адамдары чогулуп, каз канаттанган көпчүлүктүн ортосунда экен кыйыны.

Жок, төрөлөрдүн көзүнө ийинге сала койор аскер форма да, не үйдө, өз тобунда отурар ак тайлактын жүнүнөн чүштөдөй чепкен да, ак топу да жок бу жолу.

Жакасыз, жеңсиз оронмочон, муну Меккенин өзүндө «кафан» деп койот, кыргыздагы «кепин» ошондон, жалаңбаш.

Жөнөр алды экен...

«...алла-у акибар,
алла-у акибар...

ла иллаху иллалла-а,
Мухаммад расул лилла-а...
ашхадухан ла иллаху иллалаху,
ва ашхадуан-на Мухаммад-ан
абдухи ва русулихи...»

деп, бу ыйман, мусулмандын дүйнөдөн өтөр алдындагы ыразылыгы, көңүлү эрий жашып келмесин айта баштаган Шабданын эли ээрчип айтып, бири энтигип, бири өңгүрөп, ово дүңгүрөп турган.

Бу ким?

Чапчаң келди боз жорго.

— О-о, — дешип жиберди тааныган, — мына, өзү келди баркын айтар, даңкын айтар адам! О-о...

Кийгени түз жака сур чепкен, арык чырай буудай өңүнө куп келишкен чыкыйган көрпө тебетей, көмүрдөй кара муруту кылайта сыпаа чертилген, али жигит сынын бузбаган бирөө экен.

— И-и, башта эми, каражаак!

— И-и, төк эми төкчү болсоң, Калмырза!

Ошо, боз жоргочон бойдон суйсалды каражаак Калмарза:

— Э-э...
Кудай Таала Кудурет,
пайгамбары Мухаммед,
сүннө жолун тутунган
Мухаммедге биз үммөт,
үммөтүнө мусулман
ажыга бармак зор милдет...

кан болду кырк жыл башыңыз,
быйыл алтымыш бирде жашыңыз,
келме, кур-ан дилиңиз,
о эми
кабыл болсун ажыңыз...

уйкучуну ойготкон,
ыйлаганды сооротокон...
карыптын алын сураган,
кагышкан элди кураган...
чачылганын жыйнаган,
өзүнүн жанын кыйнаган,
дин мусулман баласын
баатырың
жамандыкка кыйбаган...

...аксакал келгин Баякең,
акылга дыйкан, шай акең...
айтылып жүрөт толгон кеп
саяктан Медет болгон деп,
эсенгулдан Ормон деп...
асмандагы жылдызча
арасы жакын кыргызга
уламадан уласак,
калыс тандап сурасак
бир өзүң
темирден салган коргон чеп...

Дуу, дуу толкуду эл:

— Бал-ли!

— Бал-ли, каражаак!

— Мына, эл наркын, адам баркын ырчысы чыгарат да!?

— Ырас, ырас... кылымга калат таасын сөз...

Былк этпей, эч кимди тиктебей, мактоого манчырков жок, ашык кетти деп арданыш жок, бир жагын кыя караган бойдон Шабдан. Те баягы бир жылкы бир окуя эсине күнү бүгүнкүдөй келип, айкын тартылып турду көз алдына.

Ушу, кагыла согула элек жаш кези экен, ошондо эле ырчы атана баштаган Калмырза. Чоочун эл аралашса чоочун үйүт да кошо аралашат турбайбы!? Не кызыгып, не кол келе калар деп үмүт кылып жүрүп кумар ойноп көнүп, бирок жымырыш, көз бууш, алдаш ниетинде жок тоолук бирде атын, бирде тонун уттуруп, карызга башы байланып, эң акыры бири биринин алкымына бычак кезеген жанкечтилерден качып калган экен.

Бир топто уялышты таштап Шабданга тике маңдай келген.

— Э-э...
карта ойноп кагылдым,
кайтпас доого кабылдым...
кумарга кирип курудум,
асыл заада, бекзатым,
алдыңызда турумун...

сизге эле айтар арзым бар,
беш жүз теңге карзым бар...
кутулбаган жан кечер
башыма түшкөн парзым бар...

— Бер! — деген чөнтөк башы адамына март Шабдан. Ошол жерде эле берилген. Бу бооркерликке, марттыкка эреркеп, улуу Ырчы аны сайын шаңгырап жиберген.

— Э-э...
тегерек тумшук малы бар,
картөшкө, бөлкө наны бар...
катыны дамбал кийбеген,
жерге отуруп сийбеген...

оңкогой мурун, чүңкүл көз,
мен ушу
орустан ырдап алганмын...
асыл заада бекзатым,
мен кимден куру калганмын!?

Э-э...
Кара Коңуз жайлаган,
кыгына пыяз айдаган...
көйнөгүндө жака жок,
кепичинде така жок...
учкан тартар буттанган,
сасык матар жыттанган
дункандан ырдап алганмын...
асыл заада бекзатым,
мен кимден куру калганмын!?

Э-э...
катынын кыздай мактаган,
кызын куштай таптаган,
кыйкырыша сүйлөгөн
кыйынын көзгө илбеген,
жаңкылдаша сүйлөгөн,
жакшысын көзгө илбеген
казактан ырдап алганмын,
асыл заада бекзатым,
мен кимден куру калганмын!?

Э-э...
загара наны койнунда,
чоң кетмени мойнунда...
лөклөк этип жөө баскан,
тери менен жан баккан
сарттан ырдап алганмын,
асыл заада бекзатым,
мен кимден куру калганмын!?

Э-э...
жашымда кумар азгырган,
жаңылтып шайтан жазгырган...
пейилими түз көрүп,
беш жүз теңге пул берип,

эки болбой сөзүңүз,
жалгадыңыз өзүңүз...
асыл заада бекзатым,
буйрусун сизден алганым,
кудайым берсин калганын...

Көргөн, уккан бири күлүп, бири баш ийкеп, кайсаланбаган марттыкка да, куюлушкан мааниге да дуулдап тен берген ыразылык, таң калыш ового дүңгүрөп турган көпкө.

Өзү да кызылала боло эргиген Каражаак атынан түшө келе кол бергенде Шабдан сээл эле күлүмсүрөп: «...сынтакпай жүр башка элге...» деп, кулагына акырын шыбырап, эркелетип койгон...

Бүгүн да Каражаак боз жоргодон түшө келе Шабдандын колун көкүрөгүнө басып, муун жүүнү бошошо болоктоп, күңгүрөнө үн тартып жиберди:

— Ө-ө... хү-ү...
кайран Шабдан кеменгер...
колдосун Агзам пирибиз
аман барып эсен кел...
о-о, эми...
акбоз бээ сойсок да,
атын Шабдан койсок да,
катыгүн,
калкыңан чыкпайт сендей эр...

Дуу, дуу боло муну коштогон үн өкүрүк чыккандай күүлдөп, күңгүр-дүңгүр оодарылып кетти тынч ово...

«ыя...», «аман кел» дейби дешип эми ырчыны сөгүп турушту эки гөй тууган.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

## 1

### «ПЕТИЦИЯ[1]

**ЖЕТИСУУ ДУВАНЫНЫН КЫРГЫЗ, КАЗАК ЭЛИНИН ДИН, БИЛИМ МУКТАЖДЫГЫ, ЖЕР МАСЕЛЕСИ БОЮНЧА МИНИСТРЛЕР КОМИТЕТИНЕ.**

*6-июнь, 1905 ж.»*

**«Түркстан жергесинин кара-кыргыз эли, Жетисуу дуванынын кыргыз-кайсагы өз муктаждыктары жөнүндө Империянын Министирлер Комитетине Петиция бериш милдетин мага тапшырма кылышты...»** деп баштаган Шабдан суроо талабын.

**«Бүгүнкү кыйла кыйын кыстоо убакта 12-декабрь 1904-жылдагы Пашалык Манифесттин көп маанилүү жана да өзгөчө ыракым сезилген улуу сөз жамы орус тайпасынын жамы букаралык көңүлүн көтөрүп, Улуу Мекендин мындан нары дагы өркүндөй беришине астейдил үмүт тилегин жарык кылды.**

**Бу Пашалык эрк ой санаасы оң букараларына ак иш жүзүндө Мекендин ички жана да тышкы аброюн, кубатын бекемдөө багытында Өкмөткө астейдил көмөктөш болууга айкын жол.**

**Ушул кездеги букаралар ичиндеги маселелер оңуна түшсө, мезгилге керек иш иштелсе, эл муктаждыгы канагат алса өлкөгө да, жамы тайпа букараларга да ички ыразылык, тынччылык пайда болуп, Империянын аброю дагы муну сайын өйдө, күчүнө күч, а душманга сүр болот.**

---

[1] Петиция — суроо талап.

**Ушу саналган айыпсыз ак пикирилер Сизге батынтып, улук урматлы, бизди ушул Петицияны сунуш этишке түртүп, өбөлгө болуп, укуктан мүчүлүш абалыбызды алдыңызга коюп турабыз.**

**Баарыбыз ийилип, бар көңүлүбүздөн суранабыз, Сүйүктүү Өкүмдарыбыздан биздин ушу ак букаралык таазим менен Ыйык Тактын аяк койор алдына бүгүлүп сунган Суранычыбызга Өкүмдарлык бооргер көңүл бөлүнөт ко деп ишенип, биздей мусулмандарына да Манифестке ылайык жамы орус тайпасына тийген мыйзам жарыгын, адилеттигин биз мусулман эли да астейдил үмүт кылабыз...»**

деп негиздеген Петициясын Шабдан.

Ырас, себеби алыстан, Кушкага чейинки жергесин керегинде кысым, зарылында аскер менен басылып алынган соң колониялап башкарма, тескеме мекемелери тегиз куралган, бирок колония бийлиги жергиликтин элчилигине, рух дүйнөсүнө көңүл бөлгөн эмес, кайра бул элди теңсинбей, зыяны болбосо убактылуу темселеп жүрө тура турган маглук катары эсептеп коюшкан. Ар эли өз наамынан аталбай кимиси гана болбосун бир эле «туземцы», «инародцы» делинип, ошого жараша пас санаган мамиле жүрө эл жалпы басынып, рух деңгели улам тайыздаган. Мунун үстүнө жашоо жайы ашкере тарый баштаган тарыхый маалда ушундай азырынча «сураныч», «өтүнүч» деген пикирлер өз алдынча эле күңкүл мыңкыл боло жүрө акыры Шабдандын алдына коюлган.

Мейли, башка түшкөн бир мезгил, ырас азыр «улук өкүмият» дегендин кол алдында турган соң бул элдин рух дүйнөсүнө, күнүмдүк жашоо тирилигине улук өкүмияттын кандайдыр бир колкабышы, көмөгү болушу ылазым го?!

**«1. Түркстан жергесинин мусулман кара-кыргыз элине, ошондой эле Жетисуу дуванынын кыргыз-кайсагына «Мусулман Рухий Межлиси» делинер бир гана диний мекеме сыйлык болунса...**

**Буга ылайык мусулмандар шайлаган муфтийи,**

улутуна, байлыгына каралбай мусулмандан шайланган ишбашы курамы болушу ылазым.

2. Бу эл Бир Алланын Сөзү ыйык Кур-ан илимине илгертен берилген эл, мусулман шарияты, анын насийкаттары бек тутунулат.

Ушунусуна ишенилип, мусулмандын үйбүлөлүк, нике, мурас маселелери толук бойдон жалгыз жаңы Мусулман Рухий межлисинин тескөөсүнө ыйгарылышы ылайык.

Бу маселелер буга түшүнүгү жетишсиз ар түркүн Мекемелердин колунан Мусулман Рухий Межлисине өткөрүп, маселени өзү тергөө, чечмелөө, өкүм укугу берилишин, укугун башка сот иштерине тең катар коюлушун өтүнөбүз.

3. Ырас, мусулманчылык, ага тийешелүү ойлор, иштер Рухий Межлиске топтолгон соң ага мечит салыш, мектеп, медресе ачыш, жана да жалпы билим, кесип окуу жайларын уюштуруш, баарында өз тилинде дарс берилиш, муалимдерин тандоо укугу болушу, барлык мусулман мектептерине башчылык кылуу жагы өзүнө гана тапшырылышы ылазым.

4. Буга кошо шаарлардагы орус Гимназияларында окутулган Закон Божья сабагынын ордуна аерде окуган мусулман балдарынын тобуна мусулманча диний дарс окутулушуна уруксат болсун.

5. Орус букаралыгына өткөрүлгөн бүт мусулман элдерине Империянын бардык аймактарында кыргыз, татар жана башка күнчыгыш мусулмандарынын өз тилинде гезит, журнал, китеп чыгарууга уруксат кылынышы, чыгарганын Империянын бүт бурчунда соодалашка шарт болунушу зарыл.

6. Жамы Түркстан мусулмандарына өз жергесинде жерге эгелик вакуф уруксат кылынсын. Калыс диний башчылыгы катары вакуфтарга кайра алынбай турган ыйык менчик сыяк көзөмөлдөө ошо Мусулман Межлисине жүктөлсүн ...

*Шабдан ЖАНТАЕВ.»*
*( ЦГА Каз. ф. 44. Оп. 1 д. 8815. Л 5-6 )*

Ушул ой, ушул сураныч, түбү келип көшөргөн талап жергилик элдин рух дүйнөсүн, дилин, байыртанкы ийги үйүтүн, салт санаасын корчолоо, демекчи улутун улут катары сактоо, күндөн күнгө колдон чыгып бара жаткан ата конуш күйүтү эмей немене!?

Переселенческое Управление өзүндө жерсиз, жан багар алы калбаган ач элин «ээн» делинген колонияларга сүрө көчүргөн. Бейиштен кабар уккан турмакпы?! Көчкө катталбай эле, барар, алар жери такталбай эле самсып жөнөгөн. «Токто» «санак менен, шарты менен көч» дешпеген, кам көрбөгөн, өз мекенинде артыкбаш болуп калган чарасыз эл Түркстанга жамырап кирген.

Те мурда баскын алдында эле «саякатчы», «жер ченегич» дегендери түзөндөгү суву мүрөн айдоо, кыштоо, жаздоо жерлерди картага түшүрүп кетишпеди беле?! А жерлер түгүл келгиндердин күндө көбөйгөнүнө жараша картадан тышкары калган чектерди ээси барлыгына, айдалып эле жүргөнүнө каралбай «казынанын эсебине» делинип алынып, ошол жерлерге эрктеринче отурукка бериле берилген.

Тиги Фергана өрөөнүндө жерге байланган дыйкан отуруктары жыш болгон, жана да ава ырайы ысык, суу тартыш, ошон үчүн суук тан келген эл түзгө көп түшүрүлбөй тоо таянта жайгашырылган. Бүт өрөөн боюнча 16 гана орус станица пайда болгон.

А быякта Пржевальски уездинде 1900 жылы элдин 11 гана пайызы орустар айдоо жердин 24,8 пайызын ээлеген, жыл сайын көбөйө элдин 21,1 пайызына чыгып, айдоо жердин 67,3 пайызын ээлеген. Пишпек уездинде орустар элдин 38 пайызы болуп, айдоо жердин 57,3 пайызын ээлеген. Жамы Жетисуу боюнча 1868 жылдан 1883 жылдарга дейре 36 станица түшсө улам көбөйө бара ошо 1905 жылга таяй Ысык-Көл айланта курчалып, Кайыңдыдан эки Кеминге дейре Сары Өзөн жолбойлото толук алынган. Отуруктар баары орусча, аскербашылардын, колония билермандардын аттары коюлган. Түз, жылым, өрөөндөр түгүл бийиктеги

түздөргө чейин жетип, Чоң Кемин «Новоросийски», Кар жаабас кара Кочкор «Столыпино», Жумгал «Белоцарское» аталган.

Ушул абалда мусулмандарга да жерге кагаздуу вакуф уруксат болушу кеткенине чүмбөттөлгөн доо, жок дегенде, тендештире бөлүш мааниси, ата конуш, ата журт маселеси турган.

Мына, жергилик эл атайы эл катары көрүлбөй руху басмырланган, жана да кышы кыштоо, жазы жаздоо жайытынан мукуратылган кор көңүлдөн кагазга түшкөн көшөргөн талап, айыпсыз үмүт, Улуу Документ.

## 2

Ошо... Эл ичиндеги сакалы бар көкүлү бар деген кишилер, жана да жашына карабай зээни байкалып калган жигитчелер да кошула отурушмай Шабдан каерде болсо ошол жерде боло келген.

Кыңырылгандан кыял, онтогондон арыз чыгат, ар бири ыгына жараша жөндөлө, ылайыгына карата түйүн чечилет, ыркка келине берилет, ургачынын айыбы жабылат, эрдин куну бүтүрүлөт.

Шабдан 1900-жылы кетип, зыяраттан 1904-жылы күзгө маал келди. Не урuштан, не бир айдоо байлоо дегенден кайтса «баш куттуктамай», а мындай миңдин бири бара албаган ыйык жай Меккеге барып, Каабанын түбүнө намаз окуп келген бактылуу пендеге астейдил «ажыңыз кабыл болсун» айтмай бар. Ушундай тилек, көңүл билдириш, салам айтмай аны сайын көбөйүп, күн түгүл айлар бою арты үзүлбөй калды. Улам бирөө келсе да топ келсе да эти жетерлик мал тандалып союла берип, конуш сасып, нечен которунуп көчүп конду айылы.

Көзү тири кайткан пенде сүйүнбөйт, ошо миңдин бири жетпеген ыйык Кааба түбүнө сеждеге пешенесин койгон тагдырына «миң бир эки» деп ыразылыгы болмогу эп.

Муну башынан такыба адам бирөөнүн ушагын укпаи, укса этибар албай, чекир көздөн көзүн ала качып, ага кылдай өктө, ага жараша жаман бир нерсе оюна карманбай мусулман шүгүрчүлүгүнөн кыя чыккан жок.

Ушундай күндөрдүн биринде көптүн ичинен баягы орусча тилмер сынакы Дүр инисин тымызын сөөмөйүн имерип, жанына алып калды Шабдан.

Өргөө ичинде кечки үлбүрөгөн от боюнда өзүлөрүнчө отуруп, дагы эле кыжалат нерсе дилин өйүгөнсүп, ага өзү бир жоок тапкансый өзүнчө баш ийкей, өзүнчө асте демин алгансый отурду Шабдан.

Бар кунту анда, бирок «не сөз бар» дей алмакпы, шаша алмакпы, дем билгизе койбоду мырза Дүр.

— Бу дүйнөбүз кең эле экен, а бирок шайтан жолуна атайы түшүп алган көзү ач, пейили тар адам тарытат окшойт... — деди Шабдан бир убакта.

Элтейип калды Дүр, быягы го быягы, ошо ыйык жайдан да бир жаман жорук көргөнбү деген тымызын чоочутту аны.

Шабдан:

— Ырас, кайерге барба, кимге бет келбе, жылуу жүз, салам алик... — деп, асте улутунуп алды, — жүрөт ар башка сыйынганы, ар башка ирең, ар башка кайлаганы... а бирок... биринен бири өйдөсүнбөйт... базары бир экен, качан болсо намазга азан айтылар замат мусулманы кумганында суву бары суу менен, а жогу кургак даарат тайаммум салтын кыла койо баары жабыла намазга жыгылат экен... биз дагы аралашып сеждеге баш коюшуп да калдык... ана, тыякта жайылган дүр дүнүйөсү жайылган бойдон, ачык дүкөнү ачык бойдон калат... сыйынымы башкасы турган жеринде туруп, эч бири бирдемеге кол сунмак түгүл кызыгып тиктеп да койбойт экен...

Таң болуп отурду Дүр.

Шабдан:

— Берки, бизге теги бир журт Османлыда да ар башка түркүн эл деле көп экен, а бирок... күн көрүм шарты мусулман османлылардан эч бир кем эмес экен...

6—1592

Эрини жарым ачыла нестейип калды Дүр. Таң калганын сезип, айтканын бекемдеген сыяк көзүн тиктей башын акырын ийкенип койду Шабдан:

— Жерге эгелик катнаме вакуф эч бири бөлөктөнбөй османлысы катары эле аларга да тийешели экен...

Дүр:

— А жер ээси биз таланып отурабыз...

— А бизде ушу... — деди Шабдан, ушу мерчемде улутунуп алды, — ким билет, бу теңчилик деген ар бир адамынын байыртан көнгөн үйүтүнөнбү, не... ар кандай жаралган жумурубаш бир кудай алдында баары бирдей... мына ушу, кудай акы, адилет жол... ушу жолго жүргөн мусулман башкарымынын үзүрүбү, иши кылып, пайгамбарыбыз Мухаммед алейхис саламдын учурунан калган таалим да, тартип да ушу экен...

— Биздеги акыбал азирети Өкүмдарга жетпей жатабы... — деп кыңырылды Шабдан, тигинден бир ой күткөндөй боло.

Кейип жиберди Дүр:

— Ай, ким билсин, жел болбосо чөптүн башы кыбырайбы? Ошояктын өзүнөн жолдомосу болбосо быяктагылары ушунчалыкка бара алышпайт эле го...

Шабдан:

— Кабарыбыз бар, тиги Анжиян, Аксы багытында орус кыштактары биздегидей кан жолдун боюнда эмес экен.

Дүр:

— Орус баспады дейсизби аякты!?

— Басарын го баскан, — деп алды Шабдан, — бирак, орустарга жер ченелип бөлүнөрдө Датка Айым атайы Ташкендеги Жарым Пашага барып айтыптыр дейт... «Кан жол боюнан отурук тышкары болсо, себеби кан жолдо жергилик эл тынымсыз каттап, күнүмдүк гөр тириглигин кылат... жол буулса наарazылык чыкпай койбойт... жолдон тышкары агын суулуу жер көп, ошол жактардан берилсе... эки түркүн эл биринен бири челчен, бирине бири салам аликтен башка карызы жок сый болсун...» дептир дейт...

— А бизде, — деп кошумчалады өзү, — жаңы тууган деген эл Сары Өзөндүн этегинен Көл башы Түпкө дейинки кан жолдун алды үстүн ээлеп, жолго будоо болуп калышкан турбайбы...

Дүр:

— Көзү ачыктай алдын ала билген экен акыры эмне болорун...

Баягы аттиң эстен кантип кетсин!?

— Кантебиз эми, ошон үчүн, — деди акырын Шабдан, — биз өзүбүз жеткирсек болобу азирети Өкүмдарга өз акыбалыбызды... эң болбоду дегенде, иш башкарган Өкмөтүнө?..

«Кантип?» дегени көрүнүп, тиктеп калды Дүр.

Шабдан:

— «Сураныч» деген болот экен го!?

Дүр:

— Болот... азирети Өкүмдар өзү ар бир букарасы өз пикирин айтышка жол берген Манифест жарыя этти... албетте, бу Пашалык ыракым орус калкы үчүн... ошонтсе да, өз жерибизде «инародец» делинип турсак да Империянын ичиндебиз, ушул тапта жазса болот...

Дагы жандана түштү Шабдан:

— Куп жакшы!

Ушун этип, «сурангандын айыбы жок, күнөө да эмес» көтөрүлгөн Петиция.

## 3

Убагына жараша ар түркүн жолго жумшаса да, ар түркүн чапан жапса да баскын, колония бийлиги Шаби Жантаевичин эч качан «өз» көргөн эмес. Ачык да, тымызын да байкоо алдына кармаган.

> **«...Кыргыз баласыяк, көз жаздырып алдап коюш оңой, мен өз көзүм менен көрдүм, Шабдандын балдары бир маареке убагында үч күн бою көптөгөн мал сойдуруп, күн сайын топурап толуп келген кыргыз ат-**

**пайга эт, оокат жедирди. Көрдүм, оюн шоок убагында Шабдан өзү мелдеште жеңгендерине бир сомдуктан бир-бир тутамдан берип турду, анан жардаган көпчүлүккө улам уучтап күмүш теңге чачып, тиги бапырап талагандарга карап, куду эле жаш бала окшоп, өзү да каткырык салып жүрдү.**

**Мына, анын өзүн көрсөтмөк кылыктары...**

**...Мындан бир жыл ашыгырак убак эле, мен алардын «кадырлуу» дегендеринин ортосунда кыргыз балдарын орусча окутуш маселесин көтөрдүм эле көбү оорундуу көрүп калышты муну, эч кандай кошумча айтышкан жок, а Шабдан «ал орусча окутуш мечиттин көз алдында болсун болсо, балдар сөзсүз мусулман динин кошо үйрөнсүн» деп, түздөнтүз шарт койду мага...**

**Өзүнүн бир баласы да орусча окуган эмес, ошол эле убакта бир баласы Анжияндын чоң Медресесинен мусулманча жогорку билим алган...**

**...ал эми анын күндөлүк турмушу, кылган иштери боюнча билдирерим—бу жерде ал уезд башчысынын жамдамчысы сыяк жүрөт, эл ага арыз көтөрүп келишет, аны ал текшерет, эл андан жогору жакка ортомчу, коргоочу болуп турушун суранат, а ал уезддеги бүт кыргыздын наамынан карыз алыш бериш келишимдерин уезд боюнча тескеп берет, эл анын кепилдикке өтүп беришин суранат, ал өтүп бере алат.**

**Ушунун эле өзү биз чыдоого болбой турган нерсе...»**

*( ЦГА Каз. ф. 44, оп. 1, д. 695. л. 2-7)*

Бу те илгери эле 1896-жылы Пишпек уездинин төрөсү Талызиндин Жетисуу аскер губернаторуна тымызын жиберип турган «байкоолорунун» бири гана.

Колу ачыктык, марттык бул элде те илгерки эсте калбаган көөнө заманынан бери келе жаткан бийик касада, ашкере жакшы сапат, өткөн арап жомогундагы Хатам Тай жоомартка салыштырылган даңаза салт.

Колунда бар болгон соң Шабдандын элге той бериши, байге, балбан күрөш, эр эңиш, эң акыры көкбөрү тарттырышы, мунун баарына кол кубантарлык соорун коюшу, кулак тийишкен жөө көпчүлүккө тыйын чачтырганы колония билермандарына өөн көрүнгөн, кыжырын гана келтирген, «жаш баладай ишенчек элди арзан алдоо», «өз кадырын гана көтөрүш» окшоп сезилген.

Бу түгүл жай сөздө анын «кыргыз уюктуу бал айры сыяк биргелешип жашашы ылазым» дегенинен «өзүн ошол уюктун пашасы деп билет» деген кыйкым көрүлгөн. Эч убакта не белдешкен күрөшкө, не мандайлашкан найзага түшпөсө да ар кандай зарыл ишине жарап берип турган баласын өз эли «баатыр» атап алганы, кандай түрдө болсо да өз элинде күндөн күнгө баркы көтөрүлүп турушу келечекте колония бийлигине пайда эмес делинген.

Те баягы Кокон Ордосу ээленип, кут жагы Эшим дайра, күн жүрүшү Гөлөп болгон кең өлкөсүн толук Империянын кол алдына «алуу» маселесин ички тышкы эл көзүнө кандайдыр бир кагаз аркалы «мыйзамдаштырып» коюш керек болгон. Курманжан датка менен генерал Скобелев кол коюшкан ырасмий «Шартнамага» жетишилген эле го!? Ал «документте», ырас, элдин жашоо жерин тартып ала бермей каралган эмес, кайра Россиянын бул элге кам көрөр милдети эскертилген эле, бирок бул күндө мамиле, түшүнүк көзкөрүнөө ким күчтүүнүн пайдасына биротоло өзгөртүлүп жиберилген.

Өлкө атайы бир нече аскер губернаторлору катыран тескеген майда-чайда аймак болуна бөлчөктөлгөн. «Кам көрмөк» кайда!? Эл катары өсмөк түгүл жергилик зыяны болбосо убактылуу гана жүрө турар маглук сыңары эсептелип калганы чын.

Ошо «зыяны болбогон» Шабданга, ага деле азырынчабы, бир убактагы төрөлөр жактан боло келген жылым жүз али жоголбой канчалык чоң кичинеси болсо да «Шаби Жантаевич» дешет. Бирок, Шабинин «эл үчүн» деген жан алакети, көкүрөк дарты, көңүл ыйы

Петициясы оңго да солго да жылган жок. Бир кездеги эл көзүнө өтө көтөрө, өтө ашыра «кызмат кылды» деген Войсковая Старшинасын мурдагыдай тымызын андуу эмес, Петициясынан соң ачыктан ачык шек күч алдырылды кайра.

«...Ыя, ушундай да болобу?.. Ак Паша атайы ошо 1905-жылдын 18-февралындагы өз фарманы аркалы жалпы букараларынын арызы болсо угайын, талабы болсо ыгын табайын десе, ыя, а быяктагы кудайын тааныбай калган кулдары бир кишини ооз ачтыргысы келбесе, ачылган оозго көрүнөө ылата тыгып жүрсө, ыя, бу кандай ireже өзү!?»

Бу Шабдан санаасы.

А укуксуз, чарасыз, көңүлүндө өзү акылга чүргөй албаган, кимисине ишенерин билбеген, онтоткон санаа ойгонуп, тиги күнүгө жашаар жайыты тарып, күнүгө басар жолу торолуп бараткан жергиликтин күйгүлтүгү күн сайын көбүрө берди.

«...И, эстүүсүнүп жүйө айтып, эр азаматсынып иш баштап алып, муну кара, жугунду куяр ээси «чык» деп ыкыс берип койсо куйругун сүйрөй үй айланып кете калган короочу сыяктанып калды го биздин баатыр?..»

деген гөй тууганынан чыккан ачуу сөз да ээрчий баштады Шабданды.

Ырас, жазылары жазылды, жергилик эл ичине жомок боло кеңири тарады, бирок, «...ак букаралык таазим менен Ыйык Тактын аяк койор алдына бүгүлүп сунган Суранычыбыз...» делинип астейдил кулдук кадырлоо, үмүт кошоктолгон сураныч Петиция адреске жеткирилген жок.

Бул ойлордун кагаз бетине түшүшү эле, суранышка батыныштын өзү эле айып болуп туюлду колония билермандарына.

**«...Войсковая Старшина Шабдан Жантевдин бул аракетин туура деп эсептөөгө болбойт...»**
деди биринчи Капал уездинин чоңу подполковник Лебедев.

Суроо талап коюш үчүн Шабдан Жантаевге ошол эле Капал, Жаркент, Лепси, Верный, Пржевальски, Пишпек уезддеринин эли ишеним беришкени чын. Буга колония акимдери ушул ар кошкон эл арасынан жалаң арсызын, эч качан өйдө карап көрбөгөн кулниеттерин, бирине бири кектүүсүн аңтарып таап, бирин коркутуп, бирөөнө итче эти жок сөөк кемиртип тукуруп үрдүрүп, күбөгө тартып, а эл ишине жарарларга жабар жалаа издетип, «мыйзамсыз» дедире баштады Петицияны.

Кантип көп узасын!? Ошол эле 1905-жылдын 30-июну деген күнү эле «те азирети Императорго чейин угулган», «анын тууганы» делинген Войсковое Старшина өзүнүн Пишпек уездинин тик көз чоңунун алдына алпарылып, катыран такыла баштады.

Шабдан:

**«...кыргыз ушул рух дүйнө, Рухий Межлис, жер боюнча мурда эле мага айтып, кеңешип, эптеп бир ыгы болсо бийик өкүмдарлардан сураныч кылыш жагын менден көп эле өтүнүп жүрүшкөн, мен ойлонуп, «мындай өтүнүч кандай көрүнөр экен, опсуз, орунсуз болот ко дегем...»**
дешке мажбур болду.

**«...мен элдин өтүнүчүн азирети Император ошол эле жылдын 18-февралындагы эли, ар бир букарасы өзүнүн суроо талабын бере беришине уруксат кылган улуу манифестке таянып, бекем ишенип жүзөлөдүм...»**
деп тактады.

**«...биздин сураныч эч кандай саясый зыян нерсени камтыбайт, а кайта букараларынын үмүтү акталып канагат кылышына, жана да биримдигине, тынчылыгына себепкер болуп Улук Империянын кадырын дагы көтөрөт...»**
деп кошорду.

**«...мен суроо талап жаз деген Пишпек элинин эле наамынан жазмакмын, бирок башка ойоздордон кыргыз-казактар кошулабыз деп, мен макул дедим, суранган ойоз арбын болсо ошончолук көбүрөк көңүл бөлүнөт ко дегем, чын эле кошулабы, билсин деп, уулуму жиберип, бар болгону сураттым, талап кылган жокмун...»**
деди, чынын айтты.

Өз оозунан делинип «Түшүнүк кат « кылып, этегине «Войсковая Старшина Шабдан Жантаев» деп оюлган күмүш мөөрүн басып берип чыкты го!?

Эли мал оторлотуп кетсе эле орустардын көзүнө керилген кең түз бош жаткан болуп көрүнөт окшойт.

Жазы, жайы, кышы тулаң кууган, кереги болсо айчылык алыска көчүп конуп, нечен жылдан соң кайра келип жүргөн Кең дала казагынын «көшпели» дегенинен улам кыргызды « кочевой « деп алышкан.

А бу «кочевой» эң алысы кыштоодон түшчүлүк жайлоо, убагында кайра ылдыйлап жаздоого түшөт, андан күздө эгин-тегин жыйылган соң кыштоого кирет. Башы ооган жакка кете бербейт, ар бир уруктун, ар бир түтүндүн башка бирөө конбой турган, баары билген жаздоо, жайлоо конуштары, эгин жайы, кыштоо турагы бар. Көчмөнбү ушулар?!

Ишенбейт, атайы ишенбейт төрөлөр, «көчмөнсүңөр» дегенди көзүнө түшүрө кийгизет. Маани бар, «көчүп келген эл, көчүп кетет» дегенге такап, »жер ээси эмес» дешке барышат.

«Ой, кокуй, биз тиги эле Огуз атабыздан бери ушул жердебиз!» деп чыркырабайбы кыргыз. Унчукпай колун сунуп кагаз сурайт төрө. «А сенин кагазың кана?» дебейби кыргыз байкуш. Төрө күлө мылтыгын гана көрсөтүп койгон. Не дей аласың?!

Мындайдын нечениине күбө, жалаң кыргыз гана эмес ар бир мусулман адам жаңы келгиндер катарында эле вакуф эрежесине ылайык өз турак жеринен кагаздуу менчик алсын, түбөлүк эге болушсун деп тырмышты Шабдан.

# 4

Жаздык койдуруп, кынкайып жаткан экен Шабдан.

Ирени боз, не үргүлөй албай, не кум санаа түгөнбөй, көзү үлбүрөп, төшөгүндө солуп калган.

Тышка атчан бирөө келгенсиди, тез дүбүрттөн бир катаал кабар болору көңүлүнө келе көзү ачылды, акырын өйдө болду. Ушул ноюган, чөгүп калган убагында да бирдемеге кереги, бирөөгө аралжысы барбы, дагы эле? Кобур үн жетип, бирөө ат алып, бирөө аттан түшкөнү сезилип, жүр десе тура басар өңдөнүп, эшикти күтүп тиктеп токтолду.

Мөкүш экен.

— А баягы... — деп улутунуп койду, ич күйгүлтүгү бар сөз артын оозуна ала албай.

Бир кабар күтө тиктеди Шабдан.

— Э баягы... сиздин туугандарыңыз... — деди Мөкүш, — эми бизге да жетип, жакадагы түзгө келди дешти го...

«Тууган» деген оозуна баса койгон курмушудай болду атасына, орустарды айтканы, бу бала дайыма «сиздин» дегенди анын күнөөсүндөй асте зекий, кабагы түшө жүз үйрүп айтат.

Үшкүрүп алды атасы жели сезилбей:

— Ыя, — деди, — барчы, буерде алар баткыдай кенен жер калган жок эле го?..

Башкадан да «тууганың» деп кыңырылганды көп эле уккан, «эл оозу элек, электи тыйып койо алат белек» деген, «айтса айта берет да» деген, а өз баласынын табасына не дей алмакчы!? Көрүнөө сынды дили.

Не дешин, не кыларын сураган жок, ага «барчы» дегени эле жетишет, камчысын сүйрөп чыгып кетти баласы.

Барды барар жерине Мөкүш:

— Эй! — деди үзөңгүсүнө тура кала. — Кимсиңер!? Эмне темселеп жүрөсүңөр буерде? Ыя!? Мөңкөндөп...

Бири башын чала көтөрө:

— И, көрбөй турасың... — деди чала татарча атайы тоотпой.

Бу «колуңдан эмне келет» деген болуп сезилди али пендеден эч мындай түр көрө элек Мөкүшкө:

— Токтот! — деп чарк этти Мөкүш.

Наргы ишке буйдалып, чын эле мөңкөндөп жүргөнү эми өйдө болуп:

— Ну? — деди беркиден бетер камырабай, кабагы үйрүлө кыжыры көрүнө. — Көрсөтмө бар бизде, биз иш аткарып жүрөбүз, дорогой ман-нап.

«Дорогой дегени «түрөгөй» болуп угулду Мөкүштүн кулагына. Ит уругунун аралашмасын «түрөгөй» дейт кыргыз, а «ман-нап» деп ныгырганы, какшыгы го?!

— Жогол! Жогол! — деп жиберди Мөкүш, эки уурту бултуюп, кара муруту түктөйүп, көзү жылтылдап.

«Ыя... көйкаптан келип жер меники деп, төмөнтөн келип өр меники деп, эшиктен кирип төр меники деп... ыя...» деди, ички күйгүлтүгү тышына чайпалып төгүлдү.

Камчы үйрүй теминип калды жигиттери:

— Ие, жогол дегенде жоголбойбу булар?!

— Ие, эки айттырып?!

— Ну, ну... — дешти «баатырынын туугандары», элтеңдеше эки жагын каранышып, чен куралдарын сүйрөшүп, кеткенге бет алды.

Бирөө шаша бара, деги эле оңойдон олжо тийгендей мулуңдап, тиги оттоп жүргөн бир атын кармады. «О, кой... жалгыз болсо атын жыгып алгыдай, экөө болсо өз атынан түшүп калгыдай ашмалтай казагың эмес булар, о ко-ой...» деп калды бирөө.

Жакын айылга чуу жетип:

«О, кокуй, — деп жоозандаган үн тарады заматта, — тыякта ченеп алып коюптур го жакадагы биртке түздү!? Кышы кыштоо, жазы жаздоо. мал төлдөтөр, төл телчитер жер эле го!?»

Тура чуркашты, жөөсү жөө, чапчаңы жайдак атына мине чаба түзгө агылып келип, бири сөгүнө, а бири темине ат салып киришти:

«Ыя!?»

«Ким чакырды силерди Чоң Кеминге!?»

«У! саксайган...»

«Ыя!?»

«Биз кайда барабыз!?»

Ооз акылдап, көз чанагынан чыга буркан шаркан, күү-дуу болду теребел.

Колун серелей төмөн жакка көз сала калды Мөкүш. Дым боло түштү көпчүлүк. Ал ооз ачканча төмөнкү мойноктон бери куюла берди көп атчан.

Ким булар? Чаап киргенде жүрөксүп калган эл элтейе калды. Баягы барымтасы түгөнбөгөн казагыбы? Йе, Кичи Кеминден жардамга чыккан өз эл окшойт го!? Эки ортодо кылтылдап калды байкуш үмүт.

Тарс!

Ой жыйгынча ат туягы дүбүрттөп, кылкандай жыш мылтыкчан орустар чарк айлана үйрүй келе тегеректеп калды. Тарс!

Аты туйлаган жаш орус:

— Ну, Шабданов! — деди кекер. Мөкүш да тааныды аны, Пишпек уезд башысынын жардамчысы экен.

— Койо тургула десек болушпайт, — деп себеп айтмакчы болду Мөкүш, — ченейбиз эле дешет, мына сиз деле көрүп турасыз, бизде ушу биртке жерден башка түзөң жокко эсе, биердин өз элине деле жетише бербейт, «ашык» дей турган жер жок.

Түшүндү, тилмери жокто чоңуна бирөөнүн айтканын маанилей коюп жүргөн жардамчы:

— Эчтеме эмес, тоо ичи, ава таза, бир чоң станица түшкөнгө жетишет,— деп койду татарча, казакча чалыша.

Ушу орус билген убакта орусуна да, өз кыргызына да, кайсагына да каранын каны дейерлик кадыр менен келе жаткан адамдын баласы, нары да өз акылы курагынан кем эмес, а дымагы деген өзүн дайыма демиктирип жүргөн Мөкүш:

— Токто, — деп, тике сөзгө өттү, — сен кайдан билесиң, билбейсиң, мына биз азирети Императорго суроо талап жолдогонбуз!

Жардамчы бир ууртун тарта күлө укту, «куп эле

билебиз» дегени болчу. Анын токтой калганы Императордун ысымын аттай албаганы, не кулчулугу, не чоочуганы болуп туюлду Мөкүшкө, чакчарылып кетти:

— Бизди да букарам дейт улук Император! Жашар жай калтырат бизге да! Куру койбойт!

Тиги жоопко ооз жасап калганда колуп шилтеп:

_Сен жайгара албайсың бул ишти! — деп таштады Мөкүш. — Ушундай, жогортон бир жаңсыл буйрук болмоюнча! биз жерибизди ченге салдырбайбыз! Уктуңбу жокпу?!

— Ну, макул, — деп койду терикпей жардамчы, дагы эле уурту тартыла, шылдың сездире, а мунусунан дагы эти үркүп турду жер ээси Мөкүштүн.

— Иш токтобосун, Шабданов, жер ченеле берсин, Шабданов,— деди, — «жер силердики» деп, бүткүл Россиянын эгеси указын өзү көтөрүп келип берсе, анда эч кимдин талашы жок... жаткыла талпагыңарды жайып алып...

Ушуга жетти сөз мааниси.

«О, ырас да, азирети өзү буйругун өзү апкелип бергенге не жетсин?!» дешип, ичтен ынанып, тышынан дуулдап баш ийкешип, ар бири маселе анын макулдугу менен болуп тургансып, маңкая мурун көтөрүп калышты Чоң Кеминдиктер.

«Жөнү жок чочондой берет дайым эле» деди бири акырын Мөкүш жакка көз кыя. «Ошо да... тигинтип эле жай бүтөрө бербейт ишти...» деп кошулду бири. Баш ийкешип алышты дайыма тууганынан себеп, күнөө издеген өңкөй эргул.

— Ну, макул, — деди дагы бир жолу жардамчы, — жер ченегичтер калат, иштей берет, а кокус, — деп тактады, — силер, ээн жердин бөрүлөрү, бир шойкон чыгарсаңар, ачык убада кылып койоюн, өзүм аскер алып келем, баарыңды бирден терип тескеп алам. Уктуңарбы?!

Селейди Мөкүш. Ким сөз кайрый алат?!

Дагы сеске мылтык атылды. Тарс!

Селт этти жан байкуш, ар коктуга кулдурап тарап, те ак карлуу бийикке жете чабыла түштү жаңырык...

Күн өтө берди, а азирети Император «жер силер-

дики» деген указын эки Кеминдин төрүнө өзү жөө көтөрүп апкелип бере койгон жок. А талаш түзөңдө «Участок переселенцев» деген станица пайда болуп, аны араламак түгүл баягы күүлдөшкөн конуш ээлери жергилик те тоо этектей кыялап, качып өтүп калды...

анда муңканып, кышкы чыкыроон аваны термелтип, ал күнү тынган жок...

## 5

Ошо күндөрдүн биринде Мөкүш келди.

Өз баласы болсо да салам айтып кирген соң ордунан бирткe козголуп, өйдө болуп отурду Шабдан. Жылым тиктеди, бирок өз жан дүйнөсү кымкуут, бул бала келсе эле бир кыжалат маселе көтөрүп жүрөрү белгилүү, кулагы түрүлүп калды аяр атанын.

— Баатыр, — деди кыйла көңүлү ачык Мөкүш.

Бу сөз какшык эмес, чеки дейер эчтемеси жок, тууган атпай, жат атпай «баатыр» дешет, ушун этип, кимиси болсо да ызат билгизет. «Байке», «тууган», а түгүл «ата» деген жакынсыныш, теңсиниш, а бу кишиге, мынчалык азадил кишиге «баатыр» наам зоболо болуп калган.

Айта бер дегени, акырын баш ийкенип койду Шабдан.

Мөкүш:

— Жаңы болгон гүбүрнадыр келиптир Ташкенден..

Не таң калганы, не чоочуганы, каш көтөрүп тиктеди Шабдан.

Мыйыгы тартыла түштү Мөкүштүн:

— Чоң жыйын кылат экен, Көтмалдыга жыйылат экен, жаңы болгон жаңы тууганыңыз «сизди калбай келсин» дептир го...

Көзү үлбүрөй калды карынын. «О, аттиң ай, кайдагы тууган?!»

Муну сезе:

— О, балам ай, — деп жиберди Шааке байбиче, — өзү деле кыңкыстап араң отурса атаң байкуш... качанкыны эске саласың!?

Көңүл оорур кеп айтып алып, кейиш угуп, не жиреп күлүп койо албай, не актана албай, ырсайып оңтойсуз абалда калды бала.

«О, аттиң ай, мунун баарын өзүнө калыс дил экчейт, те илгерки ат түгүндөй көп орустун аскери каптап келген капсалаң күндө не этмек ылазым эле?!»

«Ордоң ордо болбой тыякта, ичиндеги кымырылган тили татык, дили каттык тымызын бирин бирине каршыктырып, өз ичинен өзү былгып, өзү ойрон болуп жатса, аттиң ай, казагың касыңа төтө жол баштап жүрсө, аттиң ай, а быякта өз тууганың чогула албаса бир дөбөгө, чогулса чогол камчы болбосо колунда не арган, не кайратың бар эле, аттиң ай?!»

«Ыя, ал жетпестин алдынан чыгып, жакасына тырмышып, этегине илешип өлүп эле бермек абзел беле, о кокуй?!»

«О жок, өлгөндүн үрөйү нары, тиринин үрөйү жылуу, бери дейбиз, келер жакка тукум сактамак зарыл беле жок беле, кокуй?!«

«Ошон үчүн, ана ошон үчүн кара жанды карч уруп, кокуй, азазилди «ага» дедик, жаналгычты «тага» дедик. Берешен кудай берет деген, өлбөгөн кулга өмүрүнүн жазы келет деген улук үмүткө чийе байландык эле го, о аттиң ай?!»

Эми жер тартыш, тарыга баштады эл, «орусту ушу ээрчитип келген», «чокунган», «каска тууган, өзгө жат» деген суук сөз ээрчип калган. Муну укпай эле, өз деген эле кишилердин үйрүлгөн кабагынан, үңкүйгөн далысынан эле түшүнүп жүргөн.

Бирогу бар, башка айтса «башка да, айта берет да оозуна алы жетпеген» деген, көп да көңүлүнө кетпеген, бирогу ушу өз каны, не билер не билбестир маанисин, оозанып турганы дил сындырат тура!? Баары бир өзүндөн өзүң кечмек кайда, таарына да албайт, көңүлү баягы, жүзү баягы, үйүрүлүп турат.

— Баралы, — деди Шабдан, — жаңы тууган дедиңби, угалы «жаңы туугандын» жаңы кебин, сен өзүң кошул..

Жамыга кадырман Шаби Жантаевичин Пржевальски уездинин төрөсү подполковник Иванов өзү тосуп алды. Улук губернатор «келдиби» деп эки жолу сураган экен, аны айтты, түшкөн жайына тез коштоп басты.

Ал деле бу абышканы неге улук губернатор көргүсү келип калганын аңдап албаган окшойт, уезд башылыгына карабай лепилдеп катар жүрө жапылдап сүйлөп коштоду. Сөзүн кошо жүргөн Сооронбайдын Дүрү аркалы туюнуп барды Шабдан.

«Кокус да, жамандап койбосун бу жабайы» дейби, «Жантаевич» дегенинен эч жазган жок уездбашы. А өзүн оор жүк баскан «жабайысы» анын жалган мамилесин көп да кулагына иле албай, акырын кибиреп келе берди.

Генерал-лейтенант Самсонов жаңы эле жылуу көлгө көт малып келип, үй кийимчен салкындап ыракат алып отурган экен.

Салам айтты акырын, ортодо Дүр, сый сездире сол колдоп улуктун чыканыгынан сүйөй ала учурашып, андан соң биртке артка чегине оң алаканын жүрөгүнө койо ызат көрсөттү Шабдан.

«Во, эски ордонун адамы...» деп алды генерал ичтен, көңүлү жылый түштүбү:

— Келиңиз, Шаби Жантаевич... — деди.

Шаби?! Кадыр сиңишкен Колпаковский, Ионов төрөлөр өз убагында ушун этип аташчу эле го?! Ийиге түштү Шаби да.

Мына, генерал-лейтенант, көөнө Түркыстан жергесинин губернатору, жарым паша десе дегидей жарым пашалык укук, бийлик берилген кожоюн. Не десе ошо лавизи орундалат, азирети императордун кулагына түшсө жүйө. Оюн он толгонуп кетти империянын ээсине дейре көргөн Шабинин.

— Келиңиз, отуруңуз, — деди Жарым паша.

Кичине бужүрөй эңкейе сол тарабынан бет алдына

ыңгай жумшак кресло орунга коомай көчүк басты Шабдан. Кашын чимире көтөрө, козакча узун коюлган саргыл муруту сеңселип, бул багытты дүбүрөткөн ирени кызыл туземчи абышкага кызыгып тиктеп калды Жарым паша.

«Кимге дөөлөт берсе ага жараша сөөлөт да кошот тура ичи кең теңир Алла...»

— Көп уккам, сизди көргөнүмө кубанып турам... — деп койду Жарым Паша.

— Курстанмын, курстанмын... — деп, маңдайы жаркып баш ийкеди Шабиси, жылым жүздөн бир ырайым, жакшылык болжоп.

Кеп тартты:

— Ну, — деди жамы Түркыстанга кожоюн, анын да көздөгөнү бар сыяк, — эмне суроо, эмне муктажчылык бар, Шаби Жантаевич?

Йе, акыры ушу кепке бет келиштиби?! Билинер билинбес дем тартып алды Шабдан:

...азирети Өкүмдарыбыздын жаркыны экен, кудайга шүгүр, көрөр күнүбүздү көрүп жүрөбүз, улугум... — деп алды Шаби Жантаевич, — эми ушу... тири жанбыз го, азбы көпбү муктажчылык болбой койбойт экен...

Эки ийнине көзү сайылып түшө калды генералдын:

— Эскирип кетиптир го мундири?

— Жаңы эле, — деди Дүр асте жымыя, — опелети эле, алтынга бууланган чыйратмаларын өзү бирден үзүп... такырайтып алыптыр...

Таң калгансыды генерал:

— Эмне үчүн өзү такырайтып алат?

Дүр:

— Дегиси бу киши өтө берешен киши. Бечара, сурамчы келсе колдо барын аябайт, бере берет. А бу... бере койор же малы, же акчасы даяр болбой калса жолдо белде кур койбой бирден үзүп бере берип... ушун этип эми...

Тынч кабагы үйрүлө баштады генералдын:

— Деги бирдемеге арзыйбы ушу?!

Дүр:

— Биерде мал деген арзан, бир чыйратма бир кара, бечарага минсе ат, сатып жесе бир жылдык оокат болот. Кай бир бай кишилер акырын сурап алып тумар кылып жүрүшөт...

Баш чайкап жиберди генерал:

— Үзүп таратып?! Мундир бу! Ыйык кийим бу! — деп жекире кейиди. — Ну, бу кылык орус сыйын маскаралаш эмеспи?

— Жо... жо... — деп калды Дүр шашып, — бу киши азирети Императордун өтө такыба букарасы, эми жашы өтүп, минтип апенди болуп...

Бу жатык баланы имерип тиктеди эми генерал, акырын жүзү кайра жумшарды, башын ийкеп да койду, «мына дил билери, мына эртеңки ыкка жүрөрү» дегендей кыязы.

А «апенди» тиктебей кожоюндун катаал иренин отусезе, сөзүн түшүнбөй жекиригинен биле былк этпей отуруп койду.

— Эми, айтып калыңыз, — деди Дүр авасына.

Баш ийкеп, көзү үлбүрөй бир өйдө тиктеп алды Шабдан:

— Эми... — деп, шыпшынып, көп жылдан бери оюна жык толгон, көңүлүнө жат болгон санаасын не шашпай, не күйгөн үн көтөрбөй астелеп айта баштады бир баштан.

Өз элин «орус келгендеги», «эл эсен калсын» деген илгерки күдөрүн, бүгүнкү ата журттун, каралай көз калкынын тарыккан убагын, аны өзү ой жооруган ондош теңдеш ыгын терип, эң акыры мүңкүрөп, көзүнөн тиленич нур чыгып, бирде таарынган кабак, кайтпас талап көрүнө, күйө, улутуна саласал кылды Шабдан.

Кептин чыгыш себептерин да, маанисин да чечмеледи Дүр.»Көп жыл мурда жазылган, ушу убакка дейре артынан калбай талап кылып жүргөн Петициянын мазмуну...» деп кошумчалап койду.

А «чуу салган» кагаздан кабары бар экен, окуган экен, а түгүл өз пикири да даяр окшойт, Жарым Паша башын акырын чайканып, уккан, бир кездеги элпек делинген Шабини улам имере тиктеп:

— Да, өз ою ... — деп койду, — ишке ашышы кыйын далалат...

Дүр муну которгон жок. «Кой, каты тийер, тийбесе ошо көкүрөгүн жылытып жүргөн үмүтү менен жүрө берсин» деди дили.

Көп сүйлөп, ынандырам деп жан үрөгөнүнөн башы ысып, эки ийни шалдырап ындыны куруду Шабинин.

— Эртең жыйынтыкталат экен, — деди Дүр.

«Э... жыйынга салынат турбайбы, айтар, сөз кошор калыс эл...» деген келди Шабдандын оюна, үмүтүнө жылынды чын эле.

Жыйынга бүткүл Жетисуудан уезд чоңдору, кыргыз элет болуштары, ыстарчындары, салтка жараша иш карайт деген шайланма бий дегендери, жана да көбүнчө жаңы отуруктаашкан орус станицаларынын кожоюндары, жер ээлери иргелип чогулган экен.

Жарым паша чыгып, жамы элге көрүнүп сөз сүйлөй турган бийик такта секиге тегерете килем оролгон, үстүнө кыргыздын кызыл жашыл көчөт шырдагы төшөлгөн. Шыкала жалаң орус жамааты курчап турушат.

Бирлеп экилеп кыргыз кайсагы, үркөрдөй үйрүлгөн кара кыргызы ар жерде бирине бири мыңкылдап тымызын кылапат бүркүп коюшуп, сагызганча акырын шыкылдап күлүп, ар кимиси өзүнчө.

Казагы кадыресе элкин, биринен бири ашыра шабырата сөз кагыштырып, колтуктары көтөрүлө күүлдөп, а кыргызы аяр, кылтыйып, тымпыйып жер тиктеп бири бирин акмалап, керек болсо бирине бири бүжүрөшө эңилип күбүрөшүп, кээде көз менен пикирлешип бири жымыйып, бири акырын баш ийкенип коюшат.

«И... келе жатыры...» деген үн чыга, аны ошол замат кош барабан дыбыр дыбыр, дыр-р дыр-р шаңдана тебелеп, дуу көтөрүлдү бүт жыйын.

...дыбыр-дыбыр, дыр-р-дыр-р, кош барабан бирде күчөнө бирде таазими сыяк атайы солгундап, кайра кайрат да, салтанат да сездире дүңгүрлөп...

...ана азирети Жарым паша көзгө түштү бир убакта, «ур-ра!» деп жиберди орус атпай, төрө атпай... ава силкине түштү. Аны сайын кош барабан дүбүрөтө, не дейсиң жарашат, куп жарашат, улук журт руху көрүнөө күчөнө дагы бир ооз, бир добуш «ур-ра!» как жара көтөрүлдү кайра ового.

Буга көнүмүшү жок туземчилер же айкырып кошула албай, же жүзүнөн тигиндей элирген кубанч көрсөтө албай ырсайышып, көрүнөө сүрдөшүп, ооздо эле болсо да «жергилик» деген сыйы өзү эле сыйрылып түшө руху тебеленип калды.

Тигине улуу Империянын улук Императорунун бу «каңгырап бош жаткан» делген кең жердеги ишенген, жарым императорлук укук, бийлик берилген билерманы!

Кабагы бийик, көзү өктөм, бою заңкайган сөөлөтман да, дөөлөтман да Жарым паша. Эки жагынан, ырас, тартиби ошо, саал арттарак Пржевальски, Пишпек уезддеринин кызыл короздой жасанган эки төрөсү коштоп алышкан экен. Дагы «ур-ра!» силкинтти саялуу бак ичин.

«Йе, — деди бир казагы, — онау ээрчигени ким?..»

«Кийими тигилердики, а сакалы биздики го...» деди дагы бири.

«Ой, — деп, акыры бир жолу мактанып жиберди аяр кыргызы, — а деген биздин азирети Шабдан баатыр...»

Эл ичинен ар жерден жыла баскан болуп калды Шабдан жакка. Кабак түйө «артка» «нары» деп алдын тосту ардак кароол аскерлер. Сыягы бу жергилик элдин ичинен генерал-губернатордун жанында баарыга таанымал Войсковая Старшина Шабдан Жантаевдин кошо болмогу ылазым эсептелген окшойт.

Генерал-лейтенант Самсонов секиге чыгып, эки уезд башы секинин түбүнө эки жагына эки казык болуп, а Шабдан эл алдына токтоп, тынымсыз дүңгүрөгөн

кош барабан тып басылып, жыйын жымжырт боло калды.

Жамырап тиктеген көпчүлүктү бир сыдыра асте токтоо каранып, ким эмне демекчи, жарым десе да паша, жети уезд журтка жөн эле эмес генерал-губернатор мансабына ылайык күркүрөгөн айбат үнү Бүткүл Россиянын жана да батыш-чыгыш жерлериндеги колониясынын жалгыз эгеси бактыяр Николай II бул элге өзү атайы жолдогон ыйык саламын ашкере салтанаттап айтты.

— Ур-ра! Ур-ра! Ур-ра!

Жер оодарылып кетпесе да ошол жерде турган орусунун да, туземчилерине да бирпас көңүлүнө толкун жүргүзүп, азиретинин кара аламан букарасы эле эмес бир тууганы катары сезим келбесе да ушунчалык байманалы какан* ордосунан улук башын кичик кыла ысык салам жиберип турса делинип, муну жакшылык кыларынын жышаны катары көңүл жибигенсиди кыйла.

— Ур-ра! Ур-ра!

— Көп жашасын азирети Император!

— Миң жыл! Миң жыл өмүр сүрсүн үчүнчү Рим!

Дуу, дуу кыйкырык, көз чакчаңдап оштонуп кетишти орус атпай. А өз эл аты түгүл жергилик да делинбей ачык эле «инародец» деп жерилген жүрөк өйкөө санаасы бар букаралары баш гана ийкегенсишип, кыңырылып турушту го!?

«...мына, келе жагына алактабай чабуул койо турган эл... бүт дүйнөнүн эгеси болор эл...» деген мактаныч, орустарына ыразылык келди генералдын оюна.

Эми аны сайын өрөпкүп, көчүрүлүп келинген элин отурук кылган жайлуу жылуу ордун, менчиктеген жерин астейдил кутболсундады Жарым паша.

«Ур-ра!» «Ур-ра!»

Мындан наркысына ынтымак, тынч тирилик, жерине өнүм каалады.

«Ур-ра!» «Ур-ра!»

Мындан соң ак калат бирөө апкеле калган чайдан бир уурттап алып, бу бейиш өлкөнү кандайча өлчөп экчеп, кайрадан бычып өнүктүрүш, башкаруу ыктарын биротоло Империянын мүнөзүнө, талабына жараша жаңылаш, бекемдеш жактарын кенен тактады кожоюн.

Андан Империянын геосаясатына өтүп, азыр жакын ара болуп калган Кытай, Иран, Аравия, Индия өлкөлөрү менен болунар мамиле, чек ара иштеринде Улук Россия мындан нары да ичте, тышта эч кимге жолун, акысын адырбас гана эмес, мындан наргы калган дүйнөдөн дагы жер бөлүштүрүш, дагы өз таасирин жайылтыш аракетинде өзгөчө бекем болорун жашырган жок.

«Ур-ра!» «Ур-ра!»

— Биротоло көңүлгө түйүп койгула, — деп эскертти кожоюн, — биз деген ушунчалык күч коротуп, алыс кан жол басып, кан төгүп убактылууга келген эмеспиз!

Ово занк жарылды «ур-радан», кол чабылды шабырата, кош барабан дүңгүр какты кайрадан.

Сөзү бүткөнгө окшоду, кол чаап кошулду өзү да генерал.

Мын эми уезд төрөлөрү саймедиреп кубатташат ко, өз жеринде бөтөндөн, жаңы отурук кылган орус байларынан бирден увакил ыраазылык айтат ко?

Жо, кайра ондонуп, кайра жыйынга жүз бурду Жарым паша, имере келе эми көзү Шабданга токтоду. Ошо учурдагы ар башка аракет, ар башка ой түйүнү ушу бүгүн ушу кары кишиде болуп калганын эки жак тең билерин билет, жыйын жым боло арадан кыңылдап калды жолбун чымын.

— Мен,— дей токтолуп, оозу ачыла кулак салган элине бир сыйра көз салып, өзү да эми айтар сөзүнө өзү таң сыяк, үнү жапыстап сыр ачты генерал-лейтенант генерал-губернатор,— мына бу Жантаев менен көзмө-көз сүйлөшүп, бир кызык оюн андап калдым, бу киши чын эле өз кыргызы үчүн отурук турмушуна өтүш пайда экенин билет экен, билип эле тиим калбай аны көпчүлүктүн көңүлүнө салып жүрүптүр...

Жыйындын ар жеринде жергиликтин өз тилмерлери күбүрөп которуп калышты. «О-о, — дешти өз жеринде бөтөн эл, «кайран баатыр акыры жараган экен го бир ишке...» дешти. Сөз акырын сумсайып күтүп калышты жер алып байыган орус атпай.

Сөөмөй кезеди Шабдан жакка Жарым паша:

...кеңеш берип койоюн сизге... көчүрүлүп келинген орус дыйкандарына берилген жерлерине орун очок алышына мунуңуз менен жолто кылбаңыз...

Кеп теги, маани уланды:

...жана эсиңизде болсун, силер ушул убакка дейре көчүп конуп жүргөн, азыр орус дыйкандар отурукташып жаткан жерлер дегиси силердики эмес, а силер убактылуу гана пайдаланып жүрөсүңөр, мамлекет менчигине өткөн жерлер...

Мындан бүйрү кызып, орус атпай жактан күтүрөтө кол чабылып, кубанган, андан аша эрдемсиген тажаал бакырык чыгып, аны дагы коштоп кол шатырады.

— Ур-ра-а!

— Мына ушинтип эле ачык айтылсын!

Күү-дуу болуп кетти жыйын.

Кантсин, эрини кургап нестейди, уккан өз кулагына өзү ишене албай мостойду ушуга чейин жергиликмин деп жүргөн эл.

«Ой, — деп тилмерине жабышты бири, — тескери кайлап койгон жоксуңбу сен?..»

«Йе, кокуй, бу не дегени!? Жер силердики эмес дейби?..» деп, андан наркысына оюю чендебей майышты көбү.

«Э-э, оозуна киргенин оттоп жатпайбы, ушуну эле айтканы өтө берeби, биздин баатырдын кагазы азирети Бүтүн Паша жакка жетип калса, а бу башкача мыйоолоп калат, көрөбүз...» деген үмүткө байланды бир жагы.

Кол көтөрдү демдүү Жарым паша, жыйын жымырыла дем тартпай калары замат дагы булардын баатырына көз тикти:

— ...биз билебиз, Шаби Жантаевич, — деди жанагы заары жок жумшак,— бул өлкөнү каратуу убагында сиздин кылган кызматыңыз аз эмес, эсибизде. Ошо эсибизде болгону үчүн мен өзүм «өзүңүзгө, балдарыңызга бир түзүк жер бөлүнүп берилсе» деген сураныңызга атайы киришип берем...

Жадырап койду Жарым паша.

Кантсе да, сүйүнгөн түрлөнүп акырын котордү Дүр. Укту, бирок кулагына сиңе кубана алган жок баатыр авасы. «...жер силердики эмес», «убактылуу пайдаланып жүрөсүңөр...» деген котормо санаасында маанисы улам терсине үзгөрүп аны маң кылып турган. «Ыя, ушубу акыркы алар алкыш, кийер тон!?» Ийги да, тыйгы да сезимден көңүлү бош калып, эки чыкый тамыры заматта лук-лук согуп башы каңгырай баштаган.

Те бир кезде балдардын тилине кирип жер сураганы, аны ушу бүгүн чоң орус баягы кызматың үчүн орундатып беришке аракет кылам дегенин угуп:

«Мына, — дешпедиби кыргызынын баягы кылгылыкты жат кылса күнөөнү тууганына издемей эски адаты дароо кармап, — бу болбосо орус жол таап келе албайт эле быякка... тымызын сөзүн бүтөрүп алып, биздин жерибизди оруска алдырып, ыя, минтип өзү туйтунуп жатмакчы болуп жүргөн тура, коку-уй...»

Көрүнөө, угуза сөгүнүп да алышты го!? Кимиси менен айкайлашып отура алат, дили сынды баатырынын. Күрс этти катар коюлган кош замбирек. Бу жыйын бүттү деген белги го? Кошо титиретти таманын да, дилин да...

Улам бирге атылган сайын ово чайпалып айбат, сүр көк ирим Көлдүн те ак карлы терскейи, Кебин жаккы күнгөйү бирдей каңгыр-р шаңгыр-р, кара жер улам теңселгенсип, улам алыска чапчылган шоокуму улам тебеледи Шабдандын эс мас жан дүйнөсүн...

# 6

Шааке байбиче өзү тышка чыгып тосуп, өргөвүнүн тооз куштун түрүндөй кооз чырмалган чий эшигин өзү көтөрө ачып, сый меймандай:

— Келиң, — деп акырын сыпаа үндөп киргизип алды баатырын. Жүзүнө көз салды асте, корчойгон аскерий өтүгүн аягынан өзү тартып улагага койду, төргө өткөрүп, дайыма ушундай орус төрөлөр менен жолгошор күндө гана ийнине сала калчу эскилөө болуп калган чиндүү кийимин чечинтип, үйдө жай желбегейлеп отурар ак тайлактын жүнүнөн өзү токуган жука камзолун ийнине жапты:

— Жакшы барып, жай келдиңизби? — деп дагы эле басыңкы жумшак сурап койду, көзү чарк имере баатырынын табы айнып келгенин баамдап алды.

— Кыңкайың... — деди башына пар жаздыгын койо сала, — жол кыйла, атка урунуп калган окшойсуз...

Өмүрү ат үстүндө өтүп келе жаткан адам бу жолго эчтеме болмок эмес, көңүлүнө отурбаган же бир сөз, же бир терс окуя болгонун болжоду. Чын элеби, баатыры көзү үлбүрөп акырын өзү баш койду жаздыгына. Куду эле ымыркай бала не ойгонуп, не чоочуп кетпесин дегенчелик жүнү жука салынган жеңил жабынчысын акырын жазып, акырын жаап, жанынан жылбай отуруп калды байбиче.

Улам кичине кыбырап, улам үшкүрүк сыяк асте деми угулуп, көп эле убак өттү окшоду, бир маалда көзү эч ирмелбегендей шуу үшкүрүп баш көтөрдү баатыры. Леп тура бара ийнин оңдоду байбиче. Кантсин, не жаман кеп укканын, не түйшүк ишке тушукканын сезип эле отурса да сурай алган жок, сураганы жарасына тийгени, эч качан жармашып көргөн эмес. Көңүлү бир жаңсыл чагында баатыры өзү баштап, же аттиң дей, не көзү күлүңдөп, ыраазылыгы көрүнүп кеп кылып берип, анысы түгүл болгон сөзгө, өткөн окуяга байбичесинин пикирин саамыктап да коючу. Ошону күттү байбиче, бирок баатыры ага жарай албады.

Ысыгы болсо басылсын, оорлогон көңүлү ачылсын деп, улам жаңылап көкөмерен чөп демдеп ууртатты, колу көңүлүндөй жылуу-жумшак, акырындап чеке башын жымыратып укалады кадыр билги байбиче.

— Ыракмат, Шакин, — деди бир убакта баатыры, кадимки жылым жүз, артынан баш ийкенип.

Кепке жараганына сүйүнө тиктеди Шакини:

— Э, — деди, — мунуңуз не, өз үйүңүз, өз кишиңиз, не болду мынчалык ыракмат айткыдай!?

Жымыйып койду баатыры, башы ийкелди акыры:

— Йе, өз үй, өз киши, атүгүл өлөң төшөк деген кимде жок!? Бир үйдө ит менен мышык да, мышык менен чычкан да болот, байбичем.

— Ким кимге кылбаган сый-урматты!? Кичинесин чондой көргөн, азын көптөй баалаган, баатырым, сизге ыракмат... — деп, астейдил жадырап тиктеп алды Жанкороз бийдин али билги, али жароокер кызы.

Бир кудай өзү тандап кошконсуган бири эриш бир аркак эртеси эрте таңда эки ирекет сүннөт, эки ирекет парыз багымдат намазып окуп алышып, бири от жагып, бири чай коюп дасторкон жайып, куду эле кошбаш көгүчкөн сыңары күбүрөшө бирине бири көңүл ызат бөлүшө «келиң, алың» деше даамга карап отурушкан.

Жай басык шарпа кулакка илинди тыштан. Ким келбеген бул эшикке!? Чоочумай, таң калмай жок. Мал жетелеп бай келген, жанкебин жалдырап сунган бечара, күңгүрөнө арман-казал айткан календер келген, жаагын жанып мактаган ырчы, айрөктөгөн сынчы, кылтыйган тыңчы аягы үзүлбөгөн.

Байы берсе аз дебей, бечаранын алдына ат тарта колуна камчы берип, колтугунан үй ээси өзү сүйөп аттантып, анын кубанганына өзү кубанып турган кутман эшик.

Ким келсе да тышка чыга коюш парыз. А дегиче улуулата салам айтышып балдары кирип келишти. Ону тең! Учурашышты кол алыша, отуруп калышты кырка тарта эки улагага.

— О, келгиле, — деди ата көңүлү көрүнөө көтөрүлө. А байбиче «...а түзүк, — деди ичтен. — бүгүн не эле жыйыны биригип калган булардын?..»

— Баатыр, — деп баштады Мөкүш, улуусу, атасынын эл айткан зоболосун атайын кубанч кошо көтөрө чала, — бая күнкү чоң дуван жыйында жаңы гүвүрнадыр оңу оң терси терс көп элди каратып туруп, сизге «сураган жериңизди алып беришем» дегенин айтсам балдарыңыз кубанчы терилерине батпай «барабыз» дешип эле ээленишип эле чогулуп келип калышты. Мына!

«И, — деп алды буга ата дили сына, — атыла элек аюудун талпагын талашышабы эми?..» Көзү ирмелбей токтолуп, ирeңи сус тартты:

— Ыя, — деди, күбүр үнү кейиш, каргыл, — өзүң кошо бардың эле го, жанагы... «жер силердики эмес» дегенин, ыя, «силер убактынча эле жүрөсүңөр» дегенин сен уккан жоксуңбу, Мөкү?

— Угарын го уктук ко, бирок ал... — деп мукактанып калды Мөкүсү. Анын «бирок ал» дешин «ал башка эл үчүн» дегени деп туйду Шабдан:

— Өй... — деп койду акырын, — жарым пашага башка болсо сага өз эл, кудай сактасын дейличи, өз элиң ата конушунан ажырап тербип калса, ыя, сен «жер ээси» болуп жүрө аласыңбы?..

Жооп кана!? Тултуюп калды Мөкүш.

— Э, ансыз деле, — деп мың этти Самидин, — орусту ушул ээрчитип келген дешип, өз деген эле эл ит жегенди жеп жүрүшөт.

Буга да жооп таба коюш оңой эмес. Көзү жашылданып тиктеди Шабдан.

«...кечеги жан сактоо, эл сактоо бүгүн күнөө болуп эсептелеби...»

Кеп түзүк жалганар эмес. Атасынын табы жоктугунан көрдү Мөкүш муну. Дагы сүйлөшөрбүз деген болуша, бири күңк бири мыңк кайырлаша кайра чууруп чыгып кетишти он тукум.

Кантсин ата байкуш!? Же «алам» деп кубанта албай, же «албайм» деп үмүтүн кесип таштай албай ошо «дагы» сүйлөшөбүз» дегенди сүйөп акырын баш ийкенип кала берди...

Бу «жер суроо» тиги эле 1897-жылдын 10-октябри деген күнү Николай II нин наамына жазылып кеткен окуя.

Качан, кандай кызмат өтөлгөнүн айта келип, ток этери:

> **«...Жылына 300 рубль пенсия бөлүнгөн, бирок бу каражат менин көп балалуу чоң үй-бүлөмө жетише бербейт» «Ошон үчүн, менин уругуму бир сындырым нансыз калтырбас үчүн атам Жантай Карабековдун, жана да менин өзүмдүн кылган кызматыбыз айкөл көңүлгө алынып калса... ушу азыр тынай, талкан болуштарындагы кара кыргыз пайдаланып жүргөн казына жеринен түбөлүк менчигиме атайы жер бөлүнүп берилсе дейм...»** деп суранылган.

Кайра чыканактап, көзү үлбүрөп тынч алгансып калды Шабдан.

Жо, ичтен эзилип калганын сезди байбиче, бирок сурап, кошо кейишип жарасын ырбаткысы келген жок. Ушул азыр «аттиң ай», «эмне болот эми», «кантесиз эми» дей берсе ооруп турган көңүлүнө ийне болуп сайылып, атүгүл таба болуп угулары бышык эле.

— Өүх... — деп баш көтөрүндү баатыры, — «бала, баланын иши чала» деген ушубу?..

«О, байкушум ай... — деп алды зирек байбиче тымызын, — алды кырчылдаган кыркка таянып, арты жыйырма бешке жык толгон перзенттерин али «бала», «тана» көрүп жүргөнүн кара...»

Кантсе да, атанын ичи өрттөнгөн өкүнүчүнө себеби бар. «Эл аман, эл ичинде мен аман» деп жүргөн адам, ушу Шабдан башы менен талаада калат беле, эл эмнени көрсө, ошону көрмөк да?! Өз оюю. Элдин ыгына карап иш кылган, эрдин тегине карап кош кылган аяр жаңылган, балдары бапырап турса «берсе берер, бербесе

койор» деген кыязда унчукпай баш ийкенип койгон экен. Ушу байбиче күбө. Кагаздын ичине не сөз кеткенин деле билбейт, бир оруска жаздырып, этегине атасынын баркы чоң ысымын коюп, «кокус, атабыз айнып, кагазды алып койбосун» дешкенибиби, окуп беришпей, мөөрүн бастырышпай жөнөтүшкөн экен.

Мына бүгүн «жер силердики эмес» делинип, көтөн зорлук күчалып калган чакта ошо зорлорго кошулуп жер алыш — элден бөлүнөт деген ошо, жер эмес каргыш алат деген ошо.

Байбиче экөөнүн корккону ушу. Ырас, бүткүл кызматын санап отурган соң Войсковая Старшинанын сураныччы гана эмес, талабы болуп туюлган биердеги орус төрөлөргө. Бирткe болсо да, а бир жагы көтөрө баалап, бир жагы тымызын акмалап, бүгүн түгүл, эртең да бул элдин башын кармар бир тутам тутка болуп бара берери үчүн дагы бери тартылышып, 433* десятин жер макул болунуп, эң акыры Империянын Аскер министрлигине чейин жеткен.

Аскер министри Жерге орноштуруу жана Жер иштетүү башкармасы деген мекемеден керектүү тыянак сураган, а бирок ал мекеме «кадырлуу бир кишиге бермек түгүл көчүрүлүп барылган өздөрүнө жер тартыш, мамлекеттик башка мүдөөгө зарыл экенине таянып, макулдук бербей койгон.

Убадасы боюнча жарым паша Самсонов кайра жаңылап, кайра ашкере негиздеп, Империянын Аскер министрине өзүнөн «Сураныч» жиберди. Аскер министрлиги жөндүү таап, маселени Империянын Министрлер Советине өткөргөн.

**«Санкт-Петербург, 7-май 1910 ж. Өткөн жылдын 2-апрели, номери 220 — 19 менен Аскер Министрлиги тарабынан коюлган Милициянын Войсковое Старшинасы, манап Шабдан Жантаевге Жетисуу облусунан өзүнө пайдаланар жер бөлүп бериш жөнүндөгү маселе ушул жылдын 4-майында Министрлер Советинде каралып, бирок бу боюнча Жерге орноштуруш, Жер иштетиш Башкармасынын тыяна-**

**гы менен макул болунуп, сураган кишиге атайы жер бөлүп бериш ылайык эмес деп табылды.**

*Министрлер Советинин төрагасы*
*П. СТОЛЫПИН.»*
*(Шабдан тукумдарынын архивинен)*

Мына ушин этип Өкмөттөн бир жаңсыл жооп болду акыры.

«Бул өлкөнү караткандагы өтөгөн эмгеги үчүн» аскер ишмерлери канчалык көтөрө чалып бечкеч кылса да баары бир Войсковая Старшинасынын жер суроо маселесин жүзөгө ашыра алышпады. Себеп не?

Себеби аскер кантип болсо да каратарын каратып, өз вазийфасын бүткөн. Бу мезгилде өлкөнү колониялоо, Россиядан түрө көчүрүлүп келинип жаткан жерсиз мужуктарын бул жакка жайгаштырыш Империянын кечендеткис зарыл иши, чоң саясаты болуп, тигиндей чини, дымагы, ушул күндө да кызмат абалы канчалык бийик, керек экенине каралбай, генералдардын пикири арык аттабай тийешелүү маселени Жерге орноштуруш жана Жер иштетиш мекемелери тескеп, өкүм кылып калышкан.

Бир күнү дагы баягы дайыма жүзү жылым, чайы ширин, кеби жөндөм өз энеси Шаакенин үйүнө келип калды Мөкүш. Бу жолу өзү жалгыз, кабагы үйрүлгөн, бирпас отурган соң мурдагыдай «баатыр» деп баштамайы жок:

— Бу... — деп токтолуп, жылдызсыз күңк мыңк этти, — «жер» дегенибиз жексен болуптур...

Сөз аягын күтүп, «и» дебей тиктеп калды атасы.

Мөкүш:

— ...ак, адилет, улук деп жүргөн өкүмият жаратпай таштаптыр...

Эстеди:

— И, берилбейт дептирби? — деп койду Шабдан, а ичи күйгөн уулу не атасына, не өкүмиятына ыразы эместиги, эки көзү чакырайып тиктеди, атасы ага асте жымыйып, баш ийкенип, — бербесе бербегени ошо, балам...

Кошумчалады:

— Минтип жер талашка түшүп эртең эмне күн болуп кетери белгисиз болуп турган чакта сен жер ээлесең жеринен ажыраган элге батпай калмаксың, балам.

— Башы ийкелди:

— Кудай өзү сактаптыр, эми тынч болосуң, башы болбосоң да, көзү болбосоң да өз элиңин ичинде каласың, балам, шүгүр де буга...

Бири капа, бири кубангансыган ата менен баланын арасына түшпөй, асте кылтыйып, баатырынын дидине ичтен кошулуп, дили кошо кубанып отурду зирек Шааке байбиче.

Мааниге кеп кайрый албай отуруп калды зардеси кыйла Мөкүш. Кантсе да анын кынжылып турган үрөйүнөн дагы бир айтар бирдемеси барын сезди Шабдан. Көзү тигилип, «...айт, көңүлүңө ичкүптүңү калтырба, тымызын эзилип жүрө бербе...» дегенсиди, башы ийкелди, күткөнсүп калды.

— Баягы, — деди Мөкүш бир убакта саал улутуна, — «дворян катарына» делинген кагаздан да дарек жок...

Сөз акырын күттү дагы Шабдан.

— Билбейм, сууга агып кеткендей эле болуп кала берди, — деди Мөкүш күйгүлтүгү көзүнөн көрүнө.

Бу караш атаны басмырлады, «...же тиги өтпөсө, же бу өтпөсө, ыя, эмгек, кадыр деген ушул болуп кала береби...» деген туюлду ага. Тунжурай кала акырын дагы башы ийкелди:

— Э-э, балам, — деп алды, — биз айтканын кылып айдаган жагына жүрүп бердик, а буларга бу көңүлгө алынса алынар алынбаса калар сыңары кул мейнети эле экен, балам. А биз кайылбыз, биздин «кызмат» деп жүргөнүбүз жан сактоо аргасы муназа гана болгон.

Ырас, бу киши ар учурда ар түркүн орус төрөлөрүнөн көп эле ийкем мамиле, жылым кабак көргөн, бирок орустун илгерисиндеги «бояр», кийинки «дворян» делинген эч кимди теңсинбеген аксөөк коомунан, туулгандан кулчулукка түбөлүккө байланган «крепостное право» деген тартибинен кабарсыз, а күргүчтөлүп алын-

ган укуксуз «инародец» аталган түркүн тайпа букараларынын абалын өз көз алдынан, өз башынан өткөрүп жүрөгү мыкчылып, көңүлү тымызын сыздап отурганы отурган.

Бу «дворян сословиясына өтүш» өзүнөн чыккан аракет эместей, не орусча мектеп көргөн балдарынын үмүтүбү, не мамилеси жакшы орус мугалимдерден болгон сунушпу, иши кылып, «сураныч» оболу билишкен генерал-губернаторго жиберилген. Ал жактан мындай мааниси өтө чоң маселе тиги Улук Ысымдын өзүнө гана жолдонушу абзел экени кеңештелген сыпаа жооп келген. Кол куушурулуп кала берилген эмес, «Всесветлейший Милостивейший Великий Государь Николай Александрович...» делинип адрестелип, ошо 1899-жылдын 1-декабрь күнү Улук Ысымга астейдил букаралык улук үмүт кошоктолуп жолдонгон.

Бирок дарексиз, а балким, жолдон кармалып адреске жеткиртилген эместир, а балким, «улук үмүттү» алып кирген шум бирөө терс саласал кылып, өкүмдардын ак көңүлүн кара кылып бузган чыгар, чын эле сууга агып кеткендей ушул убакка дейре бир жаңсылы жок.

«Кокуй о-ой... — деп жүрүштү тууган дегендердин ичинде, — биздин баатыр нысаптан кетиптир, ой, жалгыз өзү эле Ак Пашанын ордо адамы болуп тура турса болмок!? Ой, о-он тукумун бирден санап тизмелетип берген экен... ыя, дымдым го, бири өтсө эле дуу-дуу болот эле, жарабай калышкан го баары!?.»

Бирок, кимиси айта алмак баатырынын бетине!? Бирден бирге өтүп, акыры Шааке байбиченин кулагына жеткен.

«Туура...» деп койгон Шабдан.

Не демек эле!? Бала деген бала, ичтен чыккан ийри жылаан, кыя албайт, көңүлүн улайт ар ата! Нары да төрт күндөштүн балдары, бирин кошсо бири калат, тостоюп отурса кошулбай калган баланын да, анын энесинин да көңүлүнө кетет. «Башка балдарындай көрбөдү», «катарга кошподу» деген унутулбас таарыныч, ки-

нээ калат. «Муну жазалы» десе «жаз», «тигини кошолу» десе «кош» дей берген сыягы.

Ушул азыр бет алдында кызаңдап отурган баласына буга да жубатар, көңүл тынчытар маани таап койду Шабдан:

— Муну, балам, пашанын эрки дейт, балам, таарына да, доолаша да албайбыз, балам...

«Балам» дегенин үч айтканы сөз кайрыбаска жетишерлик болду Мөкүшкө...

## 7

... Жыл эсеби 1911.

Тышка чапкан аттын дүбүртү келе өргөөдү тегерене тебелей дүбүрттөп калды. Эч ким минтип босогого ат салып келгенин көрбөгөн, мындайга өз деген элдин түгүл орустан батынган эмес. Ким булар!?

— Ким бар, чык бери! — деп калды бирөө чар эте.

Шааке байбиче чыкты, катуу келген аттары солуй демигип, а ат үстүндө өрөпкүгөн төрт киши турган экен, баары чоочун:

— И, келгиле, — деп калды байбиче көңүлүнөн ургачы жолборс асте ойгонуп, — и, неге мынча жулкунуп!? И, кана, түшкүлө аттан ушунча эле кыйрап бараткан ишиңер болсо, и!?

— Чоло жок! — деп катуу кеп кайрыды алдыңкы туйлаган карагерчен. — Шабдан Жантайуп керек бизге! Чыксын быякка!

— И!? — деп жиберди зарделүү саруу кызы. — Баатыр алдыңа чыккыдай сен кимсиң!?

Чыга келсе болобу элпек баатыры:

— Йе, — деп үн салып калды артынан, — сен Мусахансыңбы?

— Йа Мусаханбыз! — деди баягы ирени сур, тулку дорбодой торсойгон, үзөңгүнү араң тебинген эки аягы кыска неме.

Бул элдин качагы да, кыпчагы да «баатыр» деген

адам, ызатка жаңы бой салып келатты беле, бирөөнүн жапылдаганына муктаж эмес, ким болбосун кандай киргенине карабай саламына алик алып, кебин тыңдап, сураганын жөндөп чыгарып көнгөн:

— Ке, — деди көзү үлбүрөп жымыйып, — түш, жай отуруп сүйлөшөлү не болсо да, Мусаханым.

— Жай сүйлөшө албайбыз! — деп корс этти тиги. — Мөкиш кайда?

— Үйүндөдүр.

— Издеп жүрөбүз! Киши өлтүрүптүр, кадырлы атасынын өңүрүнө жамынып калган болуу керек, чыксын! — деп чакчарылды Мусахан.

— Йе, өлүгүңдү көрөйүн, — деп жиберди саруучa Шааке, — немене дейт бу!?

— Кирип кара... — деди Шабдан акырын, кабардан ireңи бузула.

Кантсе да атасынын мамилеси бар, куттуу үйгө тебелеп киргенге батынган жок:

— Кабар ушу! — деди Мусахан өтүгүн торс эттире бир тартып кыжыр көрсөтө. — Тапсак эле абакка жабылат, келсе өзүң жеткирип бересиң уезге, жашыра турган болсоң, качыра турган болсоң өзүң биер эмес тиги эле дуван башынын алдында жооп бер-ресиң!

Бура тартыша үйүрлүү бөрү сыяк тобун бузбай дүпүрөшө жүрүп кетишти.

Угарын угуп, бирок кулагына ишене алышпай нес болуп, ар бири өзүнчө ой жооруп, өзүнчө санаага сабылып, эшигинин алдында селейип кала беришти эне, ата.

«...бала баладай боло албаса төрө атасын төө үстүнөн ит кабат...» деген эски өкүнч келди байбиченин оюна, төрөсүн бирдеме айтып жубата коюшка батына албады, эмне дейт!?

«Ыя... — деп алды өргөө төрүнө кайра келип баатыры, ыя, жел болбосо чөптүн башы термелебейт го...»

«...минтиш сиздей ак дил адамдын болжолу, — деди байбиче, — ар бир айың, ар бир иш бүгүнкү чалкеш заманыңызга жараша айтылып да, өтүп да жатпайбы... жалган сөз, жалаа доо кыргыз түгүл эки тизгин бир

чылбыр колунда турган орусуңуздун өзүнөн чыгат турбайбы...»

Бу чыны да, жалаа дегенге баатырынын көңүлүн алаксытар ою да эле. Баш ийкеген жок, чайкаган жок баатыры, мелтиреп эле нес болуп калды. «...ошондой эле болуп чыкса кана...» деп купуя санааркады.

Эртеси эле элге аралашты деген балдарын чогултту Шабдан. А бу кабарды Мусахан эмес эле телиме туугандын бири маңдайы жазыла жайкалып, табасы көрүнүп, өзү айылма айыл кыдырып жайып жүрүптүр.

Самидин баш чайкады:

— Мөкү эч кайда барган эмес, өзүбүздүн топтон бөлүнгөн эмес.

Шабдан:

— Кайда азыр?

Токтолуп калды Самидин, мындан чоочунуп, көзү чекчейип кетти байбиченин.

— Эми, ата, болор жалаа болуптур, — деди Самидин акырын, — кечеги кечки намаздан кийин орус казак болушуп мечиттен кармап, кайдадыр алып кетишиптир, биз да тынч жатып калбаспыз, акыйкатына чыгышарбыз акыры.

«О, коку-уй...» деп уңшуп жиберди Шааке.

— Кой, сабыр кыл, — деди Шабдан, тына калды байбиче, — ак ийилер, сынбас...

Өлгөн ким экенин сурады Шабдан:

— Чын болсо тана албайсыңар, кайсы элден экен, элинин алдына түшүп көрөрсүңөр, кунун бычып берерсиңер, мындан башка кыргызча айла жок буга.

Самидин:

— Бирак ким өлгөнү али белгисиз, өз ичибиз тынч, орустан да дунгандан да чуу чыга элек.

Шабдан:

— Муну ким изебилдеп, ким кууп жүрөт?

— Мен укканда эле бардым, уезд башы «көрөлүдөн» башка эчтеме айтпай ыңгыранып отурат...

Шабдан:

— Мындан келди, алар силерди саап алмакчы, а бул окуяга калыс болбой кызыкдар көрүнсө, анда бул иш өзүлөрү тараптан кылынган...

Жуманын аягында илгертен бара жүргөн Жетисуу аскер-губернаторунун эшигинде болду Войсковая Старшина Шабдан Жантаев.

Бу сапар жаңы аскербашы генерал-лейтенант Фольбаум шар кабыл ала албады, өз иши көп окшойт.

Жаңы өсүп турган ыйлаак талдын көлөкөсүндө колун артына алып тегерене басып, кээде токтоп, мелтилдеген сары талааны көзү үлбүрөп тиктеп, кээде узун кууш такта орундукка кайра отуруп, көзү сүзүлүп, не үргүлөгөнү не ички ой толгоо оор болупбу, былк этпей өткөрдү убакытын.

Баягы төрт атчан, дүпүрөтө келише аттарын байлай салышып, губернатордун күзөтканасына карап этектери далбактап басып калышты, алдыңкы Мусахан экен, оройуп бир тиктенип кетти. Кармоого ушул топ аралашканын сезди Шабдан.

«...чын эле өлтүрсө ал күнөө... колу менен кылганын мойну менен тартат, орус мыйзамы боюнча кесилген тийешелүү жазасын алат...» Ою ушу. »...ал байкуш үйүнүн жанындагы бирткe жерин талашты эле... укукташып жүрдү эле... ушу болгонбу айыбы?.. Ыя, баягы алды каткан Сураныч мудаасын ар жерде жыйын жыйып элге айтып алдастап жүрбөдү беле... ушу күнөөбү?..»

«Бу күнөө эмес, бу Росейдин башкы өкүмиятына ачык жазылган ой... — деди азадил адам, — муну күнөө деш өзү адалат да, адилет да эмес...»

«Ыя... кийинки күндөрү кылдан кыйкым, жумурткадан кыр издеше баштады го чоң эле, эстүү эле төрөлөр... Өз диним өз салтым десең — исламчыл, өз жериңи өз жерим десең улутчул имишсиң...»

«Ыя, ушунун өзү зорлук эмеспи?» деп өзүнөн сурады Шабдан.

Ыстамбул аркалы Меккеге барып, ыйык Каабага зыярат кылып «ажы» атанып келгени, өз рухуна такыбалыгы колония билермандарынын шегин күчөткөнү ырас. Ойлоо эле, сыртынан байкоо эле эмес, тымызын иликтенип Шабдан айланасынан «исламчылык», «түркчүлүк» изделип, ар кимден сурамжыланып «дознание» деген каралай турган тил, кагаз уюштурула да баштаган.

Мунун баары бу чоочун жерде Войсковая Старшинанын кара мундирин кийгизип койгон ак тооктой мүңкүрөп отурган кары адамдын өкүнч, арман толо баштаган көңүлүнөн бирден саналды, кайра саналды...

Күн чарасы улам чоңоюп, анысайын кызылы кочкулданып, кең талаанын этегине чөгүп, ага кошула «кабыл алар» деген жылым үмүтү канталап жошула батып баратты, ошо ээн калган, жалгыз калган көйүндө үңкүйө көзү сүзүлө улутунуп алды.

Жаш кези өмүрдүн башы сый-сыпат, жорго үстүндө дуулдап өткөн, андан соң эр жеткени буурусунга, орокко колу тийген жок, өзүнө тийешеси бар беле жок беле, аны азыр кайдан эстесин. Киши менен кишинин, уруу менен уруудун, зорлук менен аргасыз муназанын арасында бирде дөңүнө бирде аңына кабылып, мына ушуга келди акыры. Не убай көрдү!?

Убайы ушубу? Өзүнө байкалбай улутунган алсыз дем өзүнөн өзү чыгып, ал эми бул дүйнөдө эч кимге керексиз, эч кимге сөзү да, иши да өтпөй турган акыбалын сезди баягы «эл агасы» «даанышман» делинген, генералдар менен тең катар жүргөн Войсковая Старшина...

«Мал боор эт, аны да карабай койо албайсың, а бала уланган каның, үрөйү бир тири жаның...» дейт азыр «жабайы» аталып турган момун эл. Чын болсо, колу менен кылса мойну менен тартар, буга астейдил кайыл, эр өлтүрсө «уланган канын» жанын жеп танып калкалар табы жок, бирок, кокустук, жалаа болуп жүрбөсүн, эл ичиндеги теги бөтөн жааттын, төрөлөр жек көргөндүн эле курманы болуп кетпесин үчүн ат тезеги

жыттанган салбыраган ыйлаак талдын түбүндө эртеден кечке көңүл бөлүнбөй, «неге» деп сураган бирөө жок отурат...

Бу не күнү?

Улам оорлогон санаадан ойгоно албады, очорулткан ордунан өйдө боло албады Шабдан...

Ырас, дилгир Дүр эрте менен эле кадырлуу Шабдан Жантаевдин урматы улук аскер гебернаторуна жүз көрүшмөккө келгенин дүжүрбашы офицерге айткан. Куп деген, буерде баары билген Шабдан атын уккан соң офицер тез кабарлашка тез басып кеткен, бирок ушу күн уясына чөккөнгө дейре бир жаңсыл кабары жок. Дүр ошоякта.

Ирешире күүгүмдө эшигинен көрүнүп:

— Суранам, бери басыңыз, — деп калды кудай жалгаган дүжүрбашы. Жүгүрө келе «жүрүңүз эми...» деп колтуктан алды Дүр сүйүнө.

Мурдагы көргөн генералдар узун бойлуу, эти каңгаал, бийик кабак, бүркүттүн сараласындай салаваттуу адамзаадалар эле. Жаңы аскер губернатор Фольбаум ирени сур, көзү чекир, кара чач, бою да пас окшойт чоң столдун нары жагында дыгдыйган толо эки ийини араң көрүнүп отурган экен.

Көнүмүшү да, Шабдан саал ийиле ызат билдире мусулманча салам айтты акырын. Салам айтты деди окшойт, кыска күңк этип токтоду Дүр. «Ошо салам бизден» дегенчелик дагы башын ийе, бала үчүн кошоматы да ошо байкуштун, көзүн сүзүнүп койду Шабдан.

Алик алган белги болгон жок губернатор жактан. Мурдагылар ордунан тура келише кол алышчу, өзү кайра ордуна барбай, быяктагы кең диванга кадырлуу Войсковая Старшинасын, өз элиндеги орус өкүмияты карманар туткасын кол жаңсай чакырып, жүз ыкташа өзү кошо отуруп ден соолук сурашчу, эл абалынан кабар уккулары келишчү. А бу эргул кара кашын атайы үйрүп, борбогураак куш тумшугун салаң кыла чычканын көрүп калган үй мышыктай өңүп, эки чекир көзү заары да каары да көрүнүп мелтейип калды. Бу келген

туземчи жөнүндө өзүнчө кыйла терс кабар алып алган сыягы.

«Ой, кайдан келип, кимден каны аралашып орус болуп алган мунусу!?» деди Шабдандын дили да.

Кыска бирдеме деди Фольбаум, үнү чайылдоо чыкты. «Жо. Көөдөнү кең орустан эмес, бу бир шойкондон го...» деди, бу мусулманга оң тартпасын жүрөгү сезгендей болуп калды.

«Эмне сөзү бар экен деп сурады» деп мааниледи Дүр.

— Сөз эле ошо... баланын камалышы да... — деди Шабдан, — өзүң билип айтып көр...

Мөкүштүн камалганын, ага «эр өлтүргөн» деген айып коюлганын айтты, буга кошо бу киши баласын мындай кыянат ишке барбайт дегенин, калыс сурак болушун суранып келгенин кыйытты Дүр.

Эми кодоюп тура калды аскер губернатор:

— Ну, кызык бу, биздин суракты калыс эмес деп ойлойт бекен бу абышка!?

Дүр:

— Калысы го калыс ко, ошон этсе да сураныч кылып турат...

— Кандай бу, дайым эле суранган болуп!? — деп чаңк этти губернатор. — Билебиз, мен өзүм да окуп көрдүм бу абышканын Министрлер Советин кыйнаган кагазын!

Бери чыгып, нары бери басты:

— Ну, андай талап коюшка бу өлөрүн санап калган абышкасы түгүл бүтүндөй элинин акысы барбы!?

— Жок!! — деп өзү катаал жооп кылды Фольбаум.

Жооп берип көрсүнчү дегени, жаңы чоңдун чекир сары көзү чакчайды.

Акысы бар болсо бардыр, а «укугу бар» деп ким айта алат, айткысы келсе да буга окшогон заары азыр чагар жыландай ууртунан уу тамчылап турган неменин алдында кимиси батынат!? Бу абагына аз-зыр жаптырат! Таап көр ошондон соң арзыган «калыстык» дегенини!?

Көрүнөө тили буулуп турду Дүр.

Сөөмөй кезеди генерал Дүргө:

— «Сураныч» дегениңер Оттаман ордосунда сөз болуп жатат! Бу Улуу Россиянын мүдөөсүнө каршы панисламизм, пантүркизм! Мунун өзү силер кубанар окуя эмес, шоруңар!

— Ну, — деди андан нары Фольбаум, — атасы алжып калган абышка тышкы душмандын түрткүсү менен иштептир муну дейли, а баласы Ыстамбулдан жазылып келген улуу Россияга каршыккан мудааны көрүнгөн жерде айтып, азирети Императордун момун букараларынын ниетин бузуп басып жүрөт! Эмне кылалы, эр өлтүрсө анын чын жалганын сот аныктайт!

— Сен, — деди генерал Дүрдүн өзүнө, — буларга аралашпа, билебиз, сен деген сабаты бар, демекчи келечеги бар баласың.

«...бу байкушту ушул жерде жыгып албайын...» деп, Дүр бир да сөзүн которгон жок.

А чакчарылган кебетеден, чарк урган чагыр үндөн калыстык өнбөсүн Дүрсүз баамдады Шабдан:

...жүр, болду го сыягы, кетели... — деди акырын, унчукпай үңкүйө басып эшикти карай жылды.

Орус боло бир бурк эте сөгүнүп калды кожоюн арттан.

...Туюкта алсыз бүлкүлдөгөн көңүл ушуга чейинки көргөн жакшы күндөрүн тумалай сезип, бу дүйнөгө ырыскысыз, кадырсыз келип алгансыган туюмга чөгүп... кулагына те алыстан тамчылап келе жаткансып комуз кылы «диң... диң, диң...» диң... диң, диң...» угула астелеп үндөштү демсиз солгун көңүлүнө... те баягыда, баары жактан толукшуган убагында «шатман күү» «шабдан күү» черт десе болбой, Күреңкейдин комузу улам өксүк, улам арман кайрыкка оошо берген... ...тилсиз, «дүйнөнүн түбү ушу» деген турбайбы... ...мына, ошо экен...»деди. Дегенин өзү уга алган жок.

«Ыя, Шабдандын баласы өзүнө теңеп, тең тайлашкан кас көрүп өлтүргөн эр ким болду экен?»

Дили калыстын оюу бу. «Йе, көрүнгөнгө булгана беришмек беле!? Өлгөн өзүлөрүнө тете манаптан, же орустан болуп калышы ыктымал...» дешти.

Жо, ачыкка чыкты акыры.

— Эй, өлгөн неме сас-сып эле орустардын араккаларынын эшигинде жатчу татар малай имиш го!?

— Ким дечү эле ал жер жуткурду?

— Билбейм, «мас» эле дешчү эле...

— А-а... сен билбесең мен билем, бир жолу ыстыкан кагышып калган жайым бар, байкуш Бегишүп турбайбы...

«Ыя, не жамандыгы болду экен баатырдын балдарына ал байкуштун?» деген суроо, «...а ким билет, бир талуу жерин билип койгонбу...» деген жооп жөө туман болуп быксып тарады эл арасына. «Ким болсо да адам набыт болуп жатпайбы!?» дешти бооркер эл.

«Өлүгү табылды» деген күнү түштөн кийин эле Пишпектеги уездприставы бу өзү жулунган Мусаханды жол көрсөткөнгө кошуп, «шек түшкөн» деген Мөкүштү издетип, бир офицер баштаган он солдатын өтө шашылыш чыгарган.

Тиги эле Көкойроктун төрүндө козунун этине, бээнин сүтүнө, сулуу катындын жытына карк болуп, үймө-үй мейманчылыкта жүргөн жеринен Мөкүш кармалып, жүйө сөзүнө, каяшасына ким карасын, бир тобу мылтыгын окчо тутуп, бир тобу эки колун кууштура кишендеп, эки аягын ат белине чытырата таңып, үйүнө түгүл уездге токтотпой, түз эле Верныйга алып кетишкен.

Орус кармаган соң, нары да куралчан аскер келсе ким эмне дей алат!? Бирге отурган ак сакалдуу, кадырлуу эсептелген жергилик нестейип эле кала беришкен.

Мусахан «балаң эр өлтүрдү», «чыгар быякка» деп, кудайдан безген шайтандын жолоюна кирип, атайы айкырык салып кетпеди беле!?

А бу күйүккөн Мусахан ким?

Те көп жыл илгери эшигине соорусу чаар кырк байтал айдап келип, «убактылуу» деп жайыт суранып кеткен Алпысбайдын баласы. Не иш бүтөрүп жүргөнүн эч ким билбейт, бир күнү кыргыз ичинде, бирде казак арасында, а көбүн эсе кези келсе орустун төрөсүн жандап калып, кээде араккорлоруна жоро болуп, «...о-о, Муса бала бир күнү кыргоол, бир күнү күл тепкен төөк» делген, күлү додо болбогонсуп көрүнгөн неме, бирок дайыма көңүлү камсыз, карды ток. Эң акыры «зарыл далил» табуу убагында «күнөөгө» күбө өтүп жүргөн бир аңдуу мекеменин бакан оозу экен.

Ошо «...өлтүрүптүр...» деген күндө түгүл ошол жума ичинде агасы бу чөлкөмдө жок экенин, кайда жүргөнүн, кайда түнөгөнүн көптөгөн күбө тартып, ар биринен «кудай алдында» деген тилкат алып, этегине ар биринин бармагын бастырып, уездге жеткирип, бу жалаа экенин көп эле жолу ымала кыла жүргөн уезд төрөсүнө анын көзүнүн агы менен кошо тегерене айтып, сунарын сунуп, өз көңүлүн кыйла тындырып кетип турган Самидин.

Бир күнү ошо уезд төрөсү өзү чакырып калды аны. «А, кудайга шүгүр, иш акыйкаты жагына оодарылган экен...» деп кубанып, төрөнүн «сүйүнчүсүн» уялбагыдай кылып келди. Кирип келе жатып эле кабагы суз экенин көрүп, жүрөгү бир жамандык сезип козголо түштү Самидиндин.

Төрө алик ордуна стол үстүнө бир парча кагаз таштап, «окуп ал» дегендей буркуюп калды.

**«ПИШПЕК УЕЗДИНИН БАШЧЫСЫНА,**
**2 ноябрь 1911 г.**

**Сарыбагыш болуштугунун болушу Саметдун Шабданов ушу 2-ноябрдеги Приказ боюнча ишенимсиз болгону үчүн кызматтан бошотулсун. Анын ордуна Чымалган кыргызы Мусахан Алпысбаев коюлду. Тезинен орундалсын бул Приказ. 23103.**

***ФОЛЬБАУМ.***

*(Шабдан тукумунун өз архивинен)*

Чоң мектебин көрбөсө да өзү болуштук кызматына зарылдыгына жараша жергилик орус мугалимдеринен бирткелеп сабак алып тамга таанып, түшүнүшүп калган. Окуп, «бу не деген» дей чычалабады, «менин күнөөм не» дей актанбады, «мени эл шайлаган» деше укукташпады:

— Өкүм силердики, мейли... — деп ырсайганы кайыр дегени, баш ийкегени боло акырын чыгып кетти Самидин.

## 8

...Кара жер түбүнөн жылымдап, жазгы күндүн үлбүрөгөн алсыз нуру кошумча, тоңу жумшап ар жеринен жаздын көк мончок гүлдөрү эки ачалана кылтыя баштаган кез.

Бир жагы карылык деген жаман жоо, бир жагы баланын көйү, былтыркы күздөн бери өзүнөн өзү эле мүңкүрөп табы жок баатырынын, «оңолуп кетер...» деп жүрүп акыры ушу, төшөгүнөн өзү өйдө боло албай калды. «И, жыгылган экен го бу дагы...» дей турган суук тилге илинтпей байбичеси даарат ушатканга да өзү сүйөп алып барып, кайра сүйөп киргизип калган.

Көргөнгө атайы келген кишинин дидин Шааке үнүнөн эле, үрөйүнөн эле билет, кокус оозунан какырым сөз чыгып кетпесин деп, «...шүгүр, бүгүн түзүк баатыр, кичине чырм эте калды эле...» деп киргизбей кетирип койот. Сынакы сырдаш болсо ошондо да «...көп отурбагыла... кыйналып калбасын...» деп эскертип киргизет, башын көтөртүп жаздыгына жаздык кошуп бийиктетип жүз көрүштүрүп араң «салам алик» кылдырат.

Сый билген келсе, чын эле көзү ачыла оңоло калгансыйт бейдарман:

«...а түзүк... жакшымын бүгүн... — деп жооп берет суроого, тулабою талып, жан дүйнө айланкөчөктөнүп отурса да эрини бек кымтылып, онтобой, кыңкыстап кейибей жатканы жаткан.

Ушундай күндүн бири, атайы чогулушканбы ар уруктан «ак сакал» «көк сакал» оозунда сөзү, сөзүндө маани бар салабатлы адамдар келип калды эшикке.

Үйгө кире кырка салам айтышты, колун сылап көңүлдөрү көрүнөө ийиге учурашышты, тааныгандай болду бейтап да:

— А... а... келгиле... — дегенге араң жарады эттен ооп, өң-алеттен, сөөлөттөн ажырап калган бейдарман. «...жакшысызбы...жакшы болуп калдыңызбы» деген акырын айтылган аяр сурамжыга «...а эми...» деп, алсыз баш ийкенип койду. Бу эки анжы маани, бири «...а эми түзүкмүн...» дегендей өмүрдөн үмүт, бири «...а эми барар жайга барар болуп турабыз...» дей тиги дүйнөсүнө мусулманча кайылдыгы.

Чыйралды бир убакта:

— Айтылат, «ооруу адамды барып көрүп, алын сурап, астейдил көңүл төтөк кылыш сообу Меккеге бир мерте барган зыярат сообуна тете» деген маани айткан пайгамбарыбыз...

— О-хо-о, — дешти, — адам көңүлүн ушунчалык бийик койгон бекен азиретибиз!?

— Мусулманчылык... — деп көзү кайрадан үлбүрөп, баш ийкенип койду Шабдан, — ыразымын, жан туугандарым...

— Эми бек кармаңыз, баатыр, — деди бири, — жараткан Алладан берешен, бооркер эч ким жок дейсиз го өзүңүз, Аллабыз жардам берсе бу ооруу бир күнчө билинбей туруп кетесиз!

Улам бирин тиктеп, ичтен чыйпыйы чыгып, «...болду, көп сүйлөтпөгүлө, чарчатпагыла, айланайындар...» дегенин көз менен жалынып отурду Шаакеси.

Жо, аны назерине албай:

— Эми, баатыр, — деп ооз толтуруп калды бир сакалы, агы, айтылар сөз эми айтылар окшойт, дым боло калышты баары, — кийин, эртедир-кечтир айта жүрөр кеп калсын элге... сизди, баатыр, жумурай журтуңуз «баатыр» дейт, өзүңүз айта аласызбы не касиетиңиз менен «баатырсыз?..

Баары ийменген Шааке байбиче чап салганы калган ургачы жолборс өңдөнүп эки көзү октоло калды. «Немене!? Туу болгон тууганын эмитен эле өлүмгө кыйганы калганбы булар!?» деди сөз келсе тайу тартпаган саруу кыялы:

— И!? Неге керек болуп калды силерге!? — деп жиберди ачык азыр эле буларды сүйрөлтүп куттуу үйүнөн айдап чыккыдай жаалы сезиле.

Ийменген жалгыз баатыры каны качкан колун араң көтөрүнүп койду, эринин тиштене тим боло калды байбиче, ана баатыры көзү үлбүрөп ымдалып, айтар жооп акылына чүргөлө бербей тургандай, бирөөгө кулак туткан сыяк, акыл күткөн сымак эки жагына жаак ийе көрүнөө кайсаланып калды:

— Не дейм буга... — деп сурап алды өзүнөн өзү, — «баатыр» деп жүрдүңөр, «баатыр» дегиле деген эмесмин бириңе да... — ойлоно калды, «ыя» деп алды, — «баатыр» дегидей найзага түшпөсөм, Эр Манасча кол баштабасам, ыя, неменем баатыр?

Тигилер бири үңкүйүп, бири ушуну сураганга бушайман, көз сүзө мелтиреп калышты.

— Эми, — деди акырын энтиге Шабдан, — мен эми... эсимде жок, бирөөнүн көңүлүн калтырбадым, бирөөнүн акысын жебедим, бир жолу да никесиз зайыптын этегин ачпадым...бар болгону, мусулманча өмүр өткөрдүм...»

— Йе, — деп тарк этти баягы дымагы башынан ашкан гөй тууганды бири, — ар мечитте бирден отурган молдонун баары эле баатырбы, мындан келди!?

Чакмактай чарт тутанып кетти ушуерде Шааке:

— И-и!? — деп ар бирин атырыла тиктеди, — күнүгө жака айрышкан, бириңин көтүңдү бириң сагызгандай чукуган, катыныңарды түгүл кызыңарды аңдышкан немесиңер силер! — Кана, — деди андан ары, —жан тууганыңар айткан «көңүл», «акы», «этек» деген үч нерсени мен өтөп жүрөм деп кана, кимиң айта аласың!?

Жазгы утурку илдиреген байкуш чымындын «дың кың» эткени даана угула калды бирпаска.

«Ы-хыхы», «и-хихи» деп күлүп алышты гөй туугандар.

— Жо, айта албайбыз, байбиче, — деди суроо салган аксакал ничкерип, — мындай жүрүм биздеги бири дүпүрөп жетинген, бири күзгү жалбырактай калтырап жүргөн дүйнөдө ар кимге оңой эмес экен...

— И, ушу, — деп ыразы болду Шааке, жумшарып, — ушунун өзү баатырлык түгүл азизлик эмеспи!? Тууганга туу, жамы журтка ага. Төрт никесинде ар биринин күнүн өткөрбөй барып, жылуу жүз менен көңүлдөрүн алып, ылгабай балдарын эркелетип, аталык мээрден бирин да алакчылабай тегиз берип, тегиз тарбият кылып жүргөн адам.

Көрүнөө көңүл агарып, көз бажырайып баш ийкенип калышты. «Шашылышка» деп, сый оокатын баласына бербей катынып, дайым камдуу байбиче, сорусунан күмүш чачбагын шагырата ылдам жылдым кыймылдап, «тыз» эттире чайын тез кайнатып, дасторкон жая бышылы турган казы-картасынан өзү туурап алдыга койду.

Купуя «о-хо» дешип, эле, нандан ооз тийип эле казыны көрсө шилекейи агып көнгөн эргулдар, «досуңун ашын касыңдай качыра же» дегени ач лабизге шылтоо, карышкырча лукулдатып, артынан көп ичип көнбөгөн чайдан шорулдатып алышты.

— Эми, баатыр, — деп калды каниет алганы майлыкка манчыркай колун сүртүнө, — сурагыдай, уккудай сизде арман деле жоктур, эми...

Эки уурту али чулчундап отургандар көз кыйыгын жиберип калышты жан тууганына. «Эми не дей алар экен?..» дешти ичтен.

—Шүгүрлүк кылсак да болмок... бирак... — деди Шабдан акырын, тигилер чайнаганы лып токтой чулчуя калышты, — шартка жараша биз көнсөк да зулум теңчиликке көнбөй, бейчара элдин Суранычын назерге алышпай коюшту го... арман десек ушу арман болуп калды...

Улутунгансып ийин кагып алды:

...жалаага аралжы түшө албадым... бир арман го бу дагы...

— О, аттиң ай, — деп жиберди аксакалы.

Күйүтүнө кошо күйгөнгө көңүл койгонго жарай албады бейдарманы:

— Ыя... — дегендей болду өзүнө, көз алдына келе калдыбы, буларга эмес ошого шыбыш кылгансыды, — ыя... акыры кору болор... шору болор күнү ушубу... не найзага жалгыз чаап Курманбеги болуп бербепбиз... не... не Болоту болуп дарына барып өлбөпбүз...

Шааке байбиченин эми көзү чекирейип кетти. «Йе, кокуй, келсе келип жөн абал сурабай... ыя, арманың барбы деп качанкы жарасын тырмап... ыя, бу не деген өлөркү сөзгө такап... же «сен эми өлөсүң...» дешпи, кокуй...» деген дилин тепседи. Кумсара, баарын бир имере тиштене тышка карай көз шилтеп жиберди.

«Эми..» дешти, тура башташты, «...сакайып кетиңиз...» деген болуша чыгып кетишти туугандар. Сезе алган жок Шабдан. «...сапары карыптыр...» деген ой бирине тымызын кейиш, а бирине таба болуп, ачык эле ынтыга кобурала кошо кетти.

...Ошо оор күндөрүнүн бири, таңга жуук муңканып созулган аваз угулду мечит жактан.

Бейтап акырын аягын тартына башын көтөрүп:

— ...азанбы... — дегенге тили күрмөлдү араң.

— Ийи... азан... — деп акырын күбүрөп жүзүнө эңиле калды байбиче.

— Ыя, Самидинби?..

— Көптөн бери өзү айтып жүрөт ко Самидиниңиз...

«Бир суу элге огожо бала эми мечитине да өзү баш» болуп туюлуп көңүлүн жылытты окшойт:

— Шүгүр... — деди деми алсыз, — а түзүк...

«Сары санаасы азбы, бу да кошулсунбу үстүнө!?» деп «бир суу элдин огожолугунан» бекер кылынганын атасына эстүү бала айткан эмес. Тиги эле Анжиян Медресесинен жогорку Ислам илимин алган бала бул тар дүйнөнүн чырынан кутулгансып көңүлү тынчып, Ак

жолуна өтүп, өзү азан айтып, өзү имам милдетин алган. Муну да айтпаган, эрте менен бир келип, кечинде бир келип, атасынын жанына отуруп, «келме айтчы» десе өзү да бууну бошойо күңгүрөнүп айтып кетип жүргөн.

Кулак төшөп, эрини кыбырай азан сөзүн кошо айтып, үн басылганда ал дагы бата тартынып койду жүзүнө.

Өз ыйманын өзү айтып, 1912- жылдын 4-апрели күнү Шабданы да өттү дүйнөдөн...

Сөөгүн бир тууганы Төлө ажы кармады. Кабарчы чаптырылды төрт тарапка, уезд башы төрөгө да айтылды кабар.

Те төмөнтөн эле бирөө атынан түшө боздоп өкүрүп келе атканы көрүндү жамыга.

«Бу кайсы күйөрман!?» дешип калышты чуу арасында. «О, бу кайдан, бир кудай өзү жалгаган го...» деп аптыгып кетти тааныган. «Мөкү бай аке-е!» дей бакыра далбактап чуркап калды бирөө алдына. Түйшөлө түштү эл, дуу дүү толкуду эл.

Чын эле Мөкүш, уезд башы төрө кошо жүрөт. Кийин билинди Жарым Паша «атасын көмүп келсин» деп чыгартып, уезд башыга коштотуп жеткирткени экен.

Тууганы ким, жалаага күбө өткөн ким, баары аралаша дүбүрөп алдын тосту эл, ошо дуулдап ортого алган бойдон баары кошула кайра өкүрүп, тегерек тарта катар тигилген ар бир үйдүн эшигинде тургандар дагы өкүрө тосушуп, үн кошул ташыл жаңырыктап, тоо арасы каңгыр-дүңгүр болуп кетти.

Уезд башы десе уезбашы, келберсиген төрөгө көңүл бөлгөн бирөө жок, көрүнөө ажалдан аман келгенсиген өз баласы Мөкүшүн уюлгуй ортого алышып, жеткени кучактап, кол алышып, жетпегени те алыстан көз учуратса «кагылайы-ын» дей өңгүрөп, «аман келдиңби» сурашып калды эли.

А Мөкүш саламга да, аманчылык сураганга да, жа-

шыганга да баш гана ийкеди, эч бирөөгө үзүлө түшө калбады, кабагы үйрүлгөн, иреңи сур бойдон. Быяктагы жалаа, тыяктагы кордук аны мышык эмес, капкандан бошогон кектүү бөрү кылып сомдоп койгон сыягы. Жүзүнө тырыш түшкөн, чекесинен, жаагынан жарылып айыккан тырык көрүнөт. Эттен ооп, бою шырыктай узаргансып калыптыр. Көзү гана баягы, тик бойдон, эч кимден айоо күтпөс, эч кимди аябас, өзү да аянбас жанкечтилик сезилет.

Бирок, бирин тааныган, бирин тааныбаган көпчүлүк ага ийрилип, көзүн карап, көңүлүн самап турганын себей койгон жок. Өзү бир кезинде тымызын «жөнү жок кечиримпоз» деп жүргөн кайран атасынын «...эл ичинде каласың...» дегени ушул азыр дилдине келип, ал сөздүн калетсиз экенин эми туюп, эми ынанып отурду. «Болуптур, өз эл деген ушул экен, анын келгенине астейдил көбү көзүнө жаш алып кубанып, ата өлүмүнүн кайгысын кошо тартышып турат... а кайра келбес болгон эл агасынын нускасын кимиси нускалай алат, кимиси акылын айтып жүрө алат?..» Бу санаа анын башына көк туман болуп имерилип калды.

Кошо ала келген бир рота аскерин сөөк жаткан өргөөгө эки канат кыла кере тургузуп, ардак кароол кылды уезд башы. Сүр, салтанат болду аны сайын.

«Сөөк коюу ырасмин, салтанатын Сооронбаев Дүр башкарсын» деп чечти уезд башы. Эл дым боло калды, атасы өлүп турган балдар тиктешип алышты. Бу эмне? Бу Шабдандын ордуна Сооронбайдын Дүрү коюлат деген мааниби!?

Чын эле Дүр мырзанын сөөлөтү төрт болуш элге таанылып, акылы жетинип, кадыры арбып калган:

— Жо, — деди ал, — өз атасынын сөөгүнө мусулмандан дин билген, өкүмияттан сыр билген уулу Самидин эге боло берсин...

— Бал-ли! — дешти кулагы чалган эл.

Ушу учурда те төмөнтөн чамгарактаган кош кара ат чегилген үлпүнчөктүү жеңил орусча араба, аны коштой текирең таскактаган топ көрүнүп калды.

Жамырап карай калды эл.

«Ыя, азирети Жарым паша өзү келе жатабы!?» деген ой желп этпей койгон жок.

«...о — о... баурым...», «...О, акем ау...» дей өкүрүгү чыкты.

«Казактан окшойбу?» дешти.

Жеңил арабадан чыга узун бойлуу сары эле орус, көз жашы ирмелбей төгүлө «...акем ау...» деп айгай салды, түрү казак эмеси казак эмес, болсо татар болор, казак атасын «аке» дейт, астейдил күйө токтоно албай эзиле энтиге «о, акем ау... о, акем ау...» деп өксөп турду чуу арасында.

«Ой... аталайт ко!?»

«Ыя, чын эле, качан биздин баатыр орустан катын алып койду эле!?»

«Жашырган го байкуш...»

Бири күбүр, бири шыбыр боло түштү ара. А орус маид жаткан өргөө эшигин бир сыдыра тиктеп, акырын баса келип Мөкүшкө кулач жайды, бир кур чыканак тосуна боюн жыйрый калды Мөкүш, бакубат орус анысына токтой койгон жок, капшыра кучактап, өңгүрөп жиберди.

— Кайдан көрүштүк эле?.. Мен тааный албай... — деди Мөкүш акырын.

— Сиз тааныбайсыз... — деди орус, а менин көзүмдө калган... боолгоп турам...

Элтейип тиктеди Мөкүш.

— Мен жетим элем го... — деп кайра жашыды лакыйган орус, — эки колум сунулуп... атамы күтүп турган элем го...

— Ой... — деп чоочугансып кетти Мөкүш, — о баягы дунган Булар байдын...

— Ошо... дунган эмес, Чабден бай акем бак берген жетим Михаилмин...

— Кел, кел...Макаил... — деп ийикти Мөкүш, — мына ушин этип... атаңан айрылып отурабыз...

Чала болсо да булардын оозунан өз ысмын укканга аны сайын эреркеп дагы бир кучактады, «мас го...»

деген кыяз келди Мөкүшкө, салына түштү кабагы, ичкен багага келбейт, жо жыт жок, кайра ийикти. Жакын турган Самидинден башка эч ким деле уккудай болгон жок булардын шыбышын.

Те нарыда «гөй тууган» наамдуу бири:

— Чокунган десе ишенишпейт, мына, орус катындан туулган баласы бар турбайбы!? — деди мулуя.

Бири:

— Ошо да, нике буйрулбаган орус катындын арам койнуна жатса каапырлыгы ошо да... — деп ачык таба кылды.

Ооздорун кол менен басынып, нары үңкүйө жүз жашырып имерилип калышты.

Маид жаткан кең өргөөдө Шааке байбиче өзү, тириден эки күндөшү, келин кесеги, кыз кыркыны улам тыштан өкүрүк чыккан сайын үн тартыша кошок айтып отурушкан.

Биртке шыбыш аралай калды. Шааке: «И, силердин неңер короп турат, — деп сурап койду акырын, — никелеп көңүлү чапкан, не жакшылыгы тапкан, не жардамы баккан баласы болсо болгондур... И!?»

Дым боло калышты кошокчулар.

Шааке:

— Ыракмат... — деди, — кимиси болсо да унутпай «ата» атыккан адамдын тазиясына келип турганына...

Ичкериде чуулдаган кошокчуларды токтотуп, даяр болгон бийик такта секиге Төлө ажы Сагымбай манасчыны өзү сүйөп чыгарып:

— Айт эми баатырыңдын санатын... — деп салды.

— Э-э-хи-и-и... — деп муңканып баштаган экен Сагымбай:

...эч ким качып кутулбайт
Эр Манасың баргандан,
эл агасы, туткасы
эсил Шабданың көчтү жалгандан...

...барбай пенде калабы
пайгамбарлар баргандан,
бар акылдын нускасы
баатырың көчтү жалгандан...

...кыйчалыштан жол тапкан,
кыябы менен эл баккан,
күндүзгүнүн чырагы
шам жыгылды кыргыздан...

...бурулуштан жол тапкан,
муназа менен эл баккан,
караңгынын жарыгы
кан жыгылды кыргыздан...

...сыр кеседен сыр кетти,
кызыл өңдөн нур кетти...,
сынакы элден сын кетти,
кутман журттан кут кетти...

...маңдайлашкан жоо болсо
алдын тороп ким чыгар...
тандайлашкан доо болсо
акылын таап ким турар...

«...о, аттиң ай...»
«...кадырын билбей өткөргөн экенбиз го...»
«...эми ким ордун баса алат...»
«...эми ким элине арка боло алат...»

Көбү тең туугансына, көбү төр талашкансый жүрө байкалбаган баатыры эми көз алдыга келе, айта албаган сыпат эми оозго тымызын кире көңүлгө асыл түйгу, аттап өтпөс касиет сезилип, элди күңгүрөнтүп, элди түйшөлтүп турду улуу арман...

Эртеси, улуу шашке убак эле.

Сөөк аруу жуулуп, ак кепинге оролуп табытка салынган соң ичте жаткан он айы кошо эсептелип, 73 өмүр жаш делине чылбыр тегеретилип Дооран Ырасими кылынды да табыт өргөөдөн обочо таза дөңгө коюлуп, дааратттуу нечен жүздөгөн мусулман кыблага жүздөнүп, нечен катарлана тик туруша ыракматы Шабдан Жантай уулунун Жаназа Намазы окулду...

Табыт колго алына көтөрүлөр замат ээрчиген, те төрт тарап адыр боорунда жайнаган, кырларда кылкылдап турган сансыз эл улам дуу, чуу жарыла өкүрүк өксөө көккө чайпалды...

Табыт алдын Мөкүшү менен Самидини алган. Селдейип туруп кала албай, токтоно албай жыш элди жулкуна аралап, алдастап жетти Михаил:

— А... агалар... — деп аптыкты, — мага бергиле... мен көтөрөйүн... агалар...

Сыйыным башка го!?

Ушул ой кылт этти Самидинге:

— Кой, сен мында маид чыккан үйдүн эшигинде кал, Макаил, сен бир тууганcың бизге эми, бирөө-жарым кечиккен үн чыгарып келип калса сен өкүрүп тосуп алып тур... — деп жүйөлөп алаксытты.

Буулдап кала берди Михаил...

...Бар мусулманчылык ырасими өтөлүп, сөөк кыяматка чейин тынч жатар түбөлүк жайына берилди.

**«...бир Алланын кулу**
**Шабдан Жантай углу 1330-**
**ижра жазынын 17-си жума күнү**
**73 курагында дүйнөдөн өттү...»**

— деп коюлду Кадырташ...

**«ТЕЛЕГРАММА**
**Ташкент, 8-апрель 1912- ж.**

**Көңүл айтам оор кайгыга, көзү өткөн атасы Войсковое Старшина Шабдан Жантаев сыяктуу эле анын балдары да азирети Өкүмдарга жана Россияга берилген болушат деген ишеним билдирем.**

***Генерал-губернатор САМСОНОВ.»***

*(Шабдан тукумдарынын өз архивинен)*

Маид коюлган соң келди Жарым Пашанын кагазы. Мында өлүмгө бир ооз көңүл айтарын айтса да, «балдары да атасы сыяк Өкүмдарга жана Россияга беринди болоруна ишенем» десе да толук астейдил эместей, демек өлкөнүн эртеңки күнүнөн санаасы булаңгыры сезилип тургансыйт ко...

# 9

Кара аш тартылып, желип, шаулдата ар топто куран окулуп бүтөр замат каралуу Шааке байбиче тезинен Мөкүш менен Самидин экөвүн алдына чакырып:

— Балдар, — деди, — эми «жейли» деп желип жеткен жат тарайт, «көрөлү» деп өңүп келген өз тарайт, куту кеткен ээн үйдү ким карайт!?

Туугандын туву, өз үйүнүн куту болгон ата кара жерге жашырылганына не ишене албай, не ишенбей койо албай көңүл өксөп, бөйрөк бөкшөрүп, кайгы нес кылган балдарын.

Шааке:

— Бирин алакчылабагыла, унутпагыла... Оң атпайдын ар уруувунан бирден беш манжадай санап чакыргыла... азыр... агасынын сөөгү чыккан мына бу үйгө...

Не үчүн деген сыяк, сөз арты күткөнсүшө элтейип калды балдары.

Шааке:

— Кеңешер кеп, биргелешип бүтөрүп калар бүтүм бар. Атаңар «өлдү-өчтү» дей тургандан эмес, биз кийинки ариетин өзүбүзчө эптеп койсок туугансынган эл таарынат, кинээси болот эртедир кечтир...

Бу кемпирдин бир айтканын баатыры деле чеки деген эмес. Баш ийкешти.

Чакырыла турган жакшылар али «кайталы» деше элек болучу. Тез эле быягы Сары өзөн, Көл, тыягы Кочкор Жумгал, Атбашы Наарын уруу башылары ар бири сөөлөт кармана, барк байката кериле басып келише, адеп ошо, улуулата төрлөшүп калышты. «Дагы бир эң акыркы тилават окушка» деп ойлошкон сыягы, бири кыраат чоюп куран окуп, «кайран баатырга эми кудай тиги дүйнөсүн берсин» дей бата кылышты. «Эми, байбиче, кайрат кылыңыз, балдарга баш көз болуңуз...» дешти.

— Чакырганым... — деп акырын ооз ачты баятан карасын бүркөнө былк этпеген Шааке, — үй ичи дым боло, көз ирмелбей тигилди ага, — элинин Оңу менен

Солуна, тууганынын кичиси менен чоңуна бирдей адам эле го агаңар!?

«О, албетте..., ким кыңыр дей алат...» деген акырын коштоо чыгып, аярлар башка маани күткөнсүп, кайра тез басыла калды.

Шааке:

— ...бу кишинин чоң ашын качан өткөрсөк дейсиңер?.. Ким жоопкерчилигин ала алат!?

Дым боло калышты дагы.

— Өлүмдөн башканын тези жакшы дейбиз го... — деди бири.

А бири:

— Көктө ово, жерде эл бузулуп... ырас эле тез эле быйылкы эле коңур күздө өткөрүп алыш оң го... — деди.

— Жөнү бар, — дешти баары.

Жесир байбиче карасынан жүзүн дагы эле кылайтып ачпай акырын баш ийкеди, бүткөнгө окшоду бу бүтүм.

Шааке:

— Мына, өзү отурат кагылайын, Байсал уулум кайран баатыр атасынын чоң ашын жакшы көтөргөн. Биз андай кыла албаспыз, ошен этсе да...

Үй ичи жым боло түштү дагы.

Жер тиктене майыша калды Байсал, өз атасынын оор тагдыры «жаман тууган көрө албайт, өлүп берсең көмө албайт» болуп кирди окшоду оюна, ал жаман туу-ганга кычашып «сайдым» деп солто атпайдын жайытта жүргөн жылкысын туягын санабай баш байгеге сайып жиберген. Байгеден Байтиктин нечен азый боло карыган Геркашкасы чыгып берип, дили кас тууган-дын кинээсинен өйдө калган.

Байсал сыдыра тиктеди эми:

— Мейли, Байтик өз атам болсо, Шабдан аяш атам, көтөрүшөбүз,— деди акырын.

— И-и... — деп калды бирөө мыскыл сездире, — дагы сазсыңбы, и-и...

Кыжыр чачына катуулап кетти Байсал:

— Неге мыңкылдап?! Мен аяш атамын чоң ашы-

нын байгесине да сайдым солто атпайдын жылкысын!

Үн түгүл шыбыш тына түштү, бу үчүке, тынай тукумуна көрүнөө басмырлоо болуп угулду. «Ырас гана болду» дегени сыяк асте кымыйып дем тартынып алды бугу Кыдыр.

— О, ко-ой, — деп калды үчүке Чоко чоюла, күлүмүш боло тырчып, — күүлөнбө, атаңын күлүк керкашкасы жок азыр, чабылып каласың, ө-өй!

— Йе, — деп кыжыры келди тыяктан Көкүмбай саяк, — атасы бир чапкан саякты эми бу кайра бир чаап алып кутулуп койот да!?

— Мейли, — деди Байсал Чокого чакчарыла, — мен айтканымды кылайын, «чабыласың» дейсиң, сен дагы өз кебиңе карал бол, сенин атың чыкса барып мени чаап ал!

Сөз катуу, баягы ыркы жоктук, бирок каралуу жесирдин көңүлүн аяп, эстүү Кыдыр баштап күлгөн болуп калышты тамашага чаптырыша.

Жесир байбиче:

— Эр эңиш, эр сайыш, балбан күрөшү болсунбу?

«А булардын жарасы жеңил...» деше макул болбогону калган жок.

— Эми, — деди каралуу жесир, эми көз көтөрө сыдыра тиктеп, — ушунча кадыр сый тамашасын, шаани-шөкөтүн... ыя... көз ирмем сайын дуу-дуу оодарылып толкуган көпчүлүктү ким башкарат?..

«...тиги дүйнөгө кеткендин арбагы ыраазы болгудай, бу дүйнөдө калган касынын да, досунун да көңүлүнө толгудай ариетин өткөрөр кимиң барсың...» болуп угулду.

«Коку-уй... — деди бири ичтен жактырбай, — мунун ою менен боло берсе тиги эле Көкөтайдын ашын кылдыра турган го бу кемпир!?»

Жини келгенсип мелтейип, өчөшкөнсүп унчукпай жооп күткөнүнөн көшөргөн талабы байкалды кемпирдин.

Те кыйлада:

— Бу... эми... байбиче... ар түркүн жырткычты бир кепташка камаган сыяк кылдыңыз го бизди... — деди бугу Кыдыр.

«И-ки!?» дешти, тиктешип калышты. «Немене!? Башкара албай турган немене!?» деген мардем ой толо калды ар биринин дилине.

Кыдыр сөз такмазалап, тиги дымактары чекесине түйүлүп отургандарын ар бирин атайын имерип тиктеп, — солтоңуз элдин тогу...

«Уктап калат ныксырап...» деген маани.

Кыдыр:

— Саягыңыз элдин шогу...

«Бөөдө чатак чыгарып койот...» деген түшүнүк.

Кыдыр:

— А, — деп эки алаканын шак коюп таштады, — кылжырдын эки баласынын барынан жогу...

Шабданынын сөөгү али жаткан сыяк тымтырс боло калды үй ичи. А арга издеп отурган жесир «башкарар эч ким жок» дегендей түшүнүп, көз жашы кургап бакырая калды.

«...кылжырдын эки баласы» деген бири үчүке, түлкү уругу, бири бугу тукуму. Эки бир тууган өз тобун бирге ийриле башкармак түгүл кийинки жүз жыл ичинде чоңдору бирин бири кажып, кичинеси жолошсо эле ыркыраша сөгүшүп, жака айрышып тууганчылыгын унутуп калышканы тамсилденди.

Муну бир орчун маселенин кыябында эске алып отурган Кыдыр өзү ошо «эки баланын» бири бугудан. Бу эси даана кишинин айтып түгөтө албаган, жүрө кыжырга айланган арманы, айыкпас түпөйүл көңүл оорусу тура!?

Кергичтеп кетишти:

— И, бу кандай, ыя!?

— Ыя, биз мунун атасы койгон атына кошо «аке» деп жүрсөк!?

— Тиги тигиндей, бу мындай деп!? Этек ачып!?

Күлүп койду Кыдыр акеси:

— Этегибиз алдакачан эле ачылып калган. Тиги эле Анжиян, Аксыга, Самаркан, Коконго угулмак түгүл, оңурайып көрүнүп бүткөн.

Ачык кекетти аны бири:

— Макул, сен башкар, андай жалгыз акылгөй сен калсаң!?

— Башкарар киши бар, — деп койду Кыдыр акеси терикпей, кайра мазак сездире сөз ныктап, — билесиңерби кыргыз эки канат, Оң, Сол? Силер Оңуна киресиңер, Оңу адигине, тагай...

Эми өзү да токтолуп, «элсиңер» депби, «маглуксуңар» депби, кай сыныңарды айтып күйөйүн деген кыял өкчөгөнсүп ойлонуп дидин улады:

...адигине агаңар, ошолордон өз заманында ордо башы болгон Алымбек датка аваңар өткөн, ошонун тириден чоң уулу Маамытбегин куру намысты коюп чакырып, ыя, башкартсаңар болбойбу!?

Үчүке Чоко кумсара бой кере калганда ага «бас боло тур» дегенчелик кескин кол жазгап койду:

— Билесиң баарың, ар кандай топ, ар кандай ариет ошо башкарган адамдын баркына, билгилигине жараша не көккө көтөрүлөт, не кара жерге тепселет!

— Кеп ушу... — деп жиберди Шааке, каралуу башын саал ийе ийкеп буга макулдук, ыраазылык сездирди да, Мөкүшкө жүз бакты, — эми, балам, бар каржысын, кем каржысын өзүңөрчө бүтөрө бересиңер...

Чууруп чыгып кетти баары.

Жалгыз калды Шааке, ой басып, көзүн сүзө үлбүрөп отуруп те бир убакта бир чоочун мусапыр келген күн түштү эсине...

...Көп болду андан бери, жаздоо беле, те алыстан бири атчан, экөвү жөө жалаң үч караан келе берген. Эшиктеги кабаган дөбөт аларды көрө ордунан туруп, ит милдетин аткарып үрмөкчү да, бирок үрбөй, карап эле калган.

— Ыя, ит үрбөй калды, жөн жолоочу эмес булар, тосуп алгылачы... — деген ошондо Шабдан.

Эшик-эликти караган бүлө утурулай бара «кимсиңер», «каякка» дегенине атчаны жооп айтпай жүз үйрүп, а этегин кайра кыстанган боз улан балдар деги эле укпаган сыяк, ат тизер кермеге келе беришти. Боолго калды окшойт, леп тура басты Шабдан, аңгыча атчаны:

— Ассалому а-алейку-ум, баатыр ага... — деп саламга келип жиберди.

Өзүн да, үнүн да тааныды Шабдан, кабагы жадырай алик алды, «о кагылайын...» деп күбүрөнө колтуктан сүйөй атынан түшүрүп алды, оңду-солду төш тийиштире кучакташып көрүшүп калышты. «Бир кудай өзү сактап, эсен соо барсыңарбы?..» деди үнү каргылдана.

Улук деген, бийик деген эл агасы ушунчалык үйрүлүп түшө калган булар кимдер? Эшикке чыга келе, ал кезде кызылы кызыл агы ак маңкайган, али келин сыны бузула элек Шааке айым элтейген. «Ыя, бу мусапырларга мынча не үзүлүп түшүп...» деп баатырынын күбүлүп калгансыган кадырына ичи тартына түшкөн.

«...келгиле... келгиле...» кылып, оозу араң кыбырап үйүнө жазгап, баатырынын көңүлүнө жараша төрүнө аардуу төшөк жайып тосуп төрлөттү Шааке айым.

Төрлөштү мусапырлар, үчөөнүн тең бутунда кайыш эмес коржойгон эски өтүк, чапандары өңүнөн оңгон, тебетейлери түлөгөн, ирең боз.

— Шакин, — деди баатыры маңдайы жадырап, — бу бекзаада Маамыт-бек, Алымбек датка агабыздын уулу! Карачы, кудай кайтарган экен, карачы, айдалган Шыбырдан...

Эки уланга көңүлү анча бөлүнгөн жок.

— Бу жигитче баягы Мекке жолунда дүйнөдөн өткөн Абдылла бек акебизден калган бала Мырзапаяз, — деди Маамыт-бек, — тиги инибиз Асан бектин уулу Арстанбек... чекчи орустар набыт болгон убакта жайлоодо менин үйүмдө эле балдар, мага кошо айыпталып, мага кошо айдалган...

— Эсен соо келип калышыптыр, болду, ушуга шүгүр деш ылазым, — деди алма телме кубана тиктей Шабдан.

Бышкан сарала өрүктөй макмал белдемчисин көйкөлтө кыймылдап, өзү колго суу куюп, өзү дасторкон жайып, өзү алгыла деп тамакка каратып, өзү кымыз куюп сунуп, өзгөчө кадыр көрсөттү Шааке айым.

Кеп тынымсыз, сүргүнгө айдалыш, кайери жалаа, кайери чын, эне байкуштун нечен жолку арызы, нечен жолку сураныччы, эң акыры азирети Императорго жеткени, кечиримге пашалык ыракымы болгону астелеп ортого түштү.

Дайым эле казаны кайнап дасторкону жайнап туруптурбу, жол азабы, жүдөп калышкан. Бирок, Маамыт-бектин кабагы бүркөө эмес, көптөн көрбөгөн ыйык суусун кымызга да үзүлүп түшө аптыга жутунбай акырын кылт-кылт эттире тамактан өткөрүп, эрин кымтына акырын бир тамшанып, ач сүргүндөн эмес той мейманчылыгынан келейаткансып, токмейде. Аны көрө жанында отурган эки улан аны сайын, шырп этмекпи!?

Ырчы да, сынчы да саруу кызы мунун баарын алдыртан кылтыйып көздөн да, акылдан да өткөрүп отурду.

— Неге бу... — деп түз лап эттирбей акырын кеп жылдырды сыпаа Шабдан, — эки жигит жөө жалаң...

Баш ийкегендей болду Маамыт-бек:

— Тиги Үч алматы, Талды коргонго кеткен, а бу илгери Жамангара баатыр жер коруп жаткан деген белестен бери эле качактардын түндүгү жок алачыгы жайнап калыптыр...

Дароо «убактынча» деген сөз эсине келе калды Шабдандын:

— А эми... тууган эл... азырынча мал жайган болуп турушат...

Маамыт-бек:

— Бери чыгарда сатып алып, эптеп итеңдетип келеаткан аттарыбызды жыгып алышты, жөн эле ооз толтура «барымта» деп баркылдашып, таркылдашып. Талашар, кармашар күнбү бизге!? «Карыган», «кеселман», «баса албайт» дешип, кой десем болушпай балдар «туспыз гой энди» деп жалбарып турушуп, ушу чобурду ажыратып калышты...

Күлгөнсүй бир мыйыгын тартынып койду бекзаада:

— Өлө албаган жан экен, көбүнчө мен аяк асып, кээде эки бала учкашып, келе бердик кудай деп.

Баш чайкап алды Шабдан:

— Ким билет эми кимиси экенин, а жанагы дили башка калгындары да бар... — деп бушуркөдү, өзү уялды, «аттиң ай...» деп дили өкүндү тереңден, көрүнөө сынды.

— Йе, кокуй, — деп жиберди көзүнөн чаары көрүнө эрке айым Шааке, — кушу болсо да, ити болсо да, убактың бүттү деш деркер го аларга!?

Жер тиктеп баш ийкенип калды кайран Шабдан, баш ийкегени макул деш эмес, а «бүттү» демек анын эрки болбой калган.

Мейли, нарысы Оң тууганчылыгы алыста калсын, бериси булардын минтип кордук көрүп калышканына ичтен да, тыштан да күйүнө, акыры азат болунуп төрүнө келгенине кабагы жаркып, муну эп келтирген кудайдын кудуретине ыразы болуп, дагы кыйла кадырман адамдарга жүздөштүрүп, бир жума мейман кылды Шабдан.

Ана, жолуна чыгар күн да келди.

Баягы келген күндүн эртеси эле баатыр үчөвүнө тең сүргүндүн темир таман оор өтүктөрүн аяктарынан суурутуп, чала түлөгөн арык түлкүдөй үстү башын чечтирип, бир сыйра кыргыз сарпайын кийгиздирген. Шааке айым баатырына кошула узатышып койорго чыкты. О, жараган үч жорго жасала токулуп кермеге келип калган! Баатыры баладай жашый чоң меймкны менен оңду-солду кучакташып коштошуп, колтуктан көтөрө атказып, андан соң балдардын аттарынын сагагын да өзү кармап «...жакшы баргыла, кагылайындар...» деп, өзү атказды экөвүн тең.

Муну көрө «...тууган да...» деп ичи ийикти Шааке айымдын, алагар көзүн кылайта:

— Салам айтып койгула эжеме... — деп калды.

Жолго бата берди Шабдан. Жардап турган көп коңшу дуу коштоду. Шагдам жүрүп кетти бек тууган. Карап эле туруп калды Шабдан.

Мейманын атказып, анан карааны көрүнбөй калгыча карап туруш көөнө салт. Бу кокус мейманы артын караса узаткан ордунан көрүнбөй калса «кутула албай эле турган экен» сыяк өкүнч пикир көңүлүнө түшпөсүн деген дил тазалыгы болгон...

Тогуз тороо аркалы ашып кеткен Маамыт-бек.

Качан соолуп, качан кургап калган эмчеги зыркырап ойлонгон, көз майын түгөтүп жолун карап күнүгө күткөн эненин кут уя өргөө жайы кеңирсиген Алайынын бир ылымтасында экен. Эне да, жакыны да, алысы да, калысы да, а түгүл баштатан көңүлүндө кара тагы бары да тууганынын тири эле кайтканы үчүн дили агарып дүрбөп, учурашыш, куттукташ деген ченелбей өзүнөн өзү тойго айланып өттү.

Эл суюлган бир күнү көзү үлбүрөгөн кары Курманжан эртелеп көңүлүндөгү бир кудайга ыразылыгы экөвү тышка чыккан. Көзгө илинбейби, айыл үстү кери толо жылкы жайылып турган экен. Мынчалык көп кылкуйрук күткөн эмес булар, кайдан оогон жолбун мал!?

«Нарырак айдап койгула, » дейт.

«Бу...бектин жылкысы...» дептир бирөө.

«Кайдагы бек!?»

«Маамыт...»

«Ыя, — деп, көзүн тиктеп сурады энеси бек уулунан, — муну сенин жылкың дейт го, ыя, Маамыт?

Кабак үйрүбөй, кабак жаза ичтен кубанч сездирбей да, акырын баш ийкеди Маамыты:

— Кантели, мусапырлык, сурамжылап жүрө Шабдан баатырдын үйүнө бардык... Өз баласы кутулуп келгендей сүйүндү ал адам, нечен күнү сыйлуу мейман кылып, акыры атдап, тондоп атказды...

Курманжан:

— Билги деген ошо, балам... Нары да атаңы көргөн, «атам өлсө өлсүн атамы көргөн өлбөсүн, мен жетим калбайын» деген тура илгери бирөө... ошо да, жетим калбаган экенсиң да!?

Ушуйерде эсине келип, жылуу жүз менен айткан Шааке айымдын саламын айтты Маамыт-бек.

— Кудай жалгасын... — деп алкады кары айым, — өзү да көк чынардай баатырынын көлөкөсүндө балдары менен эсен жүрсүн...

— Анан... — деп кыйылды Маамыт-бек, бирок иреңинен ата кадырынанбы, өз кадырынанбы, иши кылып, дагы бир ыраазылыгы байкалды, — не дейбиз, тууган эл экен, мени кайдан таанысын, укканы эле го, сый оокаты кеп эмес, жолможол ар жерден эле, «мингизгеним болсун» «союшум болсун» дешип эле бирденэкиден алдыга сала беришип... албайм деп назар сындыра албадым... Тогуз-Тороодон бери ашканча эки жүз туяктан арбып кетиптир...

Кабагы үйрүлө жер карай берди энеси, баласынын тымызын мактанычын көтөрмөлөй албады кариктик менен марттык баасын билген неме:

— Йе, балам, — деди көзүнөн буга эч макул эместиги көрүнө, — ыя, минер, сойор мал жокпу сага Алайда!?

Күйүп кеткенсиди андан нары:

— Йе, кокуй!? Ошо, сени атаңдай тоскон адам алдынан жанкебин сунган бечара чыкса өзү минип келеаткан атын ошойерде түшүп берип, өзү камчысын сүйрөй артын карабай кетип жүргөн адам эле го!?

— Ыя, — деп жиберди катаал, — сен деле атыңан түшүп бербесең да, кокуй, кокустан алдыңа салынган бөрү богун кезикkенге улам бөлүп кубанса кубантып таштап жалгыз келбейсиңби, кокуй!?

Терс айланып, көзүнө өкүнүчтүн, ыссык жашы тегерене түштү окшойт:

— Йе... барымтачы окшоп.. мал жыйнап... — деп күбүрөнө басып кетти. — Йе...

Кайгысын да, каарын да укту, актанар кылдай жүйө кана, чекилик көрүнөө мойнуна түшүп, астейдил сынып калган экен Маамыт-бек...

## 10

Укпаган соң күтпөгөн, эл жайлоодон толук кайткан коңур күзгө деп, болор убактысы айтылып «баатырдын чоң салтанат кара ашына баш болсун деди» деген чабарман келди Маамыт-бекке.

Баягы жүз көрүшкөндөн бери нечен жыл өткөн, арада бир жолу каттоо болбогон, энеси о дүйнөгө көчкөндө кабар айтылбай, алар келбей калган, мына эми баатырдын көз жумган күнүнө эмес, кыйлада өткөрүлө турган кара ашына кабар келип отурат, жалгыз шылтоо — жер алыс.

Тынбай күнү-түнү жол жүрүп, ат зоруктуруп кайра келди чабарман. Баш болор келер, койорун айтпай, бар болгону, «уктук» гана деп койгон имиш. Бу жооп желдей тараган соң «өз агасын агалай албаган өзгөнүн улагасын сагалайт» деген макал сөз Шабдандын балдарына сын, шылдың болуп күбүрөлүп калды.

Баштагыдай баш манабы жок, ар уруудагы манапчалыштары ушул убакта эл түгүл теңата бирөөгө тили өтпөйт, а орус акимдерине түздөн түз баш койгон «шайланган» болуштар чарк имерип калган убак. Эмгеги өткөн Войсковая Старшинасынын эң акыркы ызатын «жамы эли көрсүн» кылып көтөрүп өткөрүп коюшка орус акимдери да кызыкдар сыяк, булардын көксөгөн бек тууганы келбей калса деле өзүлөрү башкарып өткөрүп коймокко астейдил ынтылып калышкан.

Бир күнү эле орус ай эсебинин октябри саналган ченде жети гана атчаны менен келип, Шабдандын өргөвүнүн эшигине түштү Маамыт-бек.

Мурда эле ким башкарса ошонун отурар жайы болсун делинип, атайы көрүнөө дөңгө тигилип, жасалгаланып коюлган чоң өргөөгө жай алдырышты Шабдандын балдары аш башысын. Жети кишисин башка үйгө жүржүрлөп калганда «...жо, биз бирге эле боло беребиз...» деп койду беги.

Самидин «кеңеш кепке келишсин» дедирип жакшы атпайга кабарлап үлгүргөн. Өзүнө баарынан бир сөөм

жакын үчүке Чоко байкеси «келди» дегенди угуп, конок алар жүз үйлүү букарасын калам деп ыйлаганын да калтырбай түндөтүп үйүн кайра чечтирип, түндөтүп жүктөтүп, көчүрүп кетип калыптыр. Көрсө, «Шабдандын ашын мен башкарбай ким башкарат» деген дымакта экен. Кеткенин угуп баатырынын андан дымагы кем эмес балдары, жамы тынай тобу «... а эми... ал өлсө биз да барбай койот экенбиз да...» дешип, тууганчылык көңүлгө дагы жаңы жарака кетип кала беришти.

Бирок, той десе, аш десе жардамга куш канатын кагыптыр деген, быягы Сары өзөн, Кочкор Жумгал, тыягы Көл айланасы кошор кошолго, союш малын айдап келип, оңтой жерге үйлөрүн каз канат кыла тигип, ким гана болбосун бөлүнүшүнө жараша ашка келген элди тосмокко жайланышып бүткөн. Үч миң үй көтөрүлгөн.

Өз жер, өз эл түгүл бу Жетисуу облусунун жакынкы Верный, Оулия Ата уезддеринен, Фаргана, Ташкен, Сырдария жактан атайын чакырылган мейман эл, өзү кызыгып келген авазгерлер бир баштан конок үйлөргө бөлүштүрүлүп, жай алдыра баштаган.

Тыштан мынчалык расмий увакил, жамы Түркыстан крайына аты белгилүү адамдар келген соң бу «аш» деген жергиликтин жыйынына аралашыш, көзөмөлгө алыш, тартибин кароо, тескөө жагы Генерал-губернатор тарабынан буйердеги жергилик орус акимдерине тапшырмаланган окшойт. Верныйда турган атчан козак кошуну быякка тартылган, ага кошумча жакынкы станицалардын мужуктары, козагы чоочулаштыбы, не кыр көрсөтүп турушмакпы, не жөн эле кызык көрүндүбү, иши кылып, өз алдынча эле баары үйүндө бар куралын ийиндеп, дүрбөп келип алышкан.

Мына, ашбашынын эң акыркы кеп кеңешине мурдагы чала манаптан, жаңы болуштан иргелип, он кишиден ашпаган топ жыйналды. Кыргызына да, орусуна да ийкеми Дүр, бир жагы тилмери да болуп, тиги Пржевал, бу Пишпек уездбашылары менен келди.

Бир сыйра суз кол алышкан соң:

— Кулак туткайсың кыргызың да, орусуң да... — деп, кеңеш эмес буйрук сыяк баштады Маамыт-бек.

Түшүнүшпөсө да үйрүлгөн кабак, нызырган өктөм үн жакпай калды эки уездбашыга.

Маамытбек:

— Кеткен малдын кемелтеси келерки жазда кайра толот, сойор мал керегинче союлсун...

Шырп эткени акырын которулуп турду орустарга.

Маамыт-бек:

— Мейман тосулар ар бир үйдүн эшигине атайы бирден эшигага коюлсун, ким келди ким кеттисин тескесин... бирине жакынсынып, бирин бөлөктөш, аштан алакчылаш деген болбосун... дайыма кабак жазып, өзү куран окуп, бата кылдырып, узатып турсун...

Баш ийкешти кыргызы.

Маамыт-бек:

— Мусулман мейман кандай тосулса орус мейман ошондой урмат-сый көрсөтүлө тосулсун... булар куран окубайт, бирок баатыр менен алака кылганы бар, алыстан болсо да бир көргөнү бар, көрбөсө пейилин укканы бар, ыразы болушсун...

Жакты окшойт, мулуңдап калышты орустар.

Маамыт-бек:

— Мейли мейман тоскон, мейли ашка келген бирөө кичине эле кычаштык кыла кермур кеп баштап, жаңжал отун тутаткыдай болсо, ал ким болсо ошо болсун, аброюна каралбай кыргызча мал төлөр айыпка жыгылат, орусча абакка жабылат...

Буга макул эместей кабак көрүнгөн жок.

Көзү жерге түшө ой толгоно калгансыды ашбашы.

Бая күнү чакырпай эле «саламга» дешип, төрт беш иргелген уруу билерманыбыз дегендери келген.

Ырас, аш-тойдо, тамашанын эң башы атчабыш, төө чечмей, эр сайыш, илгертенки даңазасы. «Кантебиз?» деген кеп ортого ташталбай койгон эмес.

«Мейли, төө чечмей да болсун» деди бири кумсарып отурган бойдон.

«И, — деди тиги беттен, — сен алат окшойсуң

төөсүн катынына чечтирип!?» деди уурту тартыла көзү жылт эте.

«И, — деп итиркейи келе эрегишти төө чечтирмекчи, — салт да бу, муну кыла албасак мына бу эле казакка кепке кемтик болобуз, меники чече албаса, сеники чечип койор...»

«Сүйлөшүп алган экенсиңер катының экөвүң, — деп күлгөн болду берки, — макул, көрсө көрүп койолу сенин катыныңдын кара көңгөйүн...»

Тамашага чаптыра кыкылдаган болуп калышкан.

«Мен, — деп манчыркай бөйрөк таянып баштады дагы бири, — каапыр менен мусулманды чарк имерген кайран баатырдын ат байгесинин башы беш жүз ак төө болгонуна макулмун.»

«О-о, — деди тыяктан бири, — беш жүз а!? Дагы бир өңчөй меңсиз агынан тандалып, ыя, сенин жайытыңда ыңкып жатабы, кокуй!?»

А кокуйларда асте акыл, тууган катары ырк жогун, керели кечке керише берсе чарчабасын минтип өз көзү менен көргөн соң ашбашы бек «ойлонолу» деп да кеп ээрчитпей кабагы терс айлана «кайыр» дей ныгыра айтып, чыгарып жиберип кутулган.

Ушул азыр баары кулагына кайра угулуп, бирин бири жек көргөн кабактарынын тырышы көз алдына тартыла калбадыбы!? Бу сапар сынагысы келген «саламчылар» эмес, ар бири ооз толтура уруу наамынан бирдеме айтканга али батына элек, шайлаткан орус акесинин эле оозун караган «болуш» болумуштар акырын алдырылган.

— Эңиш, күрөш, майда тамаша, — деди Маамыт-бек, — ар топто боло берсин, ар бириң өз тобуңу өзүң тескей бересиң...

Бу сый болуп угулду «болуш» болумуштарына.

Маамыт-бек:

— Үч кемеге байге, бири козак орустарга берилет, өз күлүктөрүн сынап алышсын, экөвүнө кунан чабылат, тогузуна байге бар, биринчи чабылган байгенин башы кырк кылкуйрук, бир төө...

— О-хо-о, кемеге байгесинин башы бу болсо!?

Маамыт-бек:

— Экинчи чабылганга да тогуз байге, баш байгеси 200 теңге, бир төө...

— Бу да кем болбоптур, килейген ирик бир сом...

Маамыт-бек:

— Чоң байге... биринчи байге 5000 теңге, экинчи байге 1000 теңге, үчүнчү байге 500, төртүнчү байге 200 теңге, бешинчи байге 100 теңге, артынан келген төрт күлүккө ар бирине 84 теңгеден жана бирден кытай жамбы...

Көз ирмелбей мелтиреп, бири да былк эте албай калышты. «Ой... — деди кыргызы ичтен, — оозуна батышынча оттой береби бу!?» «Топтоп коюшкан булар...» деди эки уездбашы камсанашпай.

Өзү менен кошо келгендерден бирөө жанжигити кептенип, керегеге сүйөнүп, мелтейип бурчта отурган, беги «бери» деген тымызын ишара кылары замат леп тура жанбаштыгынан орому бузулбаган беш таңгак кагаз акча чыгарып, дагы көз шилтеген ишара болуп, акырын ортого таштап койду.

— Баш байге мына...

«...а бу башка кеп...» деген көздөрүнөн көрүнө асте алакан таптап коюшту эки уездбашы.

— Эми, — деди ашбашы болуштарга кара көзү кадалып, — сөөк илдет адатыбыз го, айыл ичинде аламан сала ат сүрөмөй, зоругуп жыгылган аттын башын кесип ала чапмай жок...

«Йе, сүрөлбөсө булардын аргымактарынан кайсы ат чыгат!?» Бирин бири кыя тиктешип алышты болуштар.

Маамыт-бек:

— Чылбыры бар ат байгеге кошулбайт, — деди атайы ныгыра, — тизмеленет, ар бирине белги коюлат. Белгиси жок чыгып келсе да ага байге берилбейт...

Которулбасын деген кабак менен:

— Ыя, тыягы Ташкен, Анжиян, быягы қазагынан да, козагынан да сай күлүктөр келип турса... мына бу-

лардын көзүнчө ырылдашып турбай турган болосуңарбы?.. Булар да алсынбы байгени күлүгү чыкса?..

«Жо, ырылдашабыз» дешмекпи!? Кимиси «жо, оруска алдырбайбыз» дей алат!? Жүйө жымырылтты, болуштар о кадыресе баш көтөрө ийкенип калышты.

Эки уездбашыга жүзбакты Маамыт-бек:

— Кыргызыңар тең тууган кыргызынан жалтанбайт, жамы тартипке, өзгөчө байге убагында, катыран көзөмөл силер жактан болсо болобу?..

— Болбойт дешке болбойт, — дешти төрөлөр, дымак кыйла, — муну жардам эмес, милдетибиз деп эсептейбиз биз!

Маамыт-бек:

— Эр сайыш, ырас, илгертен боло келген. Дегиси бу эрегишкендин, намыстын мелдеши. Көрөлү элдин түрүн, илгеркидей эртеси күнү чабышып кетпестей ырк болсо, мейли дейли, а болбосо жок...

«А макул» дештен башка не дей алат болуш болмуштар!? «...эртеси күнү чабышып кетпестей...» деген кыйла ийгерип, баш гана ийкеп коюшту төрөлөр.

Ушуну менен бүткөнгө окшоду эң акыркы кеп кеңеш.

Тышка чыккан соң «...эч нерсе дей албайсың...», «баары, өз-өз жайында баары...» дешип кобурашып, «...ушу жарым жабайы делинген туземден ушунча кылдат жүйө чыгабы» деген сыяк баш чайканып кетишти эки аким...

Так эсеби кайдан болсун!? Коногу, аны тоскону бирге ашка такмын боюнча кырк миң жумурубаш чогулган дейт. «Тойго барсаң тоюп бар, ашка келсең ачка кел» деген сөз калган илгертен, той-тополоң, а ашта ар бир киргенге табак тартылат, ашы берилип турган мусулмандын арбагына аталып куран окулуп бата кылынат, демекчи кимдигине каралбай ошо кырк миң жумурубаш даам сызат.

Ошентсе да, не чакырылбай кызык үчүн жалгыздап, не уруу, айыл ымына кошулбай, шарданга агып келген эл да болбой койгон жок. Куду эле койго арала-

ша албаган эчки сыяк ар жерден бир көрүнүп, өзүнөн өзү четтеп, не бар не жок, куржунуна сала келген бышылуу тамагын жалгыз отуруп жеп, сообун алыс туугану Шабданга атап бата кылып коюп, түнөр жай кана, төш түбүнө чөпкө оонап жатып күн өткөрө беришкен. Көрөм деп көксөгөнү аштын тамагы эмес, тамашасы эле болгон.

Жайлообай мына ошолордун бири, өзү жалгыз да эмес, «о-о» деп көңүлүнө кыргыз катары мактаныч жык толуп, көкүрөгү өргө чаап, «ой, жалпы кыргыз өткөрүп аткан улуу ашка мени менен бирге, мейман болуп келесиң» деп коңшусун да кошуп алган, «эл көрүшсүн» дей экөвү тең уул балдарын ээчитишкен.

Баары келген күндөн бери чала тоют, эрини кеберсип, «ким тааный койор экен» дегенсип ар кай жакка Жай акеңин көзү байкуш чачырап, конок тоскон бир үйдүн эшигине кыңкайлап келе берди. Те артында аны акмалап «мейман болору», «эл көрөрлөрү» бар. «И, кел...» дей, жок дегенде, куру сыпайгерчилик байкаткан бирөө жок.

«Ой, — деди Жайлообай бир эшикте үнүнөн кыжыры угула, — кир дебейсиңерби, ыя, биздин бата макүрөөбү!? Ыя, ашыңар болбосо кашыңарды көрүп, жок дегенде, баарыбызга тең кайран баатырдын арбагына тилават кылып эле кетелиби жокпу, ыя, мынча адашып келип калган соң!?

Оројоп бир тиктеп койду тышкы казанынан эт чыгартып турган казанбашы.

— Эй! — деп жиберди Жайлообай тиреле бара.

— И, сен кимсиң кир дегидей...— деди этке тердеген неме, отко какталган каракөк кабагы үйрүлө.

Кыргыз болгон болуп, адам болгон болуп, аш ээсиндей сезинип кошо ала келген меймансынын көз алдында сынып, Жакең анысайын кырдана:

— Мун-ну көр, билбейсиңби сен өзүңү!? Ыя!? Сен бок бербеген эле ит жоонусуң!—деп шаңкылдап жиберди.— Ыя!?

Тиги, түйрүк кара эрини чоюша, жыга чабардай атырыла басты ага:

— Немене!?

— Но, но...— деп арага түшө калды Кузьмин.

Бет алдында таш дубал боло калдайган орустун сүрүн көрө тык токтоп, ошо замат тизеси өзүнөн өзү бүгүлө эмелеки аркыраган карышкыр түрү дароо күбүлүп, капылет уурулугу кармалган кара мышыктай кымырыла, дымагы жылбырска чөптөн жапыс боло калды.

Үндү угуп, жаңжал болсо басмак ниетиндеби, үйдөн ээгинде он чактыдай эле көк кылы бар бирөө чыга келди. Көзү ыраазы эмес, кумсаңдап бир имере каранып, анын да саламчыдан жадаган түрү бар, чоочун орусту көрө сала «кокуй, чоңдорунан окшойт» деген аяр сезими келе, ошо замат уурту тартыла, көзү чакмак отундай жылт этпеске чарасы калбай калды:

— Келиңиз... о келиңиз, төрөм... — деп эки колун көкүрөгүнө ала эңиле калды, — о, кут өзү келген турбайбы бизге...

Таң калып турду Кузьмин.

«Өй... өй... көзүң агып калганбы сенин... — деп күңкүлдөп казанбашысын жемеге алып, эми өзү бөжөңдөп, үй жакка кол суна «келиң, келиң» кылып калды көксакал. Ызасы али тарабай керкейип турган кыргызын да көзү чала, ага да уурт тарта жүз көрсөтүп, «и, баштап кир эми азиз мейманды...» деп алды, үй ээси окшойт.

Мына, көкүрөк кере «төрөнүн» алдына өтө мантая басты Жайлообай.

Төө чечмей ургаачы киши жардап карап турган көп элдин көзүнчө энеден туума жылаңач барып, те чуңкурга байланган төөнүн башбовун эңкейип-тоңкоюп чечип, жетелеп кетмей. Буга мен чыгам деген да, чык деп кыстаган да болгон жок.

Кемеге байгенин биринчиси 11- октябрде чабылып, сайылган тогуз байгени тең мурдатан табына келген кыргыз күлүктөрү алды. Козак офицери хорунжий Шабалиндин таза кан англис жылкысы деген адамча

Заза деп ат коюп эркелетип жүргөн үч азый аргымагы байгеге илинбей калыптыр.

Эртеси кемеге байгенин экинчиси кунан чабышка мына деп 105 күлүк катталып, козак Малышевдин англис чалыш тукум Лира, козак Плотниковдун Жан деген чоң күлүктөрү кошулуп жиберилген. Бу жолу да экөвү тең артта калып, айтылган тогуз байге дагы кыргыздын карабайырларына тийди.

Саяпкер атпайдын баары сийгелектеп күткөн чоң маара ушу 13-октябрь күнү эле башталып, 172 күлүк катталды да, арасына калыстыкка орустан бирөө болсун делинип Пишпек уездбашысынын жардамчысы Лутин кошулган дайекчилер койо берилер түшчүлүк алыс мерчемге сүлкүлдөтө айдап кетишти.

А эртеси 14-октябрдин таңында эле ошо кырк миң чама эл күлүктөр келер жолдун эки жагына чурулдаган тири дубал болуп туруп калган экен.

Ири алды көрүнүп көрүнбөй, кимиси кайсы күлүккө тилек кылып турганын ким билсин, чуручуу түшө кыйкырык көтөрүлдү ового.

Ана, илбирстей көк темгил илинди көзгө. «Бу кайсы...» деди бирөө, «а кудай...» деди бирөө. Тогуз жашар чавендес кыз «...кыргыз... кыргыз...» деп ыйлактап, өрүлгөн беш көкүлү дирилдеп өттү... артынан өмгөктүү кызыл ат* сая кууп чыкты...

Ошо көз ирмемде кимиси кайдан, кайсы уруктан экени унутула калып дүңгүрөп, «...а кудай...». «...о, ата арбагы...» деп буулдап ыйлашып, ар мерчемде ак тилеги сүрөп турду баарынын... «Йа, алла... дагы жети карабайыр жаңы чү көйгондой, чаалыгыш билинбей текиреӊ жазбай жарыша келди го!?

Бу сапар орус жагы козак офицер Альметьевдин таза кан Жакериясы сөзсүз чыгат деп турушкан. Ан эткени Жакерия Ташкенде болгон атчабышта офицерлик байгени, андан соң Самарканда өткөрүлгөн бир мелдеште азирети Генерал-губернатордун байгесин жеңип алган атактуу күлүк экен.

Бирок, ошол бойдон алдына ат салбай солто Өтө-

гөндүн Борончсунун чаар аты маарага чыкты, артынан саяк Бекболоттун кызыл аты барды, алардын артынан тобу бузулбай удургуп сегиз карабайыр келди.

Таза кан Жакерия онунчу эсептели жетти маарага. А Бычков төрөнүн Жучка деген алпечтенген күлүгү такыр артта калып, ал маарага келгенче атчабыш да тарап кетип, уят окуя болду.

Тогуз байгени тең кыргыздын байыркы Оңгары Соңгары тегинен бери күткөн асыл карабайыры алды. Онунчу аттан жыйырма алтынчы атка 50 теңгеден кошумча байге макулдашылган эле, ошого илинди Жакерия.

Жумуру баш ээсин «темтейген жабайы» деп жүрүшсө анын төрт аяктуу малы таң калтырды төрөлөрүн.

Байгеси 50 теңге, 9 жылкы болгон эки эр сайышка кезек келди эми. Бу деген мелдеш да, жарак кадимденки бөрү тил жоо найза эмес, жоондугу билектей, учу тукул, узуну жети кез бакан.

Биринчи сайышка кыргыз Сабыр, казак Макыш бетме-бетке келише сурнай дывыр этер замат бири бирине удургута ат коюп, карс дедире найза кагыштырып өтүп кетишти, беш жолу беттешти, не аяныштыбы, не оңуту келе койбодубу, беш жолу да бири бирин сайып түшүрө алышпады, эң акыры калыстар ажыратып, байге жок, бирден ат жетелетип жөнөтүлүп тынды.

Эмики сайышка сайыша электе эле желигип, ат үстүндө какчаңдап, кан көксөп туштарабын каранып, айтылуу саяк баатыр Аксакал чыкты кең майданга. Бу мындайы түгүл жоо сайышка далай түшкөн каражолтой эр, ким баш көтөрө алат!?

«Бүгүн буга чыгар көйкашка келбей калыптыр» деп койсо эч ким таарынмак эмес, байгеси берилип жөнөтүлүп коюлмак. Жо, бирөө «намыс» деди, күбүрөштү бирөөлөр, бирпастан соң эле, ана, Пишпек уездинен дей даярлантып, жаш жигит Жусуп аттандырылды. Мына, кичинекей жез сурнай кыңк этkенде экөвү бетме-бет койо берилди.

Тигине, бирине бири ажал болуп зымырап, жигит-

ти да несине болсун кайыл кайтпас кайрат сүрөдү белем, тайманыш жок келип, түз сайышып өттү. Чур дей түштү эл, ар топтон кошул-ташыл болуп, ово дүңгүрөп кетти. «Кокуй...» деди бир жаңырык, «аттиң...» деп угулду бир бакырык. Тигине, какбашынын эки аягы үзөңгүдө кала башы салаңдап, жашбашы аркан бою жетпей ээрге өбөктөп калганын көрдү эл.

Жүгүрө жетишип, күйөрмандары аттан көтөрүп алышты экөвүн тең. Найза Аксакалдын көкүрөгүнө тийе темир зооттон тайып, сол кулактан нары чыкыйын бузуп өткөн экен. Учу тумтук найза Жусуптун жумурун туюк жарган окшойт, ошол замат кан кусту. Бирткe убактан соң эле чыкты эки топтон эки өкүрүк...

Бу катаал окуя эки төрөгө жаккан жок, бири кабак үйрө баш чайканып, биринин туздай көзү аны сайын бозоруп, кимгедир жини келген сыяк түктөйдү кыркма кызгыл сары муруту.

Орус коомунда деле мындан терс үйүттөр болуп келген чыгар, бирок мындай көзкөрүнөө өлүмгө барыш, элди каратып туруп бирөөнү өлтүрүш жок сымал. А бирок, орус ушул кезге дейре байыркы Рим тарыхын, Рим салттарын айтып да жазып да түгөтө албай, аны өзүнүн рух теги, үйрөнгөн үйүт башаты катары таянып, өз мамлекетин үчүнчү Рим деп көтөрүңкү көрктөп атап жүрүшү жок кыялдан эместир!?

Ошо даңазалуу, кулчул Рим өкүмдарлары кулдарын түз эле өлүмгө кыйып, аянтпай канжарлаштырып, кокус жыкканын бири аяп калса ишара кыла өлтүртүп кумар кандырышканы жок беле!?

Бу элдин бетме-бетинде деле көп эле өлүм болуп келген, бирок не жарадар болуп, не болбой аттан жыгылып түшкөнү жеңилгени ошо, атайы өлтүрүлбөйт, бу дымак көтөрөр, өлүмгө тике караш, күч салыш, рух сынаш оюн гана сыяк.

Мунун не өлүмсан, не нак өлүм экенин билип эле, ага астейдил кайыл болуп эле бетме-бетке чапкан кайрат эки төрөгө жаккан жок, кайра бу алардын оюнда жабайылыктын эссиз, ырайымсыз белгиси катары баа-

ланып, атүгүл мекчейип да калышты чочунган бир үрөйлөрү байкала.

Ушун этип, табагы тартылгандан эки өкүрүк чыкканга чейинки аштын өтүшүн уездбашы төрөлөр менен бирге көрдү Маамыт-бек.

Дагы бир жолунда атчаны атчан, жөөвү жөө дуулдаган топко тушугуп калышты го!?

Ана, бакылдашкан үн, шатыраган күлкү, бири «...давай за друзей...» дей күркүрөйт, ага «...ке, өлбөйлү...» деген кыйкырык аралаш, орусунун да, кыргызынын да колунда тутам керген бирден шише, төбөлөрү бирига түшө шишелерин карса-курс кагыштырып алыша асман тиктей көтөрө куркулдата ирмеп, анан кезек күтө алактап турганына ылгабай суна жуткуруп турушкан.

— Во, во... — дешти төрөлөр кабактары жазыла. «...жыргап атышкан экен...» деген жумшак көңүл сезди ашбашы беги. Баягы «...миң шишеден арбын даяр болуптур...» деген айтым эсине келди, «...өзүлөрү ичет да өз тамагын...» деп, этиварга алган эмес. Мына, «өзүлөрү» түгүл кыргызы суулоого түшкөн таандай самсып аралашып жүрөт ко!?

Бир элтейе калыша эле «жыргап турган» эл орусу бой түзөй, кыргызы темтейип бери тосо келише, муну кара, биртке сакалы уйпаланган бир итирейген кыргызы деги эле жакынсынып ырсайып, көзүнүн төбөсү менен тиктей Маамыт-бектин алдына жете жарымдап алган шишесин көтөрө:

«...кана, тууган... биз сеп этип... кана, эми сен сеп этип...» дей булдурай тизгинге колу сермеле калды.

И, боору эзиле түшкөнүн кара!?

Жыттанбы, боз жорго баш ала кача тегерене берип, көчүгү какты окшойт, «тууган» ала сала жыгылып кетти.

— Ой, сен, чиренген! Ыя, сен биздин болуш байкебизди немене жыга койосуң!? — деп, арылдап бери басты бири, артынан жулуна ээрчип калды кыйласы.

— Но, но... — деди акырын чоң төрөлөрдүн бири,

бу тартипчи атчан козагына белги болдубу, ошол замат өрүлбөгөн узун шап камчы шуу үйрүлө шилтенди.

Шарт! Шарт!

«Орус бозо» шерденткен «азаматтар» биринин жону шалп этип, биринин жаагы канталай түшө ээсинен сөгүш уккан ит сыяк тайсалдап, кайра басып калды. Шарт! Шарт...

А жанагы чын эле «жаңы тандалып шайланган» болумуштардын бири экен. Бир колтугунан бир шишелеш орус курдашы ала, бир колтугунан, ага да кошоматчы пайда болуп калган тура, анысы ала сүйрөп калышты нары.

Жо, чычыркайы майланып, дымак да байланып алган жаңы чоң деги бош келер эмес:

— Токто... — деди сүйрөлүп баратып, ашбашыга көзү акшыйып, — сен кимсиң!? Сен түгүл Шабданыңы көргөнбүз биз! Атасынын гөрү, эптеп эле атасынын баркы менен эле «Шабдан» болуп алган аның... аныңын аты «кызыл дувана-а»... бил-леби-из биз...

Эки чыканагын серпине:

— Койо бер! — деп бери жулунуп алды. — А мен... мына минтип орусум колтугуман көтөрүп турганда, айтып эле койоюн, Шабданыңардын кадыры те-е сайда эле калат... сайда-а... Мына мен болом эртең эле силердин баатырыңар, айтып эле койоюн...

Бир төрөдөн ишара сезип, сүйрөп кетишти жоролору, болушунун эркелигин кечиргенсише «эми биртке масчылыгы да» деше, бу көнүмүш боло да баштаган, бейгам күлүп кала беришти үйрүлө калган эл.

Не дегидейсиң, Анжиян, Аксыда жокпу мындай өзүн өзү билген, калкынын кадырын көрүнөө тебелей берген, аны төрөлөр жымыйып колдоп жүргөн »чоңдук» да, «демократия» да!?

...Кечке утуру атайы Мөкүш менен Самидинди коштотуп байбиченин өргөвүнө кирди Маамыт-бек.

Чум кара чүмкөнгөн баягы жесир эмес, жаз жалбырак ирең жашыл көйнөк, жакасынан эки өңүрүнө

дейре сур кундуз кармалган кара камзол кийген, кызыл жашыл кештеленген чачыктуу чоң жоолук салынган, булардын келери макулдашылган го, сөөлөтүнө кайра келген Шааке байбиче ашкана жаккы улага ченинде саал көкүрөк ийе күтүп турган экен.

Үйүт баягы, айелзатка айтылар сылык салам айтылды, ызат сезилген сыпаа алик болду.

— Келиң... келиң, бек...

«Карасы алынган экен...» деп билди Маамыт-бек.

«Карасын алуу» деген да өзгөчө салт, каралуу айелдин күйгөн төркүндөрү атайы кийгизерин камдай келет. Айел өзү аза кийимин жакасынан тарта айрып чечкен соң, жаш болсо ак, улгайган болсо өңү буруу жашыл, сары кийгизилет да алынган аза кийим ошол учурда атайы чоң жагылып турган отко ташталат. Ушин этип «карасы алынган» соң айелзатка жаш болсо бирөөгө баш байлап, экинчи өмүр күткөнгө жол ачылат, а кары болсо кадимки бөөдө өлбөстүн гөр тирилигин өтөнө берет.

Төрлөдү Маамыт-бек, дагы баягы кыраатынан жанбай Ыйык Кур-андан эки сүрө окуп, ашы өткөн «кайран баатыр Шабдан агабыздын» деп арбагына багыштап, бир Алладан ага ыракым тиленип, астейдил бата кылышты баары.

— Эми... — деп кеп ачты кечеги ашбашысы, — баатырдын ордун жоктотпоң, байбиче, мына азамат болгон балдары бар, акылына көмөк, ишине жетек болуп туруң эми...

— А эми... баатырдын орду кайдан толсун... — деп жооп кылды байбиче, — балдары аман боло беришсинчи... Ыракмат, бек... биз ыраазыбыз, суранган көңүлдү сындырбай келип, баш-көз болуп бердиңиз, бек... тынч өттү, кудайга шүгүр...

— Кантип келбей кала алат элек!? Келип кызмат кылыш биздин тууганчылык милдетибиз эле, байбиче...

Баш ийкеп отурду Шааке:

— Ыракмат... ыракмат...

— Эми... — деди ой толгоо ичинде көзү жерге түшө Маамыт-бек, кичине улутунуп да алды, — аттиң десек болот, ушундай ыйык дей турган азиз маареке убагында кулак уккан, көз көргөн бир кыңыр болмушту эскерип кетейин, байбиче...

Каяктагы кыңыр!?

Көзү өйдө боло калды али зардеси тая элек байбиченин, элтейди балдары да кеп акырын күтө.

— Йе, курусун, — деп алды Маамыт-бек да, — көргөн өз көзүңө ишениш кыйын, жолуккан конок тоскон бир айыл эл кызылала мас!

Маани чубады Маамыт-бек:

— Адам атабызды Алла Таала бир жанкеп топурактан жасап... анан анын өз тирүү кабыргасынан сөгүп алып, өмүрбакы жан шериги болор айелзат Ово энебизди бина эткен экен...

Баш ийкенип отурду Самидин.

Маамыт-бек:

— Эң авалы... эки жупту тагдырына берилген күнүн көрөр Жер дүйнөгө түшүрөр алдында биринчи «абиреңи жап», экинчи «башты маң кылар, акылды тумандатар жемек жебегиле ичмек ичпегиле» деген тура Жараткан...

Чечмеледи:

...биринчи насыйкат мааниси— дене аруулугу, адеп карманмак, уялмак, бузар кылыктан тартынмак... экинчи насыйкат мааниси — Жараткан өзү адам баласына тартуу эткен тунук акылы дайыма, түбөлүк болмогу, ар түркүн маглугунан айрымасы сакталмагы... кумурсканын да жанын кыйбас, арамга сугулбас, адил жолунан адашпас адамчылыгы дилине кошо жүрмөгү...

— ... адептин баш башаты... — деди акырын ыйбаа менен Самидин.

— А бар-ра-келде! — деп жиберди Маамыт-бек.

Өз убагында Шабдан бу уулун Анжиян, илгерки Аксыкент азыркы Намангендин Чоң Медреселеринен окутуп, кең рухий таалим алдырганын уккан.

Маамыт-бек:

— Элибиз баш башатын унутуп баратабы дейм, бай-

биче, көрмөксөн билмексен болсок аны сайын зыяныбызга түшөт... арак деген аты да, өзү да жок эле го бизде, «араху» дейт экен «калмак» аталган ойрот, ошо аты да, заты да баскын менен кошо келди!? Кантебиз, жабылуу абирени ачар, башты маң кылар, акылды мукуратар шайтандын куралы мына ушу...

Үн кошпой асте баш ийкеп уга берди Самидин.

Маамыт-бек:

— Эртең эле кыйратып жибермекпи!? О, жок, жүрө-жүрө рух тайыздайт... карактоо, зорлук чеки делбей, алдоо, уурулук уят болбой калат... жумурубаш бирине бири адамзаада катары каралашпай, бирин бири жырткычтай аңдыган шойкон күнгө жолугат... акыры адамгерчилиги, адам коому бузулуп, ар бири күчтүвүнүн жеми, алсызынын жаналгычы болуп маглуктан айрымасы жоюлат, кыяматтын эшигине барат...

— Жокпу арга!? — деп жиберди Шааке байбиче.

Маамыт-бек:

— Жалгыз арга ыйманча кайтыш...

Муңканып алды Шааке Байбиче:

— Кантип... эми...

Маамыт-бек:

— Өзүбүздөн башташыбыз ылазым авалы... жанагы кызылала мастарга куран окутпаң, алардын батасы баатырдын арбагына тиги дүйнөсүндө зыян, артында калган бу дүйнөсүндө «Шабдандын ашында деле ичип эле окулган» делине күнөө иш көнүмүш үйүт боло өөрчүп кетери бар...

Жолотпой, окутпай койсоңуз «арак ичкендер баатырдын кара ашына жолотулган эмес» деген даңаза тарайт да, жыттанган эле болсо тилават окулар жерге отургузулбай калары ыктымал...

мына, баатырдын аты чоң сыноо, тескөө...

— Болду, окутмак түгүл бирден тердирип кубалатам! — деди дайыма катаал жүргөн Мөкүш.

Маамыт-бек:

— Бар-ра-келде!

— А эми, — деп козголду Маамыт-бек, — улуксат

кылың, байбиче, биз эми кайталы эртеңки багымдаттан кийин.

Буга камдуу экен кадыр билги саруу кызы Шааке, өзү ордунан туруп, өзү ашкана башынан апкелип, бегине кошо келген жети мейманга түгөл кымкап тон жаап, быжыгыр кызыл көрпө тебетей кийгизип, андан соң:

— Эми, бекзаада, сизге гана ылайык, — деди талаасы кере карыш төбөсү бийик сур кундуз бөрк, акырын кийгизди, кымкабын жапты, — агаңыздын бир гана мерте төбөсүнө кондуруп көргөн аардуу өз кийими...

— Ыракмат... ыракмат... — деди Маамыт-бек, көз көтөрө ыраазылык сездире баш ийкенип, — ыракмат ниетиңизге... бу ыйык кийим, маркум эгесинин кадырына тете кастарлап кийип койорбуз, байбиче...

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## 1

### «ФЕРГАНА ОБЛУСУ БОЮНЧА ЖЕРГИЛИК ЭЛДЕН КАРА ЖУМУШКА АЛУУ ЖӨНҮНДӨ ЖАРЫЯ
### 15-июль 1916-ж.

**Ушул жылдын июнь айынын 25-күнү согушуп жаткан аскердин артындагы кара жумушуна азирети улук Император орус мамлекетинин орус эмес калкынан чегүү жөнүн буйрук этти.**

**Бу бийик буйрук кыңк этилбей жүзөгө ашырылышы ылазым. Ушунчалык улук талаптын мааниси кыңыр түшүнүлүп калбасын үчүн бир сыйра ачык чечмелеп коюш пайдалуу деп эсептейм.**

**Чегилген орус эместер согушка кирбейт, бар болгону, аскердин артындагы кара жумушун, демекчи жол, көпүрө оңдоо сыяктуу иштерди кылат, бу өз үйүндө иштеп көнгөн эле иши болот.**

**Ишке жараганы кетип, өз чарбасы бошоңдоп калбасы үчүн кам көрүлүп, ишке жарамдуу бүлөнүн баарын эмес, алгачкы учурда 5 түтүндөн бирден гана жумушчу алышты бүтүм кылды Өкмөт. Кудай берсе, согуш бүтөт, жумушчунун кереги да жок болуп калат.**

**Жергилик калк Өкүмдарыбыздын чакырыгына мекенибиздин азаматтары катары кубаныч сезим менен астейдил мамиле кылышка үндөйм, ошондой эле орус куралынын жеңишинде орус эмес жергиликтин да көрөр таалайы, багы бары ырас, жеңиштен соң Фарганалык да азырети Өкүмдардын эркин астейдил аткара алдык деше алат.**

*Генерал-лейтенант ГИППИУС.»*

*(ЦГИА Уз. ССР. ф кпт 11, сд. 1332 л.36)*

Бу «улук» делген Империянын «туземец» деп аталган орус эмес Туркстан тайпаларына гана арналган. Каниги аскерге ушул убакка дейре жолотулбаган өлкө жалгыз Туркстан болучу. Себеби не? Же «жарабайт» делинген, же ишенилбеген.

«Йе, — дешти көбү. — колго курал карматпайт экен, богун эле күрөп бергени алат турбайбы!»

Журт коргоо байыртан булар үчүн баш сая турган эрлик болуп келген. Бу аскердин өзүнө эмес, анын кара жумушуна алуу намыс көрүнгөн.

Тымызын дүрбөлөң боло баштады. Буга жүйө арга барбы? «Бөтөн» делине кем саналган эл жообун кайдан тапсын!? А «тааныш» деген татар, жанаша отурук кылган «жаңы тууган» орус тиш ачпайт...

Ош уездине караган Булакбашы, Кожабат ичинен сезилди биринчи толкун. Буйер Анжияндан Ошко каттачу почта жолу, колония акимдери үчүн эң маанилүү деген аймак болгон. Каттоо жөнүндө ар түркүн кеп аралап, анын үстүнө башка дувандарда чыга баштаган тополоң үркүтүп, эң акыры эки жүздөй булакбашылык бийлик идарасынан, бар болгону, ким катталып ким калганын эле билгилери келген го.

Бирок, болуш, старчын дегендер коркуп, көзгө түшпөй качып кетишкен. Шек аны сайын күчөп, желиккен эки жүз аламан болуштун үй коргонун ороп калышты.

«Чы-ык быякка!» дешти, «көрсөт каттаганыңы...» дешти, болуштун дареги жок, үргөн итин кезекке алып каңшылатып, жулунуп да кирди бир тобу, эки катыны, кыздары уңшуп ыйлап отурушкан экен.

Не кыла алат!?

Бири койкойлоп, бири эртеңин болжоп ызырынып, кантсе да тынч кайтты эл.

Жер тегиз, бирок башынан каксоо, суву тартыш, күнү ыссык, нары да өз букара эли тыгылыш Фергана, жана да ушул сыяктуу Ташкен, Самаркан, Букар айланасына кең Россиядан атайын көчүрүлүп келинген мужук аз. Демек, жергилик сарт тайпа жан багар жери

өтө эле тарыбаган, көп да кысым көрбөгөн, «империяга пахта берет» делинип мендикерге алынуудан да бошотулуп коюлган соң буларда өкүмдардын жарлыгына каршыгуу солгун. Демекчи, кара жумушка алуу пахта эксе да экпесе да «тынчы жок элемент» делинген булакбашылыктардай кыргыз кыпчак атпайынын мойнуна түшкөн.

## 2

Улук Указ аткарылбай калабы!? Күчкө салынса бул чөлкөмдө таянар орус станицалары аз, too этектерине бирткеден гана, а Нарын дайра, Кара дайра арасы, эки жак жээктери жыш жергилик күргүчтөлсө, мына деп булар жапырт көтөрүлсө, булардын көптөн дымып калган эски зардеси кайра кайнап чыкса, аны басыш өтө кыйын иш болуп каларын кыйла аяр Гиппиус тоотпой койо алган жок.

Ишти тынч бүтөрмөк ыгына ооду Гиппиус. Шаарларын, уезддерин кыдырып чыкты. Кайерге жетсе ошойерде жергилик болуштарын, аминдерин, ар биринде экиден болгон ыстарчындарын калтырбай жыйнатып, алар менен кошо ар аймактын кеби эки болбогон аксакал дегендерин алдырып жыйын курады. «Орус, жергилик жамы тайпаларга бирдей калка болуп турган Улук Империянын бүгүнкү жана эртеңки амандыгы, аброю үчүн жарыяланган Улук Указдын зарылдыгын» маанилеп, ой чабытынын болушунча жергиликти оруска теңсинте көңүлүн көтөрмөлөп, букаралык ыйык вазийфасын кошо эсине салып чечмелеп баштады.

Ошто «көр акимдин багы» деген көлөкөлүү жайга токтоп, бул уездге караган жергилик элдин жакшыларын топтотуп жай отуруш кылды Гиппиус. Шартты түшүнүү, ынтымакка ийрилүү гана болду эки жактан тең, суроо суралган жок, ашыкча кепке өтүлбөдү.

— Ишке барар кишилер чогулабы? — деп сурап койду кожоюн.

— Чогултуп жатабыз, — дешти болуштар, көзүнө илинип калышка биринен бири өтө күүлдөп жибериишти:

— Канча делинсе ошончо чогултулат!

— Ким моюн толгойт экен!? Кыл чылбыр түшөт мойнуна!

— Ким каяша айтат экен!? Кан толот кара оозуна!

«Бир шойкон чыгат ко» деп үркүткөн негизсиз экен деп баалады ичтен, көрүнөө кабагы жазыла астейдил ыразы болуп Наманген уездине өттү Гиппиус.

Кыргыз Мечит багына ушундай эле бийлик ымаратында жүргөн кишилер аны кучак жая тосуп, курчап, ар бир кыймылына көңүл бөлүнүп, ар сөзүнө жаза кетилбей баш ийкелип, ал үчүн бул дүйнө өзгөчө жымырап, кой үстүнө торгой жумурткалаган убагы сыяктантып күтүнүп алынды го!? Улуктун санаасы аны сайын тынчыды.

Кеңеш баштала электе эле улам бир тараптан, улам бир топ болуп, шатырата ыкчам келген атчандар кең аянтка толуп, көрүнбөй калды арты. Тебетейлери эле калдаят, көбү тоолуктар окшойт.

— Мына, — деше мардайып калышты болуштар, — он болуш Аксынын «ишке» барар кишилери. Ар тобунун бирден башчысы бар. Келишмек эле, кудай жалгап, келишип калды, мына...

Генералдын тилмерин үлгүртпөй Арстанаалы үн көтөрө шапылдатып которуп таштады.

Буларда не ой, не ниет барын ким билсин!? Сактыкта корлук жок, генералын баш кыла аны курчап турган эл жакшыларын акырын ортого ала имерилип, бири калбай мылтыгына колу жабышып, томсоруп токтоду козак отряд.

— Эң сонун! — деди Гиппиус, көзү жайнай кубанды.

Ирисинен жүздөн, майдасынан элүүдөн болгондо да он болуштан жети сегиз жүз жигит келген.

Ыктыяры менен эместир тегиз эле, суроо, кычы сөз чыгып, кытыр кыял көрүнүп калышы да ыктымал. Эл ичинде кээде астейдил, кээде какшык, «ак паша-

дан тил билген» делинген Арстаналы бу топтон генералды какас чыгарып алышты акырын болуштарга сунуш кылды. «Кокуй...» дешти болуштар, уездбашыга эскертип, «жүрүң» «ылтымас» деше Гиппиус төрөсүн ичкерилетип, үстүңкү кабаттагы балаханага чыгарып кетишти.

Э дым, үн да, кыбыр да жок.

Эми кыйла бийиктен сыдыра көз салды Гиппиус. Жо, жол жүрсө атына сес кылган, үйүндө катынын коркутканга гана жараган жалгыз камчысынан башка булардын колунан, колтугунан эчтеме байкай алган жок. Жаман сөзү болсо болор, бирок жаман ишке барышпасын ушундан эле чактап турду генерал.

— Кулак туткула! — деп баштады бүткүл Фергананын башын кармаган кожоюн, аскер губернатору, ушу кыйын кыстоо мезгилде мынчалык жыйын жыйнап сүйлөшүп отурган себебин баягы күнкү «көр акимдин багында» негиздеген маанилерин көбөйтүп, тактап саласал кылды.

Чакылдата которду Арстанаалы.

Эл дагы эле жымжырт.

«Муюшту...» деди кожоюндун диди, эми мисалга өттү:

— Мына, ыракмат, түшүндүңөр, дүпүрөп келип турасыңар, — деди көңүлү жай, — суроолошобуз, жооптошобуз, мындай тынч дүпүрөгөн топ коркунуч эмес...

Бир азга токтолуп, айтарын көңүлүндө тактады:

...ал эми... ичинде кара ою бар кишилери кошо чогулган топ, чын, коркунуч... Кокустан эле бири «ур» деп кыйкырып жиберсе, ошол капшапта бир эси жок бирөөгө муш коюп калышы мүмкүнбү, мүмкүн... ушундан жаңжал чыгып кетиши мүмкүнбү, мүмкүн...

Колун саал көтөрө сөөмөйүн те алыска шилтеп алды:

— Самаркандын Жызак уездинде ушундай болуп, кимдин ким экенин ажырата албай калган тополоңдо, жай адамдын бири болсо бир жөн, уездбашы набыт болуп кетти...

Өзү көргөндөй күйө быша котормолоп турду Арстанаалы.

— Эмне тапты ушундан өз заарына жендирген жергилик эл!? — деп маанилеп улады Гиппиус. — Биздеги чапчаң кишилердин ашыкча чапчаңдыгы менен бүтүндөй бир шаарча Жызак тыптыйпыл болду... айланасындагы кыштактары бири соо калбай кыйрады... кырылгандан калган бейчара калк тушкелди кубаланды, а жери өкмөттүн карамагына алынып коюлду... Мына, тапканы ушу!

«Коку-уй...» дешти болуштар, «...бизди кудай сактаса экен...» дешти баш салыша шыбыраша.

—Бизде да, — деп жыйынтык кепке келе баштады улук Гиппиус, — ушуга окшогон бир балээ болуп кетпесин, элге тигиндей залалы тийип калбасын, азирети Императорубуздун ыйык Жарлыгын бириги̇п бирге жүзөгө ашырып алалы! Уят болбойлу!

Кабагы жадырады, кучагы жайылды улуктун:

— Мына! Ишке жөнөр азаматтар жөнөшкө даяр болуп келип турганы бу өзгөчө кубанарлык окуя!

— Бир суроо!

Шарк этти бир үн. Жалт карана берди иргелген болуштар, дилине бүлүк түшө калган булар түгүл «жөнөр», жөн чогултулган жай эл да дуу-дуу бурула түйшөлө калды. Те тизилген атчандардан бири бери чыга үн салып турган. Тааныды Арстаналы, акжолдук сакоо Танабай экен.

— Сура, азамат! — деди улук.

— Төрөм! — деди Танабай, — байы менен колунда жогуна, болушу менен букарасына бирдей эмеспи азирети Ак Пашабыз?

— Не, — деди Гиппиус, — азирети Ак Пашабыз баарыбызга бирдей! Ким айтып жүрөт «бирдей эмес» деп!? Бу пикир ушул жерлик эле чапчаңдардын жоруктарынан улам чыгып жүрөт ко дейм!?

Нес болду жергилик чоңмун деп тургандар.

Дагы бири:

— Кайда болуштарынын балдары!?

Дагы бири:

— Өңчөй бечаранын балдары эле бара берсек болобу!? Ыя!?

Чуу көтөрүлүп кетти:

— Кана, жооп айт, кожоюн! Жооп! Жооп!

Эми элеги жүзүү жылуу, тили ширин, бир жаман жорукка барары сезилбеген жумшак Гиппиус оозуна сөз кирбей элтейип калды.

Бир жери тынч сыяк, бир жери дүрбөгөн сыяк, бирок жалпы элдин өз билермандарына наразылыгы мурдатан эле толуп ташып калган белем, обулус улугунун жообун күтпөй эле туштуштан күч алып чыкты кыйкырык.

— Эй! — деп атырыла сөз ыргытты Арстанаалы. – Эй, Танабай! Элди бузба, Танабай!

Тиги да бош келбей, атын камчылап туйлатып:

— Йе, мен бузуку бекемин!? Ыя!? — деп чакчарылды. — Сени, сендей атасы болуштарды айтса болбойбу бузуку деп!? Куп болот!

— Куп болот! — деше коштоду аны көпчүлүк.

Танабай:

— Ыя, бизди коштун өгүзүндөй «ишке» чегип коюп, ыя, сен атаң экөвүң бириң болуш, бириң тилмеч болуп жүрө бересиңерби «эл башкарып»!?

Дагы дуу-дүү кубатталды:

— Биз деле барбайбыз!

— Барбайбыз!

— Барбайбыз...

Өз тилмери кулагына илинген сөздү калтырбай маанилеп турду генералга.

Эми жигиттер топ боло бөлүнө, кейише, сөгүнүшө күүлдөшүп кете баштады.

Ким токтотот!?

Өз баласын корголоп, жардысын арбап, бирдеме берип алдап, анын жалгызын «сатып алып» ордуна жөнөткөн байы, бийлиги менен күргүчтөгөн болушу тосо алмакпы!? Тоссо ким ийменет эми!? Туруп калышты бири да мыңк эте албай.

Уездбашы каары сур бетине чыга кайсактап, ошол тапта кимди да болсо шапалак менен башка тартмак, анысы тутанган өрттү күчөтмөк, бирок обулустун аскер губернаторунун алдында өз карамагындагы болуштарынын да, өзүнүн да күнөөсүн сезгени кымырылтып токтотту аны.

— Ну, — деди Гиппиус, элет билермандарын сыдыра тиктеди сумсайып, — бу окуянын тегинде, кадырмандарым, силердин күнөөңөр бар. Туура айтып кетишти тигилер. Бирөө да кошулган эмес беле өз балдарыңардан!? Ну?

Кимиси жүйө табат!? Суудагы балык, кургактагы талма коңурс болуп калышты болуштар.

— Мен кошулам, мен барам! — деп жиберди Арстанаалы. Элтең этти талма коңурстар.

Корлукка өчөшө, намыска эрдемсип турган жигитке таң калгансып кунт койду Гиппиус:

— А сен кимсиң?

Арстаналы:

— Мен кыркугул болушу Осмонбектин баласымын, ысмым Арстанаалы. Мени кошуң...

— Өтө жакшы, — деди Гиппиустун көңүлү кайра ийиге, — сендей шарт билги азамат көптүн бири эмес барса миңбашы болуп барышка арзыйт, кошул!

Тирилип, тирмейип калышкан талма коңурстар, алардан жүз үйрө, артынан бөжөндөп ээрчигендери менен да коштошпой ошол бойдон үстү ачылып коюлган поетонуна бет алды. Поетонго чыгып, отурбай токтоло:

— Эми, силерге айтарым кыска, — деди генерал-лейтенант Гиппиус, — эртеңден баштап, кантсеңер да, бу кутурган элди кайра чогултуп, эртең мынабу темир жолго толугу бойдон даяр кылбайт экенсиңер, убадам ушу, бүрсүгүнү Анжияндан жазалоочу аскер чыгарам, чапчаң генерал Ивановдун жолоюна түшүшкө аргасыз болом...

Тынч көрүнгөн эл ичинен мындай каяша болуп кетери уезд жактан да, элет жактан да болжонгон эмес.

Бу көз көрүнөө баш тартуу, тарап кетүү капилет жаакка чапкандай кылды эки жагын тең. Кыйла сыпаа, кыйла адамгерчилиги бар Гиппиус иш жайгара албаган билермандарынан түңүлүп, көңүлүнөн өзү атайы басынып жүргөн генералчылык дымагы, кан көксөгөн тажаал карышкыры ойгонду. А болуштары бири өз баласын кошо беришке деми жетишпей, бири жазалоочу аскер чыкса кандай опат болорун чакташпай кынжылды.

Эми гана поэтон жыла берерде тыякта элтейген эл ичинен бир көгала сакал адам тез баса келип, көкүрөгүнө козактын мылтыгы кезелгенине карабай, ошо жерде атылып кала беришине кайылбы, жетип:

— Төрөм... төрөм... бир ооз... бир ооз эле кепке ылажы бериң, улук төрөм... — деп жалбарып жиберди.

Генерал-лейтенант ороюп тиктеди.»...төрөм... улук төрөм...» деп үнү дирилдеп, кара көзү жаштанып турду. Шыбыш кылды тилмери, билгиси келди го генералдын:

— Ну, кандай «бир ооз» кеп?

Тиги:

азиретим...»эртең» деген эртелик кылат, мынчалык болуп кеткен соң канткенде да кайра жыйылып бүтө койо албайт эртең эле... бир жума убакыт кыйып коюң, мартабалы улугум, бир эле жума...

— Кимсиң өзүң?

— Жай адамдын биримин, улугум, калыс букараңыздын эле биримин...

Биртке ой баса токтоло калды генерал.

Жай адам:

— Биз кайра сүйлөшөлү өзүбүзчө, — деди энтиге, — бир жуманын ичинде бүт бүгүнкү мендикер темир жолго чыгарылат, чыгара албасак өз шорубуз, бир жумага ырайым кылың, айланайын ыкыбалдуу улугум...

Тыякта «талма коңурстары» баягыдай талып турат, бу «жай адамдын» мынчалык жалоорул турган себеби бирөө гана, «...башына не мүшкүл күн түшөрүн сезген бирөвү табылды э... кудайга ыракмат...» деп,

ичинен тооба кылды генерал. Тегин, ысмын, колунан бирдеме келер келбесин такып отурбай:

— Макул, — деди акырын, — бир жума болсо бир жума, андан бир саат да ашык күтүлбөйт.

Эртеңби, бир жумадан кийинби, моюн толгосо жазадан кайда качып кутула алмак бей чара эл!?

Жол алды генерал-лейтенант Гиппиус. Эки канат боло жандап, соксондошо ат желдире коштоп кетти козак отряд...

«Талма коңурстар» дароо жандана «жай адам» Ажыматты орой калышты. «...о кагылайын, сен кайдан келе калдың?..» дешти.

Ажымат:

— Ой, билермандар, ой, эл башыбыз дегендер! Ой, элге баш болгонуңар ушубу!? Өз балдарыңарды койнуңарга бекитип!? Ыя, калыстыкка жатабы ушу дагы!? Силер көрсөңөр Ак пашанын убайын, качан минтип «ак паша үчүн баш саяр» деген күн келгенде өзүңөр четке чыга тумшукту батырып канатты качырып, кайра дагы бей чара элдин жалгыздан баласын түртө салып бересиңерби!? Мунуңар элге да, акимге да жаккан жок ко бүгүн!?

— Йе, бопуза кылып атат жөн эле, — деп мыңкылдап калды бири, — жазалаткыдай эмне күнөө кылдык!?

— «Бопуза«!? «Жөн эле»!? — дей такмалап кайталады Ажымат, маасысынын кончунан бүктөлгөн кагаз сууруп алды, ал татар жамагаты чыгарып турган баракча гезит экен, бийик көтөрө муңканып жиберди, — муну карагылачы, муну...

Так ошол мезгилде империянын ар кайсы бурчунда майда тайпа эл корлукка чыдабай баш көтөрө баштаганын, тыл ишине барыштан баш тартканын, бирткe эле кылгансыган каяшасы кандайча канга бөлөнтө басылып жатканын терип, үзүп окуду:

— Мына! Күнөөң эле укуташканың, каяшаң! Ыя, аким өзү мисал кылды го Жызак не болгонун!? Сурап, иргеп отурбайт, букараң жазаланып, байың, болушуң аман кала бербейт — баарың тегиз кыңгыраган кылычтын мизине, мөндүрлөгөн октун алдына бирдей кабы-

ласың... азыркы зорлуктун дымагы, каары, күчү мына ушунчалык... — деп зар какты Ажымат.

Кыйла сестенип, дым боло калышты баары. «Балээ басканы калганбы бөөдө?..» Бу ич кынжылткан суроо баарынын жүрөгүн өйкөдү. «Не арга абзел?..»

— Тез, ушул жерден эле чачылбай төгүлбөй элге баралы, кыдыралы үймө-үй, — деди Ажымат, — айталы шартты, саласал кылалы акыбалды!

Чү дешти, дүрбөп тоо тарапка жүрүп кетишти.

Үймө-үй да, топто да «...түшүнсөңчү а, элим ай, бир балаң кетсе, бир балаң калат колуңда, кеткен балаң башарти келбей калса, а быякта жамы тууган журтуң үйү бузулбай, чабылып чачылбай тынч болот... Жыйнал, жигиттер, жыйнал! Тез чогулалы темир жолдун тоомуна... жок, мындан башка арга... жок...»деп какшанды кыргыз эшен Ажымат.

Ырас эмеспи, жетимге жөтөлдүн кереги не!? Жылым күн астында, суук кар үстүндө боз үйлөрүндө жан баккан, казып койгон ийини жок, салып койгон коргону жок, алыска тийер мылтыгы түгүл белинде бычак жүрбөгөн журт тирешип не кыла алмак!? Кайда алдастамак, кимден калка сурамак!?

Калыстын бу ойлору оздон оозго өтүп, жакадан тоого кетип, качкан жигиттердин артынан жетип жумшагына сураныч, катувуна сабылыш болуп жайылды.

Чогулду, айтканынан кайтпай Арстанаалысы кошулуп, миңбашысы атанып, ошо бир жуманын аягында темир жолдун боюнда болду кетчү жигиттер.

Өзү келди, жигиттерге ыразылык айтып, ак жолу ачылышын каалоо кылып, миңбашы Арстанаалысын колун кысып, жаркылдап узатып калды Гиппиус.

Бу окуя адамгерчиликтүү генералдын көңүлүн абдан көтөргөн, ишти дайыма тынч жайгармакчы аракети бу жерде да акталганына ыразы болду, кечиктирбей эртеси эле Ташкенде отурган генерал-губернаторуна телеграмма жөнөтүп да үлгүрүп калды.

А бирок, анын жергилик элдин көңүлүнө, ыгына жараштыра сүйлөшүп тынч бүтүргөн иши жарымпаша-

сына жаккан жок. «Улук Указдагы түздөн түз милдеттендирген монарх эркине бу шайкеш келбейт» делинип, «жарым жабайы тузем тайпанын көз алдында кадыр сыйы түшүрүлгөн» деген айып да коюлду. Жызак окуясын мисал кылганы чыккынчылык катары эсептелип, деги эле инародецтерин* кандай гана шартта болбосун азаматчылыгына эч качан ишенбөө керектиги жамы Түркыстан боюнча буйрук кагаз аркалы катыран көрсөтмө болунду. Гиппиус Генштабга «кайра чакырылып», ордуна Жызакта кан төккөн чапчаң генерал Иванов быякка алынды эң акыры.

## 3

Дүйнөнүн кооз бурчтары тээ мурда эле «илимчи», «саякатчы», «картограф» деген азаматтары тарабынан белгиленип коюлган эмес беле, Переселенческое Управление ошол аба ырайы ылайык салкын өрөөн, ар колотунан шаркырап түшкөн таза суулары, көк чалгын тоолуу аймак тиягы Жаркен, Текес, Талды Коргон, биягы Ысык көл, Теңир тоо, Сары өзөн чөлкөмдөрүн тандаган. Көчүрүлүп келинген эл негизинен мына ушул Жетисууда.

Жетисууда абал өзгөчө...

**«ВЕРНЫЙ КӨЗӨМӨЛ МЕКЕМЕСИНЕН ФОЛЬБАУМГА БИЛДИРМЕ**

**...Пишпек, Верный уезддеринин кыргызынан кадырлуу кишилерин дунгандын Булар деген болушуна тымызын жиберишкен, башка жерден да кошулду окшойт, кара жумушка жигит бербейбиз, андан көрө чогулуп Буларды кошунбашы көтөрөбүз деп баталашыптыр, куралган кыргыз кошундарын ошо баш болсун дептир...**

***Ротмистр ЖЕЛЕЗНЯКОВ.***
***1916 г., 26 июля (8 август).»***
*(ЦГИА Каз. ССР. ф. прокурара верненского окр. суда 214о-б. т. 1У. Л. 100)*

Жергилик эл ушуга чейин эле ушундайча тымызын аңдылып, тескелип, кимдин тоо жакка кеткени, кимдин чөлгө түшкөнү, демекчи былк эткени, шырп дегени дайыма эсепке алынып, көз жаздым кетирбей муну онду солду чайкап көрмө жогорку атайын мекемелеринин алдына баймабай жеткирилип жүрүлгөн.

### «ФОЛЬБАУМГА ВЕРНЫЙ ПОЛИЦЕЙМЕЙСТРИ ЖИБЕРГЕН БИЛДИРМЕ

**Өткөнкү августта жиберген кабарыма кошумча билдирем, аша кадырман төрөм, ушу Верный уездиндеги Үш Коңур жана Үлкөн Саз, буга катар эле Пржевальски уездинде Аксуу жайлактарын эки жактын жергиликтеринин көптөгөн кадырман деген кишилери, байлары, динчилдери, бу түгүл болуштар да кошо с»езддерине чогулду.**

**Пишпек уездинин дунган болушу Булардын каты окулду эки жагында тең.**

**Жигит бериш жок, эгер катыран талап боло башкаса жигитти өзүбүз жыйып, элди көтөрүүгө даяргерлик көрүш, алдын ала атылар курал таратыш керек дептир.**

**Кокус таймаш башталып кетсе, ар бир жигиттин өз оокаты өзүндө болсун, бирден коюн союп, туздап, өз терисине салып, бөктөрүнүп алышсын деген экен.**

**Ошол катында эле Булар атылар курал таап беришти убада кылган, көп жылдан бери ал өзү турган Пишпек уездинин Каракоңузунда курал деген сакталып турарын, буга кошо кытай жактан мылтык алып берерин да ачык айткан.**

**Кытай өкмөтү колдойт деп, а түгүл өзү каны жагынан кытай пашаларынын тукумунан экенине ишендирген.**

**Ишенип, анын айтканындай аракетке өткөнгө макул болушту, мындан кайткыс ойлорун бекемдеш үчүн эки бээ союшуп кан бычагын, кан колун көтөрүшө ант бата кылышты. Булардын сураныччына**

**ылайык ошо ант бата менен бирге эле ар кандай шылтоо таба кара жумушка дегенди кечеңдете бериш, өз даярлыгын күчөтүп алганга дейре муну эч жанга билдирбөө жагы ар бирине эскертилген...**

***Ротмистр ПОРОТИКОВ***
***1916-ж. август 8 (21)»***
*(ЦГИА каз. сср. ф.. сем. Обл. првл-я, отд. 1, стр. 2. ном. 16927. л 28-29 )*

Ушу чынбы? Чын болсо муну ким жеткирди Верныйга? Орус аралашпайт, татардан тилмер керек болгон эместир!?

Какесиби? Кыкысыбы? Кайдан чыкты бу!? Же кошунбашы болмокчунун өзүнөнбү? Ыя, не баягы илгертен жүргөн «тууган болуп калды эми» деген булардын баш терисин кийип алып, буларча кайлап, желе жорткон теги бөлөк, дили терсиненби?

«Россия» делинип ичине киргизилген тайпаларын, ошо сыяктуу эле Сибирдеги орус эместерди орусташтырыш, чокундуруш сыяктуу аракет быякта ачык да тымызын да жүргүзүлгөн жок. Бир себеби те баягы генерал Скобелев менен Курманжан датка аркалы макулдашылган «Шартнама» бул элдин али эсинен чыга элек, дагы бир себеби бу эл эсте калбаган байыртан карманган бир гана теңирге сыйынган түшүнүгү, системалуу мусулманчылыгы боло келген. Буга кол сугулса, тыяктагыдай зордолуп кыштын күнү муздак сууга салынса бүтпөгөн таймашка жолугары айгине болгон.

Бирок, колония билермандарынын чоңу да кичинеси да жергилик элди теңсинбей «туземец», «инародец» деп атап, буларды душман катары байкоо, аңдуу системасын жылдан жылга күчөтүп, өзүлөрүн өзгөчө оолак, бийик тутунган.

Генерал-лейтенант Фольбаумдун ошол убакта көңүлүн бурган окуя илгертен бирин бири «маңка» «сакоо» деп айкыра сөгүшүп, бири өзүн «казак» атап, бири «кыргыз» деп манчыркап жүргөн эки тайпа негедир бүгүн биргелешип жыйын курганы болгон.

Нечен жылдар бою Россия коомунда өкүм сүргөн

«крепостное право» делинген жашоо ирежеси убагында не жерсиз калган, не кожоюндарынан эзилип жадаган-дан, не өлүмүнө баш байлап безген мужук дыйкан эл жакынкы чек аралардан ооп, ал кезде көбү чын эле ээн кең даланын орус эмес байоо тайпаларына ымалаша, аралаша элчилик наамын эски эле «качак» дегенге кыйла окшоштурула «козак» деген көнүмүшү болуп, бир жагынан тыякта кожоюн сатса сатыла, сатып алса алына, уруп өлтүрсө доо да кун да жок кулчулуктан безе бозгон көбөйүп, акыры жаңы орус козак тайпа пайда болгон-суйт. Жүрө, көрө бүткүл Россиянын эгеси «эл каратыш», «жер алыш» мүдөөсүнө ылайык бу жаңы орус козагын өз мүдөөсүне чегерген. Түбү келип, баары ат минген, баары эркин, дуулдаган козактар өлкөнүн күнбатышынан күнчыгышына чейинки кароосуз чек араларын кайтарар сакчыга, императордон өзгөчө жеңилдик да, укук да, курал да алышынча берилген аскер күчүнө айланган.

Россия быякка жыла баштаган жолунда бир дагы түзүк уюшкан туруштукка жолуккан эмес.

Бул эл теги жагынан те эстен чыккан көөнө замандан «он ок» же «он уул», «оң кары, соң кары» дей улап сүрүп, бирок ошол бир убактагы өз ара уруу мүдөөсү күчөйө бирлешкен улук журтчулугу ыдырап, ар бири өз бетинче соолгон суу сыңары улам азайып, кеткетине тушуккан эл. Ушул күнүндө ал толкуган көлдөй бир мезгили от боюнда жобураган жомогу, күңгүрөнтө черткен күү, арман ыр гана болуп калган.

Жер тутуму жакын казагы биринчи кабылды баскынга, биринчи каяша кылып көрдү өз алдынча.. Ич ара коому баскынчыга тете эмес, урууларынын жашоо жайыты тыгыз эмес, дагы эле ээндеп көчкөн өз казагы өз ара келише албаганы акыры келип кедерги болуп, эң башы Макамбет өлөңчү, андан соңку Исатай бий жеңилген. А «кичи жүз» делинген кыпчагы Сырым баатыр «сөзгө» чакырылып кармалып, төрт тарабы үч көчмө элсиз, суусуз ээн далага атайы тирилей алпарылып ташталып, тындым кылынган.

Өткөн изи, жобураган жомогу бир кыргызына кел-

тек сүйрөй кол салышып кеткен учурлары жок эмес. Те бир убакта султан Барак дегени бөрүчө түн катып жортуп, Кар жаабас кара Кочкорго жеткен, бирок жайлоолоп кеткен кыргызы бет келишпей койгон. «Сөзгө келсин, доо не?»

Жооп болгон эмес. «Мейли, беттешпейли, чарчаганда өзү кайра тартар, эрегишсек эр өлөт, элчилигибиз кошо өлөт» деген улуу сөз калган дейт. султан Бактын кошунунда кул калмагы бар экен, айтымда, «жалтайласа жашынды дебе, корголосо коркту дебе, булардын атасынын гөрүн ачмайынча, башын тоголотуп, сөөгүн чачмайынча арына келбейт дептир дейт. Чын көргөн Барак, аны кара шайтан шаштырган, жабылта Чоң Мазарын каздырган.

Ийии, өзү тири туруп атасынын гөрү ачылган деген өлүп берер намыс!

Кыргызы капилеттен удургуп чабуул баштап, жер увун билбеген казагын байпастатып кирбейби!? Бу чабышта мингени күлүк Барак артын каранышка буямасы калбай качып, жыйырма гана чакты калмак дөлөнгүттөрү менен араң кутулуп кеткен делинет.

Дагы, көп жыл өткөн соң ошо Бароктын саркындысы Кенесары эң оболу орус козактар менен түртмөлөшүп чамасы жетпей, айтымда, «ала тауды алып коймакка» аттанып, кыргызынын Сары өзөнүнө жетип, кыргызы дагы бет келишпей, дагы ынтымакка ыгып, айтымда, «биригели, мейли, жашы улуу, хан аталсын Ормон, а кайратман Кенесары эки кошунга бир башчы болсун дешкен», а акылынан дымагы көп чапкынчы көнбөгөн. Акыры Кенесары колго түшүрүлүп, орустун душманы катары башы Батыш Сибирь генерал-губернаторуна тартуу кылынган.

Жер тутуму жакын, деми тайган казагы мурунурак Империянын карамагына «алынган» соң төбөлдөрүнүн балдары орус гимназияларынан, аскерлик кадет корпустарынан таалим көрүп ишке жарап, быякка тилмер, тыңчы, «саякатчы» түрүндө тоолук, ичкилик кыргыз ичине катнашып, ошолордун бири Шокан Ва-

лиханулы «Россияга кароо» түгүл «бу эки тайпа эл мусулманчылыгынан кечип, биротоло чокунуп алганы өзүлөрүнө пайда» деген үгүт таратып да чыккан.

Мына, бул элдин өткөн күнү, баскан изи, рух дүйнөсү. Ыя, кайдан, кайсы кыртышка өнүп жүрөт бүгүн «биргелешиш» деген ой, кыял!? Неден эле «чогулуп» акбоз бээ союшуп калышкан!?

Ошо өз кези, акысыз, укуксуз, эл катары эсептелбеген, бирок зыяны болбосо убактылуу гана темселеп күн көрүп турушуна бегилик берилгенсиген абалын канча түркөй болсо да жергиликтин ичинен көзү бары көргөн го, акылы бары сезген го!?

Какесинде:

«...кыргызды камап алды
аска заунын арасына,
казакты айдап салды
кызыл кумнын даласына,
аттен ау...

...көк орай шалгын жерди
сурамай ак тартып берди
көк көзинин баласына,
аттен ау...»

деген аргасыздын кайгысы жүргөн.

Кыкысында:

...Кырк Огуз эле тегибиз,
кыйладан эле жөнүбүз...
өздү жерип кас болдук,
өнгө журттан пас болдук...

бел болор бекен динибиз,
биригер бекен дилибиз...
...жар болуп Агзам пирибиз,
жаркырар бекен күнүбүз...

...биригип берсе дилибиз
онтоюнан жол баштап,
жолтоюнан кол баштап
туу башы болор кимибиз!?

...элди жиктеп бөлбөгөн,
акыл экчеп сүйлөгөн,
асте теңшеп бийлеген
дуу башы болор кимибиз!?

...кыргыз, казак биригип
бата кылып алсак бейм,
тунук акыл, адилет,
теңир сүйгөн бадөөлөт
баладан барктап көтөрүп,
баба наркын өтөнүп,
ата кылып алсак бейм...

деген өтөлбөс үмүт, түгөнбөс бөөдө арман болгон...

Мунун баары, чын эле «аттең ай», кеткети келген деген ушубу, жыйылган жыйын, ага келген «аттуу баштуу» дегендеринин бири көз жаздымда калтырылбай түгөл ким экени кагазга түшүрүлүп, тезинен Жетисуу аскер губернаторунун алдына коюлуп турганын караңчы!? Ичинде бир бөтөнү жок деген жыйын, ким билмек, ким жеткирмек өзүлөрүнөн башка!?

Бирок, Фольбаум чоочуна койгон жок, эки тайпанын абалын, таянган келтегине дейре так билген аскербашынын көңүлү ток, керек эле болсо аты кагазда келген «тың» дегендерин керек учурунда тооктой бапырата куудуруп карматып келип аларын билет.

## 4

Кыргыз аймакташтырыла «волостной управа» делине ийрилсе, а крестьяндар буга аралаштырылбай өзүнчө өз старшинасына гана бириктирилген. Старшина волосттордун ар бир кыбырын тымызын байкоого алып, керегин Уездной Управага дайын кылып турарга укуктуу болгон. Старшина Беловодск аталган Аксууда турган.

Кийинки шартка жараша «өзүн өзү коргоо» үчүн бүткүл Жетисуу боюнча ар бир станицага баштатан өзүлөрүндө жүргөн атылар, шилтенер жарактарынын

негизинде кошун куралып, түздөн-түз Фольбаумдун өз тапшырмасы боюнча ушу Беловодски, Фольбаум, Ново-Троицки, Антоновка бириктирилип, «Крестьянская Дружина» уюштурулду, башына Пишпек уездинин приставы Грибановский коюлду.

Ишин өрөпкүп кескин баштады Грибановский.

«Волостной» дегенди эптеп окшоштура «болуш» дешчү кыргызы. Тезинен күргүчтөтүп, Старшинанын мекемесине апкелдирип алды пристав. Мурда эле аларды бөйдөй кууруп көнгөн, бу «аскербашы» атанган чагында анын кабагына дагы кыжыр, дагы сүр кошулуп калган экен.

«Жаңы», «шайланган»»болуштар» салам айтышты бирден, тебетейлеринин төбөсү көрүнгөнчө мөңкөйүшө таазим кылышты. Ичинен бирөөнүн «...ыдырыст...» дей орусчалаган саламын кулагы чалып, жымыйып күлдү буга аскербашы:

— Ну, «сыдырыст», — деп туурай келекеге алды, — тышында «ыдырыст», ичинде «чүрчүт»!

Уруксат кылды отурушка пристав, сүйөнгүчү жок чокчойгон жыгач кешегине, кокус кычырап сынып кетсе төлөмү быякта калсын, ашыра айыбы болору ыйынтып коомай көчүк басышты өздөрүнчө манчыркаган болуштар.

— Ну, — деди тажал төрө, чын эле үнү мурдагыдан да катаал, ирeңи ошол эле замат сур тарта, боз мончок көзү аны сайын муздап, — азирети Императордун ыйык эркине көнөбүзбү, талабын орундатабызбы, болуштарым?

Жанагы оозун уюлгуган сары сакал жапкан, эки бетинин эле оту бармак басым кызарган көрүп көнгөн мужуктардай эмес бу төрө, кекиртегне дейре көгөртө кырына боз ашкабактай тасырайган неме. Эрини дайым кымтылып, бир шойконду ойлонгонсуп имерип тиктегенинен ушул азыр талма коңурстай бүрүшүп калган элет болуштарына баягыдай сүр гана эмес, тымызын коркунуч туюлду.

— Кана, — деп буларга оңойлотуп маанилеп котор-

ду жардамчысы Инчин, — аскерге жардам кылар жумушчу күч качан чогултулат?

Бу өзүнүн талабындай кекер кошту, эки бүктөлгөн камчысын сол алаканына акырынургулап айбат сездирди, чоңунан мурда эле ошо сабай турган сыяк.

— Чогулат ко... — деди акырын күңк эте Бала болуш Асанкул, баш ийкеше кубаттады калганы.

— Булар али ыргылжың, — деп билдирди Инчин, — «ко» дейт.

— Качан!? — деп жиберди Грибановский, үнү кескин чагырлана. — Силер онтоп бүткөнчө жумушчу керектелер убакыт өтүп кетпейби!?

— Иш шашылыш, болуштар, — деп, көзүнөн заар чыгарып кошту Инчин.

— 19 жаштан 40 ка чейинки туземчи бүт катталсын! — деди Грибановский. — угуп алгыла, эртең ушу маалда тизме менин колума тийсин! Мына, биздин ишкер жардамчы иш башында болот, бу эмне десе бүтөрөсүңөр! Тез! Тез!

— Мага катуу тапшырма берилди, ушу азыртан баштап кыр-рың демей жок, — деп өзүнөн кошумчалады тилмер, — кана, тургула эми, кадырлуу болуштарым, бирге кыдырып элге чыгабыз!

Грибановский:

— Тезинен старчын дегендеринен бери жый, кими гана болбосун кылтың эткенин ошо эле жеринде аборигендеринин көзүнчө, бар го, дружинге урдур, болуштугуна караба, керек болсо Беловодскге айдатып абакка кама! Эч бирине акылдашып отурба, теңсиндирбе, угуп кой, кичине эле жумшактык кылсаң, кыйшаңдап теңтуш болуп алгысы келе берет булардын!

— Уктум, — деп, а оюна «өзүм билем» деген келип, кимге экени белгисиз, жаак тарамышы түйүлө тиши кычырап, тиги сөлбүрөп калган болуштарын камчы менен түрткүлөп айдап чыгып кетти анык тажал жардамчы. Бу алгачкы келгиндердин балдарынан, ушул жерде эсейген, «туземчинин тилин да, сырын да би-

лем» деген, өзгөчө дружиначы, санына салбандата маузер байланган соң көрүнөө көпкөн.

Бир болушунда эки ыстарчыны, бир ыстарчынында эки элүүбашысы бар, демек элинин түтүнү сайын канча жаны бар экенин билишет, төрт түлүктөн канчадан туяк малы барынан кабардар.

Чын эле тезделип, ар бир болуш элде айтылган 19 жаштан 40 ка чейинки канча букара бар экени накталып, тийешелүү уругу, атасынын ысмы, өз аты такталып каттала баштады.

Жаман сөз жерге жатабы!?

«Те «немис» деген эл менен согушуп жаткан аскеринин кара жумушуна элден мендикер алат» деген мурда эле кыргыз арасына тараган.

А кимди алат экен? Бу суроо ар бир ишке жарар эр-бүлөнүн кулагын тикчийтип, жүрөгүн тымызын опкоолжутуп да жүргөн.

Каттоо болуп жаткан жерлерге «саламга» деп ар айылдан ар түркүн кишилер топурап көбөйө берди. Бири көзү майланышып жылтырап тымызын мулуңдайт, а бири көзү алая аңтарыла айла түгөнгөн сыяк, «кантебиз эми» дегенсий ичи кыжалат.

Бала болуш Асанкул төрдө, эки ыстарчыны кымырылып көз менен сүйлөшүп, баш ийкеп макулдашып эки жагында, а нары тилмер, нары жардамчы Инчин бир капшытка стол коюп алып, келгенден да, чыккандан да шектенип, унчукпай байкоо салып отурат. Көбү тааныйт муну, кулагына илинген сөзүн куткарбайт.

Ана:

— О, салам айтты-ык... — деп жадыраган кабак көтөрүп кирди дагдайган бай, алик алынбай калбайт жылым саламга, балпактай батыл басып, түз эле төргө тырмыша болушка жетип, коштоп сунуп калды колун, — демдүүсүзбү-ү, баатыры-ым? Мал, жан эсенби-и?..

— А... шүгүр... — деди «баатыры» да кыйла манчыркап көкүрөк көтөрө.

Мына, алардын алышкан колу шытыр дей түшкөнүн, ал чычкан эмес кабыргасы сына элек чырбан эке-

нин билишти эки ыстарчын тымпыйышып отуруп эле. Бала болуш канчалык бала болсо да алаканын жылыткан байынын «...он кара...» дей кыш-ш эткенин анын да кулагы чалбай калган жок, ага кошо тиги ачкүзөндөй тилмердин эки көк мончок көзүн сезип, бир ууртун тарта бир көзүн кысып, «теңшерик» дегенди ага түйдуруп да койо алды.

«О-о, — дешти ар бири өзүнчө ыстарчындар купуя, — бир кара бүгүнкү базарда үч эле сом, отузду эле араң чыгарган экен оңбогон карик...» Ич сыйрылды, аздай сезилсе да кычыраган «он каралык» тиги конуп отурган жорудан арта койбос!?

> «...эми... бир урукпуз, тууганбыз... жашсың го, жаш да болсоң башсың го... бир бала экен, аз да босо көптөй көрүп, башын арачалап кал...» деди карик бай, көзү үлбүрөй шыбырап айтты. Жаш болушунун билинер билинбес баш ийкей ишарат кылганын көзүнүн төбөсү менен чала көрүп, чала болсо да көңүлү тына ошо кетенчиктеген бойдон чыгып кетти «кара» байы.

Бу элетте кишинин өңүнө карата «кара», «сары», кыялына жараша «тыртаң», «шыйпаң» дей бермей адат.

Тигине, эми сары байы келди, «саламдашып» кетти, артынан шыйпаңы башбакты, ал дагы оңойдон эмес экен, шыйпаңдашып күлө кол силкишип чыкты.

Кээде даарат ушатышка, кээде ал шылтоо эле болуп, ыстарчындар да, болуштун каттап отурган безири* да сыртка чыга кыңкайлай басыша алдын утурулаган, ээрчиген көпчүлүктүн «саламын угушуп, алигин алышып» да жүрүштү. Буерде аларманы да, сатарманы да, далдалчысы да бар чоң базар болуп жатканын кычыраган Жардамчы байкабай койгон жок.

Кечке таяй «саламчы» суюлду, катталып деле бүткөнсүп калды.

---

* Б е з и р — писарь

— Эми, көрөлүчү тизмени, — деди Бала болуш.

Окуй баштады безири.

— И, ушуга токточу, — деп калды болуш. — Дарменби, бу кала турсун.

Кабагы үйрүлө обдулду Инчин:

— Дармен!?

Асте жымыйды болущ:

— Эми, төрөм, — дей көтөрө чала, — бай баласы майболпоч, бу катык ирик ишке жарабайт, төрөм. Ыя, катууду камтыган, жумшакты жууруган эргулдар керек ко дейм тыякка!?

— Не-е, — деди ишке жетекчи да кескин, — мен муну билем, байдын деле баласы эмес, абдан жакшы билем, тааныйм! Бу өзүндөй бейбаштарды чогултуп алып, биз менен мушташып жүргөн неме!

Тура кала, ызырына отургучун калдырата ачык эшиктен тышка чыгара тээп таштады Инчин.

Сестенмек түгүл кайра акырын күлүп алды Бала болуш. Орус-тузем мектебинде бирге окуган, кадыресе теңтуш экен. Нары да койнуна толгон кызыл чырбан аны мындан жаман жиндидеп коргоп каларын туйгузуп турган.

Дагы:

— Эми, төрөм, — деди Бала болуш, азыр «төрөм» дегенинин кыйла эле какшык өңдөнтүп ныгыра, кыкылдап кыска күлүп да алды, — мейли, бала кезде бир мушташып калган экенсиз, бу кетсин.

— Кетсин, — деди жеңгендин ыразылыгы келе буруя Инчин, — ошоякта көрсөтүп көрсүн баатырлыгын!

Болуш:

— А эми... кай бир катка түшкөн тентек болсо да, жөнтөк болсо да баласак атасы бар экен, кунун берет экен... мындайларды кантебиз?

Кайдагы кун!? Түшүнө албай, жазыла албай буулуп турду Инчин.

«Ыя, — деди өзүнө ичтен Бала болушу, — кызыл түлкүнүн куйругун кылтыйтып койоюн буга, жүрсүн ээрчип, мөңкөйгөн ачкөз аңчы болуп...»

Койнунан он сомдуктан бир эле чырбан сууруп ортого таштап койду. Бу эмнеси!? Ыстарчындар былк этпей албай ыңкышып, деги эле катаал сыяктанган дружиначынын да үнү жок, чычкан көргөн мышыктай тирмейе калды, «...ал...»десе аз көрмөк, кайра койнуна салып алды Асанкул күлө:

— Мейли, ур... жаман чапанынан чаң чыгат, кан чыгат, мылтыктап айдасаң кете берет... не табабыз? А мына, кун деген ушу, «саламга» алик алабыз, колунан чыкканын эсептебей коюнга салабыз...

Инчинди тиктеди мулуя:

— ...Биз, бар болгону орточубуз, Миша... жыйнайбыз, бир күнү чыпчыргасын коротпой, Миша, Гербан төрөнүн алдына экөөлөп койобуз!

Ооз ача албай калды эмелеки чакчарылган Инчин, кунун алып каттоодон калтырмай Приставынын «соодасы» экенин сезип. Башына суу куйгандай көрүнөө соолукту.

Үйдөгүлөрдү Инчинди кошо бир имерип:

— Ошо... — деди бала болуш, — төрө деген төрө, өз билгенин кыла берет, ошон үчүн төрө, нандын ушагындай бирдеме арттырса, макул, мен куру эле калайын, а силерге бирдей теңшеп бөлүп карматам...

Бири, ыразыбы ушуга болсо да, ырсайып баш ийкенип, а бири ыңкыйып ичтен сөгүнүп калды. Тоңкоюп жаткан отургучун кайра коюп бериштu Инчин төрөсүнүн алдына.

Эми:

— Оку! — деди безерине болуш өчөшө.

Улам бир бирден барак окулуп өтүп, улам бир ысымга жеткенде улам сөөмөйүн чочойто терс шилтеп турду. Сыза берди аны безири.

Уруу жакшылары дегендердин, иштеп турган болуштардын, ыстарчындардын жашы туура келген балдары үч төрт энеден он чакты болуп турса да бир тизмеге киргизилген жок. А «сасык» делинген байлардын балдары атайын катталып, атасына атайы шыбыш жиберилип. Келсе «саламына» алик алынып, «башта-

ры арачаланды.» «Баш арачалоо» угулбаган, өз көңүлүнө келбеген, келсе да көбүн эсе анчалык чыгымды көтөрө алар эмес «жону жука» делингендер түтүн сайын жашы туура келери жалгыз болсо жалгызы, бешөө болсо беши тең алынды тизмеге. Орус акимдери текшермекпи, теңшемекпи муну!? Аларга кыргыз бирөө, кимисинен болсо да берилген сан толтурулса болгону.

Бир жумадан соң ошо Беловодскидеги «крестьян управанын» старшинасынын мекемесине «волостной управанын» төрт болушу иш жыйынтыгын саласал кылыш үчүн Инчин коштоп, Грибановскийдин алдына чогулду.

— Ну, — деди пристав төрө ар бирине серп салып, кабагы не бүркөлбөй, не жаркыбай жыйынтык күтө.

— Иш жакшы... — деди Инчин кымырыла күңк дей, төрт болуштун тизмесин өз сумкасынан алып, катарлап алдына койду, — баары жайында...

«Баары» дегенди өзү байкабай кыңырыла чойо айтты Инчин. Бир тиктеп алды Грибановский аны. Көптөн бери иштейт быякта, элеттин билмандары менен мамилелешип көргөн, алардын «сыйга сый, сыр аякка бал жарашат» дегенин өзүнчө түшүнүп алган чоң муну баамдабай калмакпы!?

Көз чаптырган жок тизмелерге Пристав:

— Жакшы, сенде турсун. — деди, — бу азыр тизме гана, чогултулган кишилер эмес. Тилиң жетишет, көзүң бар тааныйсың көбүн, мына бу маңыроо маймылдарды алдыңа чычандатып салып алып, дружинаң менен күргүчтөп өзүң чогултасың.

Төрт «маңыроо маймыл» кармай киришкен бирден тултуйган түйүнчөктүрүн биринин артынан бири заңкайган «төрөсүнөн» ыйбаа тутунуша акырын жылдырма кылып коюп беришти.

Инчиндин жанагы ынтыкканы эсине келип, байкатпай бир мулуюп ала:

— Ну, бу деген эмне? — деген болуп калды Грибановский.

Инчин жымыйды:

— Билиш кыйын, «баш арачалар» дешти го!?

Түшүндү Грибановский:

— Ну, «башын арачалап» отуруп, барар киши жетишпей калбайбы?

Инчин да жумшарып калган:

— Өлөрү болот, качары болот, эске алынды мунун баары, разверскадан ашык ар бир болуштан кырктан, элүүдөн каттадык...

— Бирок башка уезддерде байдын, чоңдун балдары да кошо барсын, алар алынбаса биз барбайбыз деген кеп болуп жатат дейт ко?

Болуштарга тийешелүү бу суроо.

— Уктук, — деди жанатан баарын эле орусча түшүнүп турган Бала болуш, — бирогу бирок, төрөм, биз дагы «бирок» дейли, кокус да кокус, бизге да. силерге да керектүү кыйышпас болуп калган адамдардын балдары кетип калса, а быякта бизге кутум, силерди тааныбаган, кадыр билбеген маңыроо гана эмес жалаң кутурган маймылдар калса, ыя, не мамиле, не окуя болуп кетерин ким билет?..

Элтейип, билинер билинбес баш ийкенип турду Грибановский. «Э-э, ушундайбы..» дегенин болжоду болуш, Асанкул, көзүн ала качпай, »а ушундай» дегенди туйдуруп, ал дагы баш ийкеп туруштук кылды.

Көзү бопбоз боло жардамчысына жүз бакты Грибановский:

— Төрт станицанын Дружинасын бүт тик тургуз!

Тура кала оң колун чекесине алып жиберди Инчин:

— Уктум!

Баятан бери кол тийилбей катарлаша бөгүп турган түйүнчөктөргө эми көңүл буруп, тамашага саптыра бирден ала салмактап, күлө, эми кадимки гөр пенде боло жүзү жумшарды заңкайган катаал төрөнүн.

«Мына, таш, ташты эриткен аш деген ушубу!?» деп өзү жер тиктене байкамаксан, тымызын мыйыгы тартылып турду мыңк этпес болуштардын бири.

Карсылдата күлгөн болуп алды Грибановский:

— Ну, бөлүшөлү эми, — деп койду, сынамакка го.

— Убара болбоңуз, — деди орусча Бала болуш, — май кармаган бармагын жалайт дейт бизде. Биз качан эле, Инчин төрө экөөбүз, кош бармагыбызды куп эле жаланып алганбыз!

Которуп да койду. Күлүп алышты жабыла. Көрүнөө ымга келишти эки жак...

Кыңыр иш жерге батабы!?

Кечеги көптөн берки каттоо бирөөгө каңырыш, бирөөгө көзгө сайган чын болуп жайылды бүгүн.

Бир урук ко, ыстарчынга чапты бирөө. Не демекчи өзү катышкан ыстарчын байкеси!? «Катталдың» деди.

«Ыя, манап атпайдын, байдын балдары катталбаптыр дейт ко?»

«Десе, сен да манап болуп ал, чырбаның барбы, чап сен дагы, башыңды арачалап кал сен дагы!» — деп жекирип салды ыстарчын.

Өзөндөн кыйла өйдө көздөн далда тоо арасында майда эсептелген колпоч, асылбаш, акбуура уругу өзүнөн өзү күргүчтөлүп калышты. Башчы деле жок, «сен башкар» дегени да жок, кыргызча улуулатабы, айтар кабары барынчабы, иши кылып, бири көпчүлүккө карай кеп баштаса, бири жанындагыга күүлдөп, а нары жагында башка бирөө өзүнчө бышактап, дагы бири көзү чакчаңдап тилденип, шарактап кайнаган казан болуп турду көп эл.

Чапканынча келе берди бир атчан. Көкбөрүдөн чыккандай, аты кара тер, эки этеги кайрыла белине кысталган, жоон билегин түрүнгөн.

— И, кел, Дармен... — дешти четинен эл тосо, бирпаста ага үйрүлө калды күүлдөгөн көпчүлүк, оозун карап калды баары.

Күйүгө, кабагы атынын куйругундай түйүлгөн, үзөңгүгө тура кала:

— «Барчы» дедиңер бардым! «Билчи» дедиңер билдим! — деди чаңыра, өз кыжырына өзү демиге эр көкүрөк Дармен.

Нени билди экен? Тымтырс боло кулак төшөй калды эл.

Дармен:

— Чын экен! Тизмесине байдан, манаптан бирөө да түшпөптүр!

Кар көчкөдөй күү-шуу дей түштү көпчүлүк:

— Кудай у-у-ур... Жал-лаң жармач кетеби!?

— Ой... — деп алды Дармен, — келейатсам сейилдеп жүргөнсүгөн бирөөлөр ой, кыйшаңдашып жол тороп калды, карасам өңчөй сас-ссык байлардын күчүктөрү. «Э-эй, дейт, эртең мендикерликке кетесиң, ыя, жаш катының кантет быякта, бизге ташта, каралашып турарбыз...» дейт, кыкылдшып күлүшөт, ой!

— И-и... — деп кычатты бүйрү кызыган, — и-и, анан?..

Дармен:

— Анан, мына деп үчөвүн сүйрөп таштадым атынан!

— Э-э, чеки иш болуптур, — деди сакалдуулардын бири.

— Кой, — деп тыйды аны бирөө, — ажап кылыптыр эр колпоч! Кара, дайым эле сикизи коop турганын кара булардын!?

Күлүп да коюшту сөзгө.

— Эми, уккан кулакта жазык жок, — деди соолуга Дармен, — ушу турган колпоч, асылбаш, акбуурадан өз тирилигиңе жарап турганың баарың тизмеге кирипсиң. Бир-риң калбай!

«Коку-у-уй...»

Бир күңгүрөнүп кетти теребел, чынга ишене албай, акыл чүргөлбүй таң калды эл.

— Эй, — деди Дармен, — таң калыш түгүл ыйлай турган кабар бар быякта. Эй, Очор чалыңардын беш баласы бирдей, а анын иниси Бачардын үйлөнтө элек жалгыз баласын каттап беришиптир го, эй!?

Дал боло түштү эл. Чын эле сокур көздөн жаш чыгара турган окуя экен го!? Жо, ый эмес, мүңкүрөш эмес, жаал оргур кара өзгөйлүк ко бу!?

Күйүнгөн үнүн, айтар арызын ким угарын кимиси билсин, кол серелеп сөгүнгөн, туталана бакырган чуручуу ово чайпалтты.

«Ыя, — деди ийри таягына бейдарман көкүрөгүн баятан артынып, кың этпей жер тиктеп туруп берген ак баш абышка, жанагы Очору ушул окшойт, — ушу да болобу?..»

Бу алсыз кейиш, аргасыз собол, буга бир эле жооп, аны өзү деле билет, «болбойт» деген гана чолок сөз. Мына, ар ким алына жараша, бирөө ушун этип арызындай муңкана кала бермей, бирөө ызырына каяшага өтмөй турбайбы!?

Күбүрөнүүшө бу сөз биринен бирине өтүп, бир четинен бир четине жетип, «...ыя, чын эле ушу да болобу...» деген күмөн, каяша бүт көңүлдү ээлеп, күчкө көнмөй да, таймашып өлмөй да экчелип, бирпаска дым боло да калды эл.

Те отуздун кырын ашкан Саргылтай чычайта койгон кара мурутун бурай сыланып, кашка тиштен чыйт түкүрүнүп алып:

— Кеп манап, байдын балдарындабы, — деп, кер кетердей өзүнчө кырт күлгөн болуп алды, — алдыга ошолор түшсө эле итинче ликилдеп ээрчий берет бекенбиз!?

— Мен, — деди ныгыра Саргылтай, — мен ээрчибейм, жолоочуну ээрчип жоголгон ит болгонго колум жолум бош эмес... — бир ууртун кыйшайта таңдайын шырк эттирип алды, — атам, энем бышкан алма болуп араң турушат, балдар да жаш... Экөө болсок да мейли эле, бирибиз кете бермекпиз... Кантип ээрчийм!?

Бу да бир жүйө.

— А биз, ырас, экөвүз, — деп калды жанындагы Торгултай, — уктук, экөбүз тең катталыптырбыз, бирибиз баралы дейт элек, бирок... уксаңар, кыштоо жайды мужугу короолоп алган, жаздоо да жок, байыган неме кыргыздан жалчы жалдап малын жайдырып салган. Уксаңар, биз бүгүн жан бага албай жүрөбүз, мендейлер кете берсе, биз оруска немисин жеңип берип келгиче эле биздин тукум бийерде өзү эле өлүп түгөнүп калат...

— И-и, «жеңип берип келесиң», — деп какшыктады Дармен, — айыгыша урушкан эки аскердин ортосунда болосуң, орустун баатыр аскерлери өңө турган «өкөп» деген аң казасың, сени нары беттенсең немис атат, кокуйлап бери беттенсең качат деп орус өзү атат имиш. Укканбыз орустардын өзүнөн! «Жеңип бергенди» кой, аман чыгасыңбы ушундан!?

«О-о, кокуй...» дешти, «нак эле өлүмгө алпарат турбайбы...» дешти дагы дым боло, ындын өчө.

Түз жактан келейаткан бир топ атчан көрүнүп калды. Болор жыйынды кеч угуп калган эл го!? Жыйын көңүл бөлө алган жок, дагы эле учугу да, түйүнү да табыла койбогон ой толгоо али аягына чыга элек.

Бала болуш, анын безири, Инчин баштап келе берди. Көңүлү куунак сыяк, озунуп салам айтты болуш. Бет алдына туш болгон алик албай койо алышпай ырсайышып калышты.

Эки канат боло ээрчиген бир рота дружина, келердеги мудаасы ушубу, кеби деле үнү деле жок акырын эки канаты курчай бастырып, бирткеден аралыкка казыктай кагылып бирдеп калып, толук тегеректеп алып токтоду.

— О, эл! — деп, үн жетсин дедиби, сес болсун дедиби, өктөм баштады бала болуш. —Бириң калбай билесиңер, айтылган, азирети Ак Пашабыздын уруштагы аскерине көмөкчү жумушу үчүн жалгыз биз гана эмес жамы өзүнө караштуу быяктагы букараларынан жарар жигит алышка ыйык өкүмү болгон.

Чын эле баары уккан, «и-и...», «анан...» кекер кеп кулагына чалынды, буга тырчып:

— Э-э, мыңкылдабагыла, баш ийбей койо албайбыз! — деп жекире кебин улай берди али бирөөдөн кагуу көрө элек, дымагы али майтарыла элек жаш болуш, — биз өзүбүз эле тизмелей койгон жокпуз, мына бу төрөбүздү башына алып эле кеңешип эле тизме кылдык...

— Жо, сен токто, — деди ага Дармен ат сала келе,— ыя, азирети пашаң жалаң жармачтарын гана ал деди

беле силерге!? Сен, «»быласың» го, сен эмне барбайсың?! Ыя?! Сен койо тур, орус баласы өзү айтсынчы деп турат бул эл! Мына, келип калыптыр, биздин дос Миша айтсын!

Бала кезде бир жолу бала Инчин бала Дарменди ит тукуруп кууган, а бир күнү Дармен баш болгон чаарбаштар атчан келишип иттерин куйруктап, өзүлөрүн атка өмгөктөтө камчылап кеткен экен.

Билген, уккан эл «биздин дос» дегенге күңкүлдөй күлүп коюшту, бу түз эле шылдың болуп туюлду азыр куралчан дружина баштаган какайган жигит Инчинге.

Дарменды көргөндө эле тааныган Инчин, «...бу ого бетер кутуруп алыптыр...» дей ичтен кыжыры түтөп турган:

— Ну, — деп түктөйдү, — түзүлөр тизме түзүлгөн.

«Ики-и, — деген сыздоо түшө калды үмүткер элдин көбүнүн көңүлүнө, — орусунун да айтары ушубу!?.»

Эми жеңген сыяк көкүрөк көтөрө:

— Кулак туткула! Тизме окулат, атың чыкканың былк этпей ордунда кал, а атың чыкпаганың, дружинадан нары четке чык! — деди катыран буйругу катары болуш. «Оку!» деп салды безирине.

«Жо, жо...» дешти, беш-алты атчан дүбүрөтө ат салып келишти, «...келе! бер-ри бер тизмеңди, өз-зүбүз окуп көрөбүз!» дей ынтылышты.

«Токто!» деди, чаңырды Инчин, токтободу ыза болгон көпчүлүк.

Жалаң эле катталган имиш деген кишилер гана эмес, ындыны куруган аталары, үрөйлөрү учкан энелери, жаш балдарын көтөргөнү көтөргөн, этегин карматып ээрчиткени ээрчиткен көзү жаштуу зайыптары турган.

Өчөшүп кеткен жигиттер безирди тизгиндешип, бир ат үстүнөн жакалап, бир тизме бар деген кайыш колбаштыгын талашып, уюлгуп калды топ.

Тарс!

Селт этти жүрөк, кулак тундура тапанчанын ча-

ңырыгы колоттон колотко күңгүрлөп кетти. Ким жыгылды!?

Кимисине ок тийгени билинбей селейе калды топ, тапанчасынын биртке түтүнүн акырын машырлана ооз чормойтуп үүлөп, «...эми кантишер экен...» дей үңүрөйүп тиктеп турган Инчинге бет алды. «Но, но!» деди Инчин, бирпаста кылкандай сунулган мылтык кезей арага түшө калды дружина. Тарс! Тарс! Тарс!

Көз ирмемде үч ат башмалдак атып, бири тыбырап, бири ээсин баса жыгыла чыңыра кишинеп, бири тура албай итче чочоюп кала калды. «...мына ушу керек эле... — деди ичтен эми күлө Инчин, — алдында аты барбы, кутурганы кутурган, а атынан түшүп калса эки тизеси ийрейген бир маглук боло калат булар...»

«Ой, атабы!? Ушу айыл ичинде эле атабы, ой!?»

Күү, дуу алдастады эл. Бирин сестентти балбалактаган үн, бирин ак өлүмгө баш байлатып зардесин ансайын кычатты. Кейигени жок, сөгүнгөн, карсылдата камчыланган, ок алдына ат салган тополоңго ооду абал. Эси чыга энтиге, бакыра ыйлаган балдарын көкүрөгү менен калкалап, тополоң ичинен чыга албай баары боздоп, уңшуп турду катын калач. Не ыдырабай, четке чыксаң ок кубат дешеби, не токтолбой куду айлампа агын окшоп удургуп, уюлгуп калды чарасыз эл.

Тарс!

Инчин:

— Тынч! Сөз угасыңарбы жокпу!?

«Ыя, кандай сөз?..» деген түкшүмөл кирди кулагы чалганга. Көз алактап, биринен бири жооп күткөнсүйжоошуп, ар ким токтолгон ордуна селейип, нестейип кала калды.

— Мына, — деди Инчин өзү да соолукkансый жай, — ушул бойдон топ бузулбай Беловодскиге барабыз.

Жым боло түштү ара. «Немене үчүн?..» Ким билет немене үчүн экенин!?

Инчин эми тууган сыяк күлө бакты:

— Ээн жерде жөн тура алышпайт экенбиз! Тизме

приставдын көз алдында окулсун. Ким алынат, ким калат ошо жерде ачык аныкталсын. Макулбу?

Эси чыгып бүрүшүп калган Бала болушка жан кире калды:

— О, мына, — деп кубана үн катты, — кимдин айтары болсо ошойерде айтсын, мейли...

Ишенерлик жүйө! «Бая эле ушинтишсе болмок...» Ичтен кейиди, ичтен көңүлү ийикти көбүнүн.

Инчин эми көрүнөө өрөпкүдү:

— А ну! Мар-рш!

Жөөвү сенделе, атчаны шылкыя жолго ыкты эл. Алдын баштап, эки жагынан жандап, артын күргүчтөп, сүрүп алды мылтыган окчо даяр кармаган отряд.

Бу полициядан эмес, регуляр аскерден эмес, баары бир кыл чолок күрмө, атчан жүргөнгө ылайык өтүкчөн, башына ар ким тапканын кийген, ичинде ээгине түк кылая элек улан бар. Көз тик, көз заар.

Тарс! О, дагы кимдин башына кыямат түштү!? Тарс!

Капылет жалт бере катардан чыга качкан төрт беш атчан, ошол эле замат ок жетип, жар кулаган сыяк оңколоп калды экөвү, нарырак бара дагы бири жыгылды. Тарс! Тарс!

Бир экөвү заматта алыстап, аны сайын чаңырык салды Инчин:

— Ат! Залпом!

Көзүнөн учканы эң алдыңкы, тааныды. Кууган да атчан, канчалык мелжесе да мылтык токтолбой ок тийиши кыйын. Тарс! Тарс!

Жалга өбөктөп, улам бир жакка тизгинин кескин тарта, кошо темине баратты Дармен. Байгеге чапкан күлүк, көкбөрүгө буйтатып үйрөткөн тору кашка аргымак теминген сайын ыргыштап, тизгини ийилген жакка лепилдеп ойдолоп, улам алыстап караан үзө берди.

Теги тарпаң, байлоодо кардын сала семирген ыкшоо аттар бат эле колколору күрүлдөшө, эт баштары калжаңдап чарчап, куугун жетпей калды.

Уят сөз менен сөгүнүп алды Инчин:

— Ма-ар-рш!
«Марш» кылбаска кана арга!?

Эл ак кар көк муздун түбүнөн ылдыйлап, те эсте калбаган илгертен ыйык энчи болгон ата конуштарына келе баштаган бейпил күн эле.

Этеги жабыла элек балакайлар, аларга теңтуш болуп алышкан ар түркүн күчүк аралашып, кубалашып, айылды кубаныч чууга толтуруп, ойноп жүрүшкөн.

Не мал айдаган, мал байлаган эр бүлө көрүнбөй, конк эткен ит жок, үйлөр үңкүйөт, жымжырт.

Булары ким, йе кокуй?!

Күндүн чыгышын көрмөккө тышка чыгып, ыңырчак коюнуп, үйүнө жөлөнүп, үй кийими эскилөө ак тону ийнинде желбегей, аппак сакалы көкүрөгүнө түшкөн кары колун кашына серелеп карады.

«Ыя, келер киши бир жактан келмек, а не төрт тараптан?..» деген түштү оюна. «...түнү жылкы күзөткөн балдарбы?...» деп жоошутту өзүн. Улам көбөйүп, улам калдайып чоңоюп, даалана келди атчандар.

Шоролуу көзүн аарчынып, оңдонуп каранды абышка, «жо, өз эмес окшойт» дегиче карала дөбөт карсылдап, ошол замат «тарс!» деген мылтык үнүнө кошо бир «каңк» эткени угулуп угулбай жыгылып калды. Күчүктөр куйрук кыпчынып, кыңшып, балдар элтеңдеп, тарап качты үйлөрүнө.

Көз ирмемде ар бир боз үйдү тегеректеп калышты, аттан түшкөнү жок, »чык бери!» деген каар, катаал үндөр ар бир үйдүн эшигинен корсулдап калды.

Демикken аты күшүлдөп, төрт аягы дүпүрөп, тиги көчүгүн өзү көтөрө албай отурган карынын алдына ойдолоп келди, үстүнөн:

— Ну?! — деген укту кары, не айтканын түшүнгөн жок, ызырынган билинди, «салам айтты ошойт» деген кыяс кылып, өчөйүп ордунан козголду.

Башчыбы, абышканын не оозунан чыкканын териштирип убакыт кетирмекпи, жанаша келген өз адамына үйгө карай кол шилтеди, анысы шап атынан түшө

калып, кылычын жалмаңдата суурул эле, эмне кыларын мурдатан билеби, үйдүн тооз куштун куйругундай кооз чырмалган чий эшигин шылып таштады да, жулунуп кирди үйгө.

Орогунан түндө келип, кеч ойгонгон Тегизбай тыштагы кобурдан өйдө боло тиги кирип келген чакчайган мужукка жалаң ыштанчан бойдон алдын торой бойлошо калды. Тиштенген мужук алкымга курч кылычын такап, «азыр мууздайп таштайм» дегендей ызырына сөгүндү, көшөгөсү алына элек жаш келинчеги буулдап чыңырып жиберди. Көшөгөсүн түшүрө кылычтап таштады мужук.

Жыйылган төшөк жүктүн коңулун карады, төшөк жүктү буза-буза тартты, чийкили-бышылы оокаты турган калаган чий ашкананы кылычтап бөлө чаап карады. Издегени эмне?!

— Ну? — деди жанындагыларга.

Крестьян дегендери шапашупа ар бир үйгө бөлүнүп кирип, бирөөгө кол көтөрбөй, сөкпөй, көзү да, колу да үй ичин аңтарып, жерге салар алакийиз, кызыл тазыл шырдак, сөөгүм оролсун деген аруу ак кийиз, кыздардын күмүш шөкүлөсүн, төбөсү үкүлүү кундуз тебетейин, эркек кийер түлкү, суусар бөрктөрүн, ар түркүн сары, ак тон, жакалуу ичик койбой терип чыгышты.

Мыңк эткен эч ким боло албады, эс эңгиреп, каяша кылары жок эл нес болуп, ар кимиси таланып жаткан үйүнүн эшигинде итче чочоюп эле отуруп, чыдап беришти.

«Ой, талаттыңбы, Семин бай?!» деди эң акыры бир бүжүрөгөн алсыз абышка.

«Мени тааныган ким бу?» деген сыяк бир мелтейе тиктеп алды мужук.

«Ой, кудай бар эле, кудайга карабайт окшойсуң!? Сен жору талаган аттын тарпындай жаман араба менен келгениңде карып экен деп, ыя, биз каралаштык эле го!? — деди дагы абышка, кыжырынан өзү жашып, күркүлдөп жөтөлүп, бүгүлүп калды.

Түшүндү Семини:

— Эсимде бар, Ыраман, — деди жай калың сары сакалдын арасынан тиши бир кашкая көрүнө, көзүн ала кача басып кетти.

Ошол арада небере келини «бу менин себим, көшөгөм» деп көшөгөсүн, бир кызыл-тазыл шырдагын кармай калган, а талоончу эң мурда келинди аласалдыра тээп таштады да, кыңшылаган канчыкка теңеп ызырына сөгүнүп, буюмун бүктөп колтуктап, дагы нары жактан колуна бирдеме урунтушка көк көзү алактап, өзүлөрүнөн тартышып, бөлүшүп алып калышка шашылды.

— Кой, кагылайын, — деди небере келинине абышка, — ыйлаба, жан калганы олжо, ушу ээси сага буйрубай кетип бараткан гөр дүйнө ошо кудай эсинде жок талоончуга түп казына болмок беле, кагылайын?! Талашпа...

Капшытка тирелген тартыла элек дан, ашканадагы ун, талкан, бозолук шак калтырган жок. Темир да керек экен, очоктогу көө тулгаларды да арабадагы жүккө кошо таңышты.

А жыргалчак, ар бир үйдө бар чоюн казандарды ошо көрүнгөн эле жеринде балталап, аны ээси кайра жамап ала тургансып, өчүгө майдалап талкалап таштады. Бул эмнеси, алса бүтүн буюмду бүтүн бойдон алып кетише бербейби?!

— Эй! — деди катуу жанагы абышка, — жок дегенде, кереги жок болсо, аш кайнатар казанды соо калтырбайсыңарбы?! Биз кантебиз?!

— Силерге да кереги жок мунун, — деди талоончу ликилдеп кетип бара жатып, — айтып эле койоюн, силер үчүн жашоо токтотулган.

Үйүр-үйүр жылкы, жуушаган кара мал, короо-короо кой эчки жайытынан келген жок.

Дым болуп кала берди айыл. Эрте мененки айдалып кеткен эр бүлөлөр не тагдырга тушукту экен?

Кийин ошо таланган эл адилеттик тилеп, жардам сурап Туркстан генерал- губернатору Куропаткинге арыз жазган:

> **«...өзүлөрүнө кереги болор да болбос да үй буюм атпайды койбой талап алышты, анан да кыйласын бизди урунбас кыла ошойерде эле өрттөп жок кылып, биз оокат кайнатып күн көргөн 73 чоюн казаныбызды талкалап ташташтı...»** **

Бирок, зорлуктун өзү чыккан жерде дайынсыз кеткен эр бүлөлөрүнүн тагдырына да, андан нары бул эл кантип күн көрөрүнө да көңүл бөлүнгөн эмес, арызына жооп болгон жок.

Көйнөгүн араң кийинип калган Тегизбайды ошо жалаң аяк, жалаң баш бойдон кылычтап түркүлөп тышка алып чыкты элирген мужук.

Улам үргөн ит улам «тарс» эткен октон жыгылып, айыл ортосуна эркек атпай төбөсүнө соп камчы үйрүлүп, ийрилип топтолду.

Биртке бой тарткан, эсейген, кол-аякка жарап калган өспүрүм калтырган жок, атүгүл аяк койор жерин аңдып, араң илдиреген, көзүнө бир караан бир нече жупталып көрүнүп араң отурган кары айыл аксакалы Ыраман да түрмөлөнүп жеткирилди топко.

Бирдеме кабар айтат ко?! Кеңешет ко?!

Жок. Соп камчылап, атка өмгөктөтүп, «марш, мааш» деген айбат менен күргүчтөп, ылдый түзгө карай айдап жөнөштү атчандар.

Кантет эми?!

«Эл катары баса албаса кол тийгизип жүрүшпөсүн атама...» деген ой келди да, арык абышкада канча салмак бар дейсиң, отура кала атасын болбос оюна койбой аркасына балача көтөрүп, жалаң аяк шыпылдап, элден калбай кетти Тегизбай.

Улам төмөндөп, жайыкка түшөр адыр түптөп ар колоттон чыгып келе жаткан караан көзгө чалынды. Алды, арты мылтыгын атарга даяр кармаган атчан, ушулардай эле кармалган, айдалган эл экен.

«Бир эле биз эмес экенбиз го?..» деп күңк этти бирөө.

— Молча-ать!

Соп камчы кимдергедир «шак!», «шак!» тийип да, тийбей да оводо тажаалча ышкырып келди жолмо-жол...

Баягы тизмени окуйбуз деп талашкан окуя «кара жумушка барыштан баш тартты» болуп, муну эртеси эле атайы өзүлөрү көбүртө «бу деген каршыгыш» деп баа-

лап, «алдын алып калуу зарылдыгы үчүн» делине эл ичинен шыбыр эткени да, кыбыр эткени да кармала баштаган.

Инчин айдап, келгени, жана да көрүнгөн эле, гөр тирлигинде жүргөн эле кыргыз кармала берип көбөйгөн элдин эсеби Беловодскиде алынды, 145 киши экен.

Кыйла эле кенен абак, өзүлөрү араң көчүк батыра толуп отурган элдин үстүнө шыкалып киргизилди бүгүнкүлөрү.

Үйдөбү, тыштабы, иши кылып эле жашы улуу, сакалы ак бирөө келсе анын ким экенин билбей, аны таанымбай туруп эле кичүүлөр өйдө тура орун бермей азыр «жабайы», «жарым жабайы» эсептеле башталган бул элдин те байыркы, али кагазга түшпөгөн, эсте калбаган заманынан бери жерилбей келе жаткан не чын эле жабайлыгы, не адамгерчилиги, урмат каадасы. Муну кара, улам келгенге улам ушу сасыган абакта отуруп да орун бериле берип, улам сыйлыгышып, сыгылышып, көчүк басмак кайда, кулак тийише, биринин деми менен бири дем алып, тике тирелип туруп калышты го!?

Качанга дейре?!

Эч ким кабар албады, карабады.

Бой жетпес, абактын бийик шыбынын түбүндөгү, темир торлуу дагы, не чымчык болуп, не куйруңдаган чымын болуп, учуп кетиш жок, үрүл-бүрүл шоола түшкөн дарчеден көз өтөт. Дем тартар ава түгөнүп баратты.

Тигине, ар бири шылкыя, жыгылып калар жер жок, эки жагындагы араң турган кишилерге жүк салып, алардан да ал кеткен, анан бир тегиз не бүк түшө, не аңтарыла кыйрап, кыңкыс онтоо, жантаслимби, кыркырак кире биштады.

Бакубат бирөө темир эшикти ич жагынан тарсылдата муштады, тышта калганы бар беле, күзөтчү келсин дедиби, кыйкырды, зарыгып тыңшады, дагы күчөнө муштады. Басык угулду тыштан.

— Ой, качпайбыз, думугуп калды эл, эшикти ачып кой... — деди.

Күзөтчүлөрдүн бири окшойт:

— Ты-ынч! — деп, бир күркүрөп алды. — Бол-бо-ойт!

— Ой, ашына, ой, тамыр... — деп жалыныч үн берди, ийигер деди, үмүт кылды, бирок эригип отурган күзөтчү кыргыз айткандай «кырк жылкы айдап» калганбы, жалгыз этегин мүчөсүн бечкеч кыла күркүрөп сөгүнүп, «түшүнбөйт жабайы» деп коюп, тырп-тырп басып алыстап, нары оолакта ичерин ичип жээрин жеп, бакыра күлүшүп отурган тобуна кошулуп калгансыды.

Эми жини келе тепкилеп кирди темир эшикти бакубат. Көңүлгө алган адамзаада болгон жок. Шарпа шат, бирөө коңгурап үн салды, бири булдуруктап кошулуп, ыры го, бир көтөрүлө, бир пастап, түн терметип улана берди.

Чарчоо деген эмне экенин али билбеген жигит талыкшып, деми кыстыга баштаганын сезди.

> «...адам жалгыз, алсыз болсо, теңирди эсинен чыгарбаган болсо, ыйман али бүтүн болсо сылык, боркер, ырайымпоз, а көбөйүп алса, болушар тарабы күч, колунда жарагы курч болсо, а кокуй, анда адам аянбайт, бу кең дүйнөдөгү көп жырткычтын эле бир түрү болуп калат экен...»

Атадан калган сөз. Ушул келди эсине.

«Кой, балам, кыйналба, — деди эл ичинен бирөө, — келген өлүмдөн ким кутулган?!

Шарак! Таңга жуук ачылды эшик.

«Те шыптагы» дегидей жалгыз дарчеден жулуна кирген ава дуулдап, ысып сасып кеткен абак ичинде уюлгуп, жан сергиткен айдарым боло түштү.

Куду эле солуган гүл суу куйган соң көз көрүнөө баш көтөргөн сыяк ар бурчтан бирдеп, экилеп кыбыр кирип, көз али ачылбаса да, кеңгиреп баш көтөрсө, «өөүх...» деп дем тартып, «и-и...» деп кыңкыстап, тириле баштады эл.

Ошо кайсы көйүнө түшкөн болсо ошо бойдон баш көтөрбөй отузу өлүп калган.

«Ой, ушу да болобу? — деп, эшикти ачкан күзөт менен кездешти, кайрат көрсөткөн дагы баягы бакубат жигит. «Чоң жап деди жаптык» дегенин уккусу келген жок. «Ким кутулат, ыя, октон?! Тышка эле коюп, көз салып эле турбайсыңарбы, кокуй?!» деп күнөө койду. «Ыя, ким четтесе атсаңар атат элеңер го, өлүм болбойт эле го мынчалык?!» деп кейиди.

Ким угат?!

Түндөгү «жеңиш майрамынан», ич ысытмасынан эки көзү кыпкызыл болуп алган бирөө:

— Сен ушу башчы го? — деп кекетип сурак баштады.

Кайдагы башчы?! Ыгына жараша бололу деп келишти го?!

Жок дей алган жок:

— Ким болсо да айтар сөз! — деди күйүгө, демиге. — Бөөдө өлүм кылдыңар. Эмне?! Адам эмеспи, эл эмеспи бул эл?!

Жини кычап, өзү кол салардай тиштенип, бирок бу өзүн адам көргөн жабайы менен акыйлашып туруштан жийиркене:

— Төрт бөл! — деп кыжынып салды, мужуктун старшинасы экен.

Чакырды, тез келди буйругун аткаргычтары. Өлтүрүп алып, анан этин төрткө бөлүш кыйын деле иш эмес, тирилей төрткө бөлүп көр эми?!

Төрт бөлөр качанкы бир таанышы чыгып калды ичинен.

— Ну-у, — деп жиберди ал, — биз экөвүз дагы кездештикпи, Эмен?!

Булар авалкы туругу бир кыштоо болгон соң көп көрүшүп, бирге ойноп дегендей, биринин тилин бири билип, биринин сырын бири алып калган, жашташ балдар эле. Көлөкө талашып кызырандашып, шырп эткен кыргыз болушуна да, орустун старшинасына жетип турган убакта бу бала айыпка «жыгылып», минип жүргөн жакшы атынан ажырап кутулган.

— Жер бирөө, жол бирөө, кездешпей кайда жүрө алабыз, Петя?! — деди Эмен. — Сен кыштоодо алдың, мен тоодо калдым, айрымасы эле ушу, Петя.

Бирпаста жыгып, эки колун жайылта, эки бутун талтайта Эменин керип алышты.

— Ну, — деди Петя жымыйганы ууртунан эмес көзүнөн сезиле, — муштумдан баштайлы, макулсуңбу, карабашыл?

«А... өлөсө кылып ташташат ко ... урса уруп да алышсын, урсам да, келтек жесем да айып тартар мен...» деген ой кетип турган:

— Өзүң бил эми, сарыбашыл, — деп койду күлө Эмени, — колуң ооруп калат ко катуудан?! Ыя, жумшак эле бир жерден баштабайсыңбы?

— Ну, ну, — деп алды сарыбашылы, — колдон катуу неме менен эле баштайлы...

Кепке келе элегинде көзгө илешпей шилтенип кетти шап балта! Бир гана «а!» дешке араң жарады бакубат, бир колу кыркылып, чаңга оонап, кош тамырынан дирилдеп чыркаган кызыл каны Петясы жүз бура бергиче бетине жабыла түштү, ал селт эткен жок, аарчынган жок, оозуна чачылган, дагы сарыгып кирген немени сорунуп гана койду.

Дагы согулду шап балта. Шарт! «А!» дей алган жок Эмени. Шарт! Шарт! Эки колдун башы жез билектен, эки буттун башы шыйрактан кесилип, төрт бөлүнүп жатып калды бир убактагы бала теңтуш...

Отуз өлүк тирүүлөрүнө көтөртүлүп тышка чыгарылды. «Эми бизди да кое берер» деп ойлошкон, кое бермек түгүл бирден түрткүлөнүп, дымканага кайра киргизилип, эшиги дагы жабылды.

Ошол убакта те обочодо кырка тизиле кыйла атчан турган, а мына «жетинин бири Кыдыр» деп жети санды ыйык көргөн элден, чын эле тынчтылыктан үмүт кылышабы, жетөвү бөлүнө бастырышып алдын чукул келди.

Грибановский чочуган жок, түрмөнүн төрт тарабын-

да күзөт бар, жетелеме, бурама пулемет коюлган, биртке эле шек болсо кимсиң деп отурулбайт, ок чыгарылат.

Салам айтышты сакалы барлары. Мейли айтышсын саламын, андан коркунуч жок, ичинде бир кезде «бир иши» үчүн «жолдугун» берген тааныш бирөө турат кымыйып. Саламды түшүнбөгөн, чоочун бойдон мостоюп калып койду чоң кошунбашы.

— Төрө... — деп, мунайым баштады ак сакалы бар бири, — биздин келгенибиз... тополоң башка жакта болсо болуп жаткандыр, а биз тынч элебиз го...

Жөтөлүп алып, энтигип сөзүн улады:

— Ырас, жанагы кара жумушка киши алат дегенден биртке чала кайым кеп болуп кеткени ырас... Жамыга тең келсин, теңшелсин деген гана көңүл болгон... Мейли, ага деле мейли деди биздин эл, сүйлөшөлү, ыкташалы деди...

Дагы жөтөлүп, көкүрөгү көпкө кыйылдап калды абышканын.

Сакалы кара:

— Ошо, — деп сакалы агынын сөзүн жалгады, — теңшелсин, сүйлөшөлү, ыкташалы деп келген увакилдерибиз келери замат камалыптыр...Камоо гана түгүл, адил төрө, быяктан дүржин чыгып, талоон кыла баштады го?! Кой деген бирөө болобу?

Көкүрөгү кыйылдаганы сөз тизгинин кайра өзү алды:

— Кой деген кожо болсун. Төрө, калысы болбосо эл да, өкүмият да бузулат...

Дагы энтигип токтоп:

— Мейли. Кимде күнөө болсо алып калгыла, жазыгына жараша жазасын алар. Жазыксыз киши бөөдө жатып, кор болуп калбасын, калыс төрөм...

Төрөсү бир жолу да сөзгө аралашкан жок, баш ийкеген жок, баш чайкаган жок, иреңи сурунан өзгөргөн жок.

— Иакши... — деди төрөсү Грибановский, бу үйрөнгөн биринчи сөз, ымала кылышып «жолдук» аларында оозуна кирери, баш ийкеди эң акыры, — короого кирип, эс ала тургула...

А увакилдер имиштери «о-о» дешти, ушу сөзгө жетишкенине шүгүр, төрөнүн салкынга чакырганына ашкере ыраазы. Бууранды жыга чапчу булдурусун эмес атка сес, колдо жүрөр шаани, жеңил камчыларын белдерине кыстарынып, жаш балача күлө сөз алыша, балача мандай жаза ишенип, обочо калгандарын кол булгай чакырып чогулуп, элүүдөй экен, аттарынан түшүшүп, ар бири өз үмүтүн ээрчип Жарманкенин кең короуна кирип беришти. «Эс алгыла» деди, «эс алалы» дешти.

Булардан башка да жөн эле таңыркап, «эмне шойкон» дегенчелик ою онго бөлүнгөн тууган эл тегеректеп келе берип, кай бир атчаны шектүү сезилип, аларга да капыстан мылтык кезелди, кылыч тап кылынды, акыры жарманкенин кең короосуна киргизилди баары.

Мына, күн сааты өтө берди, бирок келер төрө, сүйлөшөр төрө али жок. Күзөт келди кең короодун төрт бурчуна! Ие, кайтарганыбы, камаганыбы?! Жо, эчтеме боло электе чычандаш жеңил баа, чыдоо гана, күтүү гана бир арга.

Күн кечтеп, аалам сурланып, күнжүрүштөн кутка карарган нык булут чубалып, күн чарасы ыйлаганы калган көздөй жылтырап, кара булутка акырындап четинен батып, чөгүп баратты.

Кана, алга карашар, ырайым кылар улук али жок го?! үмүт зарыкты, көңүлгө күдүк түшө баштады...

Күбүр-шыбыр биринен бирине өтүп, ар биринин көңүлү купуя коңултактап, өзү суроо коюп, өзү жүйө жооп издеп, ачык кобур жүрдү акыры:

«Не дегени бу?...»

«Ыя, камалат деген ушубу?!»

«Күнөөнү айтпай эле камай беришеби?!»

«Ыя?..»

«Ыя?»

Ана, «молча-ать!» деген айкырык чыкты тыяктан, аны коштоп удаама мылтык тарсылдап, укукташа алабы ушундан соң?! Жымжырт болду.

Крестнян дегендин бапайган сакал эркеги, балкайган катыны, келтек чабарга жарар балдары калбай не таңыркап, не бир аларга тийешелүү кеп укмакпы, өзүнөн өзү чогулуп, кыйла караан болуп калган. Кулагы түрүлө элтейген бирөө жок, эрин кымтылуу, кабак бүркөө. Терме жыгач короого ороло тиреле келди. Үрөйлөрүнөн аябас да, аянбас да кыжыр, бу башы маң жергиликтен көптөн өнбөгөн аласасын азыр өндүрөр өчөштүк көрүнө келди.

Башкарма мекемеси, түрмөсү, жармаңкеси баары жанаша, мурда «Аксуу», кийин кимге өтсө ошого жараша Беловод аталган көк кашка агын суудун жээгинде, кыйкырык түгүл жөн сүйлөшкөн кобур угулуп турган бир аянт.

Өзүнөн өзү көөп алган мещан Полтавский, тоюнган мужук Кононенко күдүрөңдөшө желе басышып, кимдир бирөөлөрүнө буйрук катары баркылдап, өзгөчө бир маанилүү тапшырма аткарып жүрүшкөнсүп, өтө эле колоктошуп алышкан.

Ичинен түрмөнүн эшиги дагы тыкылдап калды. Суудан башка не сурашмак!?

— Көрөлү, — деди Полтавский, «эшикти ач» деген ишара кылды түрмөчүгө.

Эшик ачылды.

Дуу этти быксыган дем, каңшаар жарган сасык жыт уюлгуп чыкты. Бирок, али эч ким көрүнгөн жок. Кырылып калганбы баары? Түрмөчү эңиле карады, ар жерден бирден кыбырап жандана баштагансыды тири арбак. Көзү тигилди биринин, сүйрөлө өйдө болуп бери басты, эшиктин көзүнө түрмөчүгө бетме-бет келип, бирок эчтеме айта албай ооз ачып, энтиге, аптыга ава жутунуп алып, көзүн ача албай демиге калды.

Кыңылдаган, онтогон үн чыкты нары жактан , бирөө эшикти ачып койгулачы деп жалынгандай болду, бирөө колун суна чын эле бир ууртам суу сурады «кудай үчүн...» деп сурады.

— Жок, — деди түрмөчү, — менде кудай үчүн суу жок.

Жан кайыры болбосо эмне дейсиң?! Бар болсо да жок да?!

— Ну, — деди Грибаноский, — буларды «эс алдырабыз» эми, сен, Полтавский, жарманке жакка барасың, сенин ишиң ошоякта.

Леп деди мещан, баш ийкеди, шашылды, кылар иштин түрү ага да дайын го, али бир да жолу бокко сайыла элек узун бешилигин ийнине сала артын карабай далысы күржүңдөп жарманкени көздөй басты.

«Тышка чыгарат окшойбуз» деп түшүндү түрмөчү муну.

— Бери кел, — деди Кононенко каны каткан алсызга жүзү жумшара күлүңдөп.

Дагы эле оозго алар жанга аралжы бирдеме күткөнсүп, көзү жалдырап өйдө болду али ээгине түк чыга элек жаш кыргыз, боолгоду, алардын кыштоо жерин ээлеген бай Коно го, өлгөн үмүт кыңкыстап тириле тымызын келди.

— Бери жыл, коркпо,- деди бай Коно, тааныды окшойт, үнү жылым.

Бала эркеди, үйүнө алып кетет го деди, көзү кылайып, жан колтук эти титиреп алдына жыла келди.

— Ну, кемсалыңы чүмкөнчү...

Түшүнө албады, бала маң. А Коно байкеси анын арткы этегин шап кайрып, чүмкөй салды башына:

— Эңкейчи...

Леп эңкейди али жандан үмүтү үзүлбөгөн, көз ирмем, Коно байкесинин көк талдан атайы кырккан бир чабар келтеги тарс чабылды башына. «Ик!» дей алган жок, өлүм коркунучун баштан өткөрбөй, өз канын өзү көрбөй, өлбөс үчүн өзөк жалгар жылуу үмүтү менен кошо бүк түшүп калды.

— Мына... кансыз, чуусуз... эсалдырыш... — деп койду Грибановский, бут алдында бөрү тарткан улак болуп жатып калган адам түспөлгө кашын көтөрүп карап, — мезгили ушу, эми булардын каерде кандайча өлгөнү баары бир...

Калың ак көз айнегинен булаңгыр көзү ансайын үлдүрөп, бу адам өлтүрүшкө биргелеш болуп калган-

сып... көңүлү кынжылды дарыгердин. Кантсин, теңатабы булар менен?! Жо, ал өзү качкын, ийри тумшуктун уясынын алдына чөп курап бааналеген корууру жок бир көгүчкөн да?!

Өзү сөөмөйү менен улам бирден чакырып, көк келтекти көрбөсүн, жан талашпасын дегени, үстүндө бар кийимин башына чүмкөп, улам суу келтегин күүлөнө шилтеп, «ик» деши кайда, улам бир бей чараны бүк түшүрүп, «иштеп» жатты Кононенко, улам жан алар кумары, кан төгүш ыракаты ашынып, күчөнүп.

Бир убакта:

«Качты-ы! Качты-ы туземчилер!» деген өлө бакырык чыкты. «Качты-ы!»

«Оболу чоочуп, анан ишенип, «о, эргулдар...» деген тен бериш келе калды дуулугун өлгөндөрдү дарыгердин көңүлүнө. Эки жакты алактап каранды, көз айнегин ала койду, кайра кийди, не бөжөңдөп, не арбаңдап качкан туземчилерди көргүсү келди. Жо, эч ким көзүнө чалына бербеди.

«Качты-ы, түрмөнүн эшигин бузуп чыкты-ы!» деп, түрмөнү тегеренип келип калды кыйкырган.

— Канча эшиги бар түрмөнүн?! — деп куш тумшугун көтөрө таңгалып тиктеди дарыгар. — Эшигинде биз турабыз го?!»

Кейпинен анын ичин сезди Грибановский:

— Мына, бизге өтө кадырлуу дарыгер, көрдүң, өз көзүң менен көрдүң, биз сүйлөшөлү, тынышалы десек, а бу жабайылар качып, жөн качпай казынанын иштеп турган имаратын бузуп кетишип жатышат!

Нес болду дарыгер. Түйрүк эрини кымтылып, көз айнектин артына ого бетер жашынып көзү жумулуп калды. Көргөн жокмун дей алабы?!

«Бей!» «Бей!» «Бей их!»

Сөгүнгөн, кыжынган үн угулду жарманке жактан.

«Бей их!» деп жулуна баштаган крестьяндардын алдын коюлган куралдуу күзөт тосту.

Жергиликтин «увакилдери»короого киргизилген соң таңыркапбы, таанышын карапбы, иши кылып, обо-

лу бирин серин, бир аздан соң дүбүрөгөн топ болуша мужуктар чогула берип, короо оозуна, те нарырак оолактап көбөйүп өзүнчө эле жыйын болуп калган.

Же атайы чакырылганбы, камдуу экен, эркеги, ургачысы бирдей жулунуп, ар бири артына катынып турган шап балта, темир шиш, чөп айрысын ондоно карманып, алардын алдынан өзү эки жагына крестьяндар. «Токто!» дегенди, себебин сурагысы келгенди кимиси угат?! Таш агызган сел сыяк күү-дуу, тажаал бакырык, адам каары, адам заары тебеледи.

А тиги сөзүн бирөө уга тургансып «сүйлөшөлү» деп келген өз жеринде өзү бөтөн аталган байоолор улам жыйрылып, улам кетенчиктеп, улам бири балта тийип жыгылып, улам бири айрыга тепчилип, бирок кой дери жок , арызданары, арызын угары жок, жайлоо гүлүндөй жайнап чачылган өз канын өзү көрүп, бирин өлүм коркунучу чекчейтип, бири тагдырынан буйтабай мелтейип боо түшө жыгыла берди.

Тарс!

Сүр үчүн, чоочутуш үчүн көккө ок чыгарды төрт солдаттын бири!

Тарс!

«Биз кайтарып турабыз го буларды?!» «Ким кыр деди силерди?!» «Эй...» Куралсыз эл го бул эл?! Кылмыш бу!»

Апкарый бакырган бала солдаттын үнү бирде тиги бурчтан, бирде бу бурчтан, күүлдөгөн тополоң ичинде калды.

Жер ээлегендерден эмес, Россиядан аскерге алынган жигиттерденби, улам көтөрүлгөн балта менен инородецтин ортосуна түшө, бирок жан алгычты жалынып токтото албай, бир убакта биринин айрысын шап кармай:

— Токточу! — деди өлтүрүштүн себебин сурайын дедиби, аны кылмыштан куткаргысы келдиби, а кан ууртап калган жаналгыч көк туз көзү канталап, айрысын жулкуп алып, ызырына шилтеп жиберди, солдат буйтай берди.

Тарс!

Бирок көккө атылган октон ким жалтансын?!

Бала солдаттын колунан мылтыгын жулуп ала:

— Сен! Бок мурун! Кимдин мылтыгы менен кимди атканы жүрөсүң сен?! — деп, кутурган аюудай бакыра күркүрөдү көпкөн Полтавский.

Куралын не жоготуп, не бирөөгө тарттырып жиберген аскер уставы боюнча жоопко тартылат!

Солдат таймашып мылтыгын талашты, артынан бирөө келип, аны жыга коюп таштады. Экөөлөп кетишеби!?

Колго илинбей тура качты солдат.

«Шарт!» «Күрт!» Суу келтек шилтенип, балта чабылып, үч тил, беш тил айры урулуп, сыздаган, онтогон үн бирине бири жалгаша кан жыт ово ый боло уңулдап ээрчиди солдатты.

Бир жалт карап, тыякта бир жаш инаородецтин бет алдына балта келе колун шылып жерге түшүргөнүн, бей чаранын бүктөлүп жыгылганын дагы көзү чалды... ошо чууда, ошо кымкуутта канчанын жанын алса ошончо ансайын элире, эркегинен ашыра чаңыра колдо бар куралын оңго солго шилтене саксаңдаган сары чач ургаачыларына таң калды... коркту...

Мына, бу чарасыз биртке ойдон солдатты алдын торой калган бир кебете дароо бөлдү. Көкүрөгүнө, уюлган куйкул сакалына кан чачырап, аарчылбай кургап калган, эки көзү биротоло чекесине чыгып алган, жан коер, жан аяр өңдөн ажыраган. Ким бу? Жанагы мылтыгын талашканбы? Же жыга урганыбы? Жо, ал да эмес, бу да эмес...

— Ну, — деп алды жан алгыч, — ушуларга бооруң ачыйт экен го?!

Сыга басты булдурап.

Өлүм коркунучун сезди солдат, буйтады солдат, качты топтон чыга, жаш эмеспи, жеткире койбоду, а бирде чоң сакал мужук, бирде кумсарган жан алгыч, бирде канга тойбой калган жырткыч сезилген, көрүнгөн неме ликилдеп кубалап, жете албай бир убакта көзү

дагы эле чакырайып, дагы эле аңдып турганын көрүп жүрөгү селт этти, токтой калды.

Ушул абалда ал арыз кылар, тиги тикирейген көздү кой дер бирөө кана?!

Жаш солдат адил сөзүнө кордук көргөнүнө, жанына коркунуч болгонуна каңырыгы түтөп, атасын издеген баладай элеңдеп каранып алды. Жок, атасы түгүл күндө шырп эткенди эсептей кычырап турчу чоң башчылардын бири көрүнбөйт...

Быяктан күрпүлдөп сөгүнгөн, тыяктан «ик» деп жыгылган, анын үстүнө карсылдаша чабышкан шоокум аралашып, эмелеги мемиреткен жакшы үмүт »о, кокуй...» деп онтогон, «о, аттиң ай...алдымда атым, колумда камчым болбоду...» деп өксүгөн өкүнч болуп, оводо мелт-калт...

«Кой» деп эч кимге сөзү өткөн жок, арачага түшө эч кимге алы жеткен жок, эми эч көрүнбөй караңгы бир бурчка тыгылып, не өңгүрөй албай, не токтоно албай бышылдап ыйлап кала берди жаш солдат...

**«...ушундай бир кокус кымкуут болуп,**
**517 кыргыз кыйрап калыптыр...»**

*(Кырг. ССР, Мам. Архиви, ф. 17, л. 2. )*

деп, өзү тукурган Фольбаумуна бүшүркөгөн мактанычсезилген аяр эсеп берип гана койду Пишпек уездбашысы Рымшевич.

## 5

Августтун 12 си күнү да кечеги кеткен увакилдеринен кабар алыш үчүн, төрөлөрдүн ыракымы болуп, кудай жалгап, мурдагы камалган эл бошотулуп калса тосуп алышка тоо этегине бир оор топ атчан жыйылды.

Буларды те алыстан эле дүрбөлөп, башында пристав Грибановский өзү жүргөн дружина төрт тарабынан жайыла келди. Бири да качкан жок, сөзгө ишенип көнгөн

момун, байоо гана эмес аңкоо эл. Ар бирине заматта мылтык кезелди, баары аттан түшүрүлдү, аттарын бөлөк, өзүлөрүн бөлөк айдап, кайра тартты дружина.

Кечеги камакта кыргында буйгада, бурчта өлбөй калгандарды кошуп 138 ге жеткире көбөйтүп, Пишпекте анын оюнча ишсиз жаткан уездбашынын алдына тизелетип берилмек болду. «Камасын, сурагын кылсын, көрсүн» деди Грибановский.

— Качса кантебиз? — деп калды конвой башы акырын.

— И, билбейсиңби!? — деп мокотту пристав, — ошо качкан жеринде «эс алдырасың...»

— Куп! — деп, аскерде болуп көрбөгөн мужук бир өрөпкүп алды.

«Эс алдыр» аскер чиндеринин ичинде «өлтүрүп тынчыт» дегендин тымызыны, кайманасы болуп кеткен.

Жолмо-жол Пишпекке жеткенче төрт жолу конвой алмашылды, бирок катаал, кас мамиле жумшартылган жок.

Баары жөө... алды да, арты да, эки тарабы да атчан дружиначы... чымчык болуп кетсе да бири эсен кутулар шарт жок... ар ким тырп шырп аяк сүйрөп, анысы ар биринин көңүлүнө арман куу... шыбыр да жок, үшкүрүк да угулбайт...

А бирок, күнөөсүз сезим да, айдалган корлугу да, ага каяша кылар зарде да ичте, ооз жабык, көңүлдө... Жан барбы, үмүт байкуш үлбүрөп, үзүлөр эмес.

«Ыя, айдаган соң чоңуна алпарат ко, майдасында жок болсо иригинде бардыр акыйкат, сурайбыз... Ыя... акыйкат өзү деги бар болсо кезигер, табылар?!»

Те түпкүрдөн жылт кылт экен кызыл үмүт коштоп, чарчадым дедирбей улам алга сүрөп келе жатты.

Бир аз станицадан узаган соң эле кыйкырып токтотту конвой башы. Жөө туткундарга боору ачыды дейсизби, ат тердей элек го али?! Тез, көз чакчаңдап кыйкырып, күрпүлдөп сөгүп, атка өмгөктөтө ийрип, бир аңгектеп калган ойдун жерге туткундарды чогуратып,

баш сүзүштүрүп отургузуп коюшту, ырас, төрт тарабына мылтыгын окчо кармаган күзөт бар.

Колго кылган шайтандын шилекейинен күүлдөшө ала башчысы баштап башташты.

Ошо кыяпта туткундарын ичинен бир кара көрпө тебетей , өңү көрүнбөй, узун кара чапанын эки этеги сүйрөлүп, асте четке жылганы түштү көзгө.

«Качканы калдыбы бу байкуш?..» деди жанаша отурган туткун.

«Жашы барып калган, бейшеби кыстады го?..» деген ойго кабылды бирөө.

Туткун эшик төрдөй жылып, нары караган бойдон тебетейи да көрүнбөй үңкүйүп, үнү да чыкпай ошол бойдон жер сүзө бүк түшүп калды. Йе, башын жөлөш туу-ганчылык ко?! Бирөө леп тура барды, чын эле бейшеби кыстаган экен, чечилген узун өрмө ычкырына колу карышып калыптыр. Тарс! Тууган үстүнө сулап калды.

— Ма-а-арш!

Мына, баш жөлөр, ыйман айтар күнбү, өлсө дүпүрөп ариет кылар күнбү, о аттиң ай?! үн жок, каяша түгүл артын карар дем да, чоло да жок, ирең боз, дагы үч катар боло чубалып жолго түштү туткун эл.

Тегизбайды таанылбаган эле бир адам билгенин бекем кармап, ортоңку катарга киргизип алды, дагы четтей түшсө жаш неме бөөдө кокус болуп калбасын дедиби, ошол бойдон колун койо бербей жанына тартып, атүгүл айдоочунун көзүнө түшүрбөй улам ошоягын өз тулку менен калкалап бара берди.

А Тегизбай, али жаш да, кайда барарын, кандай тагдырга дуушар болорун ойлоно албайт, тотуккан кишилерче «көпчүлүккө не келсе көрөрбүз» дей албайт. Бар ою чоң атасы... биринин кебин бири укпаган, улам бир жагына чайпалган сүрдөөндө бөлүнүп адашып калган. Кең короонун ичи да, тышы да бири бүк түшүп, бири жүзтөмөн сулап, бири эки колу жайыла асман тиктеген көзү ачык, биринин үстүнө бири жыгыла кыйрап калган көп өлүктүн бирин аргасыз аттай, бирине аяк койбоско чара калбай араң өтүштү эле го?! Ошо

эсеп жаңылткан, көз жаңылткан өлүктүн арасынан көзүнө түшкөн эмес. Кайда кетти анда?!

Өзү кылыч алдында, мылтык алдында бара жатат, кайрылууга чарасы барбы?!

«Не гана болду экен атам байкуш?...» дейт дили, көзүнөн ысык жаш ирмелбей сызылат, аарчышка буяма жок.

Бу үмүт деген жан менен кошо жүрөбү, ыя?! Тигине... бирде абышка жөө, аяк койор алдын аңдып, илдиреп, тоо тараптан келатканы... бирде бир өлүктүн алдында жатканы... бирде, о андай болсо кана, эски бурадары бай мужук Семени менен сүйлөшүп, кабагы жаркып турганы... улам обушуп, улам кайталанып келе берди...

Тарс!

Ойдон чоочуп бөлүндү Тегизбай. Жанаша четте келе жаткан бирөө мөңкөйүп бара жыгылып, андан нары keриден ылдый жумаланып барып, жатып калды. Тегизбай кабагы бүркөлө, эмелеги ата санаасы көбөлөктөй жоголуп эңиле умтула калды. Тарс! Ок кулак жана ышкырып өткөнсүдү, ошол эле замат конвойдун октон бетер ышкыра сөгүнүп, көзү чакырая кашынан ойдо чыга ат теминип келе жатканы көрүнө калы. Бирөө колдон шап тарта катарга кайра киргизип, аяк тынбаган сүрдөөнгө калкалап кеткендей болду. Үнсүз бышактады Тегизбай. «Э-э... баласың да али, балам... күйүшө турган абалбы, кагылайын... көрдүң го...» деген шыбырын укту...

— Ма-арш!.. — деди заар үн.

Аяк баягы, тырп-тырп, шырт-күрт дей чамдагансып, кадыресе опур-топур шабырттап, кантсин, күчтөн да, ойдон да чаалыккан баары, кайра эле аяк сүйрөлгөн койүнө түштү. Тырп, тырп...

Күтөр не, үмүт не?! «Не жазыгыбыз бар эле?» дей сурар, укукташар, жан соогага арга сөз оозго кирбей калган. үн, дем түгүл, көңүлгө кайгы да келбей тула бою шал, көз өзүнөн үзү жумулуп, көкөй кескен арман күү гана коштоп калды.»Бөрүгө кой не жазган эле?!

Ошо да?! Ошо ал, ошо тагдыр да?!» Демди да, акылды да мүнкүрөткөн өжөр маани ушу.

«Кур-рук» этти бирдеме көктөн. Ким таанырбайт бу үндү?! Тарп издеген ач жору го?!

Көңүлгө дароо шек кирип, көз алайып көк карады бир байымчыл. Үч жору, бири бирин акмалашып, бозала көктө ар жерде карарып, канат серппей баары акырын бир багыт көздөй калкылдап сызып алган. Ошо эле көз жазган убакта эле баары бирдей тез серпиле кала шуу-шуу эте куушурулуп калды. Тарп эмненин тарпы экенин ажыратмак беле, тандамак беле булар!? Жол бою, даңкайып өлүп жаткан мал жок эле, жолмо жол атылып жатып калган шор пенделердин өлүмтүгүнө келди да, кокуй?!

— Ма-арш!

Тигине, дагы бири тоо жактан калдайып сызып чыкты. О, канатың сынгыр, өзү жалгыз да эмес, карандап кара кузгуну шерик, коштоп, алар да каршыга, алар да атайы басмырлагансый деги тоотпой, өтө эле канаттары тийердей жакын кылак булак күү-шуу этише, кузгуну табалап сөөккөндөй «кыр-рык» деп, тебөгө айланды. «Өлүм» деген бери, «өлгүнүн жору, кузгун талаган» деген нары бул элге, аттиң ай. Көбү көрүп, көбү ич толгоого чөгүп, көз көктө. Ой чарасыз, үстүнө жору, кузгун, сырактаган сагызган кошо үймөлөктөгөн өлүккө кетип, а сүйрөлгөн аяк илдиреп, шырп эте албай тына калды өзү эле. Талар жорудан өлтүрөр Инчин коркунуч, анын кыжынган бакырыгы те алыстан, ойдун боз туманынын булангыр арасынан алсыз, демсиз кангырт окшоду. «Ма-арш...»

Тарс! Тарс!

Кимиси күттү эле?! Селт этти эл, дуу карады эл. Жабыла атылган мылтык үнү биринен бирине жалганып, айлана дүңгүрөп кетти. Ок чалдыбы, жан айлабы көбү ошол жамат өңкөйүп, бирин бири кара кыла, аны өзүлөрү билбей бой жашыра, бирок кайра дем чыгарышка, онтошко да жетише албай бүк түшүп, кара жерин кучактап сулап жыгыла кетти кыйласы.

Чур дей түштү эл, корккон да, «не кылдык» деген өктө, каяша да бар сыяк. Инчинге бу баскандан баш тартыш, атүгүл «жандан кече кайра асылып кетишпесин» деген кооп келе калды. Ошо замат чаңырып, ошо замат төрт жактан жабыла татырады мылтык.

Бүрүшө калды Тегизбай... «...коркпо... корккон да өлөт, коркпогон да өлөт, балам... коркпой өлөбүз...» деген муңайым шыбыр укту, шыбыраган акырын көкүрөгүнө тарта тула бою менен жашырып алды, ошол көз ирмемде Тегизбайдын мойнуна жылуу кан тамчылай баштады, «...ө-ө...» дегиче чоң алакан оозун калкалады, »... унчукпа... жыгылсам алдымда кала бер... былк этпе...» деди, чын эле акырын ийилип, бүгүлүп, алдында калды Тегизбай, өз жүрөгүбү, же тиги сүрө баштаган аттардын дүбүртүбү, айрый алган жок...

— Марш! Марш!

Конвой ат темине, үрөй буза обдула сөгүп, жандай келе төрт тараптан соп камчыларын ового шуулдатып, эми айдап жолго сала баштады. Тириси башын колу менен калкалап, баш көтөргөнү эле атылардай томурайып бөгүп, сулап калган элди ат сала да аралаган жок. Жаны тири дени өлгөн элге заар кыйкырык, соп камчынын ышкырык жетерлик эле. Асте тизе көтөрө, ийин имере, көз алая каранып, жанашасын тиктебей да, түртпөй да, шыбышы да жок, ар кимиси өз жаны менен, өз камы менен өйдө боло сендиректешип, алды жолго кыбырап калышты.

Мүрт кеткени го мүрт кетти, айла жок, а же көкүрөк көтөрө албай, ыйынып онтоп, же аяктанып өйдө боло албай, мекчейип жер таянып калганга карар барбы?!

Йе, «карар» даяр турбайбы?!

Конвой мужуктардан аттан тез түшө калышып, аралай, аңдай басышты, бет алдынан «жардам кылат ко» дегендей көзү жашылдана жайнап отурган жарадарды бири белиндеги шап балтасынын уңгусу менен төбөгө бир салып таштады, а бири муну көргөн жарадар көчүктөп жылса, дагы бир жарадар боортоктой нарылаca арбаң аттап жетип, шиштеп сайып салды.

«Ушундай эле кылыш керек буларды...» деди бири. «Анан эмесе, ок коротуш керекпи ушуларга?!» деп кубаттады бири.

Чын эле алар ок коротпой жоо жеңип, өлүктөн да, тириктен да көзгө урунган тебетей, сабы күмүштөлгөн эт кесер бычак терип, саймалы баркыт камзол сыйрып, күч коротпой биртке да болсо олжо таба беришти.

Бир убакта экөвүнүн тең көзүнө күнгө чагылышкан бирдеме илине бири ичи тарый кылыйып, бири жете электе ээликтеп, эки жактан жулуна басты. Экөвү тең арбайта кол сунуп, эни сөөм келген, нукура күмүштөн кара нылдап өрнөк сайма түшүрүлгөн кемер кур экен, экөвү бирдей кармады. Бири чечип, бири алып, чыканак менен түртүшө көз заар чакчайып, эрин кымтылып, мурун бышылдап, ыш мурут үүлөнө демигип жулкулдашып, күчү бары начарын күмүш кемер менен кыкылдата муунтуп калды.

Ушу кысталышта байкашка буямасы тийбейт дедиби, күмүш кемери талашта калган өлүктүн кучагында селейип жаткан өспүрүм акырын көз ачып карады, шап тура качты... беркилер элтейе түшө бири мылтыгын ийнинен ала койду колуна, шарк этти маша...

Бала тиги айдалып бараткандар жакка беттенген. «Тим кой, кайда качат, мейли өлөр жерине өзү барып берсин» деди. Жини пастай элек неме, олжо талашканга аны сайын өчөшүп, мелжеп да, тушмалдап да, бир нече жолу ок чыгарып жиберди. Алдын, артын челди ок, элдин эң артына жетип, аралашып, буулдап, өңүлдөп жиберди Тегизбай...

— Марш! Марш! Ма-а-арш!!

Жөнөрдөгү эсеби 138 делинип, үстүнө көп кошулуп айдалган туткундар ушин этин жолмо-жол атылып, балталанып, шиштелип, эртеси күнү саат 10 ченде саналуу 35 гана жеткирилди Пишпекке.

Уезд улугунун караламан жолотулбаган сүрдүү мекемесинин алдындагы кең аянт.

Ал күнү мансаптуу чин, орус коомунан быякка ке-

лип байыган көпөстөр, жергиликтен ийкемдүү болуштар атайын чакырылган. Бир учунан бир учундагы киши таанылбай, төрт катар, уй мүйүз тарта ийиле тизилип калган.

Улам бир нече барабан бирдей согулуп, аянт дүпүрөп, бир убакта тып басылып, дагы бир убакта кайра дүпө-дүп, бу чогулган өңкөй төбөл коомдун көңүлүн улам көтөрүп, улам манчыркатып турган.

Уезд улугу подполковник Рымшевич балконго чыга келди. Жанында приставы Грибановский бар экен. «Урра!» Салтанат ураан шарк этип, көп барабан аны сайын күчөй согулуп, тирелген көпчүлүк кошул-ташыл кол чаап калышты. «Ур-ра-а!» «Ур-ра-а!» бири бирине уланып, бир жагынан бир жагына дуу ооп, эрдем кыйкырыкка айланып, аянт дүңгүрөдү.

Подполковник Рымшевич ыразы, оң колун көтөрдү, жүзүн жылуу жылмайтты, оолугуп кеткен коом тып басылып, аянт шырп этпей калды. Подполковник дайыма иште, топто кийип жүргөн жаркылдаган униформасын кийбеген, ушул азыр жортуулга чыгып кетердей аскерлик жол кийимчен.

Эки чыканагы эки жагына кантат боло балкондун кыргагын омуроолой таяна:

— Биздин атабыз, — деп баштады, — бүткүл Российянын Эгеси азирети Императордун букаралары, — деп улады, сылык эле болмокчу өз эркинен тыш чыга катаал, өз кыжырына өзү калчылдап угулду үнү.

Аянт жымжырт.

— Мына, биз каратып алган күндөн бери туземге жел да, кол да тийгизген жокпуз, а бирок, — деп күчөндү, — жакшылыкты биле да баалай да албаган чала жабайылар Улуу Российянын ушул кезде согушуп турган аскерине жардам иретинде гана кара жумушуна кол-кабыш кылышка чакырган өкүмүн чийткеп...

Өз кыжырынан өз деми буула токтоло калды:

— ...А түгүл ачык каршыгып, мына кече күнү төмөнкү Беловодски станицасына жакын тоо арасында чогулуп...

Дагы демиге токтоп, балкондун кыргагын бир муштады:

— ...Түздөгү биздин бейпил жаткан отуруктарга жабыла ат коюп киришкен...

Кызыга анкайды көпчүлүк.

— Кагылышта эмне болот? — деди подполковник, жообун өзү айтты,— кагылышта кан төгүлдү, бизден эки крестьян коромжу болду, короо жайы өрттөлдү...

Дуу-дуу болду көпчүлүк.

«Бу не деген?!»

«Кутурганбы булар!?

«А биздин дружиналар уктап жатышабы?!

Ыя?!»

Күү-күү толкуду бир түркүм коом.

Эни кең шляпа кийген, узун этек ак шайы көйнөкчөн, башы ийри күмүштөлгөн таяктуу көп опурулду, көп күрпүлдөдү, көрк үчүн булактатып жүргөн таягын бийик көтөрө, ар жакка кезей силкилдетти, булайган узун муруту да, жайкалган коңур сакалы да кошо сеңселип турду.

Эң акыры тапшырмасындай кыйкырды улуктары тарапка:

— Бу тим тынып калышы керек эмес! Жаза! Жаза!

Барабандар дүнгүрөдү кайрадан.

Көпчүлүктүн ызасын, күйгөнүн угуп, аны азыр кылар ишине көмөк, талап катары ойлоду уездной Рымшевич:

— Мына, кадырлуу жаран эл, — деди токтоо, — кечеги кан кечишкен бетме-бет учурунда бир оор топ бандит кармалган. Мына, бүгүн биз баарыбыз, азыр ушул жерде силер айткан талапка ылайык, талап эң туура, бул крайдагы Улуу Империянын кызыкчылыгына карама-каршы өзүлөрүнүн маңбаштарын көтөргүсү келген маглуктарды эсине келтириш шаани-шөкөтүнө күбө болобуз!

«Ур-ра!» деген кескин дабыш шарк этти.

Эшигин эки тарабына кырка тизилип турган эл ичинде бу чогулгандын максатын билгендер кантсе да

аз окшойт, кол чабыш шапыр-шупур боло түшө, акыры өткүн жамгыр сыяк дыбырлап барып, өчө калды. «Ким?» «Кимдер?» деген күдүк кыйланын көңүлүн уйгу-туйгу кылган сыягы.

Жалаң орустар эмес болчу, атайын «көрүшсүн», «үшү тайсын», «жүрсө тынч жүрүшсүн азырынча» деген мудаа менен атайын күргүчтөлүп келинген бир топ кыргыз, бирин серин казак, дунган, селдечен соодагер сарт, уйгур бир четке иргелип алган.

Экиден төрт барабан кайра күчүнө урула баштады эки босогодон.

Көз элтейди, кулак делдейди, а баш маң.

«Марш!» «Ма-арш» Бу чаңырган азазил Беловодскидеги «Крестьян Дружинасынын» атаманы Инчин эмей ким?!

Дуу карашпайбы көпчүлүк?! Өнчөй туземчи тирелген четтен салбыратып чубатып, туткундарды айдап, жалаң кылычын ийинге кармаган, ким былк этсе шарт чабарга шай сыяк конвойлор кирди. «Кан кечишкен бетме-беттен жеңген жаңгерлер ушуларбы?! Ким анан?! Баатырларга урмат, бок жүрөктөргө таба, улам күчөнө, улам кызый, улам шаңданып турду төрт барабан.

Кулак тунуп, жанаша тургандардын кеби биринен бирине угулбай, бирине бири ыктай эңиле кеп алышып, ушу жерде бир балакет болору сезилип, ирени өчүп калган көп. «Катыран, ачык сурак болот окшойт?» «Ошо да, берireги айып тартып, нарырагы шыбырланып кетет го...» дешип жумшак ойлогон да бар го. «А күнөөсү жогу, сүрдөөнгө эле кабылганы эскертилип, ушу эле жерден койо берилер...» деген болжол да жок эместей.

Үч катарга тизилип коюлду ортого. Көзгө бир ууч эле топ болгонсуп калды.

Мындай көп орус чогулган жыйынды, мындай шаңшапарды көрбөгөн бала Тегизбай, орустун да, кыргыздын да, баарын көрүп турган теңирдин алдына да өзүнүн кылдай күнөөсү жок экенин, эч кимисине мыңк экен кылапаты, кыңк эткен акаараты болбогонун өзү билет.

Нары да орустан ушунча көп төрөлөрү чогу турган жерде сураксыз, калпыс, кычым өкүм боло койбосуна нарисе үмүтү ишендирип турду. «Кой, бу бала жаш экен го, колунан эмне келди дейсиң?!» деп бири, а бири «кой, бу бала бир элдин кадырлуу аксакалы Ырамандын небереси турбайбы?!» дей дили таза бирөөлөр арага түшө калардай, жалаа болсо ажыратып алардай жылуу сезимге оронуп турду.

Туткун атпайдын эки колу артына кечеги карыштыра байланган боюнча чечилген эмес. Бок жүрөгү го шүмүрөйөт, баш көтөрбөйт, а кай бири колун өзү артына ала манчыркай кан базарда тургансып, «йе, туулмак барбы, өлмөк кошо бар» дегенсип көзү көктү сыдырып, анан эки жагын, эл ичин аңтара, теше тиктеп, тири каларына да, азыр өлөрүнө да кайдигер болуп алган.

Өкүм «атуу» экен, бирок тамаша чегер элинин ичинде тарсылдатыш өөн, кокус бирөөгө ок жаңылып кетпесин үчүнбү, же ок деген эртеңкиге сакталсын делингенби, бир дагы мылтык соройгон жок.

— Башта! — деди Инчин зирк эте.

Жок, жабыла кирген жок айдап келгендер, атамандын эки жагында даяр болуп турган төрт гана дружинчиси, мылтыктан башка көбүнүн дайымкы куралы деле ошол, бири шап балтасын шилтерге ыктап, бири кыска сап учу курч айрысын, бири темир шишин, бири шылк эттирмесин оңтойлоп, кабактары кудайы эсинен чыккан каар, тиги бөрүгө байланган арык улак болуп турган кантсе да адам заада окшогондорго жай тооруй торп-тарп басып келишти.

«Эмне кылмакчы эми булар?» деген үн күңк этти эл ичинен, жообу болгон жок, кайра кең аянт өлүк жаткан үйдөй тымтырс боло калды.

— Ой?! Сураксыз өлтүрөбү булар бизди?! Ыя?!

Бу укукташкан үн как жарды аянтты, ошол замат кайра дүңгүрөгөн барабан тепсей жап болду, жарк эткен балта биринчи согулду төбөсүнө, балтадан соң үн чыкмакпы, күп этип биринчи сулады.

Күчөндү төрт барабан, бу жолу ага сурнай, дагы

кандайдыр бир наама* шаңгырап кошулуп, алсыздын үнүн жексен кыла, күчтүүдүн канын ого бетер дүүлүктүрө марш күү өзгөчө салтанат, шаң көтөрүп турду.

Келди желдет бетме-бет Тегизбайга, бирөө анын алдына өтө калды, ошо замат өзү шылк эттирме согулуп жыгылды, дагы бет келди башка желдет, дагы бирөө алдына өттү, ошол замат ал дагы шишке сайылып, жыгылып кете койбой, бүгүлүп, акырын онтоп калды. Энтигип, апкаарып, артка жалтайлады Тегизбай. Кууган жок желдет аны, «кайда качат, торго түшкөн бу чычкан» деген сыягы.

Күчтүн дымагы, чабуул шарданы марш күү жерде дүңгүрөп, оводо кара туман боло калкылдап жанды тутуп, ойду үйрүп турду. Дүңгүр, дүңгүр..., шаңгыр, шаңгыр...

Деми оозунан чыга акактап, тегерене каранып калды Тегизбай.

Те кырдагы улуктун катарына барып калган иреңи кара, көзү тыйтак бирөө чалынды көзүнө. Ким бу? Эсине келди, былтыр эле чоң атасы эл көрсүн, адам таанып калсын деп, бир топко кошо аттантып барган эле го?! Ушу кишиге салам бердирген, «бу киши убагында Шабдан менен кадырлаш жүргөн жаң туулган дунган, өз тайпасынын болушу, орус төрөлөргө абдан жаккан, өтүмдүү бай Булар деген ушу» деп кулагына салган. Мына ушу өлүм менен тиринин ортосунда аялуу жалгыз жан бүлкүлдөп калган убагында чоң атасынын үнү те алыстан каңырыгын түтөтүп күбүрөп угулду.

Марш күү как жарып турду тунжураган аянтты.

Бет алды желдеттин чакырайган көзү, кымтылган заар эрини, шап балта, учу жылтыраган курч шиш, аттиң ай, кол байлануу, бири жандан түңүлө көз жумуп, бири жүз үйрүп, а бири желдеттин көзүн эрегише кадала тиктеп, катары бузулбай мелтиреди өз журтунда өзү туткун атпай.

Шаркылдап жатты салтанат күү.

---

*Наама — күү аспап

Жан алар шиш бирөөнүн далы түбүнөн чыга түштү жылтырап, как жүрөктөн өттү окшойт, ык эте албай, мурда эле жаны жоктой коңторулуп кулады. Айрыга тепчилген шордуу мүрт кете албай ыйынып жыгылды, бешилик суурулуп кетсе кан менен кошо жан кетмек, бирок мурчуйган желдет суурубай таштап койду.

Жан соога сураган жок эч ким, сооганы төрөсү бербеген соң желдети бере алмак беле, үмүт да жок.

— Өлтүр... өлтүр... — деп онтоду тиги. Өз өлүмүн өзү суранат деген ушубу, аттиң ай?!

Мына, өчөшкөн да, кайдигер да, кас көргөн да мыкачыдан сестенет турбайбы, адам эй!? Жергиликтен эмес, орустар жактан кыйкырык чыгып кетти:

— Токтот!

— Бу эмне деген өзү?!

— Тапкан экенсиңер адам өлтүрөр жайды?!

— Ыя?!

— Бизди каратып коюп, бу мыкачылыкка, бу кылмышка бизди «катышкан» кылып алгыңар барбы!?

— Ыя?! Орток кылып койгуңар барбы?!

Сыпаа, окуган деген орус балдары терс үйрүлүп кете баштап, тиги үрөйү учуп калган жергилик, кантсин, ийин кыса бүжүрөшүп, кай бири даркан баскан орустарга жандаша далдаланып, короо айланып суюлду.

Уезд төрөсү Рымшевич өз орустарын тооткон жок, жан каабы кыргынды токтоткон жок. Дүңгүрөй берди улуу марш.

Баарын бирпаста эле тындым кылышса алдын ким тосот эле, бирок буйрук ушундайбы, киши өлтүргүчтөр атайын жайма-жай, маалкатып, күлгөндөй ырсайып тооруп, аралап, колу бош эле болсо чийки жегидей болуп турганын көздөп, өзүлөрү кезектеше курал шилтеп суюлткан, өлүк арасында томсоргон он чакты гана туткун калган.

Бирөөнүн демин сезди Тегизбай, кыңырыла акырын карап, мына, коюу куйкул сакалдан оозу көрүнбөй көзү гана шакебе кыла күлүмсүрөп алган киши өлтүргүч

турганын көрүп, заматта дени өлгөнсүп былк эте албай, эси нес болуп калды.

— Ну... жолуктук ко акыры? — деди акырын.

Түшүнгөн жок Тегизбай, кекеткенин айкын сезди. Бу жолдо өлгөнүн күмүш кемерин талашкан крестьян экенин элес-булас боолгоду, жан алгыч ушу болуп көрүнөө келгендей туйду, жаш да, сестенип кетенчектей калды. Жан алгыч ошо көзү күлүндөгөн эле бойдон беттей акырын кадам койду. Дагы кетенчиктеди Тегизбай, бирөөнүн күчтүү колу артынан шап кармады, эки аягы жерге тийбей кыбырап калды Тегизбай.

— Аны мага кой, — деди жан алгыч күркүрөй, огу тийбей ызасы, өчү калганбы, — мага кой...

Несин түшүнсүн бала Тегизбай, бирок өлтүрөрдөн куткарып алгандай сезди, бошонуп да качпай элтейип токтоло калды, жо, күлүмсүрөгөн көз эми жок, туздай бозоруп алган.

Кетенчиктебей койо албай калды бала, күрт этти жан алгычтын оор өтүгү, алпыкты бала көзү сүзүлө, тарп этти жан алгычтын өтүгү, бала али балта тийе элек бирөөгө тегеренди, шарп деди ашыкпай жан алгычтын кадамы, дагы нары корголоду бала, токто дебей кысып келе жатты жан алгычы. Эсине келдиби бирдеме, же аралай качмак болдубу, нары бет ала ыйлактап басты бала, кууган жок жан алгычы, бирде тарп, бирде күрт, жай, узатпай ээрчип алды.

Жазалоо баштаганында эшиктин алдына түшкөн уездной Рымшевич.

Бир убакта чоң атасы ага салам бердирген дунган бай Булар жандап турган экен, аны көзү чалып, өзүнө өзү алы жетпей, токтоно албай али бала Тегизбай.

«...бай аба-а ...»деди, а «бай абасы» мурда эле ырсайып турган уурту ошо ырсайган эле бойдон калды, мизбаккан жок...

О, тигине, чоң атасынын үйүнөн нечен жолу даам сызган трууган Чолпонкул болуш өз авасы турат ко?..

Эреркеп кетти, «...абаке-е...» деди эми өңгүрөп. А

«абакеси» эрини кымтылган, көзү ирмелбеген бойдон сын бузган жок...

Бетме-бет барды алдына, көз менен көз чалынды, ал дагы эле баягы, эмелеги аны арга көргөн, андан үмүтү үзүлө албаган көңүлү көз ирмемде муздай тоңду, көзү караңгылап, жаш да басып, авасынын кесир сөөлөтү булаңгырланды...

Кайтты бала, арттан ээрчиген шыбырт жок, болуш кепилге алып койдубу, оюна жымырап көңүл жылытып ушу келди, ишене албайм дей албады, ишенгиси эле келди, «... колуму ким чечет эми...» деп кыстады дили.

Ошо сүйүнүч, бир көз ирмем... артка карыштыра байланган эки колдун ортосуна бирдеме тийгендей эти тыз ... өз көкүрөгүнөн шиштин бөрү тил учу чыга түшкөнүн тунарып бараткан көзү чалды... бурала түшө жыгылган көйүн сезе алган жок өзү...

Колу түз экен, кулачтай шишин эшик төрдөйдөн ыргытып уруп, тийгизди ээрчиген жан алгыч.

Күчөй шаңгырай берди улуу марш.

Кан болгон балтасын, шишин, айрысын, шылк эттирмесин өлүккө жанып аарчып, марш күү ошолордун урматына дүңгүрөп тургансый ар бири аны өзүнө ала бой кере келберсип укту жан алгычтар.

Кан жылжып, бирине бири кошулуп жайпап жатса да бири да не аттап, не кургак кува баскан жок, чылп-чылп кечип имерилип турушкан.

— Мына, ушун этип эле коюш керек! Булардын тири жүргөнү эле биздин эртеңки бейпил күнүбүзгө коркунуч! — деп азынады эми жанагы ийри таякчан көпөс.

Ошо, жанагы «жазаны» айрыкча кубаттап, а тиги ырайымсыз кыргындан жийиркенип аянттан чыгып кетишкен орустарын:

— Силер, ачык айтып эле койоюн, орус да петриот да эмессиңер! — дей артынан акшыңдап кыйкырып калган баягы туткасы ийри таякчан көпөс.

Дагы бирдемени баркылдап келейатып, уюп калган кандан капылет тайгаланып шалак эте жыгылып,

турам деп буралып, тура албай, эки алакандап кан таянып, жашы өткөн неме, жамбашынан очорулуп, башынан аягына ак кийими кызылала боло канга оонап калды...

Беловодскиде 517, Пишпекте 118 адам баласынын өлүмтүгү түндөп арабаларга солотулуп ташылып, чет жакасындагы суу жырган аңдарга көздөн далда көмүлүп ташталды.

«Ким көрдү» деген ушубу, о, Жараткан!?

## 6

«Ыя, жылкы арыгында этегиңе баш салат, тоюнса торсоңдоп сенден үркүп калат, адам баласы жылкы пейил...» деген илгерки баам, көөнө сын кынтыксызбы!?

Бу ат түгүндөй делген көп орустун быякка түрө көчүрүрлүп келинген мужук тайпасы үчүнчү Рим делинип даңаза кылынган Империясынын «крепостное право» коомунда көргөн кор абалын бат эле эсинен чыгарып, бат эле манчыркап, буйердеги жергилик элге, ыя, неге мынчалык ниети тарып, дили каршыгып кетти!?

Чын, «теңсиңер, теңир коңшусуңар» деш чоңдорунун оюнда башынан болгон эмес, анын ордуна, «мына, ушу кезден баштап жер эгеси силерсиңер, түбөлүккө келдиңер» деген кулагына тынымсыз куюлбады беле!? Бу деген ак сөөк атанган төбөлдөрү түгүл, аскер башкарган чиндүүлөрү түгүл, кара аламан мужуктарынын көңүлүнө өзүн өйдө сезген дымак киргизген.

А быяктагы дайым эле атка артынып жүргөн чоң тебетейлер алардын энчине өткөн бейиш жерди бөөдө тебелеп, дагы жөн жүрбөй, талаадагы илбесинин, тоодогу кийигин бекер кармап жеп жүргөн эки аяктуу жут сыяк көрүнгөн. Бүгүн өзгөчө реквизиция Указынан соң жергилик эл ичинде бири «барам» десе бири «бара албайм» деген сыяк пикир болуп калышын колония бийлермадары аны бүткүл Россияны кыйрата турган кор-

кунуч сыяк крестьяндарга жайып, аларды жергилик элге түздөн-түз тукуруп бүткөн. «Бүткүл Россиянын эгеси азирети Император бу жерди силерге өзү берген!» - «Булар кайра тартып алышмакчы имиш!» «Коргоп алгыла!»

Күн сайын ушундай ураан, айдан ачык эле ар бир келгин элдин дилине тажаал от таштала берген.

**«Токмокту 10 миң кыргыз курчап камап калганы жөнүндө ырасмий кабар мен Пишпектен жолго чыгарда эле бар болучу. Эртең менен биз Токмокко келдик, 10 миң түгүл бир да караан көрүнгөн жок, курчоо деле, камалоо деле жок экен...**

**...ошол эле учурда Бакуревич «кыргыз атпай жолуккан жеринде жок кылынсын, тыйпыл өрттөлсүн айылдары» деген буйрук алган Фольбаумдан...»**

***Г. БРОЙДО,***
***1916-ж. 3-сентябрь***
*Ташкенде Сот Палатасына*
*берген күбө катынан.*

Кеби бирге, ушуну эле күтүп турган тажаал Бакуревич тиги Грибановский, Рымшевичтен кем кала койгон жок.

Бир каңырыш кабары, шеги болуп калган жергилик кантип болсо да, бирдемени мингени минип, жогу эрбеңдеп жөө жалаң, эңкейген кары, эсейе элек бала, кош бойлуу аели калбай күндүз бирлеп экилеп, түнү көбөйүп, калкаласа калкалары те алыстагы шаңкайган тоо көздөн уча самсып жөнөлгөн.

Күнү да, түнү да отряддарын ар мерчемге буктуруп жол тостуруп, курал түгүл өбөгүнө таягы жок бей чараларды кырдырып, жолдогусун жолго, кырдагысын кырга «көрсүн, деми өлсүн» кыла жайнатып таштатып кирди Бакуревич.

Чуу угулбай койобу!?

Жыйырма түтүн Карабулактын аксакалы үрпөйгөн коңшуларына:

«Кантебиз...» дептир бир күнү.

«Тоого кетели биз деле...» дейт бири.

Баш чайкаптыр аксакалы:

«Ушунча жер жайнаган көп орус оолугуп калган соң алардан тоо коргоп кала албайт бизди...»

«Не этмек керек анда?» деген чарасыз ой ар бирин тунжуратып калбайбы.

«Көчөбүз...» дегенди акырын баш ийкей оозанды

«Кайда?..»

«Орустун өз-зүнө...» дептир аксакалы.

Ичинде теги казагы, сарт атыкканы, дунганы аралаш дыйкан элин бирпаста жымыратып ой баспайбы.

«Барып беребиз, биз силерге кошулдук дейбиз, — дептир аксакал, — кошулабыз деп барган элди төшүнөн түртүп салмак беле!? Барабыз, айтабыз кыргыздан ким кутуруп чыккыдай болсо, мына бизге кой дейбиз!»

Талоодон, кыргындан соо калар жалгыз жан айла ушу гана оңтой...

...Те кыйла жерден жүктүү, аттуу, жөө жалаң топ көрүнүп калды Бакуревичтин дүрбүсүнөн.

«Ким булар?..» деди дили, «кимиси болсо ошонусу болсун» деди таршыган дымагы. Түздөн түз буйрук бар, кимди аясын, кимден тартынсын!?

Улам жакындап келе берди топ. Ак элечек зайыптары да, бешкөкүл кыздары да атчан, селпилдеп иттери ээрчип жүрөт.

«Көчү экен...» деп болжоду ал, «кутулуп кетишмекчиби...»деди, жини кычады, «ортого алгыла» деди акырын. Атчан козак жүз дарөө эки канат боло бөлүнө опондошо бирпаста эле биртке көчтүн артына ороло өтүп, ортого алып калышты.

Курал түгүл, атайы таштап келишкенби, эркегинин да, аялынан да колунда камчы көрүнбөйт, атын акырын согончок кыбыратып асте бастырып, ийрилип токтоп беришти.

Ошо замат көчтүн аттарынан кубулуп түшүп калды баары. Баары көз жайнатып, тиш кашкайтып, жарык кабак көрсөтө тегиз тизе бүгө жүгүнүп, салбырап беришти.

Орус базарында көп жүргөн аксакал:

— Мына, биз келдик, урматы улук төрөбүз, — деп, үнү каргылданып баштады, — бизге орустан артык туган жок, азирети Ак Пашадан башка амир жок...

Чын эле кадыресе чакчарылып кетти аксакал:

— Мына, кошулдук биз силерге... жер эгеси болмуш кыргыз кутурса бизге койо бериң! Биз аларды байыркыча «кыргыз, кыргыз кырылды, бир бурчекке тыгылды, өлөм-өлөм дегенде өзүн өзү көмөргө кетмен ала жүгүрдү» кылабыз!

Жаак тарамышы түйүлө угуп турду пристав, не «жок», не «макул» деген жоопко арзытпады, «кыргызы түгүл кудайынын тун баласы болсо да кереги жок бизге...» деди тажаал дили, көз ирмебей колун кылычча кескин шилтеп салды. Шол көз ирмемде шыр-р шар-р кылыч суурулуп, так төбөдө карап турган күнгө жалтылдап, кулач кериле шилтенип кетти.

Чыңырык!? Аял заттын абазы...

«Бас үнүңү!» деп күңк этти бирөө, жандап турган эри го, энтиге тып басылды чыңырык. Кимге жалынат!? Ким угат!? Тып басылды. Жалт! Шарт! Жапырт шилтенген кылыч шоокуму, аралай жулунган аттардын деми, дүбүртү гана калды ободо.

Али тили чыга элек наристе чырылдап, не энесинин өлгөнүн сезгениби, не эмчек издегениби, энесинин көкүрөгүн тырмаланып калган. Киши өлтүрсө моокy канган каратель атын күрүлдөтө темине келе эңип кетти баланы. Не кылат? Багып алабы, кул кылабы? Мейли, макул, тири эле калсын! Көкбөрүчү сыяк адырандата келе көрсөтө мактана Бакуревичтин алдынан бир имерилип өттү, ошо зар какшаткан бойдон жардын кырынан түбүндө күпүлдөп жаткан албуут Чүйгө серпип жиберди, али арман биле элек наристе ободо апкарып бакырган бойдон шарп деп түштү сууга, улам калкын үнү угулуп, улам чөгө думугуп бара үнү өчүп, краны да көрүнбөй кетти бир убакта...

«Шору бар шорун өзү издейт» деген ушубу, кокуй!?

Мына, жолуккан эле жеринде сөзүн укпай, маани

териштирбей не карыдан, не баладан, не аялден бирин тири калтырбай кызыл майкан кылдырып, өлүктөрүн сүйрөтүп, суууга ыргыттырып жиберди тажаал.

Кантсе да бирткe калыстык көөдөнүндө али тири жүргөн өз чөйрөсүнөн бирөөдөн «...моюн сунган, өзү келген байкуштарды кабыл алып эле жөн койсо деле болмок...» деген чыккан, сыягы. Бакуревич:

«...менин тамашакөйлөрүм аларды Чүйгө салып жиберишиптир жаңылып...» деп койгон калт этпей.

Ал кана, арга кана!?

Табийгаттын каарын да, үзүрүн да кийик менен кошо көргөн, Жараткандан башка үмүт кылары да, жардам сурары да жок, кармалган куштай кол караган бечара жергилик.

**«...көрүштү көрөрүн, билди баары — үйдөн чыкпасаң да өлтүрөт экен, атка минсең да өлтүрөт экен, тоого чыга качсаң да өлтүрөт экен, курал алсаң да өлтүрөт... ушу шартта корккондон маң, үрөйлөрү учкан, айласы куруган бейчараларга акыры каяшадан башка, эптеп коргонуштан башка не калат...»**

**«...генералдардын оюндагы эң маанилүү мерчем мүмкүн эле болушунча дыйкан орустарын бирин калтырбай куралдандырыш, жана да, кыргыздардын жерин түгүл малын түгөл алыш, демекчи күндөлүк жашоо тирилигин биротоло жакырлыкка чөгөрүш болжолдонгон.**

**Ушин этип, акыры жергилик орус эместер каршылыкка өтсө, куп жакшы, оболу тоо капчыгайларына сүрүп, ошо тар жерге камап, ошол жерде бирин калтырбай кырып салыш керек дегенге токтогон...»**

*( Кыргын боюнча 1917-жылдын 5-майында Ташкенде өткөрүлгөн сотто Бройдо айткан калыс күбөлүк сөзүнөн)*

# 7

...Кайдан дейсиң, жалгыз кан жол!? Верный жактан го, эки ат чегилген кердиши бийик чоң араба күн жайыла Кордойдун белине чыга токтоду.

Тигине шаңкайган ак тоо, бир жери көгүлтүр көлөкө, бир жери күн нурун экилентип, бирде саргылт, бирде кызгылт кубулуп жаңы көргөн жаш солдаттын көңүлүн арбабай койгон жок. Бирок, тоо деш кайдан, өз жериндегидей жерге чөккөн боз туман гана деп болжоп алды.

А арабакечи быякты көп көргөн немеби, эч жакты каранбай жерге түшүп, өзүнчө күймөнүп, аттарына көз салып, кылдыректерин бирден тээп көрүп жүрдү.

Жүк оор, ичинде орустун адам өлүгүн салар табыты сыяктаган узун-узун йашик* биринин үстүнө бири шыкала жыйылган. Мунусу не, бир нече берданка мылтык көрүнөө эле жатат ко!? Араба бирөө, арабачы бирөө, кайтарганы окшойт, солдаты да бирөө.

Көңүл куунак, бири шаңгырап үндөп, тигиниси ошондой эле кутман жооп кылып, биртке эс алышка отуруп да калышты. Бирине бири аманчылык тилей кекиртек кере күүлдөшүп, бир куюмдан тартып, муздак ысылык жыттап алышты. Эми аны сайын аалам алар үчүн кеңип, анын кожоюну ушулар эле сыяк бейпил сезим ороп калды экөвүн.

Түш ченде Пишпек уездинин короосуна кирди жалгыз араба.

Бул эмне!? Мынчалык курал келери айтылган эмес, тосуп алгыла да делинген эмес. Жалгыз солдат менен да жиберилеби!?

Таң калышты, бушайман болушту офицерлер. Бирок «быякта абал кыйын» деп үстү жагына баймабай кабарлап турган уездбашы Рымшевич чочунган жок, сөз болуп калган соң кам көргөн сыяктанып, ошондо да бир гана мужук дружиначыны «кошумча күч» кылып берген болду да:

— Чоң жерден ишеним кылынган бу азамат он солдаттын ордуна жарайт! — деп жалгыз солдаттын колун өзү кыса көңүлүн чамгарактатып таштады.

Барар жери Көл башы Пржевальски экен.

Жалгыз араба жалгыз бойдон, айдаганын да, кайтарганын да, «кошумча күчүн» да арагы майтарылбас кайрат болуп  шердентип күтүрөтө ыкчам жүрүп, арабакечи ырдагансып өзүнчө аңылдап, бет түгү бапайган «кошумча күч»  оозун ача бирок калың түктөн тиши көрүнбөй ага кыкылдап күлүп, а чоңу жалгыз солдат өзүнчө, кокустан дарак башынан көрүнө калган карганы тарс бир коюп, тийгизе албай аны каргадан көрүп, энесин кошо сөгүнүп, алар шаракташып келе жатышкан.

Жолукту орустар, тегеректей калыша жүк үстүндө ачык жаткан мылтыктарды көрө керектүү жакка кетип баратканын сезише баш ийкешип өтө беришсе а карп-курп боло калган атчан кыргыз бөрү көргөн тайлактай жалт койо үркүп, солдат мылтыгын сунгуча артынан даң эткен гана кулагына илине караан үзүп солдатты өкүнтүп, энесин кошо сөгүнтүп кеткени да болбой койгон жок.

Кечки ара күүгүмдө атайы Токмоктун чоң базардын короосуна кирип, эркинче ар ким менен бакылдашып, о андан зарылы баш жазышып, камырабай кеч жатып уктап турушту эртеси күн жайылганга дейре.

Ырас, аракканачы орус келгенде эле жүктү байкаган,  кымыйып акырын баш ийкеп, «...куп керек бу...» деп койгон, а бүгүн көзү чалып калган базарчы кыргыз «... кокуй... көрдүм деген тутулат, көрбөдүм деген кутулат... мен көргөн жокмун...» деп терс айланып жоголду. Эч ким тийбесине көңүл тынып дагы жолго чыкты жалгыз араба.

Жөө табыт көтөргөн бир оор топ кыргыз арттан жандап калды бир убакта. Солдат аяр, солдат камдуу, соомойү машаада, мындайды ал кайсак даласынан бир көргөн. Ошонун өзү, улам төрттөн жүгүрө келише та-

быттын алды артын алып, тез алпарып көмгөнгө шашкансып лепилдеп желип өттү. Ээрчиген агчан көп, жолго катар түшкөн, жолдон тышкары эки жагында топ-топ болуша табыттын аяңына жараша ат бастырып алышкан.

Бир эңиле карап ала:

«...йе, мылтык кучактап отуру го...» деди бири акырын.

«...кой, байкатпа... мылтыксыз жүрчү беле бу туугандарың, кокуй...

деп тыйды аны бири, — тийбегенге тийишпе деген, тиктебе, тынч бастыр...»

— Өтүп кетишсин... — деди солдат акырын, тизгин тартты арабакечи, токтоп калды араба, — бир өлүктү ушунча көп киши келип көмөбү?..

Пишпектен кошулган мужук:

— Ушундай, — деди билген киши боло, — бири эле өлсө бүткүл бир уруу чогулуп топурак салат...

Тарс!

«Йе...» дей электе алды жактан жапырт атылган шоокум как жарды овону. Дагы! Дагы! Кошула, уланыша жаңыра кара жер түйшөлгөнсүп кетти. Ким булар!?

«Жергилик чала жапайы...» деген келди капилеттен жаш солдатка аскерге келгенден мээсине сиңген ой. Дагы жабыла атылган мылтык буркан шаркан кылды овону.

Чуу көтөрүлдү алды жактан. Баш чыгара карады солдат, жо, «полудикие» кан жолго жайнап калганын көрдү, ишене албады. Ок аткан кимдер!?

Эмелеги көтөрүлүп бараткан табыт оонап... көмүлөр сөөгү көмкөрүлүп, ага жанаша кыйла адам өлүгү чачылып калган...

Бир жөө карaан, табытта жаткандын атасыбы, же жан күйөрүбү, эңилип тырмышып табытты кайра оодара да, ондой да албай тизелеп жыгылып туруп:

— О, кокуй... бу кордуктан көрө ушул жерде өлгөн

абзел... кокуй... — деп, көк тиктеп эчкире, муңкана боздоп калды.

Түшүнгөн жок муну көзү ирмелбеген солдат. «...согушуп калышкан го...» деп болжогон, азыр «...өзүлөрү кол салса... ушу да...» дей көңүлүнө эрдем таба да келгенсиди.

Улам чогу атылган ок арасында качар жагы жок жөөлөр беткелди алдастап, атчандар уюлгуй улам бири, улам бир тобу аңгелдектеп кыйраганын... а тиги ок чала тийе жыгылган ат бири төрт аягы сырактап тыбырап, бири тура албай очорулуп кайра кулап жаткан окуяны көздөн өткөрдү... Жанагы боздогон эми»...йа-а, Ал-ла-а...» деп өксөгөнүн кулагы чалды...

Ошо замат чуу, ач айкырык, «айт-тайт» сүрөөн чыга үч жактан бирдей удургуп, тиги дагы эле ок атылып жаткан жол алды жакка кар көчкүдөй дүңгүрөп, ызадан жаш келген көз чакчайып, эсин билбей бакыргандан ооз аңгырап, баары бир дей «...йа, Ал-ла-а... «йа, Ал-ла-а..» менен көрүнөө өлүмгө жабыла аткоюп жиберишти «дикийлер». Улам алдыңкы катар атчандар жар урагандай биринен сала бири оңколоп, арткысы андан так түйүлө каргып, толкун сыяк кайра түрмөктөлө каптады жол алдын...

«Тарс-карс» эткен шоокум, ызырынган, сөгүнгөн үн, туңгуюк дүбүрт дым болду бир убакта.

Оозго кеп кирбей маң боло калышты арабада. Кимиси келет эми!? Чү дей берели десе табыт, кыйраган өлүк али жатат. Өзүлөрү жол ачканга батына алышкан жок, жан керек экен, бозоруп эле отуруп калышты көпкө.

Тигине, дымагы бөгүп калган солдат таамай көрдү эми. «Полудикийлер» көмкөрүлгөн табытын кайра ийинге алды, ана, бир тобу жолдо жаткан өлүктөрүн экөөлөшө көтөрүшүп, жол жээгине чыгара да башташты го!? Мына, бери басты бири, мына, келди арабага, тиктеген деле жок, кайдан кайда деп такымак турмак үн чыгарган жок, «кете бер» дегенчелик гана кол учун шилтеп коюп, кайра кетип калды го!?

Кычырап, акырын жол алды жалгыз араба.

Мына тар капчыгай, ана ак көбүктөнө мөңкүгөн дайра, беркилер көргөнбү бир убакта, тынч, а кайсак талаасынан жаңы келе жаткан жаш солдат эки жагынан атайын көк таштан курулган дубал сыңары типтике зоого көз айланта каранып, ушундай да жер болоруна аңкайып таңыркап, ошону менен эле бирге бул ааламдын бир үңкүрүнө кирип бараткансып, кайра чыгышы күмөнсүгөн сезим келип, тиги түздөгүдөй аңылдаш кайда, андыган бирөө угуп койордой кеп азайып үн пастап, же ар туурадан түшкөн сайынан кутурган жабайылар азоо аттарын алкынтып куюлуп чыгардай, жол торордой коркунуч ороду.

Кантсе да солдат, мужукка бир мылтык карматты, бир мылтыкты октоп арабакечтин жанына коюп берди солдат.

Те бир убакта тар капчыгай улам тарып, асман бирткe эле ийри тилке болуп көгөрүп калды. Капилет эле жол таманынан куюн козголо аларга бир ороло түшө кайра тына калды. Ошо замат кырдан таш мөңкүп келип, жолдун капортосуна оонап калды. Бул эмнеси!?

Үчөвүнүн тең көңүлүнө «...кыргыз кулатып жол бөгөдү...» дегенден башка күмөн кирген жок. Жүрөк лик-лик согуп, ат дүбүртүндөй боло көздү алайтты аны сайын. Уруш көргөн немелер дароо шыпырыла түшүшө арабанын түбүнө кире үчөвү үч жакка мылтыкты бетке алып, былк этпей өңүп калышты, өзүлөрүнүн кескинделген деми, коркконго кош көрүнөт, удургуган шамал боло сезилди өзүлөрүнө.

Ошо көз ирмемде майда таш шыгырап, арабакеч тигиле кала эми жандан кечкенсип суурулуп чыкты да, былк эте албай аңкайып, үн да бере алган жок, «бери» дегендей кол учунан ишара кылганга гана араң жарагансып калды. Баш чыгарды солдат, «...дикийлер кырда турат ко...» дей оюнда көз алдына келтирип алган, ал тиги тиктеген жакка абайлап карап... саал эле жогору кызыл кыш коргон сыяк бой керген кыр үстүн-

дө, кийик экенин билеби, анын болжошунча бир оор топ эчки буларды тиктегенсип турган экен.

— Ну-у, — деп алды солдат, — жабайы болуп кеткенби бу эчкилер?

— Чын эле жабайы булар, жергилик муну кийик дейт! — деп таш кулаткан кыргыз эмес, кийик болуп чыкканына кубана баркылдап жиберди мужугу.

Ана, эки мүйүзү жаадай ийиле куйругуна тийген килейген сары текеси акырын баштап, туягы астынан дагы шылдырап майда таш биткелеп куюлуп, эчкилери ага мойнунан байлангандай акырын ээрчий өйдөлөп чыга баштаШты. Мына, топуксуз адам баласы, жана эле кирерге ийин таппай калган солдаты эми эрдемсий мылтык сунуп калды.

— Кой, — деп, күлө тыйды аны мужугу, — уктап калган мергенчисин ойготуп аласың...

Эми улам өйдөлөгөн сайын капчыгай кеңип, улам асман шаңкайып, тиги көктү төбөсүнө көтөргөн ак кырка тоо, түшүнө кирбеген ажайып дүйнө алаңдатып жиберди солдатты. Жүрө түшө желге көлбүгөн көк шайыдай үлбүрөгөн көрк, көл көзгө тартылып, кудайдын бейишине тирүүндө кокустан келип калгансып, ага ишене да албай ишенбей да койо албай дал болуп калды үчөвү тең...

Теңир нуру чеке жылытып, тула бойду жазылтып, жамы жаны барга алакчылабай, бөлөктөбөй кадимден жадырап турат. А жумуру баш аягы айры адамзаадасы күн сайын ниети тарып, биринен бири эти үркүп түнү уйку, күнү тынчы болбой барат ко!?

Баш жарар ой тыным бербей түнү бою короо кайтаргансып ар бурчта бир карайып, теңселип басып жүрдү Дүр.

Түн ката бир жакка кетмекпи, атынан токум алган жок, «...не кылам... кайда барам...» деген жүрөк мыжыккан кейиш арасында те тигинде окуранып турган атына барып, тизгинин каңтарган ээр кашын кармап жер тиктеп токтоп, жөн элеби, бели бекемби дейби,

тартып, ат теңселе түшсө эсине келе кайра койо бере имериле басты.

А те тиги төмөнкү кан жол боюндагы станицалардын оттору бүгүн да өчпөй ар бири өз үстүнө таң атканча жарык чачып турган. Түндө да машыгышабы, кээде мылтык тарсылдап атылып, сүрөгөндөй, коштогондой чуу үзүл кесил жаңырыктай берет. Ачуу суусуну бейбаштарын аны сайын кутуртабы, түндө мелдешип давла коюшабы, иши кылып, төнө бою тарсылдак басылбайт. Бүгүн да ошо.

«...Ыя... — деген кыйнады Дүрдү, — ар бир тарс эткен сайын бирден байкуш жыгылып жатабы...ыя...» Бу «өз» аталат бул элге, өзгө дил билери, өзгөгө тил билери... керек болсо арачага түшөрү го!?

Тигине жарыгы, буларга өтө эле жакын Дмитровканын мужуктары «дружина» болуп, мылтык алып шарактап, желиккендери өйдө-төмөн опондошо чабышып, »кырабыз эми» деше жаңжал көксөп, кан көксөп калышканы угулган. Кимден чыкты бу!?

Жортуп жүргөн бир жолбун билгенсип көргөнсүп айтып келдиби!? Жолбундан эмес, анын чала кайым каңырышы эмес, бул өлкөдө төбөсү көккө жеткен деген, оозунун жели жер өрттөйт деген төрөлөрдүн өзүнөн Фольбаумдун буйругу делинип, төмөнкү эл арасындагы майда билермандарынын кулагына салынган, этият болушка эмес «туземец» элди кылдай кыңыры кыбыры байкалса эле, байкалбаса жок жерден чыр чыгарып, ошону да шылтоо кылып, бирөө болсо да тобу болсо да көрүнгөн жеринде кырыш, жок кылыш тапшырма болгон.

Күнүмдүк абал кантип турса да орус ичинен өз алдынча кадыр сиңишкен алакасы болбой койбогон Дүрмындан кабарсыз калган эмес.

Кана, не арга бар? Бу шартта арга бирөө, «алдыңа түшсө элчилик үчүн атаңдын кунун кеч» дейт кыргызы, ушуга таяна, ушудан үмүт кыла, жок дегенде, жылым мамилелештерин жумшарта алса, алар кыргызча «атасынын кунун кечеби?.. Буга да абалы тең,

муназага аргасыз баш ийген көнөт, а бир ыңгырана оонаганы дүйнөнү түйшөлткөн Империянын кускудай тоюнган, жиндегидей эсирген мындагы төрөлөрү ийигер бекен?

Гөй тууган ичинде «...э-э... ал орус болуп алган...» деген Дүрүнүн жүрөгүн калтылдаткан санаа ушу.

Куу мергендин шабыртын кулагы чала чалып, жытын издеп элтеңдеген элик болуп калган элине эртеси «өлүм менен өмүрдүн жиги ортого салынат» деп үрөй учура үйрө чабарман чаптырып, тез жыйды ошол эле күнү. Айтты абалды. Сары Өзөн этеги Аксууда өткөн окуяны саласал кылды. «А биз кантебиз?» деген бушайман коюлду ортого.

— Йе, кыргыдай биз не жамандык кылыппыз оруска!? — дешти карылар.

— Мына, сурашар сөз ушу, — деди Дүр, — бөөдө шексинишип жүрүп, бир күнү тигиндей оңолгус окуяга кабылышып калбайлы, барып эле сүйлөшөлү да муну...

Кеп-кеңештин ошол табында:

«...жалган... жалган...» деген күбүр үндү кулагы чала көз кыйыгын салды Дүр асте, те четте темтейген бирөө ийнин кыса үңкүйүп, «мен көргөм... мен бар болчум аерде... тентек эл өзү кылган... ошо...» дегени угулду, башын эпилдете ийкегени көрүнө калды.

Тааныган жок Дүр, «кайсы бузуку...» деген келди дилине:

— Ким бу?

Лакыйган бирөө жооп ордуна унчукпай тура барып, ууру таргыл мышыкча желкеден ала сүйрөп, топтон чыгарып жиберип келди:

— Ким болмок эле!? Те Жаркенден, Текестен жорткон жолбундан...

Баралыга токтоду сөз аягы.

Эки кулак тик турган ушу кооптуу учурда топко ким жөө жалаң келет!? Чогу эл ошо чогуусу бойдон дүрбөп жөнөп калышты.

— Жай... — деди Дүр, — жай бастыр, бөөдө теминбе, ат ойкуштатпа...

— И... — дешти эки жактан тиктеше, — тез барбайлыбы?..

— Төрт көздөп тиктеп турат тыякта, каптап келейаткан болуп көрүнүп калабыз...

Кай бирөө сезип, кай бирөө сөз тегин аңдабаса да түкшүмөл ойго басына калышты.

Дүр:

— Эл эмес, ок тосот капылдан... — деп койду сабыры суз. Не гөй болуп кетерин ким билет!?

Эми эч кимиси кың этпей, ат бышкырыгы гана коштоп, ат туягы гана тырпылдап, эрин кымтыла көз элтеңдеп келе беришти. Бет алдыда кыбырлаган жан жок сыяк. Бирок чын эле төрт көздөп дүрбүлөп, Дмитровка дружинасы кыштагынан саал эле бери чыга үч тараптан мүрчемге өңүп, кара жерге сойлоп мылтык сунуп, дем тартпай күтүп калган.

Кайдан укту булар!?

Тоо жактан жорткон жел аргы апкелдиби!? О, жок! Бая топтон куулганда эле сайлап жортуп жеткен жанагы жолбун. Бир түсү апкаарып, энтигип бир карарып, а бир түсү күткөн күнү келгендей кабагы жазыла, кимдир бирөөдөн өткөн өчүн кеткен кегин алардай эрдемсип бир саргарып, «...кыргыз эми силерди кырганы келе жатышат...» деп салган.

Не деген неме!?

Не болмок эле, те баягы эле атасы «...кыргызга жети жолу жамандык кыла албасаң балам дебейм...» деген, жакага түшсө сарт, чөлдө казак, тоо таянса мына кыргыз боло кубулуп жүргөн тукум, ар жерде муну «байкуш» «жалгыз» күнүн көрсүн» дешет, ит баккандай багып алышат, а мунун те өзү унутуп калган түп атасы айткан милдети биринен бирине өтө эч качан эсинен чыгар эмес.

...дүбүр, дүбүр... ...күү, күү... ат басыгы улам даана,
улам бери... тигине, ар түркүн ат... ар түркүн адам...
дүбүр, дүбүр...

Дружина башы Семен Потапов, эсептедиби, курал жагын байкадыбы, кош көз дүрбүдөн көз алган жок:

— Көп го булар?.. — деп эрини акырын кыбырды.

— Жетишебиз... — деп эрдемсип койду жанындагы эптеп жабайы атчандар үч мерчемдин ортосуна кирип берерин жүрөгү ликилдеп чыдамсыз күткөн жардамчы

...улам «жоо» жакындаган сайын биринин эси эңгиреп, биринин бүйрү кызып, мылтыктарын улам ондонуп, тигилерден бирден кароолго илинтип, дагы жакындасын деген ойго шайланып... «аткыла» деген эле буйрук көксөп калды бүт дружина.

Үч тегеретип карап, Потапов ордунан турду да:

— Мен ат демейинче ок чыгарбагыла! — деп, атайы үн көтөрө буйрук кылып койду. Неден чоочунмак!? Камчыдан башка бирдеме көрүнө койгон жок, аттырса кайсы мерчемге келсе да жер жайнатып салары бышык. Эң алдында экен, Дүрдү жазбай тааныды.

Ээн жерде жалгыз турган оруска таң, тизгин жыя калган Дүрүнүн эки жагына акырын жайыла канат боло келе токтолду атчандар.

Не ичи ийигени, не кекери, мыйыгы жымыйып, эшик төрдөй басып ортого чыкты Потапов. Леп атынан түштү да беттеп басты Дүр да, бет келише орусча салам айтты, манчыркабай алик алды Потапов:

— Кел, Дүр мырза, кел, — деди дил саап, — кошун курап алыпсың го, кел...

— Ушу кошунбу, Семен, — деп кыжылып кайра суроо кылды Дүр, — кошун ушундай болобу, аралап көр, бирден чубатып көр, Семен, атына сес кыла жүргөн күндөгү камчысынан башка неси бар!?.

— Да, — деп койду Потапов, буга макул болгондой акырын башы ийкелди, — бирок, орус атпайды кырабыз депсиңер го?

— Менден сураба, Семен, — деп алды Дүр, артына кол жаңсады, — мына бу сакалы белине түшкөн... ушул жашында «калп айткан пенде алдында уят, кудай алдында күнөө деп калган» карылардан сура бир сурасаң, Семен...бир сурасаң ээгине түгү чыга элек, кыйдылык али ниетине кире элек боз уландан сура, Семен...

Эки ошондой абышкасы, эки ошондой өспүрүмү аттарынан дароо түшө баш салаңдата таазим кылып, андан соң улуулата сабыла кыргызча салам беришип калышты.

Сеси го, оройюп сыдыра тиктеди Потапов, сурасамбы, сурап отурамбы дедиби, моюн бурап, кабагы үйрүлө быякка үч кадам, тыякка үч кадам басып, кайра тиктеп токтолду. Он чакты эле тал сакал дегени, ак жүн шоонодой салаңдап ового ыргалып, өзү байкуш ичтен кылчылдапбы, кирпиги түшүп калган көзү кызарган эле эки жыртык, жашы менен шоросу аралаш, эрбейип муңканып турбайбы. Тарс этер тапанчасы ийнинен ылдый булактап жүргөн төрөнүн көзү ошо байкушту имерди:

— Ну, — деди сүрдүү төрө, ушу өлөсө не айтмак деген сыяк күлө, — эмне үчүн мынчалык кошун баштап келип турасыз?

«А-а!?» деп жекирик кылды артын.

Которгуч болду Дүр.

— О, кокуй, булар топураган эле бечаралар... — деди кары тамагы кирилдеп, кайраттана белин түзөйүн деп эптеп өчөйүп, түзөй албай ансайын ак шоона сакалы аны сайын тизесине жетип, көзү кызарып чекесинен көрүнө, — бул эл курал түгүл белибизде эт кесерибиз жок экенин көрсүн деп... о, кокуй... оро көз чара болуп эле сүйлөшөлү... бизден өткөн бирдеме болуп кеткен болсо аныкталсын... жо аныкталбаса көңүл агартып кайталы деп... төрөм... камчысын мойнуна салып эле келген каралай көз эл...

Потапов:

— А камчылары али мойнунда эмес ко!?

— О, мейли... мен баштап салайын... — деп жиберди кары башы эки жагына калчанып, — айт эми айтар сөздүн эгеси болсоң, ак дил болсоң... күнөө болсо салат мойнуна камчысын... ырайым болбосо аттырсаң салбай өлүп кала берет... Кудай бирөө силерге да бизге да, бир кудай өзү калыс болсун...

Потапов:

— Силер дүрбөлөңдөп, орус атпайды кырмак болуп жатыпсыңар го?

— Ким айтты?

— Бизге айтып келе турган көп.

— Кокуй, ким айтса да ыймансыз айтыптыр, кокуй, — деп жиберди абышка, очорула бара отуруп калды, Дүр колтуктан ала көтөрүп, өспүрүмдүн бири келе кайра өчөйтүп, ошо бойдон токтотуп кармап туруп калышты аны.

— Мейли... мейли... — деп алсыз энтигип кетти бышка, — үймө-үй аңтарт... бир үйдөн силердикиндей бат атар мылтык чыкса, мейли ошол элди кырдырып сал...

— Тоо ичиндеги үңкүрлөрдү кайдан таап аңтартам!?

— Тыңчым бар дедиң го, ошол куутумшук эле таап берет, кыргыз билбеген кыпчыл жок, кокуй...

— Жо... өзүңөр... — деп көшөрдү ошо эки кишинин колунда салбырап турган абалында абышка, — өзүңөрдөн эле чыгыватат, ушу ат түгүндөй көп оруска кайсы жандан кечкен катылат, айланайын!?

Төрөнүн ойлоно түшкөнүн сезип, мууну аны сайын бошошуп, энтиге мурдун тартына балача буулдап, андан нары шолоктоп, эңиле тебетейи жерге түшө кардай башы салбырап, эки ийни диртилдеп калды абышканын.

Не шартта болсо да адамзаада да:

— Кой, карыя, — деп акырын ийинге какты Семен Потапов, — болду, болду...

Дүр өз сүртүнө, а жакын турган кишилер карысын жан таслим кылып ийдиби депби, «... ой... ой...» дей капилет өкүрүктөй чур этти.

Деги эле тири жан көрүнбөйт, арт жагына кайрыла:

— Эй! Бери! — деп үн салды Потапов.

Ошо замат бир караан те нарытын баш көтөрө, Инчин сыяк жардамчысы окшойт, «ат» деген буйрукту сөз менен эмес ушуну менен айтар тапанча куралы колунда жалаң бойдон буйдалбай чуркап келди, бирткe демиге көзүнөн чырт күйгөн от жанып, буйрук күтө бет алдына токтоло калды.

Потапов:

— Тез! Тосотчулар кайтсын!

— Куп... — деди жардамчысы тапанчасын кабына сала.

Потапов:

— Бу өңүттөгүлөрдү тургуз, жый, тез кайткыла!

— Куп... — деди жардамчы, жолуна баратып бирдеме деп кыйкырды үч жакка үч мерте, ошол эле замат кылкандай мылтыкчан кишилер үч жактан дуу-дуу тура калыша, этек кагыныша быякты тиктеп кобураша калышты.

Сөзүн ким угуп, ким ажыратсын!? Балким атышы болбогонуна шүгүр дештиби кай бири, балким киши өлтүрө албай калганына ачык өкүнчү болгондур кай биринин. Бири мылтыгын көтөрө көрсөтүп, бири колун булгалап дуу-күү үн салыша, улам артын караныша кете баштады.

Быякта тири дубал боло тизилген кыргыз биринен да үн түгүл дем чыкпай нес болуша титеп туруп калышкан.

«О-о... — деп, жеңилдене муңканып алды Дүр, — тири жан калтырышмак эмес экен го...»

— Эми төрт тарабың кыбыла, кайта бергиле силер да... — деди Дүр элине.

«О-о, теңирге шүгүр миң мертебе...» деше, эми үнү чыга кобураша, эми өчкөн демине айра кире, эми темине жөнөштү Дүрү менен иши болбой.

Өзүнчө айтар сөзү бар окшойт, Потапов менен жалгыз калды Дүр.

— Ыраазымын, Семен Потапыч... — деди Дүр.

Потапов:

— Тыңчыныкы го бир кеп, эң коркунучу «...жалгыз көрүнсө да, тобу менен жүрсө да сөзгө келишпей аткыла» деген жогортон тапшырма берип коюшкан...

— Э-э — деп алды Дүр оозу ачыла.

Потапов:

— Бая күнү биз жактан бир кишилер талаада иштеп жүрүшкөн экен, кайдандыр көп атчан келип ка-

лыптыр. Коркуп кетишкенби, же ошо «аткыла» деген кутурткanбы, ок чыгарып жиберишиптир...

Дүр:

— Угулган... кыргыздар өлүк көмгөнү табыт көтөрүп баратышкан дейт, капилеттен эле бейит жактан ок атылып, жай эл боо түшкөн, анан кантет, атчандар жабыла ат коюп кирген экен... кыргыздан бирөө кырк дейт, бирөө элүү дейт, орустан аттан качканынан калган үч киши набыт болгон...

Потапов:

— Бири «инженер» делинип жүргөн Назаров, бири Долгопалов, бири Фитингоф, аял киши экен...

Дүр:

— Бул үчөвү эски мүрзөлөрдү ачтырып, сөөктөрүн тышка чыгарып таштап ташкан имиш. Быята мүрзө ачылса ачканга күнөө, ачылгандын артында калган тукумуна кордук, өлгүчө өч алар намыс болуп калат...

Потапов:

— Жок, кордук кылалы деген ой деги эле жок аларда, «кошо көмүшөт» дегенди кулагы чалган назери ачтар алтын издешкен го, сыягы... Не болсо да бу үчөвүнүн өлүмү кыргыз тарабынан орус өлтүрүлгөн биринчи окуя болуп калды...

Дүр:

— Жарадар болгон экен, Фитингоф кан жолдун боюна чыгып өлө албай жатып калыптыр, аны көрүп эле жанынан өтүп, бирок неченин бат атар мылтык менен кыйраткан немеге эч ким тийбептир, ал жатып калган эле жеринде жаракатынан өлүптүр...

Потапов:

— Дагы бир балээ, Верныйден жиберилген бир араба 34 миң огу бар 175 мылтыкты Ысыккөлдүн кире бериш жеринде кыргыздар талап кетиптир.

Дүр:

— Конвою жок бекен?

Потапов:

— Кеп мына ошондо.

Дүр:

— О, кокуй, ушунча куралды ээн жолго айдап жиберишеби!? Бу деген эптеп бир жаңжалга шылтоо табыш эле үчүн го...

Потапов:

— Ушу, «биздин кыйындарыбыздын» кылары ушу... Эми булар «үч орус өлтүрүлгөн», «мылтык талан-ган» деген эки окуяны төбөлөрүнө көтөрө күчөтөт...

Дүрдүн көзүн айласыздыктын муңу тунартып жиберди:

— Кантебиз эми, Семен Потапыч?..

Потапов:

— Көрүп турарбыз...каттоо үзбө...

Үн-сөзү жок баш ийкешип бөлүнүштү бир убакта гимназияда бирге окуган немелер...

## 8

Күчкө не дегидейсиң!?

Жалынсаң укпаса, кулагы кесик кул болоюн макул болбосо... «ыя, жатып өлгөнчө атып өл, этегине тырмышып, жакасына жармашып өл...» деген жан кеч-кен ойго кабылат тура аргасыз.

Кокустан экөө кез боло, арман ырбап күбүрөшүп, андан топ боло жаңкылдашып эч ким үгүттөбөй, эч ким күргүчтөбөй ар тараптан мечитке үйрүлө баштады эл.

«Кана, кантебиз?..» деген суроо чыкты өзүнөн өзү. «Кана, жакалашсак кол башы, качар болсок жол башы болор бир көсөм көтөрүп ала туралы...» деп,сөз түгөтөр мааниге жетти.

«Кана, аар жүзүнө карамай жок, ким бар арабызда?..»

«Жок десек арга да жок, ар бирибиз ээсинен адаш-кан көпөктөй баш көтөрбөй жолбуп калганыбыз ошо...»

«Ыя, жалгыздап жолбуп кайсы төргө кайсы гөргө бара аласың!?.»

«А!.. Ошону айт, аттиң ай!?»

Ычкынды, күүлдөштү бир сыйра. «Мен» деп чыга

албайт эч кимиси, а ниети жанындагы тууганына кыя койбойт, тар санаанын тар кепташына бирпаста камала калды баары.

«...Шабдан тири болгондо...» деген күңкүл чыкты бир убакта. «Эй, аны ушу өзүбүз өлтүрүп алганбыз!» деп чаңырып ирди бирөө. Мечит ичи шаңгыр-дүңгүр этип, ооз баскандай дым боло калды кайра.

Анан эмесечи!? Мөкүшүн «эр өлтүрдү» деген шек, Самидини иштен алынышы, булар түгүл Шабдандын өзүн каралаган «арыз» эске кылт деди.

Ушул «иштерге» тымызын аралашып калган күнү бар «туугандар» жулкунуп чыгып кете алмакпы азыр, нес болушту ичтен. Чыгып кетиш али элдин көбүнө билине элек жамандыкты моюнга алыш менен тете да!? Өзүлөрү «тууган болуп калган» элдин ичинен кайра чыкканы ошо да!?.

Бу ыйык, Теңирдин үйү делинген жайда көңүлгө терс ой алыш, оздон гермек сөз чыгарыш ылазым эмес. Көпкө тымтырс боло калды булардын эки жагына тең арнап Шабдан өзү салдырып кеткен кең Мечиттин ичи.

«О, эл... — деди сакалы шыбактай карысы, каңырыгы түтөгөндөй үнү каргыл, — кете элексиңерби элчилигиңерден... мен айтсам, «атан өлсө тайлак бар кому жерде калбастыр» дейбиз го...»

Маани аягына жеткирбей:

«Болду, чакырабыз кайран атаныбыздын Мөкүшүн!» деп, оздон жулуп ала чапты бир ак жүрөгү.

«А макул...»

«А жакшы...»

«Ким бар андан өтөр!?»

Көзүнө жаш келгенсип жер тиктеп, акырын баш ийкенип отурду сакалы шыбак боло карыган Төлө ажы. «Эл» дегени бапырашып коштоду аны.

Буйрук кылды ак жүрөк:

«Кана, чап бириң, апкеле кал үйүңөн! Ак кийиз!

«Мен...» деп жиберди оозу кулагынын түбүнө дейре жайыла көзү жылтылдап, те баягы болуштук бөлүш-

мөкчү болгон «суранычка» бармагын баскандардын бири.

«О тез!» дешти эл ошол замат биримдик сезгенсип, ортону сасыткан эски кулгунадан дароо кутулган сыяк, көңүл бир жаңсыл боло калган сыяк.

«Жыйынга» делинип чакырылды Мөкүш.

Баягы «эр өлтүрдү» деген айып аныкталган эмес, акталган да эмес, эки жакка кадырлуу атасынын сөөгүн коюуга катышып калганга тиги эле генерал-губернатор жактан улуксат кылынып, ошо бойдон качпаска тилкат берип эркин жүргөнгө, актоочу жалдап «козголгон кылмыш ишин» тактоого мүмкүнчүлүк берилген. Ошо кездеги Россиянын акчасы боюнча төрт миңге Москвадан мыкты деген мыйзамчы келген. Бу элет эли үчүн өтө оор зарп, мунун тең жарымын баягы «Шабдандын орус баласы» аталып кеткен Микаил чыгарган. Ушу кезге дейре «сурагы бүтө элек» деген абалда эле Мөкүш...

...Төшөгүнө кыңкаярын кыңкайып, бирок көзүн илинте албай койду баягы элпексиген. «Ыя, каяктан келген шайтан шаштырып, ыя...» деп, ак кийиз апкеле калганы ичтен жеди. үшкүрдү, онтоду... акырын козголуп, жанында нары карап тынч уктап жаткан зайыбынын демин жүрөгү дүкүлдөп тыңшады... өйдө болду акыры...

Жашы узап, чачына ак кирип калган, тор баштык болгон бетинде бир кылы жогуна жараша «көсө», кыялына жараша «куу көсө» атыгып кеткен бир жумурубаш.

Мингичи деле бар, жо ага караган жок, үйдөгү өз ургачысын да билбей калсын деди, акырын илбирсче жыла улам бир аяк коюп, өз үйүнөн оолактап чыкты. «Ит үрбөсүн, көз чалбасын, шабырт албасын...» деди дили.

Орус айылы жакта көзү, жүгүрөйүн, тез жетейин деди, жүгүрө албады, дүбүрт болот да, бирөө не алдын акмалап, не артынан көлөкөдөй ээрчип турардай көңүлү

тына койбоду. Мына!? Бет алды жактан кобур, аттын бышкырыгы угулду, жол алдына жалт бере өскүлөң чөп арасына жыланча сойлоп... көөдөн ургулаганы ат дүбүртүнө аралаша кулагы дүңгүрөп эле калды... «...көрөт эми... кайда беймаалда деп сурайт эми...» деп алдас урду оюю.

О, жылкынын сактыгы ай, жуп жандап келе кошкурунуп, туйлап жиберсе болобу!? Өлдү өлөр дене...

«Йе, немене...» деп тизгин кагынды ээси. «Немене болмокчу эле!? Иттин өлүмтүгү жаткансыйт ко, жаны болсо тура качат эле...» деп койду жол жолдошу, өтүп кетишти.

Жан кирди кайра, өзүнөбү, түн каттырган жашырын ишинеби, мыңкылдап кейип тура басты.

Таң да агарып кеткен... үч саан уюн откозуп чыккан бапайган сары сакал карпкурп келе түштү. Дудук болуп калды Куу Көсө. Бир элтейип, бирок бапайган сарыбашылдан көп чочуна бербей, «...кайтарганы үч сассык мурун болсо, ыя, ушунун колунан немене жамандык келип кыйратат...» деген ой ийгерип, «бери кел, дос» дегенсиген жылым жүз жасанып, кол имерип койду акырын.

Тиги келе койгон жок, оозун сакалы жаап, ошону менен не ойлогону болжонбой тымпыя имерип тиктеп, куралы түгүл белинде эт кесери жоктугун көрүп, алышса ага алы деле жеткидей экенин байкап тургансыды мужук.

«Ыя, ушунун кулагына салып кетсем деле төрөсүнө жеткирет да...» деп ырсайып жакын барды Куу Көсө, орустардан төрөлөрүнө баш урунганын көзү бир чалган, чоң кара тебетейин леп ала кол куушуруп, кырылган башын бозорто үч жолу дөңкөйө бел бүгө «орусча ызат» көрсөтүп салды:

«Төрөм... — деди, дароо эки жагын каранып алды, айтарын кантип түшүндүрөрүн билбей шыпшынып алды.

Али ийиге койбоду төрөсү:

«Ты вор... — деди сөөмөйүн тапанча кыла суна.

Уккан сөз, баамдай калды Куу Көсө:

«Жо, — деди, те баягы тынч кезде буларга көп эле кыйшаңдап, «тамыр» дешип, атүгүл коровуна кирип, берген орус бозосунан ичип да көргөн неме уурт жая көзүн күлүңдөтүп:

...мен... — деп төшүн сөөмөйлөп чокуп койду, — мен, төрөм, «бор» эмес, мен эч «бор» эмес...

Төрөсү туздай көзү чүңүрөйө тиктеп токтоло калды. «А кимсиң?» дегенди байымдады Куу Көсөө:

«Кеп бар...» деди, тилинин учун чыгарып, сөөмөйү менен көрсөтүп «айтам» дегенди жаңдап алдастады. Ишенбей койсо кантет эми!? Чын эле «бор» деп алдына салып кетет эми!? Кызылала болду иреңи.

«Ну...» деди мужук, «айт» дегенин болжоду Куу Көсө.

Бөгө эңкейип, ушу ээн жерде бирөө угуп кала тургансып, акырын кышылдады байкуш:

«...биз Шабдандын Мөкүшүн ушу бүгүн... — деди, эки алаканын көккө каратып, дагы өйдөлөтө итерген түр кылды, — «кан» көтөрдүк... күбө өтөм, ак кийизин мына өзүм үйүмөн алпарып бердим... мына...

«Мюкуш?..» «Хан...» деп алды мужук. Мөкүштүн ысмын далай уккан, бу Түркстанда «кан» деген «император» дегенге жакын эле бийлик наамы деп жүргөн. Таң калгандай болду:

«Ошо, Шабданов «хан» болуп алдыбы!? — деп алды орусча.

«О-о, — деп жиберди толук аңдай албаса да «хан» деген кулагына кирген соң «бу чүрчүткө жетти» деп билди Куу Көсө, — о-о, хан, хан... Ушу...

«Мөкүш», «хан» дегенинен эле мунун кабарынын теги айкын болду мужукка, а «ак кийизин» туюна алган жок.

«Иди...» — деди мужук.

Бу «иди» орусчаны Куу Көсө далай уккан, далай ээрге өбөктөп качып да кутулган, дагы таз жору чокусун көрсөтө бир эңилип ала дароо шар бурула «...билишер Мөкүштөн оруска эми пайда жоктугун... макоо эле болушпаса, ыя...» деп күбүрөнүп кетти ликилдеген бойдон.

Те төш таяна узап алып, эми суусаган кара карга сыяк тил сала акактап, олуруп калды. Жоо чаап келгенсий эрдемсип, «...ыя, ушулар эле «манап», ушулар эле «кан» болуп жүрө беришеби!? Мына эми... кечеги камагына кайта айдап кетсин орус!» деп күшүлдөп энтикти, ызырына сөгүндү өзүнчө.

Бир убакта кыя өтүп бараткан атчан:

«Өй, сен кимсиң, — деди моюн созо, — не отурасың быякта?

«Мал көздөп чыктым эле, — деп койду Куу Көсө, — изи тиги чүрчүттөр жакка кеткенсийт...

«Кетсе кеткени ошо, барба аякка мал доолап, бөөдө өлүгүң ошоякта калбасын?..» деп өттү чоочун эле жолоочу.

Жер жымжырт, те оводо бирде көтөрүңкү, бирде пас, кужурашып сүйлөшкөнсүгөн эки чымчык жүргөнсүйт, канатынын шарпасы сак кулагына жеткенсийт, жер ээн. Жөө жүрбөгөн неме кыйла чаалыккан, кашка тиштери түшүп калган оозун аңырайта кере ачынып эстенип, көзү жаштана түшө магдырап отурган.

Ошол учурда куду жылан улам токтоп сойлоп келаткансып, жакын эле арттан шырт-шырт деди.

Жылан болсо чагат да!? Тура кала эки жагына качырбас аралыкка тооруй калган эки орус баланы көрдү, нес боло түштү Куу Көсө...Солк этти сезимтал байкуш жүрөк, «кач» деди, кача албады канча куу болсо да, «бери апкелгиле ошону, тактап сурайлы дешкен го» деп байлады үмүт, азгырылды, ырсайып бет ала басты...

Шап эки колтуктан алып калышты мужук балдар. «Вор!» деди бири кыжына. «Жо, жо, мен «бор» эмес...» деди Куу Көсө дагы алдастап.

Же атайы аңдып жетишкенби, же бу сербейген жыгач атпайы жок апай бет жерден тезек тергени эле келишкенби, чирте каптары, таңып көтөрүнө турган жиптери бар экен. Өчүгүшө, энеден калтырбай сөгүшө күлтүңдөшүп, «колго түшүргөнүнүн» бирпаста колун артына кайрып, эки бутун кууштура байлап солдойтуп таштапшып, «эми немене кылсак» дегенчелик бири би-

рин тиктешип, шыңкылдап күлүшүп отуруп да калышты бир азга.

Эми түрлөрү суук көрүндү тутулгандын көзүнө. «...айланайындар... мен «бор» эмес... мен силерге каршыгар биздин Мөкүш кан болуп алганын айтайын, этият болушсун деп келгем... жанагы бир атаңарга айттым эле...» деп кыңкыстап, онтоп божурады айласыз байкуш.

«Ты барымтач» деди бири, а бири «ты басмач» деди күлүшө.

Бу те илгерки татар заманынан саал өзгөрүлө орусчаланып калган эски маанилер. Кайдан түшүнсүн муну!? «Бир жакшы орус келип калып, ыя, жанга аралжы түшө калабы...» деп зарлады тиги байкуштун жан айласы.

Кобураштын балдар, туруштa да өзү эле ыргалгансып турган өскүлөң куу чөптөн бурдап үзгүлөшүп, бирпаста эле эки колтук кылып келишип, бир колтугун каптын түбүнө салып, анын үстүнө туткунун отургузуп, анын үстүн куу чөптүн экинчи колтугу менен жаба баштaшты.

«Ой, ой... немене кыласыңар, ой?.. Айттым го, мен «бор» эмес... айттым го...» деди апкаарый, эми чочунду Куу Көсө, о үзүлбөгөн үмүт ай, аттиң ай, кайта соолуга «...колу бош болсо алышат, буту бош болсо качат дешти го...» дегенге ооду, «...капка салып, эч кимге көрсөтпөй көтөрүп кетишмек го...» деп сылап жубатты үмүт...

Каптын оозун ыкшап бууштy балдар, бири «...мына сага, бандит...» деп жыга итерип, бири көткө тээп таштады.

«Өй... өй...» деп бакырды, ошол абалында да «Мөкү..., кан...» деп думукту өз шоруна өзү шерик.

Тамеки ороп, кобурашып, жаймажай күкүрт чагышты, тамшана түтүн соруп туруштy көнүккөн балдар, андан соң бири каптын түбү жагынан, бири буулган жагынан күкүрттөп, капты тешип өткөн биртке соймоң жалын дароо эле тутантып ирди куусаң чөптү.

Чокусу да, көтү да улам ысып, ичиндеги алынча жабайы жырткычтай чаңыра жандалбастай баштады...

Бир жан ушул убакка дейре адамдыкы эместей өкүрүк укту беле, бир жан тигиндей өрт алган каптын ичинде адам баласы туйлап аласалганын, доңкуп тура кайра бүк түшкөнүн көрдү беле!? Мына, бу өзүлөрү кылган тиринин жүрөгүн титиретер окуясын ээгине али түк чыга элек балдар кубанып, «...мына сага жаза, басмач, барымтач» деше табалап күлүшүп, бопорос соро кара түтүнүн кылайган ачык асманга үйлөшүп, ушу жаштайында манчыркап турушту го!? «Балапан учкан уясынан нени көрсө кийин ошону алат» деген ушубу, о Жараткан!?

Бир убакта үнү да, кыймылы да басылды, чөбү да кабы кошо күйүп да бүттү... Тарамышы тырышкан, куйругунун түбүнө мурдун катып уктаган ит кейпине окшоп ийрилип, кара күйүндү болуп таанылбай калган экен Куу Көсө...

«Мөкүш ак кийизге салыныптыр» деген даршан тез тарады аты кыргызга. «О-го... — дешкен го жакада да, тооодо да, — ошолорго эле энчилеп коюптурбу кудай!?»

Кочкордун этегинде Түлкүнүн Тезекбайы деген биревүн «кан» көтөрүп салышты. Мына эмесе! Жумгалда аксакалдашып Чынынын Көкүмбайын, Ырдыкта Ырайымбектин Батыркан дегенин кийизге отургузуп көтөрүп, «кан... кан...» деп кыйкырык салып алышты. Мына эмесе! Көл жээгинен да казакчалаштыра бир «султан» чыгыптыр. Мына эмесе!

Бу не деген!?

Бу деген байыркы бабаларынан калган конушун алдырып, эл катары саналбай, күнүгө жектелип, руху тебеленип, четинен кемириле кыргынга кириптер кылынып жаткан ушу учурунда да ынтымак, биримдик кыла албаганы, бир тилде түшүнүшкөн элдин кедерине кетип турганы эмеспи?

Ырас, өз айылында, өз уруу ичинде ак кызматы, башка урууларга чейин таасири болгон айрым инсан ак кийизге салынбай эле «каранын каны», «эл агасы»

деген сый атка конгону бар, бирок алар «кан» дегидей кан болушкан эмес. Кан деген бир мамлекетте бирөө эле боло келген, анын жер чеги, турак ордосу, жыйылган казынасы, жүгүртүлгөн теңгеси, башка өлкөлөр менен алака жүргүзөр элчилиги, ичти теске салар тыштан коргонор казына баккан куралчан кошуну болмогу негизги шарт.

Мөкүш кадимки кан сыяк же элчи салып, же өзү барып колония бийлермандары менен мамилени ондоо жагына түшө алган жок. Бир жагынан жеринен айрылганы аз келгенсип, көп жерде суракcыз таланып, бей күнөө кырылып, жай букара элдин көңүлү өчкө, кекке жык толгон, бир жагынан ортодогу илгеркилер аргасыз көнгөн аралаш жашамак муназа саясаты азыркы күндө колония мүдөөсүнө зарылдыгы түгөнүп, эми жерди гана «жергилик» деген элден биротоло тазалап алыш көздөлүп калган.

Кана, ушундай кыйын кыстоо шартта жаңы «каранын каны» эл ичинде жандалбастын ыры болуп кеткен «жатып өлгөнчө жакасына жармашып өл» дегенден башка арганы кайдан тапсын!?

Ырас, «...жерди тазалап алыш...» оңойдун оңою, бул иште эки жол жок, кырып гана салыш, бу жабайылар не десе ошо десин, бирок тышкы өнгөн өскөн эл көзүнө не деген жети баштуу желмогуз болуп көрүнүп калат сөөлөтман үчүнчү Рим!? Ошо тең тайлаш тышкы элдин көзүнө парде болор эптелген бир «өз жабайылыгынан» дегенчелик бир макоо шылтоо изделип, ушунча кыргын-сүргүндөн соң жабайылар тараптан чочоңдошкон бир чогоолдугу, опур топур бир каяшасы эле керек болуп турган.

Ана, тиги эле Верныйден Пржевальскиге деп жөнөтүлгөн бир араба берданка мылтык Көлгө жеткенде «кыргыздар талап кетти» болуп билинди. Не үчүн кайтаруучусу жеткиликтүү болбогон!? Бу бир араба берданка кайрымакка сайылган жем эле окшойт, күн ашырбай Рымшевич «тарты» деп кабар кылды Фольбаумга. Күнү да, түнү да уездине караган крестьян дру-

жиналарын, козак атчандарын тик тургузуп, эми»колго түшкөн» берданка кайдан «даң» этерин гана күтүп калды Рымшевич.

Муну букара орустар «ошибка» дешти. Чыны, бу атайын иштелген «ошибка» байыган өз мужуктарын оңтойсуз абалга кабылтпай койгон жок. Орус чегинен, орус дүйнөсүнөн алыс, »жабайы» десе да түмөндөгөн атчан жергиликтен чыгашасыз коргоп аларга машыккан регуляр аскер аз, жардам кылар өз, сүйөнөр арка жок, кокус тополоң күн болуп калса ким кимге кабылат, ким кимдин көзүн карайт!?

Тигине, не төрт айылында төрт «билерманы» атандаша бирдей оолукканбы, не бир кезде шумдук менен иши жок «кой оозунан чөп албаган» деген байоо элди жан багуу абалы бардык жергесинде баарына бирдей оорлонушу түрттүбү, иши кылып, бир эле жуманын ичинде Сары Өзөндө да, Улу Тоо арасында да, Көл айланасында да эл кара шакылдак чымчыктай дуу-дуу дүргүп, эсебин алган эч ким жок, нечен миңдеп куралып, күн сайын көбүрүп, атчаны атчан жөөвү жөө көбөйүп, кара башын сайган товокелге батынды ар бири.

**«Мына, көтөрүлүш деген...»**
деп куттуктады Фольбаумун Рымшевич.

## 9

...Не буйрук алганбы «канынан, не кор болгон кара аламанынын ашып төгүлгөн кыжырыбы, дүбүрттөгөн көп атчан Чоң Кебинге орногон кичине станица Новороссийскини таң алдында кыр кырлап көрүнө курчап алды.

Көп го!?

Ырас, үрөй учурар абал, колдо бар куралдарын ала чуркай тегерене тизилди станицалыктар. Кыйла мерчемге тийчү ичи бурама сайлуу жоо курал бешатарын кылкандай сунуп, ар бири бирден кароолго илип, «ат!» деген эле кыйкырык күтүп, дым болуп калышкан.

Те ок жетпес аралык, тыяктан кимдир бирөө үзөңгүсүнө кокойо кала «о-о-ой... жер биздики, кеткиле эсен совуңарда...» деп койду аңкылдап.

— «И, сен кет десең эле мылтыгын ийнине алып эле жөнөй беришеби?..» деп ындыны куруп турду жанындагы аяры.

«Ат!» деди баатыры.

Кимди атат!? Тула бою түгүл сары башы көрүнбөйт мужуктун. Бирок баатырдын айтканы эки болбойт, баягы «колго түшкөндөн буларга беши гана араң жеткен, тушмалдап эле «даң-ң...» «баң-ң...» эткизишип калышты мергендер... жо, орустун балдары токойдон доңуз атып ойногондон башкага кереги тийбеген ичи сыйдам берданканын бүркөн огу не жеткени, не ара жолдо томолонуп калганы билинбеди, бакырып жыгылган мужук көзгө чалынган жок...

Ок чыкпайт, «орустун уюгу» деген дагы эле жымжырт...

«Мейли, — деди кошунбашы, — көчүгү түшүп калды, өзү буйерде орус аз, кача албайт эч жакка, дымымактан бүксүп тура турушсун...»

Эми кошун самсып те Кичи Кебиндин түзүндөгү Самсоновкага куу сүрөөн боло куюгуп түштү. Дагы эле жакын камоолго барбай кырлап токтоп, бирок станицага киргизе бир убакта өзүлөрү казып берген чоң арыктын алышын агытып, ийнедей да жылтыр суу өткөрбөй бууп: «Эми жалынып чыгып келет өзүлөрү уюгунан!» деше дуулдап калышты...

Ана, Сазановкада болду го «атат» деген!?

Бир жагы тоо, бир жагы көл, айланасы тар, камалаган кошундар өтө жакын аралыкта болуп, баймабай ат коюшуп, жеткени четки үрпөйгөн камыш тамдарына капыстан от ыргытып өтүп өрт чыгарып да жиберишти.

Бийерге атайын жиберилген жигерлүү козак офицери урядник Овчинников «...тим кой, бир аз кутурушсун, таамай көрүнүшсүн...» деп турду ок чыгартпай, дүрбүдөн көз албай.

Бири калбай бирден куу найзалуу көпчүлүк анын көзүнө бир кезде түндүк жактан көргөн топ бугуларга окшоп сезилди, «шиш куралы» деп билди урядник. Дайыма ээр кашында жүрөр бет келгенде бат чабар» шылк этмеси, атчан жүргөнгө ылайык ийри кылычы, чалма ыргытып сүйрөп кетер канжыгасында бир түрмөк кыл чылбыры да бар. Те байыркы көөнө заманынан бери бу атчан сел жоого алдыра койгон эмес. А бу алыстан огу тийип өлтүрөр курал чыгып калган бу кылымда баатыр мактанса бир октук.

Нечен кагылыш көргөн дымагы башынан ашкан козак офицери кыпындай чочунган жок. Тиги жактан ат ойноткон караан көбөйүп, улам өрөпкүгөн кыйкырык чуу даана угулуп калды. «Кана, кана...чап бери...» деп ызырына күлүп койду кан көксөгөн урядник.

Өрт көбөйүп, сасыган түтүн ар жерден бурала көтөрүлө каптап, кара туман боло жайылып басты станицаны.

«Бери! Кашкарлык дегендерди бери апкелгиле!» деди урядник.

Элүү алтымышча бири селделүү, бири ак көк саймалы топучан, бири шөлбүрөгөн узун этек кара чапанчан, а бир даары көйкөлгөн кымкап кийген кишилер күргүчтөлүп келинди ошол замат. Атып салышабы!? үрөй учкан баарынан.

Имере тиктеди уряднинтин чакчайган көзү:

«Ну, кашкарлык сарттар, — деп каарыды суук тили, — кана, бизге жардам кыласыңарбы... же...»

Ыя, тузак салып турат го!?

«А... а... кылабыз... жардам кылабыз... албетте... албетте...» деп калды көйкөлгөн кымкапчан. Кара териси сөөгүнө жабыша катып калгансыган арык карысы.

«Кечиргейсиз, төрөм... — деди акырын, — мен мусулман баласымын... мен мусулманыма каршы боло албайм го...»

Тарс! Кара чапанчан темтеңдей кала кайра түзөлөм дей түзөлө албай көмкөрөсүнөн жыгылды. Тарс! Мурункусун сүйөй калмакчы болгон кол ошо сунулган бойдон сулап калды. Чур эте алышкан жок...

«Ну, дагы ким!? — деп чакчарылды урядник, маузеринин түтүнүн үйлөп, кимиси кыбыр, кыңк этерин күтүп. — Чык бери, бусурман!

Бир жаш жигит колун көтөрдү да бери басты, сунган маузерин тартпай турду урядник.

«Курал бериң!» деди орусча шак эле жигит.

Каранбай кол сунду сол жагына урядник, сол жагында турган козагы ага өз мылтыгын леп кармата салды, мылтыкты кашкарлыктын бетине силке ыргытып жиберди урядник, бир колдоп шап тосуп алды кашкарлыгы.

Урядник:

«Тигилерде болсо сайы жок биздин берданкадан бар, сага жетпейт, а бу курал ичи бурала сай салынган 1898-жылдагы беш патрон бир сыйган бат атар жоо курал! Уктуңбу!? Түз мелжесең жаза кетирбейсиң!

«Камтама болбоң!»

«Эң сонун!»

Мылтык баарына берилди, жетпей кала тургансып, биринин колунан бири талашап алышты кашкарлык «бусурман». Көкүрөктөн келген баррикада дубалдын эң алдына тизил деген соң тизилишти дароо. Кокус тыяктан ок жетип калса чалса ушуларды чалса мейли да!?

Урядник эми кайра оңдоно дүрбү салып, улам уюлгуй чабышып, улам алаксытып, улам жакындап келе жаткан жабайы атчандарды чактап карап, өз мергендерине:

«Силер билесиңер, аттарын аткыла! Жөө калса канча жинди болсо да туземчи жоокер болмок түгүл баса албай темтейип туруп калат!» деп, жабыла татырай атылган үндөн сөзү анча угулбай, ар бир аргымак башмалдактап жыгылган сайын бакыра каткыра желигип турду урядник:

«Ну, кимиң таанийсың те тиги эки жагына кол булгалай ат ойноткон чоң кара тебетей айбанды? Ну?..

«А... а... — дешти сарттары, — ол, энди... бугу анасының бахадур углу шекил...

Овчинников:

«Мына, мына ушундайларын атасыңар силер...»

Булар качырына ар түркүн мал артынып тоо аралай соодалап, эшиги ачык төрү кең делген байоо элден туйтунуп, бекер жатып, бекер этке тоюнуп эле жүргөн соодагер, кээси майда аттерчи.

Эми мына, ушундай бирин бири аябаган, күйүшпөгөн чалкеш убакта тиги тажал көз жалтантып, өз жаны өзүнө да керек да, ага кошумча жакында эле «бурадар» дешип жүрүшкөндөрүн таанып, «бу баягы...», «тиги матаны аларын алып, пулун бере албаган...» деп эстеп, бүтпөй калган биртке мамилесин буларды аябай ата беришке дагы бир себеп эсептеп, терип ата баштапты го!?

Тарс! Тарс!

Далбак эте түшүп калды боз аттан бахадур.

Төрт жактан кароолго оңой илинбей тургандай бириндеп чачырап качырып кирген атчан сел, баары бир, козагынын, кашкарынын огу бириге мөндүрлөп тоссо да кайтпай «жакасына жармашып», кубүгөн кызыл өрүк болуп, кан жайкап төгүлдү ата журтунун кара жерине.

Не мылтык кылкандай ширелген баррикаданы жырып кире албасына көз жеттиби, не баатырдын сөөгүн түн көшөгөсүн жамына алып кетишип, эми өкүрүк салтанатын өтөп, ата журттун чымы алдына жашырып алышы зарыл болдубу, өтөр жагына жабыла учкан канаттуу сыяк дуу-дуу койо ошо үчүнчү танда кыр-кырда бир да ат бастырган караан, бир да шектүү шабырт калган жок.

Дүрбүлөп айлананы арытты урядник Овчинников.

Ана...ыргытып таштаган чапан сыяк эр өлүгү жайнап, ат өлүгү ар жерде жуушаган мал сыяк жымырап калган экен...

...Ыразы да болуп, ырайым да кылган өңдөнүп, кашкарлык сарт мергендерин эми куралдуу конвой коштотуп, тынчыраак уезд шаары Пржевальскиге барып турушсун кылды Овчинников.

Жазда жаздоого, жай алдында жайлоого, күздө кайра кыштоого карай көчкөн эл турмушу «учпас тоок, көчпөс там» кашкарлыктар үчүн «тынчсыз». Ошон үчүн

келер- кетер оруну Кашкар жолуна оңтой Көл жээги ушу Сазановка болгон. Тышка опийим суулап берип, орус койнуна кирип, өзүлөрү да мындан жакшы пайда көрүп байышкан. Ушу жерден үйлүү-жайлуу болушуп, мышыгын эч ким пыш дебеген «өз» болуп алган.

Үй буюм-жыйымдарын нечен өгүз, нечен төөгө зыңгырата артынышып, уютма жамбысы, теңгеси, орустун кагаз пулу го жүрөк алдындагы коюн чөнтөк төрүндө. Шектүү деле эч ким тиктебей, эч ким коштошпой, өзүлөрүнчө күбүрөшө, бакылдаша чечекейлери чеч толо кадимки кыргыз көчүндөй бейпил, жай чоюла каалгып чыгышты жолго. Алдыда да, артта да элирген атчан, ээр кашына мылтыгын кылкандай даяр кармаган козак отряд.

Уезд шаарына эсен жетип алышса, андан нары кудай буйруган күнү «күндүз жылуу түндө тынч касыйетли Кашкар Жай кайдасың» дешмек, бу тополоңдон какас кетишмек.

Көңүл куунак, кызбы, келинби, бир чырайлы жан бирде шыңгырап, бирде кылык, наз сездире эңкиштеп күйгөндөн ашүла айтып, аны карысы ыңкыйып тынч угуп, тымызын «вах...» дей өткөн жаштыгына ичтен өксөй, а али албуут жаштары «...йа-а, жан эй...» деше жөөвү жөө, алкынган качырчаны качырчан темине коштоп, көл кылаалап чубалып кетип баратышкан.

Ким!?

Көгала, карала көрүнгөн көп караан бууп калды көч алдын. Кырылып бүтпөгөн кыргызбы!? Көз ала чакмак! Тып басылды ашүла... Ошол эле жүрөк лыглык болгон көз ирмемде тоо жактан да, көл жагы боз чытырман бадал арасынан да атчаны атчан, бирден айры, балта көтөргөн жөөвү жөө көпчүлүк төрт тараптан оролуп калды.

Те баягы кыргыздын чоң ашында чапкан «күлүгүн» адырандатып алдыга чыккан козачий офицерди боолгоп:

«Чочубагыла, бизден...» деп калды конвой башы. Чын эле ошол чөлкөмдөгү эч кандай көрсөтмөсүз эле өзүлөрүнчө отурук кылып алган «подрайон» делинген жердин мужуктары экен көбүнчө, а подрайондун билерманы ошо урядник Шебалин.

«Жол бергиле-е! — деп үн салбайбы конвой башы.

«Мына! Сага жол... — деп, алдыңкы куралчан мужук алдына тирелип барган төөнүн жүк арканын кыя-кыя кылычтап жиберди, үстүндөгү эки тең таңылчагы, ашүлачи сулуу жан аралаша жерге томолонуп калды.

«Эй...», «кой...», «токтот...» деп, сөзү өтпөдү конвойлордун, өзү орус оруска мылтык кезей да алган жок.

Тарс! Тарс!

Ана, алдастап кача берген эки кашкарлык тырак-тырак эте жыгылып жатып калды. Ана, жан көзүнө көрүнгөндө мурда эч ким кулагына салбаган «жатып өлгөнчө жакасына жармашып өл» деген жырткычтай таймашка өткөрдү го буларды да!?

Бирок куру кол, а тиги өз дымагы жиндентип койгон балтачан, айрычан, мылтыкчан «...ме, сага...», «өл эми...» дей кыжына, күпүлдөшө сөгүнө шартылдата шилтеп жыгып, сайып бүгүп, тарсылдата сулатып көпкө чуу, кан майкан кылды.

Өлө албай ыйынгандын, уңшуган зайыптын үнүн кан балта тып басып, айры тепчип тындырып, көк шуу этпей, көл шырп дебей дымый калды кең аалам...

Кантет эми!? Кимдин алдында ким жооп берет ушу үчүн!? Нестейип эле туруп калышты конвойлор.

Мына шапашупа, мына дүбүрөгөн, мына шаша демиккен... ар бири алдастап чөк түшө кала, өлүктүн кан толгон койнуна кол сала чөнтөгүн аңтарып, шалпар белбактарын бычактап кыркып, таңылуу бокчолорун жулккулашып талашып, аңтарып, колго тийгенин тандабай алып... эң акыры эшектерин, өгүздөрүн алдыга сала айдап, тийгени төөлөрүн бирдеп жетелеп... бири өч алгансып сөгүнүп, а бири жовун чапкан сыяк кубана бакылдап... отуруктарына тарады урядник Шебалиндин кошундары.

Пулдан гана 150 миң рубль каракталып, кара жолдун боюнда 88 өлүк жайнап кала берди...*

Бир кезде Кытайдан качып келген, келгени жамандык деле көрө элек, жамандык түгүл «аскерге жардам кара жумушуна» дегенден атайы бошотулган, жалаң апийим, була өстүрүнөр кирешелүү ишке чегилген дун-

гандар не жеринен сыйлыгыштырып орун берген элди кыя албадыбы, не мусулманчылыгы ийиктирдиби, көтөрүлүшкө кадыресе жантартпай койо алышкан эмес.

Муну орус тарап «тыштан көкүтүлгөн» катары кытай жактан атайы шек санап, шилтенген мужуктары түрө кырып талап киргенде мындай эч кимди аябаган жосун тез чочунтуп, алды кайра артына кире качышка мажбур болушту. А кай бир камбыл дунган жер кыргыздан бошосо өнүмдүү шүдүгерден аларга кеңчилик болорун болжоп, кыргын сала турган «жазалоочу» деген козак кошуунуна кылчаңдабай бой уруп кошулуп беришти.

## «Т Е Л Е Г Р А М М А

### ПИШПЕК АСКЕР КОМЕНДАНТЫНАН КУРОПАТКИНГЕ

**... Бу жактагы дунган чөйрөсүнүн жана алардан чыккан запастагы старший унтер-офицери Люлюза Матанью дегенинин азыркы болуп жаткан окуяларга түшүнүгүн, жөнбилгилигин билдирип коюшум керек деп эсептейм.**

**Люлюза Матанью өзүнчө Пишпекте дунгандан бир жүз атчан кошун кураптыр, алар бизде аскерлик кызмат кылалы дешти, менден макулдук алып, александровкалыктарынан дагы бир жүз уюштуруп келди, эми аскерге, кара жумушуна алынбайсыңар дедик.**

**Бу эки жүз абдан оң пикирде, тиги бейпил турмушту тополоң кылган, тынччылыкты бузган немелерди жок кылмакка күйүп-жанып турушат, менимче, тезинен куралдандырыш керек буларды.**

**Ушу эле турушунда булар бүгүн үчүн, бүгүнкү мусулман коомуна карама каршы биздин ойго, биздин максатка чоң көмөк, кыргыз дин чөйрөсүн мүңкүрөтөр күч болот...**

***ПИСАРЖЕВСКИЙ».***
***1916-ж. 21-тавгуст (3-сентябрь)»***
*( ЦГИА Уз. ССР, ф. 11 с, оп. 1, д. 1133, л. 251 – 253)*

А Көлдөгү бир кезде Текестен бери ашып келип, «мусулманбыз», «тегибиз кыргыз» дегени үчүн ушу кыргыз бооруна батырып алган сарткалмак аталган бир нече айыл тышынан эки жактын бирине ыкпай тынч калгансыган. Жо, шартка жараша тымызын түгү өзгөрүп, ичиндеги «Мария» ысым бериле чокунтулган, орус Чиркөөсүнө катташы бар аялы аркалы жергилик арасындагы болгон, болор сөз жашырын изилдөө мекемелерге түндөп ташылып, жерге өзүлөрүнө окшогон дунгандар эле сыяк кеңири жайланып калыш жагын көздөп, бирок тыякка ообой жымырап тынч калды...

**«ТЕЛЕГРАММА**

**ПИШПЕК УЕЗДБАШЫСЫНАН ФОЛЬБАУМГА**

**...10-августта кыргыз эң көп топ боло тоого ыга моюн толгой баштады Кыштак талап, орула элек эгинди өрттөп, киши өлтүрүшкө дейре батынып калышты.**

**Бир команда боло тескеп чыксак ушу пристав магада тийишишти. Ок чыгарышып калдык эле, 100 дөн ашуун кыргыз кырылды. Мен азыр Самсоновкадамын, кыргыздар күнүгө чабуулдап, станицаны аткылашып тынбайт.**

**Ушу биртке топ менен тоо ичине куугун кылышка батына албай турам, команда 30 эле адам. Козголоңду биротоло басышка бир баталприставон, 2 жүз аскер, 2 пулемет керек.**

**Көрсөтмө күтөм. Абал жаман...**

***Подполковник РЫМШЕВИЧ.***
***1916-ж. августтун 10 (23)»***
*(ЦГИА Каз. ССР. ф. семир. обл. правл. отд.1, ст. 2, д. 16927. л 6 )*

О, кокуй, бу өзү ынтымагы жок башаламан эл тиги ар бир крестьянында миңден октуу бешатар мылтыгы барларды кантип «грбят»!? Ыя, буудайы кароосуз калган эмес!

«Өлтүрүп жатышат!?» А бирок, качан, канча орус кырылып калганы айтымда да, архивде да жок, демек те баягы гөр аңтарган үчөвүнөн башка орустан киши чыгым болгон эмес.

Мунун баары жогору жагынан атайын тапшырма, төмөн жагынан атайын жиберилген жалган кабарлар болгон.

Эми ар станицада урунарга too таппай турган куралы мол Крестьян Дружинасы бар туруп, анын үстүнө регуляр аскерден батальон керек имиш.

Башка чөйрөдө көп болсо болуп, башка кыргыз айылдарында ар ким өз акыбалын айтып, кара жумушка барыштан тайсалдаганы бар. Жалгыз бу чөлкөм эле эмес жалпы Түркстан дүүлүгүп турганы ырас. Бирок, бейгам, байоо элди капыстан басып айдап жөнөмөй, малын, үй мүлкүн таламай, кызыл жаян кылыш кокустукпу!?

Бери болгондо эле өз абалын сезине баштаган жергиликти алдын ала оңолгус абалга такап салыш жамынчыланбай атайын иштелип турган.

Бу жергилик элди короого камап кырган окуя облусундагы түгүл тиги эле Ташкендеги жарым пашага дейре билинген, быякта эле өзү билемдик кылынса бери болсо жеме укмак, нары болсо жаза да алып калмак, жок, чын көрүлгөн.

Ошо, иш бир болгон соң мүдөө бир, ошон үчүн генерал-губернатор бирдей маанилеп Империянын аскер министрине «түшүнүк» бериши, быяктагы көтөрүлө элек «көтөрүлүшкө» күчөнтүлгөн регуляр аскер салыш жагы бир пикир, бир максат...

# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## 1

### «ТЕЛЕГРАММА

**КӨТӨРҮЛҮШТҮ БАСЫШКА АСКЕР ЖӨНӨТҮҮ ЖӨНҮНДӨ ГЕНЕРАЛ ФОЛЬБАУМГА.**

Шашылыш аскер жиберилет:

1) Ташкенден подполковник Гейцигдин отряды 2 рота, 737 дружиначы, 2 батерея, 1 жүздүк козак, 4 пулемет, телеграф жана телефончу сапер команда, 9 августта Оулия-Ата—Пишпек жолуна түшө баштады.

2) Дагы Ташкенден полковник Алалтырцевдин отряды, ал дагы Оулия-Ата жолуна кирет, 4 рота аткычтар, 8 пулемет, 1 батереялуу жүздүк козак, сапер команда, 160 атчан чалгын команда. Эң алды Ташкенден 15-августта чыгат. Жөөлөрү араба менен кетишет.

3) Скобелев шаарынан жолго чыгып, Анжиян — Жалалабад, андан ары Нарынга барар капитан фон Бурзинин отряды 2 рота аткычтар, 4 пулемет, 80 атчан чалгын, козак жүздүк, 2 тоого ылайык замбирек, сапер команда.

Негизги күчү Көгарт бели аркалы өтөт, ичиндеги козак взвод Яссы, Чытты менен ашат.

Эң алды 17-августта жолго чыгат.

4) Термезден Оренбург, Семипалатински, андан Сергиеполь жолуна полковник Виноградов, анда 546 дружиначы, 4 рота, 28 атчан чалгын, жана 8 пулемет, жөнөшү 5 күндөн соң башталат.

**5) Жетисуудагы да, Семипалатинскидеги да кыргызды кыйтратышка Россиянын Европа жагынан кошумча атчан бригада суранып көрөм.**

**6) Кулжадагы консул конвоюнан 1 жүздүгүн да силердин карамагыңар тартууга уруксат кылам.**

**7) Барар адам саны, ат саны кошумча телеграфтан кабарланат. Азык оокат, жем чөп даярлоо, аны сактоо жагына камылга көрө бергиле.**

***КУРОПАТКИН***
***1916-ж. авгуттун 11 (24)»***
*(ЦГИА Узб. ССР, ф. канц. Турк генгуб. 125, 1916 г. л. 14—16 )*

Мына, төгөрөктүн төрт бурчуна үчүнчү Рим делине даңаза болгон улук журтчул Империя алда качан «түбөлүк» деп өзүмдүк кылып алган колониясына кайра чоң жакка чапкын кыла ал турган такшалган регуляр аскер киргизди.

Те баягы ошо «кошуп алар», «каратып алар» алдында «география коому» деп жылмакай атап, а чынында Аскер Министирлигине караган атайын жиберилген «илимпоз», өзүнчө эле жер кезген «саякатчы» деген разведчиктери кыйла« илимий иш» кылышкан.

**«...кандай сонун жер, отурук кылганга орус үчүн табылгыс өлкө...**

**...ушу жерлерге орус калкынын кеңирсип жай алып алышы өтө кызыктырды мени...**

**...жай алган соң тынч жашоо үчүн биринчи зарылы короого кирер жырткыч маглугунан сактаныш, колсалып калар жарым жабайы көчмөнүнөн коргонуш...**

***СЕМЕНОВ.»***
*(«1856 —1857—жылдары Тянь-Шанга саякат» деген изилдөөсүнөн)*

**«...бу жерде жарым жабайы эл жашайт, чек ачык, аскери жок, эки эле рота жиберилсе бу өлкөнү Россияга имерип алса болот...**

**«...жарым жабайы киши чалыштар адам катары мындай бейиш жерде жашоого укугу деле жок... буларды бирдемеге үйрөткөндөн жытчыл итти машыктырган оңой...**

***ПРЖЕВАЛЬСКИЙ».***

*(Русский вестник, 1886, Х11)*

**«...дикокаменный», «черный киргиз» делинип жүргөн эл өзүлөрүн тили келишинче эле «кыргыз» деп коюшат...»**

**«...бу кыргыз сүт, же карышкыр тартып, же бир жаракат алып арам өлгөн мал эти менен гана оокаттанат...»**

**«...дегиси, эркеги менен ургаачысынын өз ара мамилеси тиги эле адам пайда болгон убактагы сыяк, абийир күтмөк жок... бу түгүл аялы эринин достору менен өтө эле жакын болуп кетсе эри аны өөн көрбөйт, кайта мейли дейт. Менин кербенчи жолдошторум бу адаттан тартынышпады окшойт, нары үстүнө бурут аялдардын ичинде абдан эле көрктүүлөрү бар экен...»**

**«идиш жууганды күнөө дешет, идиш жуулганы менен кошо ырыскы кетет деп ойлошот... эркеги ич кийимди ооуштурат дегенди билбейт, анысы биротоло жыртылып эти көрүнүп калганча жүрө берет...**

**«...гун пашасынын сулуу кызы бөрүдөн жалгашып, ошондон гао-гуй эли уланган делинет кытай тарыхында... Ушуга окшоп эле Чынгуз-хандын теги бир пашанын кызы Гүл Малике да айтылат...»**

**«...бу таш арасындагы кара кыргыздын келип чыгышы да санжырасында кызыл ит менен (кызыл тайган) кайсы бир хан кызынан, анын 40 теңтушунан деши өтө байыркы жоромол...**

***Ч. ВАЛИХАНОВ.»***

*(Собрание сочинений, том 3)*

Бу «ажайып бейиш жерде жабайы, чала жабайы адамчалыштар адам катары жашоого акысы деле жоктугун», теги бир оңгар санжырасынан атайы бөлө »булар

бөрүдөн эмес, иттен» деп байыртанкы бир элди атасынан калган өчү бар сыяк терс ой чамасынан ушундайча «изебилдеп», «тактап» беришкен.

Чын, ушунчалык жапайы болсо, теги да иттен болсо, ыя, сескенбей, чымын өлтүргөн эле сыңары кырып жойо беришсе, чын эле, ким кой демекчи!?

Мына ушу, Империянын быякка кылар эртеңки жортуулун ички да, тышкы да эл көзүнө колдонгон «аныктама» келген аскердин чоңунун да, кичинесинин да оюна мурдатан сиңирилген.

Бу гана эмес, даңазасы таш жарган Европада мурдатан эле «кокус, өзүнүн өспөй калган абалына жараша кай бир тайпа өскөн улук журттун ымына көнө албай каршылык көрсөтсө, аны өскөн улук журт тарабынан эсине келтирер мамиле болуп калса ал эсине кире элек баласын атасы тарбияга тарткан сыяк катары эле «өзүнө пайда болот» деген мааниде колониализмдин баскынын да, чапкынын да актаган саясий жоболор буларга да негиз катары эсептелген.

Жана да кийинки «жөн эле жер ченеп жүргөндөрү» кайсы жойкун кайда алпарарын, кайсы ашуу кайда түшүрөрүн чийген карталары колунда бар.

Демекчи, аскер көрсөтүлгөн жол багыттардан да, «жабайыларга» кылар көрсөтмөдөн да жаңылган жок.

О, кана баягы туруштук алдында башына чыга төрт бурчтан жарыша жулунган төрт «кан» болмуштар!?

Өз үйүндө болсо да, биртке күн катынына бой салар төбөсүн кызыл тебетей кийе калган кара баштарын гана сактап кеткенге шашып, «өз» дегенинен да жашырынып, ар бири өзүнчө түн жамына жакынкы кыйла пас ашуу Торук Арттан нары Турпан, Кашкар тарабына малы-жаны эсен оонап алышкан.

Тигине... «киндик кан тамган жерим», «ата конушум» дешкен, «эч кимге жамандык кылган эмесмин» деп, өзүн айыпсыз сезген калың каралай көз байоо эл өзү менен өзү калды...

...ана, кимге ким жамандык кылганын териштирген ортодо ыйманы бүтүн калыс жок... ат чабымды көргөн дүрбү куткарбай, алысты алган мылтык тынбай тарсылдап, күнү-түнү кылыч шартылдап... суроо жок, жооп да жок, бир тегиз кызыл жаян кыргынга кабылды...

Эмесечи!? «Кепке тарт», «аныкта күнөөсү барын» деген тапшырма жок аскерде, «жолуккан, табылган жеринде жок кыл» дегени гана бар!

Тоодо не окуя, түздө не шойкон, катташы үзүлгөн эл кайдан билсин!? Ар бир үй бүлө, ар бир жан өзүнчө тушкелди дүргүдү... түздөн тоого, тоодон түзгө...

## 2

«О, кантебиз эми?..» деди Жайлообай.

Дилине түркүн коркунуч ой келип, оозу бет түгүнө биротоло кымтылып калган Көсмүнү андан суз.

«Бир жакка ыктай турсабы!? Кайда ыктайт!? Тоо, түз баары кымкуут, кимисинин колуна кабылат!?»

«Каратил деген ылгабайт имиш ко... Көрүнгөндү кийикче кууп, терип ата берет имиш ко...»

Өз абалы тымызын эсин нес кылды Жайлообайдын.

«Кантебиз?..» дей жакынсына, өзсүнө сурашка батына алган жок, «кайда жүрсө да орус да...» деген ой ооз ачырбады аны.

Көп жылы бирге кыштаган эки коңшу, бири тирмейип, бири көзүн ала кача абайлап, аңдыгансып калышты бири бирин.

Ошо көңүлдү эзген күндөрдүн биринде капылеттен эле куду байге атын сүрөгөн сыяк ач кыйкырык чуу чыга, улам күчөй тула бойду дүүлүктүргөн дүбүрт сел окшоп улам жакындай келе берди.

«...тою да чуу... ашы да чуу... оюну да чуу... урушу да чуу байкуш кыргыз...» деп, ичтен өкүнүп алды Жайлообай.

Элтеңдеп калды Кузьмин. Бир өз тамы жакка кыңкайлап, бир Жайлообайга каралап кайра келе, иреңи өчө ушу азыр сырдана коңшусунан да дили сестене баштады.

— Ой, — деди эми чоочуй Жайлообай, — боз үйгө кире тургулачы... кокуй...

Селейген коңшусун жеңден ала тартты:

— Кокуй, бекин дедим го, кокуй!?. — деп жиберди.

Жан керек, коңшусу катыны, кызы үчөвү боз үйгө кирип кетишти көз ирмемде.

Эшикте калды атайы калдайган болуп Жайлообай, айтар сөзүн, берер жообун дилине камдап, «ушу менин эшигимде буларды өлтүрүп кетишсе, ыя, желиккен орустары мени оңдурабы» деген аяр асте санаа арасында.

Ана, бир оор топ атчан тамды ороп калды заматта.

Бири тааный койду:

— О-о, Жаке!

— И, кел... — деген болду Жакеси. «Бу эмнеңер!?» деп кинээ айта алган жок.

— Кайда орусуң?

Корс чыкты үнү, жанагы жымсалдыгы жок.

Ан сайын жумшак Жайлообай:

— Йе, неге орондойсуң мага, — деп алды күлгөн боло, — жок ал, кеткен орусу көп чоң кыштоолору жакка.

— А-а, качкан экен, өрттө! — деп жиберди тиги, кошундун чоңунан окшойт.

— О, кой... — деди Жайлообай тизгинден ала, — кой, кагылайын... бүтүлүү там бүтүлүү турсун, зыяны жок да!?

— Из-зи калбасын!

— Жо, жо... тамы мага калсын, кирип алам...

Тиги карсылдап күлдү:

— А макул! Кирип ал, кирип ал...

— Кудай жалгасын, — деди эми ыразы болгонсуп бүрүштөй Жакеси.

— Бозо барбы?

— Бар эмей, — деп сүйүнүп кетти Жакеси, — сүзүлүү, челеги менен эле тышка көтөрүп чыга койобуз энең экөбүз!

Үйүн көздөй далбактап калды Жайлообай.

— О, жок, атчан туруп ичмек белек, куттуу үйгө түшүп эле ичебиз!

Токтой калды Жайлообай, «ыя, — деди өзүнө өзү, — көз-зүң кашайгыр көрүп калганбы...» дей дили нес болду.

— О, коку-уй, — деп, өкүрүк салгансып боздоп басты ал, — О, бо-ол, байбиче... камдуу бо-ол, баатырлар бозо ичмей болушту колунда-ан...

Аттан түштү төрт «баатыры».

Биртке күймөнө, бирок жүз жаркытып тышка чыга калды байбичеси:

— А... а... келгиле, балдар, келгиле... даяр...

Ирeңи өчүп кетти Жайлообайдын, байбиченин камырабаганы аны сайын, «...бизге тамы калат деп отурабы бу катаал катын, ыя...» деди дили ыйлактатып, жини келерге, какыс кукус кыла кетерге чама чаркы кана!?

Кыша эшикти те боюнан өйдө көтөрө ачты байбиче:

— Келгиле, балдар...

Асте эңкейип киришти, төрлөштү «балдары». Коңшу жок экен үйдө!

«О, кагылайы-н... — деп ичтен жалынып жиберди Жайлообай байбичесине, — тыга койгон экенсиң а коңулга...»

Бозо шимирип да, бирөөнүн дем тартканын да сезгенсип, үй ичин тегерете тиктенип, коңулду ачып, ошоякка бозонун кермегин түкүргөн боло текшерип алды жигитбашы. Чыйылдап чыга баштаган жаны кайра келди Жайлообайдын.

А ашкана үйдүн аял бүлөсүнө менчик, ал кол салгыз, көз салгыз, үйүт ошо, аны аңтарыш, көңтөрүш адеп эмес.

— Ыя, — деп калды жигитбашы, — биздин кыштоо түгүл мал жайыттарыбызды алып коюшту, ыя, бу сиз кантип алигече бирге отурасыз, жарыктык?

— Э-э, — деп койду көп маани туйдура Жайлообай, — коңшу тынч болсо бул дүйнөгө баары батышат...

Бу эски акыл бүгүнкү кыргызына да, орусуна да бирдей сын.

— Ошо...

— А болуптур, Жаке, — дешип туруп кетишти, — эсен бол, Жаке, эсен бол...

«А... а...» дегенден башкага тили күрмөлө албай кала берди Жайлообай.

Ана, узай түштү ат дүбүртү, ашканадан атып чыга келе жылкынын эти жыттанган коңшусун моюндан кучактап, быжыгыр батек сакалын өйкөп өпкүлөп калды Кузьмин.

Сары чийкил кызыл ирең кызын колтугуна алган даңкайган сары катыны «...ыракмат... ыракмат...» дей көгалай көзүнө жаш тегеренип, байбичени жалжал тиктеп турду бүткүл жан дүйнөсүнөн ыразылык оозанып...

Жакын эле ортодо сыяк, бирдеме ово жара дүңк этип, арты күлдүрөп, те обочо адыр күдүргө тарап тынгансып калды акыры.

«Кандай күн бу чак түштө күлдүрөп калган!?» деп кырсыгы келип койду Жайлообай. А Кузьмин көк тиктеп, жер тиктеп көрүнөө тынчы кете калды. «Эми... замбиректеп тигилери кирген экен...» деди дили майыша.

Дүңк! Дүңк! Улам жабыла атылган мылтык бадырап коштоп, дүңгүр шарданын экиленте көтөрүп жатты ового.

Байпастай түштү Кузьмин:

— Жай... Жай... — деди, — көздөн далда боло тургулачы силер, Жай...

Дүңк! Дүңк! Көлдөй толкугансып кетти обо!

Өзүн деле коркунуч жүрөгүн куу чеңгелге алып калган, Жайлообай:

— Кокуй... бери... — деп үнү каргылдана шыбырап, үйрүлө берген уул кызын колдон ала, байбичесин шаштыра артын каранбай тиги дубал болуп турган кара камышты карай урду боюн.

Жаңжуң дабыш, бакырык, дүбүрт... «...кууп калыш-

кан экен...» деди өкүнө өзүнчө эшигинде өзү жалгыз селдейип кала берген Кузьмин.

Кантсин, бир убакта «жолборс жүргөн» деген көмүскөгө житкен бойдон былк эте алган жок Жайлообай. Өйдө болору замат эле аңдып турган сары жаналгыч балдарын чыркырата сүйрөп, жалынып тырмышкан өзүн кылычтаган окуя алачакмак боло капилет көргөн түшүндөй жайыла калды көз алдына... өзүн өзү көрдү өлө албай жаткан...

Күрс! Карс!

Жыт келди коңурсук...

«О, Жараткан...» деп жиберди ата байкуш, «мен куруюн» деди, өз өлүмүн астейдил мойнуна алып, алал кетмекке келме келтирип, эч кимисинин алдында айыбы да, күнөөсү да жок наристелерине «...йе улук Кудурет өзүң даргөйүңдө сактайгөр...» дей эсен соолук тиледи, ошолор үчүн садака деди өз жанын...

Көз жеткен көк жээкке акырын чөгө не ыйлаган көз, не чачылган кан болуп төнүп баратты күн.

Кыбырап көрдү Жайлообай, а балдарына «кыбыраба» дегенди туйдура алаканын ишара кылып коюп, куду эле камыштын чычкан аңдыган мадылы сыяк бир аягын акырын көтөрө, эки кулагы төртөө боло тыякта, дем тартпай токтоп, кайра жылыштап, акырын абайлап чыкты үйү тарапка.

Үй кана!? Кара күйүндү бир додо болуп калыптыр! Кана, Көсмүндүн заңгыраган тамы!? А да жок,  бир дөбө кыйсыпыр уранды жатат ко ордунда!?

Жанагы күрсүлдөктүн огу кыйратканын болжоду Жайлообай.»Не болушту экен» деген шаштырып, эки жагын арыта каранып, анан «киши болуп көрүнбөйүн жаман көзгө...» деп атайы өлмөсөк итче илделеп жөрмөлөп барды. Тирик да жок, өлүк да жок! «А-а... жан коргоп кетишкен экен го өзүлөрү да...» деген тынчтантты аны.

Онтогон сыяк абаз чалына калды кулагына бир убакта. «Йе... — дей жөрмөлөдү ошоякка бир тууган сезинип калган теңир коңшу, ана, «...Жай... Жай...» деген үн, тура кала бой ура жетти Жайы.

Боз үйгө түз мээленип атылган замбирек, боз үй кеппи, ок аны жарып өтүп, тамды көңтөрүп таштаган, иши кылып эки башбаанек тең жексен.

Катыны көрүнбөйт, дубалдын алдында калган окшойт. Ошо кезде обочодо жүргөнбү, кызы аман экен. Өйдө боло албай жаткан атасынын үстүнө үңүлө тынымсыз бышактап отуруптур.

Ал сурай алган жок Жайлообай, көрүп турбайбы, энтиккен сайын оозунан, мурдунан кан окшулуп, калың батек сакалына сиңип, андан сарыга башы жаздалган кызынын тизесин бойоп турган. Ичтен «...атаны байкуш ай...» дегенинен башка не бир көмөк, не бир жубатар бирдеме оозуна кирбей нес болду коңшусу.

Өз абалын өзү билет экен Көсмүнү:

— Жай... — деп алды, жөтөлдү, кан окшуду дагы, — Жай... болору болду, Жай... кызды сага аманат тапшырдым... а сени... Жай, кудайга тапшырдым...

Жашыды, ыйлай алган жок, ireңи кубара андан нары үн түгүл деми азайып, эрини гана кыбырап калды. Кулагын тосо койду Жайы, «...кудай бир го... акыры...» деген шыбыш араң угулду ага, башы кыңкая түштү бир жагына. «Омин...» деп жашып кетти Жайлообай.

Буйерге ким тура алат эми!?

«...элден калбайлы... эл не көрсө биз да ошону көрөлү...» деди ата конуш ээси. Өз уул кызын, байбичесин жүржүрлөп эле жөнөп калды.

— Өй... — деди кемпири, — тиги байкуш калабы!?

Жалт карап, аманат кыз мүңкүрөп эле туруп калганын көрүп:

— О, шашкан жан ай... байкуштун зарлап кошкон аманаты эле го, кокуй... өздөй көрүнтөр үстү баш керек эми буга... — деп алдастап, ошо замат желе баса урандыны айланып бирпас жоголуп, бир убакта жеңилче камзол, чалбар, малакай, чокой колтуктап, сүйүнүп логлоп келди Жайлообай, — мына, көргөндүн көзү кычышпасын...

Өлүп жаткан бир шордуудан сыйрып келди окшойт. Кийгизип, «сарым» деп эркелете көңүлүн көтөрүп, кечээ төртөө эле эми беш баш болуп, ошол түн караңгысын жамынып жол алды Жайлообай. Кыйла жүрө түшкөн соң, ээлери окко учкан го, тизгин тебелей тегеренип турган үч ат кабылып, кудай берип, учкашып чиркешип, көчтү ээрчип калышты кадыресе.

Жер кымкуут, эл кымкуут, кыргыз атпай улам бир жакка удургуп, өлгөнү жатып калып, а аты жаны али аманы улам төрт тарабынан жабыла атылган октон таруудай чачылып жатса, бир убакта бир жактан бирдеме ово силкинте үч күрс этсе көлбүп дымып турган көл үч жеринен түрмөктөлө көккө көтөрүлүп, кайра чаңыра түшө туйлаган төөдөй толкуп, жээкке чабылды буркан шаркан...

Бу немене, о Жараткан!?

Улам бир жактан темине желе келе эчтеме айтпай кошула берип, улам көбөйдү «көч».

Кыз-кыркыны, байыртан салт, көчкө колдо болгонун кийинип жапсанып чыкмай, ар бири кызыл-тазыл ар түркүн ачылган гүл сыяк көрк, үкүлүү кундуз тебетей, үчтөн кош этек көйнөк, демек күйөөгө бериле элеги, тумшугу койкойгон, кончтуу көк булгары аяк кийим, баарында көйкөлгөн жорго болбосо да ар биринде шагдам жакшы ат.

Сыягы алды жак коопсуз дешкенби, кадимки көчтөй тынч каалгып алышкан. Ушу сөөлөт бойдон не Бедельден, не Ак Гуздан түгөл ашып кетишмек го!? Жайлообайдын төрт унаачан «көчү» куйруктап чиркелген.

Бет алды кайкыдан жалгыз көрүнгөн кара атчан, өзү да кузгундай кара киши көзгө түштү, буралта ат ойнотуп:

«Уа-а-а!» деп, айкырык салды, жалгыз болсо минте албайт эле, «уа-а-а, алдамчынын кул-кутандары-ы...» деп жекирди артынан.

«О, ким бу, кокуй!?»

«Ким болсун, кокуй!? Бир жан казабы чыкты деши эле ушуйактан...»

Не токтой албай, не тездей албай тиреле түштү көч.

«Жан казабы» дегени Жангазы деген эле гөй тууган экен, ал башка динге чокунуп алган соң ниети такыр бузулуп, өз атасын, өз уругун кечкени быякта калсын, «жалпы мусулман элин жок кылуу керек дегенге өтүп кеткен безери» имиш. Кайерде көчө жөнөгөн, кайерде бекинген кыргыз эле болсо жер уусун билген неме үстүнөн каратил* чыгарып, бир жан калтыртпай кырдыра берет имиш. Ошон үчүн Жангазы аты өчүп, «жан казабы» деген каргыш алган жумуру баш экен.

«Уа-а-а!» деп улам бакырык салып турду Жанказабы.

«Үнүң ө-өч...» дешти көчтөн эл биринен бири жашырын, тымызын. А эл безеринин үнү жөн эле өчөр эмес, кайра кыжына, күчөнө ач кузгундай куркулдайт ко!?

«Ыя, а сатана дегени немене?..» деди ичтен бири, өзү жооп таба алган жок, дагы эмне дейт, бирөөдөн сураганга батына алган жок.

Ырас, бу түшүнүк безериге чиркөөдөн үйрөтүлгөн, өз ишениминен башканы «сатананын үйүтү» дей бермей чиркөөдө илгертен эле боло келген дымак. Бу момун эл кайдан билсин!?

Тарс! Тарс! Кумга куурулган бадырактай бадырап кеткен көп мылтык үнү коркконго кош угулуп, баш айланта жер дүңгүрөй теңселип туюлду го!? Көз ирмемде алды жактан да арттан да ок тийген эл, ат кыйрап кетти. «Кокуй...» «Чү...» дешти жапырт, жүктүү унаалар жөөлөшүп, уй өңгүрөп мөөрөп, ар жерде бир көрүнгөн төөлөр буулдап боздоп, ошо маалда күнжүрүштөн соккон айдарым сыдырып, көл улам опкоолжуп, ак эчкиленип, улам күчөп көккө чапчына чайпалган толкун шарпасы кулакка илине албай калды.

Ана... аттар аласалды оңколоп, зыңгырата жүк көтөргөн мал бир бөкүрө жер боортоктоп бөктү, ак каймал боздоп чөктү...ушу баш көргөндү көз көрбөгөн арада «...уа-а-а... бу жаза-а... жаза-а-а» деген үн ар кай жерден каркылдап, оводо калкылдап жүрдү...

Чанда бир тополоҥ ичинен үстүндө ээси жок суурулган аргымактар алды окко илинип, арты ийриле жалт берди, ок тосту го аларды да, бурала кайрыла тоо таянмак болду, өз чаңы өзүнө жетпей калды, бирок алысты алар бешатар огу жетти, бирден терип салды мергендери...

Чуркап келе жаткан жылкы мүдүрүлсө да, ок тийсе да эч качан чалкасынан кетпейт, жүзтөмөн оңколоп жыгылат. Беш жашынан ат жалына тырмышкан элдин кимиси болбосун ат эңкейери замат үзөңгүдөн эки бутун тең чыгара ат үстүнөн жүгүрө түшүп калат.

Жайлообай да аттан бөлүнүп, жүзтөмөн түшө сулап калган. «...жыгылгыла аттан...» деп күбүрөндү ал, жыгылгыча эле Тайлагы учкашкан аманат экөвү ок тийген аттан томолонуп... атасынын «...өлүмүш болуп калгыла... өлүмүш...» деп зарлаган шыбышын чалды кулагы...

... а нарыда ок тийип аттан ооган энесине үйрүлүп түшө ыйлаган кызын көрдү абышка...

Кантин үн чыгарат!? Кантип «...жат... өлүмүш болуп кал...» деп айта алат!? А каратилдерди көрүп ал, жуушаган койдой кыйраган көп өлүктү манчыркап аралап, өлө албай жатканын бирден атып тындырып, а тиги атына ок тийип, өзү алты саны аман, кайда качарын билбей алдастап калганына кадимки жоого чабуул койгон сыяк ат чурата кыйкыра, тооктой бапырата кубалап кылычтап жүрүшсө, кокуй!?

Кылыйган көзү көрдү, тигине, кызын эки солдат эки колунан ала дырылдатып... сүйрөп калышты го?! «Йе, не атпайт аны?..» деген күдүк келди. Тура бара албады арачага, өз жанынан кымбат, бу алааматтан аман калса тукумун улар уул баласы катарында жатпайбы, кокуй!?

Тайлагы онтоп жибергенсиди, «кой...» деп шаша шыбыш кылганга жарады байкуш ата...

# 3

Түп күндөгүдөн бүгүн өкүм, жогору жагынан жар көчкөнбү, не кан чууруган көч өткөнбү, бүгүн киргил, бүгүн кызгыл, буркан-шаркан, көбүгү чала сары тегеректенип, тар капчыгайда оңго, солго оодарыла күпүлдөп алган.

Нечен күндөн берки күнгөйү, тескейи кыйкырык чууга, өңгүрөгөн ыйга термелген, а бүгүн чырк эткен чымчык үнү угулбай, кылак эткен канат серпилбей кайдадыр көз көрбөс кулак укпас тынччылыкка безе качкан сыяк, теребел жымжырт.

Те бийиктикте, ак кар көк муздан ары бирде агала, бирде көгала боло кубулуп көчкөн булут арасынан биртке карарып кош баш кузгун жүргөнсүйт. Имериле айланып, көптөн бери терилбей адам салты боюнча акыркы кирер үйүнө берилбей калган адам өлүмтүгүн, мал тарпын акмалап, анда-санда өзүлөрү сүйлөшкөндөй укканды сестенткен каргыл куркулдашканы үзүл кесил жеткенсийт.

Ооба, аяр болмок керек, жабайы жергилик кайсы аңында, кайсы бурчунда бугуп турганын кимиси билсин?! Атар мылтык ат үстүндө окчо.

Карара чогу болбой, бириндеп кымырыла бастырып, айлананы, ар карaанды гана эмес шырп эткен дабыш, ового калкыган түркүн жыт калтырбай аңдап, жер арытып, жылыштап кере берди отряд.

Бир убакта бир ат кылт эте өйдө карап, кулагы тикчийип, токтоло калды. Сезди орустун почта станциясы жайгашкан Талды-Булакта кырылышып тоо тарапка сүрүлгөн кыргыздардын артынан куйрук улаш түшкөн жазалоочу аскер үчкө бөлүнө өңүп, эки бөлүгү капчыгайдын эки капталын алып, үчүнчү бөлүгү тике суу бойлоп, эски көпүрөлөр сыйрылган, улам кыркып кечип келе жаткан. Мурда кагылыш башталган күндөн бери каршыккан кошунга коруш болуп келе жаткан Түп өрөөнгө чыкмак.

Суудун эки жээгинен, түз бет алды как жолдон

караан байкалып, асте кол учун көтөрүп койду сотник Волков, тизгин жыя токтолду аскер.

Сол жээктин дөңүнө даана бастыра келди бар боз атчан. Камчысына байланган ак жоолугун булгалап, «бириң бери кел» деген сыяк кол жаңсап калды.

«Бу не, дагы баягы «багынып бермей», «жарашмай,» жан айласын сурашбы?!« Сотник бир мыйыгын тарта үрөйүнө шылдыңы да, заары да чыга башын чайкап алды. Жарашыш түгүл булардын тоо маглугунча тири жүрүшү керек эмес болуп калган.

Дүрбүлөп көрө:

— Кана, кимиң көз сынайсың... — деп койду сотник. Бу деген ат деген буйрук. Мылтыгын шап суна мелжеп калды өзүн жандаган жардамчысы. Дем тартпай калды ара. А тиги ак жоолугун дагы эле булгалап турат. Отряд ичи өзүлөрүнчө күбүр-шыбыр, бу тийгизе албаса кимиси атарын баш ийкей, көз шилтей тымызын талашкансып калышты. Тиги байкуш кантип жыгыларын көргүсү келип, дүрбүсүн көзүнөн албай күттү сотник.

Тарс!

«Тийбей калды...» деди бири. «Бөөдө качырды...» деп өкүндү бири.

— Жыгылды, — деди ыразы боло Волков, — кана, барып көрөлү.

Дароо опоң-сопоң болуша биринен бир өтүп, жабыла жөнөлдү отряд.

Чукулдап, бирок аларга деле жан керек экен, тири болсо ок чыгарып жүрбөсүн деген аярлык баарын тизгиндеп, ийриле тегеректеп токтолду. Жо, кыймылы жок, төшүн тешкен ок жанын алган экен. Сур сүлөөсүн бөркү тоголонуп калыптыр.

Ыя, ушунчалык үй жайын таштап качкан соң, өлү дүйнөсүн койнуна сала жүргөн чыгар!? Кол учун көтөрө «силер тынч тургула» дегенди туйдуруп коюп, сотник өзү аттан түшүп, тиги кулачтап сулап калган «инародецти» чалкасынан оодарып, анын мойнунан Георгий лентасына тагылган Чоң күмүш медалын чалды көзү.

Чачына биртке ак кирген, чычайган мурутчан неме экен. Канына тийгизбей медалды мойнунан акырын алды да, эки колтук жагына кол салып, биртке кагаз акча, жана да болуштук күбөлүгүн таап, ким экенине кызыккан жок, бир убакта «Россияга ак кызмат кыл» делинип, кыйла каада менен тапшырылган «күбөлүктү» өз ийнинен ашыра серпип таштап, кунуна бирдеме келип калар кагаз да болсо акчасын, күмүшүн жол сумкасына салып алып, кайра атына минди Волков.

Те кыр кырда, жыбытта күткөн эли «болуш деле ымга көндүрө албаганын көрүп, улам өйдөлөп тырмышкансып, дүрбүгө да караан илинбей калды бир убакта.

Ыя, накта өлүм кыябына ушунчалык бел байлап, ак чүпүрөк көтөрүп чыгып бериши не деген!? Ыя, кечеги баш бурбай кылып берген кызматын, өз убагындагы «болуш наш» деген жалганбы чынбы оозго кирген биртке кадырын бетине кармандыбы, не «нанын жегенсиң, убайын көргөнсүң булардын» деген кинээ шыкадыбы, не «менин ата конушуму орус ченеп алганда сен жандап тургансың орусту» деген бакырык укканынанбы, не «кичине ырайым алып же өлүп берип тынайын» дедиби, иши кылып, не болсо да, тыягынан да быягынан да кадырсыз куу дөбөдө жатып кала берди.

Жо, тигилер деле камчысын мойнуна салып бери жүгүрүп берген жок ко?! Жан соогадан түңүлүшкөн окшойт ко?! Ырас, алардын артында кыргындан качкан эл, эл ичинде эңкейген кары, эмгектеген бала, кош бойлуу аял, бешкөкүл кыз бар. Ошон үчүн орус ок атпаса ага ыраазы, ок атса элине коргон боло жалаңач төшүн тосо жан кыйышка кайыл го?!

Орто жымжырт боло калды. Кан муздап, ирең кубарып, ушул азыр эки тоо күү-дуу көчүп, көк асман көңтөрүлүп калар кысталыш сезим ар бирин ороп калгансыды.

Тарс!

Капчыгай ичи как жарылып, те алыс шаңдан көрүнгөн атчандардан бирөө өбөктөп, андан нары беш атардын чаңырыгын бетме-бет тирелген аскалар бири

бирине алып уруп, обво каңгыр-дүңгүр болуп, андан нары кокту аралай кулдурап кетти. Ошол замат эки беттен бирин бири кууп дүңкүлдөп таш кулады. Жол таманындагы аскер как жарыла артка, алдыга кетип, таш курулай өңкүлдөп суугa шарп-шарп түшүп калды.

Керектүү буйругун кыйкырып жүрдү сотник. Ким укканы белгисиз, мындай тополоңго бышкан каратилдер* аттарынан түшө-түшө кала буйгага, таш артына бой жашыра өңүп, түз мелжеп кароолго илинтип, ок чыгара башташты. Тарс! Тарс!

Бирден термей ыразы кылган жок сотникти. Те бир убакта тыяктан чабуулга ызгып чыкты. Бирден тердирбей, көптүккө салды, көптүккө алып, көк союлуна бетме-бет келтирмекке өттү белем?!

Кубана, күлө бакырды сотник:

— Залп! За-алп!

Жабыла, улам жабыла атылган ок жер силкинте, тооду тоого кагыштыра дүңгүрөп, күүлөнгөн аргымактор оңколоп, ажалына тобокел, бири кары, бири жаш кишилер ылганбай жер жазданып, бири сулап, бири бүктөлүп, кыйрап калды бирпаста. Кайра тартты арты.

Сотник:

— Бирден! Бирден!

Тарс! Карс! Тарс! Карс!

А билип калган, арттан кууган октон буйтаганды билип алган байкуштар, оңго, солго ойт берише буйгалап кеткенге жарады го?!

— Галоп! — деп шашты сотник. — Галопом марш! Марш!

Тар жолдо алды созулуп, арты чогу татырата чабыша жүрүп берди жазалагычтар.

Нарылаган сайын капчыгайдын эки тарабы чалкак, кулар ташы жок апай бет экен. Дагы эмнеси жол торойт?! Өзүлөрү чочунуп, чоочутмак да үчүн, сүр үчүн кээси ат үстүнөн тарсылдатып аткылап, жоодун жакасына тырмышкан сыяк имерилиш тумшукка тез оролуп калды аскер.

Бaң! Бaң!

Капыстан эки тараптан ок чыкты. Баң! Баң! Ок тийгендей болгон жок, аттан дароо ооп түштү аскердин алды. Ошол замат бат атылар, алысты алар бешатарлар бетке алынып, ок чыккан жактарга көз тикирейип, өңкөйүп калышты. үн эски кара бараңдын үнү. Мергенчилери окшойт. Баң-ң... атылган өңүтүн байкатып түтүнү бурк эте, дагы көпкө тарай койбой чоюлуп калганы көзгө түштү.

Нечен жолуккан мындайга бул аскер, бир мергенчини үч жактан мелжеп тытып атып салышты. Жап болду баңылдаган кара бараң...

Кайра дүбүрөп жүгүрө, кайра аттанды аскер.

Биртке түзөң, ортосун ийреңдеп аккан суудун эки жээгин улагалаш боз үй, керегесин тартпай уугун эле тиктелей башын бириктире байлап үстүнө бирдеме жаба эптеп баш баанек кыла койгон алачык. Мал менен күн көргөн эл эки, ашса үч гана түтүндөн жакын конушса ошо айыл, а мал жайыты окчун, малы аралашпаган, же дөңдөн, сайдан нары болсо ал коңшу. А бу отурук үйү үйүнө жөлөнгөн, бирине бири сүйөнгөн сыяк чогу.

Кантсин, бу деген жай жайлоо эмес, жаз жаздоо эмес, бу баш баамдаганды көз көрбөгөн, көз көргөндү акыл имере албаган шашылыштан же бир түн, же бир нече гана күн токтоо, баш калкалоо аргасы окшойт.

Кыраңга кылтыйып, аяр сотник кош көз дүрбүлөп, ирмелеп карады. Кың эткен үн жок, ит да үрбөйт, түтүн жыттанбайт, ээн, бейиттей ыңжыңсыз. «үйлөрүн атып көрөлү...» деди. Тарс! Тарс!. Жо, качып жөнөгөн бирөө жок, же бакырык, же ый чыкпайт.

Жан айла деген ушу, үй жайын таштап, айдалар малын гана айдап кетишкен окшойт.

— Тез, — деди сотник.

Бош үй кайда качсын?! Чү койду аскер, жазалагыч деген соң жазалагыч аскер кан көксөп, биринен бири өтүп жарышып, тиги өз жеринен өзү качкан элдин изине түштү. Жер дүңгүрөдү ат дүбүртүнөн!

Жетти аскер бир убакта, өтө чабышып көч алдына, ат туягы карсылдап, чарк имере ортого алды ирени өчкөн элди. Чуу түштү энелери, өз ажалы маңдайында, ошондо да этегине жашыра корчолоду балдарын... аңкайган тишсиз оозуна келме кирди карылардын... андан башка кайсы аргасы калды алардын?!

Атар курал эмес шырыгы жок айбат кылар, жок дегенде бир сайган болуп, сайганы өлбөсө да, өзү өлөрдө «жаздана жаттым бирин» деп, чарасыз көңүлүн бир жубантар. А качарга карыш жер жок, баш каңгыган, ар ким өзүнчө алдастаган, ана, бала атага, ата балага карабаган кымкуут айлампа болуп уюлган.

Ок коротушка арзыйбы жабайылар?! Жазалагыч, жаналгыч эрдемсинген, өзүнөн өзү көпкөн кылычтап киришти бир четинен, бир-бирден. Сакалы шоола булайган, көзү кирсиз муңгайган, жаңжалы тынбас бу дүйнө теңирине кулдук кылардан башка кылдай мүдөөсү калбаган кары, кызыл гүлдөй толукшуган бешкөкүл, көкүрөк сала болукшуган боз улан улам жалт эткен улам ырайымсыз шарт эткен кылыч алдында калды. Элечеги чубалып эне жыгылды, колунан чыркырап түшкөн наристе эрип эстен ажырады аттиң ай...

Көрбөйүн, көрүп күйбөй өлөйүн дедиби?! үңкүйө көзүн басты бир кары, а кулагы укпай жапырылап турабы, кулагын басты, а көкүрөгү көрүп, аргасыз акыл сезип турду баарын, улам кылыч шилтеген, улам шиш сайган, тиштери кашкайган, эки көзү төрт боло чакчайган жаналгычтарын. Ошондо кары өлүм издеди, жалтанбай жаналгычка бетме-бет өзү барды, жаш балага чабылар кылыч мизин өз мойнуна тосуп алды. Шарт!

Чарт кесилип түштү баш, а көөдөн түзүлө кала күрөө тамырынан каны тике чыркап, эки аттап, жаналгычынын үзөңгүлүү бутуна каны жабыла түшө жыгылды. Ат үркtү чоочуп, кыжырлана бура тартты ээси, түшө калып, нарыда сакалы кызылала болуп жаткан башка эңкейди. Бир сөгүндү, ошол эле замат каткырып алды.

Эмне болду буга?! үйрүлө калды баатырлар. Башты

узун сакалынан бурдап өйдө көтөрдү эми эле анын жанын алган.

— Ого?! — дешти алар. — Кайдан таба койдуң муну?! Ого, интересный экземпляр!*

— Өзү келди, — деди, мактанды берки.

— Эмне кыласың эми муну?!

— Чийки жемек белем?! Олжо, жеңиштин эстелиги болот, катырып алам. И!? Ошо!

Бу ушунчалык көптү билген эргулга да, сакалы чубалган башка да таңыркашып, улам бири сакалдын учунан чымчый көтөрүп, күлүшүп, бабырашып турушкан.

«Тиги калды», «бу калды» деп качканды кууду-руп, өлө албай онтоп жаткандарды, кокус айыгып кетпесин, штык менен сайгылатып, кыргынды башкарып жүргөн сотник ат үстүндө опоңдоп келип калды.

— Ого,— деди ал дагы чоң олжону көзү чала,— кайдан таптың?!

— Катырып алат имиш ко?! — дешти, шакебелешти жабыла каткырыша баатырлар.

— Күлкү эмес бу, — деди сотник, — баалуу экспонат! Турат ко бу жабайылардын биринин баш сөөгү тиги эле Империянын ыйык Санкт-Петербург музейинде?!

— Уктуңарбы? — деп, олжо ээси кырына чыкты баарынын.

Ырас, улуу саякатчы Пржевальский так ушу Түп капчыгайынын ооз ченинде төштө малын көздөп жүргөн бир бечара улуу саякатчынын улуу экенин билбей качканы калганбы, өчөйө атына мине албай турганда улуу саякатчы «материалыма кошумча болсун» деп чалды атып илим үчүн башын кесип алган,* сотниктин эсине келе калган башы ошо баш.

— Ну, кантип алып кетесиң эми муну? — дешти.

— Ие, оңой, — деп койду тиги, — баш териси сыйрылат, сакалы кошо чыгат. Башка теридей эле жакшылап ийленет, анан кургатылган башына кайра кийгизип алам. Ушу...

— Ого?! — дешти, — өзүңдүн колуңдан келеби ушунун баары?

— Колумдан келбесе, эмне, ыргытып ийемби?! О-о, куштун кебин өзүндөй кылып койкойтуп жасаган усталар бар.

Өзү да күлүп, баш ийкеп:

— Бар, бар, — деп койду сотник, жаагы жап болду баарынын.

— Эми, — деди, өрөпкүдү сотник, — те көрүнгөн тоо этегин бир сыйра сыдырып чыгабыз! Дайыма ушу челчең жерге чогулушат имиш, ушу жерден аттанышат имиш. Деми өчсүн, мүмкүнчүлүгү биротоло түгөнсүн.

Милдет ошо, дагы үчкө бөлүнө жортту аскер.

Төмөнтөн чуу, ый угулуп, бирок дөңгө чыга моюн созуп карай да алышпай, жүрөк бир шойкон сезип, кайра аны сайын кымырылып отурушкан ак коктуда, ар жыбытта экиден, үчтөн үйлүү айыл.

Кырка тарта, чоочутпайлы деген сыяк, акырын курчап келе жаткан атчанды көрүп, «...ыя, биздин күнөөбүз не, тополоңго катышпасак?!» деген, көңүлү ток, орустун адилеттигине ишенген тоо койнунда момураган байоолордон экен. Суусунга кымыз, ооз тиерге өзүлөрү ыйык эсептеген ак дасторконуна нан коюп алып, тосо чыгып калышты. Кара, жалдыроо көздө жылтырайт, аргасыздын жылмайышы ууртта ырсаят.

— К бою! — деди сотник.

Көз ирмемде дагы жулунган ат өмгөктөп, дагы жарк этти кылыч, шарт этти кылыч, алдага келген кары, дасторконун жая көтөргөн келин кыйылып жыгылды. Кымызы чачырап, жер түгү кийе башына ак гүл боло жайнап, наны тегеренип барып көмкөрүлүп калды.

Тездеп, тоо этектеп сыдырылды айылдар, тири жаны калтырбады, качпаганы кылыч мизинен, качканы кубалап тийген тажаал октон кутула алган жок. Баш баане үйү, үтүрөйгөн алачыгы, бу түгүл мал камаган чабырасы да өрттөлдү. Буга кейири, ыйлары кана?!

Кантсин, макулук болсо да башка түшкөн жапаны сезет турбайбы, шоңшоюп отура калып, балбалактап иттер улуду, иттер ыйлады. А байкуштар да улуган

бойдон калтырылган жок, качпаганы давла болунуп, качканы өчүгө кубалана атылып ташталды.

Мына ушун этип, ийгилик менен, даңк менен бүттү болмок бу кыргын.

«А жанагы аңгыраган үйлөрчү?» дей ыразы эмес үн чыгып калды капылеттен. Тинтилбей кала береби деген маани го бу!?

Эми аскер ошо жакка кайрылды, төрт жагынан тооруй бара ороду. Дагы кыбыр эткен жан көрүнбөйт, шыбыр эткен үн угулбайт. Сак болуш керек го?! Тарс! Тарс! Аткылап да көрүштү. Жооп жок!

Кыйкырып каптады. Биринен бири озду, кокус да колго тийсе тийип калар тигиндей, бири биринен кызганды, жеткенинче экиден үйдү ээлеп, аттарынан түшө тайтайып туруп калышты эшигине. Ок да, үн да чыккан жок.

Чын эле үйлөрдүн көбүнүн ээси жок экен. Тез качпаска аргалары бар беле?! Кийиз шырдагы, оор көрпө көлдөлөңү, курак төшөктөрү калган. Ушу да булардын жашоого керек буюму.

Кээ бир үйдө өңчөй кеселманы, жеттиккен карысы калган, булар жолжүрө албай балдарга бөөдө жүк, кырсыкка себеп болбоюн дегени, өлүмүн акыл менен мойнуна алганы. Ырас, кирген ажалы, аны билет, бирок көргүсү жок, былк этпей, атайы селт этпей биртке ээк көтөрө көз сүзүп отурат, өлөрүн да, кыларын да күтпөйт.

Өлөсөсүн өлтүргөндө не табат?! Карап койгон жок ажал аны, ликилдеп үй ичин тинтип кирди, төшөктөрүн бирден кагып, анан кыжырлана силкип ыргытты, кулп дегени жок жыгач жаванын кундактап карсылдата талкалап ачты, бирок эч бирөөгө айтпаган үмүтүн актабады, төшөк арасынан не шыңгыр деген, не биртке жылт эткен бирдеме ийри тумшугуна илинген жок. Сөгүнүп жиберди каратил:

— Мына, жабайы деген! Жыпжылаңач кембагал...

— Өрт! — деди, короздоно буйрук кылды сотник.

Бу дагы үстүнөн тапшырылган иш, кыңырылбай аткарыла турган милдет.

Кебез жууркан, төшөк биртке быкшып, кийиз буюм чыртылдап күйө каңырсып куйкум жыттанып, а тооздун куйругундай түрү, көчөтү кооз чырмалган чий ашкана, камыштан сокмо кыша баарыдан мурда шатырап оталды...

Ар бир үйдүн түндүгүнөн түтүн түрмөктөнүп, артынан аралаш кара-кызыл жалын дуу-дуу, күү-күү атылып кетти. Уугу күйө, кычырап сына чамгарагы жалынга тегерене түшүп жатты...

Те алыстан миңдеген, түмөндөгөн дагы бир балакет булардын шоруна кайра каптап келе жатканга окшоп, ушул эле өрттүн шоокуму жер чайпалткандай дүңгүрөп, арасынан недир бирдеме чарт-чурт, бирине бири өткөн, жалгашкан өрт биртке желге кылкылдап көйкөлүп, өзүнөн күч алабы, уюлгуп, удургуп чыкты бирпаста эле...

Кана, жанагы өлөсөлөрү?! Өрт талап, мөңкөңдөп чыккан эч ким жок, чыңырган, жалынган да үн жок...

— Мына, жабайы фатализм!

Баш баанеги түгүл булардын өзүн тирилей өрттөп турган жабайы эместер бири баш чайкап, бири көңүлүнө мактаныч батпай өрөпкүп, өзүнчө эле шерденип, үзөңгүсүнөн обдула кобурашып, буларды «жабайы болгон соң ар бирине коюлган аты да жок» экенине ишенип, адам өлтүргөндөй күнөө сезишпей манчыркап турушту үчүнчү Римдин жоогерлери.

Түтүн улам көтөрүлө, улам акырындап жайыла кийиз, куйкаланган эт жыттанган кара туман болуп Түптү бүтүндөй каптап тунуп, а балким эртеден бери чаңырган октонбу, а балким кара түтүндөнбү, а балким куйкум жыттанбы, кырдагы бөрү чоочуп, чердеги элик элтеңдеп, алардын да нарылабаска айласы калган жок...

...кыз жалгыз... эрини жарым ачылып, тиши тизген акак болуп көрүнүп, эки жагын эч тиктенбей, качырбоого коюлган кароолдун ага бары да жогу да бирдей, аны өз санаасы, өз кайгысы кара жоолук, кара ымырт болуп басып калган...

...атасы сулап жыгылган... азыр көз алдында, өлүбү тириби билбейт... аны күчтүү бирөөлөр эки колдон ала сүйрөгөнү эсинде, эне байкуш чыңырган... азыр угулуп турат... тарс деген... үнү тып басылган...

«...эмине үчүн атып таштабады мени?..» Таң калганы ушу. «И, урук болот белем мен!?» Коркпой калган эчтемеден, дили өлүм тилейт, жаш жок көзүндө, тикирейип алган...

...шарпа угулуп калды... дагы өзүндөй бирөөдү бирөө түрткүлөп апкеле жатканы сезилди... баш көтөргөн жок, бирөө эле эместей, караган жок...

...ана бир убакта саал демиккен, саал кыңкыстаган, бу тагдырына али көнө элек кыз кыялын байкады...

...ана, ошо былк этпей жер тиктеген абалы, кызык да, асте назер көз кыйыгына кызыл ашыкка түшө көйкөлгөн кызылы кызыл, жашылы жашыл, сарысы сары көйнөктөрдүн үчтөн кош этектери сеңселип келди...

Үч кош этек күйөөгө бериле элек кыз белги. Күйөөгө берилсе бирди төрөгөн соң кош этектин бири сөгүлөт, дагы төрөсө дагы бири сөгүлөт, үчтөн кийин келин көрк кызыгынан өтүп, «барган жеринен бак тапкан, отурган жеринен орун тапкан эне» катарына кошулганы болот.

«...мен сыңары эле сүйрөлгөндөр...» деди дили, былк эткен жок, өйдө караган жок.

А тыяктан:

«...Жаздап коюшкан го бу байкушту!?.» деп шыпшынган күбүр угулду.

Кыз баш көтөрдү акырын. Сур, кызыл, көгүл кундуз кийген, көйнөктөрүнө айрыма түркүн түс кемсалчан, баары алды артына төгүлгөн беш көкүл өзүнө теңкур сыяк кыздар.

Кылыч менен түрткүлөп айдап келген салбыраган ак мурут солдат кыздарга карай сөөмөй кезей эки кароолго чаркылдап, «качырбагыла», «бекем болгула» дегенсип, анан кыздарга «тургула ушуйерге» депби, күрүлдөй жер тебинди да, оор өтүгүн күрсүлдөтө басып кетти кайра.

Түшүнгөндөй болгон жок кыздар, бирок абалдын өзү эле былк этишсе жан кыйыларын туйдуруп, ар бири турганы турган, отура калганы отурган жеринде селдейип кала беришти.

Дагы эле те алыстан бирде бирден, бирде татырап атылган мылтык үнү оводо нечен ирет күңгүр дүңгүр өзгөрүлө кулакка илингенсийт.

Кыргын эмей немене бу деле!?

Эртеден берки ушундай чуу арасынан, кызы гүл болуп чачылган кан ичинен бирден терилип келинди го бу топ карагайдын түбүнө!? Немене үчүн!?

Тыякта эле не атып, не кылычтап таштаса ким арачалайт эле!?

Эми өлүм деген немене? Бир көз ирмем...

Кантсин, акыры башта бар бир өлүмгө баш ийип, баш ийген соң коркмок түгүл, өлүмгө таарынмак түгүл көзгө көрүнсө азаптан куткарар бир керемети сыяк ага кучак жаярга даяр боло, байкалбай кабак ачыла ирең жадырап, ууртка жаңы жарыла баштаган кызыл гүлдөй жылуу күлүмсүрөө көрүнө баштады... улам биринен...

Кеп чыкты эми!

«...кыздын канын сорушат имиш...»

«...кой, билбей айтып күнөө көтөрбөйлү...»

«...жашарат имиш ошондо...»

«...кайдан уктуң муну?...»

«... апам эле айткан... болбосо мине быякка бөлүп келип отурушат...»

Жооп кана буга!?

«... уккан жалган, көргөн чын, — деди мыкчыйган, найзакердей сур кыз.

Элтейе калышты кыздар бир шумдук күтүшө, «айт» дей алышпай.

Кабагы түйүлө, кашы чимириле:

«...өлтүрсө жан кыйналбай өлүп тынып... кан сорсо каныбызды сордуруп кутулат элек ко!? Жо... — деди, — бизди бузат, кыз баркыбыз булгайт...
Чур дей түштү кыздар.

«...сурап отурбайт, зордуктайт... каяша кылып көр, көптөйт... канчоо болсо ошончосу ит кумарын кандырат... — деди, — ошо...»

Бири жер тиктей, бири жүз үйрө тымтырс боло калды кыздар. А сур кыз аны сайын дагы бир эт үркүтөр бирдеме айтардай ар биринин жанына барып, жүзүнө бага тирмейди. Не дей алышат эми!? «Кой, сен, болбогон сөздү деше алабы!?» Боло турган иш бу!

Кызылы кызыл агы ак, ылдай кирпиги, бото көзү эрке кыял сездире кылгырган кыздан:

«И... атың ким, периште?..» деп асте сурады сур кыз.

Периште кыз:

«А өз атыңыз ким?..» деп койду жымыйып.

«Керекпи сага?..»

«Сизге эле керекпи?..»

Биртке күлгөнсүп алды сур кыз:

«Мен Жаңыл Мырза эжеңмин!»

Сүрүшкөнсүгөн кепке кызыга кыздар үйрүлө калган.

«О-о, — деп алды сулуу кыз, — сиз качанкы өткөн Мырза эже болсоңуз, анда мен Кишимжанмын...

Тамаша кайым сезе күлгөн боло калышты кыздар.

«Ө-хө-ө, өз бааңы билесиңби!? — деп алды сулуу кызга ыразы жүздөнө Жаңыл Мырза эжеси. –Ыя, Олжобайың бар экен э?

Бири:

«Качан тирилип келе калдыңыз, Мырза эже?»

Сур кыз аны сайын сурданып:

«Ушу азыр тирилип турам, — деп жиберди, — айтып койоюн, мен эми кордоо, зордоо түгүл сынтакканды көтөрө албайм!

Дагы бири шыңкылдап:

«...и-хи-и, сиз Жаңыл Мырза болсоңуз, анда мен Ак Берметмин!

Дагы бири коштоп калды:

«...а мен Ай Канышмын...

«...Ай Чүрөкмүн...

«А мен... — деп элирди те баягы жалгыз отурганы, — болгонго жараша, Каныкей энем эле болуп алсамчы!?

«А-а-и-ий!..»дешти шау этише.

Ушул азыр ар биринин башына түшүп турган калпыс тагдыр бирпаска унутула кала, тиги эле кеңирсиген төр жайлоодо сейилдеп жүрүшкөн сыяк күлкү чыкты шатыра шатман.

Жаңыл Мырза:

«...же бир кыз оюнда... же бир жердеги каркыра боло кылактаган тынч көчтө... жандай келип көз кыйыгы кылая астыртан тиктеп... аттиң ай, жай сураган боло кылтыя сөзгө тартып таанышкан бозой болбой койду беле... ар бирибизде...

Күн нурундай жаркын күлкү жылт жоголуп, заматта үрөйлөрү күүгүм жамына туштү кыздардын.

«...мына эми... — деди эми зарделүү Жаңыл Мырзасы, — ошо дил билги өз бозойлор кана... биз эми алар менен тиги дүйнөбүздө көрүшөрбүз...

«...ыя... — деди эрини титирей катаал, — кимдир бир арамды үстүбүзгө тырмыштырбай... ыя, ошо

наристе кеткендерге биз дагы наристе бойдон барабызбы...

«...же... — деп, кыздарга шылдың сыяк күлө карады, күлкүсү күлкү болбой эчкирген ый болуп, жүзү тырышып, — жаттын, кастын ит кумарын кандырганына көнүп... арыбызды тебелетип...ыя, булганып, сас-сып калалыбы?..

Ушундайбы!? Нес болуп калды кыздар.

Ушу «жабайы, жарым жабайы» кыргыз байкуш «...кыз бирөөнүн бүлөсү, жакшы таалим, жакшы үйүт менен барсын акыры барар үйүнө... аткарган ата-энеге тарбият кылбаптыр деген кинээ сөз калбасын...» дешип, кыз баланы тыш жумушка жумшаган эмес, мал артынан салган эмес... бир ууртам ачуу, мууздалбаган арам этин таттырбай, колундагы бакма кушундай, улуу тоонун тескейинин гүлүндөй асыраган, «...кыз баланын эртеңки багы атанын мойнунда...» деген осуят туткан «жабайы».

Кантсин, тирге коюлган көгүчкөн сыяк бирде күйүгө тыпырап, бирде айласы түгөнө мүңкүрөй тынчый калып турушкан бей чара кыздар кечеги убагында ата төрүндө атанын, эненин көкүрөгүндө болушунча өз элинин нечен миң жылдык рухий дүйнөсүнөн кабары болбой, адеп мектебинен өтпөй койгонбу!?

Үч эле кыл комузунан бирде шыңгыр каккан кыз кыял, бирде шаркыратма боло төгүлгөн дуу, бирде өкүм жоргонун жүрүшүндөй шаң, а бирде күңгүрөнгөн арман, арылбас муң сиңген. Өтмүшүнөн жөө жомогу жөрмөлөп жеткен булардын кулагына. Эр жигит эл четинде жоо алдын жалгыз тоскону, жан дүйнөнү термеген не адеп ыйба, не эркек наркы, не айел баркы, не көңүл ышкы жөнү «атабыздан калган сөз, ат көтөргүс болгон сөз» делинген оозэки не кыска, не узун сабак дастандары тамсилдеп, адамгерчилик улук нарк насыйкат болуп келген эле го!?

Мына, кыйын кыстоо! Сермелген колго кире түшкөн ак учукту шаша кармай калган сыяк кыздар көк ирим

деңиз рух дүйнөсүнөн чыныбы, ооз учунанбы, иши кылып, бирден ысым оозанды.

«Жо... мейличи... эмне кылса ошо кылсын... жо... тири калсам болду...» дей мыңкылдаганы угулган жок. Бу не? Бу өлүм коркунучуна тике карап, аруу ургачы сапатынан айрылбай бул жаркыраган дүйнөдөн аруу боюнча кете бериш ниетпи?

Мына ой толгоо.

«...дили бир тили бир өз элиң эсен калар болсо... мейли эле те эсте жок көөнө замандан берки ата конуш жериң тынч болор болсо... ушуга жарап бир күн талпагы, эртеси элине кошулуп өзүң кала берсең андан наркы буйрулган өмүргө жарасак деген болор беле... бирок, эртеңки күн элиңки да сеники эмес...»

Те теренде Түп... жээги аяк салар жээк эмес көк жалтаң аска... жел ыгына жараша шарпа шоокуму бирде пас, бирде буркан шаркан... көбүгү бирде нур талаша жылтылдап, бир жери уюлгуй, бир жери имериле бурала, бир жери түрмөктөлө кылтылдап ак көк көбүктөнгөн өктөм дайра...

Бийиктен ээк суна карады Жаңыл Мырза:

«...таза болсоң суудай бол, жакшы болсоң туудай бол... — деп алды, — тигине бизди корлуктан сактаар таза мүрөк...»

Өзү да, ушу бойдон кете берейин дедиби, көз сүзө эңилип, дагы бир кылар иши эсине келе калгандай баш силке өйдө болду:

«...ушу... көйкөлтүп ыйык көлгө жеткирет... бирибиз ак балыгы болуп... бирибиз айлуу түнүндө ырдаган periси болуп кетебиз...

Ана, түшүнүксүз кобур үн, баягы тааныш күрсүлдөгөн оор өтүк кайра келе жаткансыйт, жөө дүбүрт.

Жалт элик сымал селт этишти кыздар. Тигине, кутурма тийгендей чагырмак көз кылыйган, тиши арыл-

даган бөрүдөй арсайган, бир караганга баары күчү ашынган сөөлөт, караан.

Эң алдыңкы эки ийни жаркылдаган, чоңу ошо го, «бу меники», «а бу сеники» дегениби, сөөмөй силке ишарат кыла, а бирөө, аңгидей кутура ошо басыгында эле шым курун оңтойлото, дуулдаша келди.

Нары алсыз, нары назик, нары капестеги чымчыктай, нары аргасыз кыздар чур эте үрккөн майда улактардай бири булак эте, бири кылак эте сыгыла түштү асканын кырына.

Не ыйлактай, не кубана ат темингендей «...мен кетти-и-им...» деген каргыл үн аны сайын акылды эңги деңги кылып жиберди... Жаңыл Мырза экен, кокуй... тигине, ободо этеги-жеңи делбирей... быяктан «...эжеке...» дей бир эчкирген чыңырык коштоп, андан наркы көз ирмемде Мырза эжекеси жарып түштү көк иримге.

Тарс!

Бу ок үшүн ала алган жок кыздардын, кайрышка жараган жок бу жолу, сүрөө болду аны сайын... ошо көз ирмемде «чый чуй» эте ар түркүн түс кийимчен наристелер бири аккуу, бири куйругу кулач чубалган тоту бейиш кушу, ободо калкылдап бара жалтылдап өркөчтөнгөн дайранын ар мерчемине бой жашырып кетти.

Бөрүдөй жулуна этектен бурдашка үлгүрбөй калган экөвү төрт болгон көзүнө жин да кан да толгон букачарлар асканын кырына тиреле келише баары эңиле карап кыздардын не өлүгүн не тиригин көзгө илинте албай баш чайкап туруп калышты...

Эки ийни жаркылдаганы түкүрүнө сөгүнүп кайтты. Не дейт эми буга!?

«Ну, кача албас жерге кайтарып тургула дебедим беле!?» деп кыжынды.

«Кача албас жер деген ушу да... топ каргайдын ээн түбү, бир жагы аска... — деп актанды баягы оор өтүкчөн кары старшина, — минтип кетишерин билбедик да!?»

Те жер каймактаган убактан берки түгөнбөс жолун, күрпүлдөгөн бек айбат шоокумун улап жатты Түп дайра...

Жан кечиш!?

Бу не, коркконбу, каяшабы!? Нары сөз, бери сөз, бирок кудайын да, өзүн да, жүрүмүн да эч жанга теңебей көнгөн, өзүлөрүн европа турмушунун өкүлү деп ойдосунгөн эргулдар жарык дүйнөдөн жарытылуу эчтеме көрүп үлгүрө элек наристе кыздардын бу жоругун «жабайылыгы» дегенден башка жүйө, баа таба алышкан жок.

Бошонсо барар жери, баш баанеги, кабагы түз болор жакыны болбогон соң те бир убактагы аскерге жыйырма беш жылга алынган рекрут тартиби сыяк солдатканада «көп жылга» кала берген старшина колтойто оролгон какырым тамекисин кызыл ээк сасык оозунан кыжырлана түкүрүп таштады. Бир мерте да аялзатын искебей, жан үзүрүн сезип көрбөй, нечен жылдык өмүрүн кээде өзүндөй эркек чалыш менен «кумар жазышып» өткөргөн неменин көңүлүнө бу бир учураган кезмет бөөдө колдон чыгып кеткени, эң акыркыдыр, тымызын үмүт демин биротоло жексен кылып, кайра оролбос, кайра толбос өкүнүчкө кабылтпай койгон жок...

### «ЖАЗАЛООЧУ ОТРЯДДАН ЖЕТИСУУ АСКЕР ГУБЕРНАТОРУ ФОЛЬБАУМГА БЕРИЛГЕН РАПОРТ

**Түп суусу аккан баш аягы 8 —10 чакырым капчыгай кыргыздан тазаланды, үй мүлкүн, 200 — 300 боз үйүн өрттөп жибердик, малы 200 — 300 боз үйүн өрттөп жибердик, малын толук бойдон алдык, Пржевальскиге айдаттык, Теплоключенски станицасына өткөрүлүп берилди...**

**...өлгөнү, жарадары болуп 70 — 80 кыргыз, тири колго түшкөнү 13, Пржевальски түрмөсүнө камалды...**

**...жылкы көп, эсеби жок, кара мал 1645, майда жандык 10221, баары болуп 12038 баш олжо кылынды, жалпы эсебине акит жазылып коюлду.**

Жан кечиш!?

Бу не, коркконбу, каяшабы!? Нары сөз, бери сөз, бирок кудайын да, өзүн да, жүрүмүн да эч жанга теңебей көнгөн, өзүлөрүн европа турмушунун өкүлү деп өйдөсүнгөн эргулдар жарык дүйнөдөн жарытылуу эчтеме көрүп үлгүрө элек наристе кыздардын бу жоругун «жабайылыгы» дегенден башка жүйө, баа таба алышкан жок.

Бошонсо барар жери, баш баанеги, кабагы түз болор жакыны болбогон соң те бир убактагы аскерге жыйырма беш жылга алынган рекрут тартиби сыяк солдатканада «көп жылга» кала берген старшина колтойто оролгон какырым тамекисин кызыл ээк сасык оозунан кыжырлана түкүрүп таштады. Бир мерте да аялзатын искебей, жан үзүрүн сезип көрбөй, нечен жылдык өмүрүн кээде өзүндөй эркек чалыш менен «кумар жазышып» өткөргөн неменин көңүлүнө бу бир учураган кезмет бөөдө колдон чыгып кеткени, эң акыркыдыр, тымызын үмүт демин биротоло жексен кылып, кайра оролбос, кайра толбос өкүнүчкө кабылтпай койгон жок...

## «ЖАЗАЛООЧУ ОТРЯДДАН ЖЕТИСУУ АСКЕР ГУБЕРНАТОРУ ФОЛЬБАУМГА БЕРИЛГЕН РАПОРТ

**Түп суусу аккан баш аягы 8 —10 чакырым капчыгай кыргыздан тазаланды, үй мүлкүн, 200 — 300 боз үйүн өрттөп жибердик, малы 200 — 300 боз үйүн өрттөп жибердик, малын толук бойдон алдык, Пржевальскиге айдаттык, Теплоключенски станицасына өткөрүлүп берилди...**

**...өлгөнү, жарадары болуп 70 — 80 кыргыз, тири колго түшкөнү 13, Пржевальски түрмөсүнө камалды...**

**...жылкы көп, эсеби жок, кара мал 1645, майда жандык 10221, баары болуп 12038 баш олжо кылынды, жалпы эсебине акит жазылып коюлду.**

**12 — 14 чө мылтык, колго жасалган кылыч, азырак ок, ок жасай° гурган шайман түштү колго, атканга жарары өрттөлдү...**

***Сотник ВОЛКОВ.***
***1916 г. августа 28 (сентября 10)»***
*(ЦГА Кирг ССР, ф. 77, д. 34, л. 41)*

## *4*

Миң катмар улу тоо.

Бирок, ар бир жылгасы, колоту, түз тектири бош эмес, «бу паланчанын жылгасы» «бу түкүнчөнүн колоту», «а бу бийдин тектири» делинет, а жыл сайын үзүлбөй, кечикпей жайлоо маалында ээси качантан экени белгисиз атадан калган өз конушуна келип конот, эч ким басмырлай келип коңшу боло албайт, кыштоо сыяктуу эле ыйык менчик.

Бирткe Төлөк уругунун айылы өз конушу ашуудан наргы жайлоо төрүндө эле. Мал жайытына жараша бөлүнө, окчундаша үй көтөрүшөр ыйык жердин кереметине, мүрөк сувуна атап кан чыгарып, малдын жандын тынччылыгына үймө-үй түлөө кылып, жаратқандан тиленип, эл катары тынч күн көрүп жүрүшкөн.

Чөлдөн чуу чыкты.

Кече онсегизден кыркка чейин эрбүлөнү кара жумушука алмай болуптур дешти. Ыя, бечара кара аламан элге тынч күн өткөрмөй убак батып кеткенби байкатпай?!

Мейли го, элкин тоо ичинде көмүскө жыбыт азбы, тегерегиң кык болгондо биртке ташынып журт жаңыртып алып, кулакты жапырып, жер тиктеп жүрө берсең да жетишмек, а бирок уруктуу, уюктуу элден бөлүнө албайсың, кулагың укпай койобу, курсагың кайнабай койобу, дуудан тышта кала албайсың?!

Төлөктүн акыл башы, билерманы Ыманкул, эрте окуган багымдатынан соң көңүлү биртке тынчып, бир-

ачпаган, октон качкан кийиктин алдын тоспогон, али ыманы бүтүн байоо кыргыз неден, неликтен жазды экен?! Күнөөсү не?!

«Ыя, — деди өзүнө бир убакта, — кышы жылым, жайы салкын, суву мүрөн жери өзүнө каршы, өзүнө күнөө болуп калганбы?.. «Жо...» деди ой түбүнөн кары, буга ишенгиси келген жок. «Ушунчалык да зорлукка барышабы?!» деп күйдү. «Жо...» деди дагы, үч салаалап чокуна тоуба кылган пенделердин зорлугуна ишене албады, ырас күч алган, ан этсе да ар кимдин, эгер кылмышы болсо, ошо кылмышына жараша берер жазасы да, кечирими да, адилеттиги да жок эместигине ишенди.

Эртеси таң кулан өбөк кезде жапырт үй чечилди, унаага жүк коюлду, ийрилген бир таман тоо жолуна чубалып түштү көч.

«Ой, тыякта кан күйүп жатса, ыя, Ыман аке чөлгө карай тартыптыр го?!» деген кабар дароо тарады. «Чын да, тийбегенге ким тийсин?!» дешти. «Кутуруп эле кетпесе...» дешти. Жакын, окчун отурган башка айылдар шашыла, түрүлө көчтү артынан.

О, кайдасың, кагылайын жылуу уя Сары Өзөн?!

Көч алды Ыманкул. Мына ашуу, төбөң көк чийип өтөсүң деген бийик бел. Өзүлөрү көрүнбөйт, күкүктүн үндөшкөнү кулак кескендей ыңжыңсыз тынч теребелге жан да, шаң да болуп тургансыйт. Ак, көк шумкарлар көзгө илешпей куушуп ойноп жүрүшкөн сыяк жел ойкуштап, желдин капшабына муңканган зейнеп менен зар какшанган Күкүк үнү бир азга тына, өчө калгансыйт.

Тигине Сары Өзөн! Сары каймактап мелтиреп, ар жеринен али көгала бойдон турган топ камыштары карарып, кең жайыктын ортосунан күнчыгышынан кыблага карай жыландын жонундай жылтырап, күнгө чагылышып аккан суу көзгө илинет.

Нары бети Кордой, бир убакта тиги эле үчалматы, Итичпестин ала көл айланасын имерип көзөмөл кылган ушул эле Бөлөкбайдын Жамангара баатырынын жайы да, кышы да камыштан алачык тиккен кароол-

бели турат былк этпей. Аттиң дүйнө, кимден гана калбаган, кимдер гана албаган?!

Жел шамалга айланып, эки жаккы кырка көк муз чокуларга боз болуп аны сайын ава муздап, бирпаста көз көрүнө ызгаар кар боройлой баштады. Жалгыз айла тез ылдыйлаш.

«Өш», «өш» деп, унаага дем берген, өзүн өзү шаштырган үн ар туштан бир шоңк этип, аны түзүк угузбай, ким экенин болжолдотпой кара бороон уюлгуп айдап, изди бут тарткыча кар көмүп, алдыңкы кетер төтөнү тегиздеп жатты.

Канте да, көч алды улам төмөндөп, көч арты куйрук улаш, акыры бийик белдин бороонунан алыстап, кишилер бирин бири көрүп, «кудай кутултса кутулдук жер ызгаарынан» дешкендей тиштери кашкая баш ийкенишип калышкан. Эми капчыгайга түшүшүп, Ыссык Суу чөлкөмүнө жетер жетпесте кууштун эки бетинде экиден төрт атчан орус аскери турганы байкалды.

Жүрөк шуу этпей коймокпу, аттиң ай?!

Тарс этти тиги беттен, парс этти бу беттен. Кудай өзү асырадыбы даргөйүндө, жыгылган бирөө көзгө чалынбады. Ташка тийген эки ок чаңырып, кыйылдап, кайдадыр кайып кеткенсиди. «Бизди атпаган экен, атпайт экен...» деди Ымандын дили. «О, жараткан, мунуңа да шүгүр...» деди.

Сүйүнгөн жылым жүз кылып, ортого бастыра чыкты Ыманкул. Төрттүн экөвү машасы тартылуу мылтыктарын эки жактан кезей тороп калды.

— Тохта-а! –дей чойо татарча чалды бири, жалгыз эле Ыманкул эмес баары аңдады муну.

«Ой, неге токтойт экенбиз?!»,

«Ыя, кыштар жерибизге өтпөйбүзбү?!»

Көбүнүн көңүлүн булкту, оздон чыкты бу. Тарс! Тарс!» Жообу ушу болду. Токтоду көч алды.

Алды эмне болгонун кимиси билсин, арты сүрүлө келе тыгылышып, жүктүү унаалар жөөлөшө шыкалып, бели талыганы, күчсүзү туруштук кыла албай очорулуп калды.

«О, кокуй, тартсаң боло өгүзүңүн башын?! Казаным сынды го?!»

«О, кагылайын, жол кана, атып атса, каякка тартам?! Көккө тартамбы...»

Жаңжуң, ыйламсыраган кейиш көбөйүп, кайыккан жылкы кишинеп, кара мал мөөрөп, кошул-ташыл болуп, капчыгай ичи каңгыр күңгүр жаңырыктады.

Муну атайы, каяша деп түшүндү белем, эми тиги үн чыккан жакка удаама-удаа ок чыгарып жиберишти аскерлер. Бир ок бирөө минип турган атка, бири жүктүү өгүзгө тийди, ат чыңырып, ээси кошо жыгылды, өгүз бөкүрүп, жүгүнө кошо оодарылып кетти. Тып басылды адам үнү, өлөр абалды сезет да жумуру баш, дем тартпай дым болуп калды баары.

Ар бөлөк бойогон сыңары сакалы ак, муруту буурул, көзүн жаба түшкөн өскүлөң кашы кара бойдой, булар көргөн көп туземчилер сымал теңирекей эмес, мурду кырдач, буудай өң Ыманкул буларга башка жактан оошкон өзгөчө бир экземпляр болуп туюлду, имерип, кобурашып тиктешти.

«Кепке келишер түр...» деди кыраакы Ыманкул, үмүт акырын ойгонду.

Кайрымы бийик, төбөсү чокчогой сур сүлөөсүн төбөтай, жакасы белине жеткен көйкөлгөн бөрү ичиги таң калдырып турабы, не экзотика кызыктырабы, төрт эмес сегиз көз ошондо.

Муну да сезди Ыманкул, жылым үмүтүн тымызын өрт алды, ушул азыр жол ачып коюшса жалгыз ичигин да, төбөтайын да чечип берип, атын кошо тартуулап, ыракматын ырдап, кошоматын коштоп айтып, жөө жалаң соксоңдоп көч алдына түшө беришке даяр болуп, эт-жүрөгү кылтылдап турду.

— Бабай, — деп кеп ачты татарчалаган.

«О, алла... — «деп жиберди ичтен Ыманкул ным сакалын бурдай кармап».

Тиги анын көңүл толкунун байкап:

— Биз өзүбүзчө өткөрө албайбыз, бабай, — деди, мустарап кылды, — жогортон уруксатсыз силерди өткөрүп жиберсек жоопко тартылып калабыз!

Бирок, өзү кынжылды, төрт аскер үйрүлүшө кобурашып калышты. Баш көтөрө тиктешти кардын бороюн, кайра, дагы кайра тиги жүгү түшпөй мөгдөп кар алдына турган көчтү сыдыра тиктешти. Не демек абзел?!

— Биз өз башчыбызга кабар кылалы, — дешти акырында. Желдирген бойдон кетти бири.

Үмүт кайра жалганды.

Жапырт жүк түшүрдү көч. Бир сээлдеп, кайра күчөп, кар токтогон жок. Эртең чоң төрө келсе, акыбалды көрсө, боору ачыса уруксат кылар, уруксат болсо, жүк курусун, жаш балдарын көтөрүнүп, сойлошсо да ылдыйлап кетиш көңүл көтөрдү. Түнү бою көз ачырбады кар...

Чын эле кабар жеткен экен!

Эрте таңда шашкансып узун бойлуу, куба жүлүн, мурут коюнбаган бир жигит агасы келди.

Ыманкул өзү баш болуп, карын кагынып, тамагын кыра-кыра жөтөлүшүп, төрөдөн көз өтө тосо басышты бир тобу:

— Ас-салоому алейку-ум... — деп үн созгон Ыманкулдун саламын кобурап коштой, баары тизиле көкүрөк ийие таазим кылып калышты.

Түшүнбөдүбү, маани бербедиби, алик алган жок улук төрө, көңүлү да, көк шурудай тиз көзү да буларда эмес, ат үстүнөн кол серелеп, те алыстан баштап капчыгай ичин тегерене тиктеди. Ар жерден кар алдынан суурдай баш көтөрүп караган жаш балдар, бирине бири ыккан, карыш жыла албай карга батып турган төрт түлүк көз алдынан өттү. Кишилердин төбөсүнө, ийнине улам тоңуп кар үйүлгөн. Сайдын таманы деле, эки капталы деле дөмпөйөт. Кар баскан ташко?! Жо, кай бири анын көз алдында козголуп, кар жарылып, биринен эмчек эмген баласы көкүрөгүнө жабышкан аял затын көзү чалды. Уяты бар окшойт ко?! Улук төрө жүз үйрө терс айланып, ат үстүндө ой кудугуна түшүп кеткендей үңкүйүп токтоло калды.

Баш чайкады, оозунан сөз чыккандай болду. «Ким

булар? Кайдан келиптир? Сура...» дептир. «Чынын айткыла» деп эскертти биртке татарча кайлама.

Ушуга жеткирген кудайга ыразы болуп, Ыманкул жооп кылды:

— Биз ушул эле жерликпиз. Ысыката, Бөлөкбай болуштарынын элибиз. Жайлоодо элек, жаңжалга аралашкан жокпуз... Эми, кантебиз, чоң жайлооодо элек, жаңжалга аралашкан жокпуз... Эми, кантебиз, чоң жайлоодо малга оттор эчтеме жок, азыгыбыз да түгөнгөн. Түшөлү дедик жылуу түзгө, оруска барып берели дедик. Не десеңер ошо болсун, аскерге алгыла, кара жумушка алгыла, кайда болсо ошоякка, биз баарына макулбуз...

Акыбалды көрүп турбайбы?!

Токтолбой баш ийкеди төрө. Сүйлөшө калышты.

— Биздин төрө, — деп, буга да ыразылык өзү кошо убада кыла тургансып, көтөрө үн салды «чала татар», — мына ушу бүгүн эле чоң аскербашыга тезинен кабар кылам деди! Уруксат алып берем деди! Бу киши үчүн сыйынгыла өз кудайыңарга!

Чала, бирок маанисин аңдап:

— Кудай жалгасын... кудай жалгасын... — дешти Ыманкулдар.

Бейчара эл кубүрөп бабырап, көз жашыбы, кар нымыбы көлшал жүздөрүн астейдил сыйпаша, астейдил бата кылып калышты. Дагы эле күңкүлдөшө бири «жакшы төрө экен, көп жашасын» деди, бири «кем болбосун» деди, дагы бири «эч жамандык көрбөсүн» деп алкады.

Ушу Ыссык ата ашуусун кайтарууга коюлган атайын команданын ошол күнкү топ башысы «жакшы төрө» чын эле жайлоодон түшкөн элдин жаман акыбалын бирден санап, суроосуна кандай жооп алганына дейре тизип, эптеп бул элге бир жардам, ырайым кылынышына ыктатып, жогору жагына маалымат кабар жиберди.

«Б И Л Д И Р М Е

(Көчү токтотулган кыргыздар жөнүндө Токмоктун гарнизон башчысына Ионовкадан )

Билдирем, бүгүн кечки саат 9да келдим, жарым сааттан соң эле чалгынга жиберилген караол тобу көп кыргыз көчүп калганын кабар кылды мага. Малы, катын калачы, майда балдары кошо имиш.

Бардым, сурасам кыргыздар Ысыката, Бөлөкбай болуштарынын эли экен, Суусамыр жайлоо жеринен ылдыйлаган себеби азыгы түгөнүп, малына да кайсар чөп табылбай калган имиш.

Оруска каршы чыгышпаган экен, акыры минтип кыйналган соң «оруска эле баралы» дептир. Колдо бар курал сөрөйлөрүн алдыма таштап, «кошуп алгыла, кайда десеңер жумшагыла, мейли солдатка, мейли кара ишке айдагыла, каякка десеңер ошояк-ка макулбуз» дешти.

Кандай буйрук болот, эмне кылалы буларды, кырып таштайлыбы, же сиздин карамагыңызга жөнөтөлүбү, дегиси мындан нары ушун этип келгендерге кандай мамиле кылабыз? Көп келет окшойт дагы.

Бүгүнкүсү канча экенин айта албайм, түндө келип алышыптыр, тобуна карасак 100 чө эркек, 100 чө аял, бала чакасы көп, 150 дөй го, окко алышка диттене албай калдым.

Кантем, малын эмне кылабыз, кою эле 300 дөй, а жылкысы, кара малы, жүк арткан унаалары да арбын.

Бир жаңсыл тапшырмаңызды күтөм.

*Прапорщик КУЛАГА.*
***1916-ж. сентябрь 27 (окт.10)»***
*(ЦИГА Каз. ССР, ф.76, ол.1, д. 2140 а, л.51, свз.92)*

Бей чара эл кубанч менен кайгы улам алмашкан сарсанаа толгонтуп күн кечкиртти, бир жаңсыл кабар келбеди. Эртең келер, эртең уруксат кылар?! үмүт менен таң сүрдү. Көз тешилип, жол карады бири карга

## «БИЛДИРМЕ

**(Көчү токтотулган кыргыздар жөнүндө Токмоктун гарнизон башчысына Ионовкадан )**

**Билдирем, бүгүн кечки саат 9 да келдим, жарым сааттан соң эле чалгынга жиберилген караол тобу көп кыргыз көчүп калганын кабар кылды мага. Малы, катын калачы, майда балдары кошо имиш.**

**Бардым, сурасам кыргыздар Ысыката, Бөлөкбай болуштарынын эли экен, Суусамыр жайлоо жеринен ылдыйлаган себеби азыгы түгөнүп, малына да кайсар чөп табылбай калган имиш.**

**Оруска каршы чыгышпаган экен, акыры минтип кыйналган соң «оруска эле баралы» дептир. Колдо бар курал сөрөйлөрүн алдыма таштап, «кошуп алгыла, кайда десеңер жумшагыла, мейли солдатка, мейли кара ишке айдагыла, каякка десеңер ошоякка макулбуз» дешти.**

**Кандай буйрук болот, эмне кылалы буларды, кырып таштайлыбы, же сиздин карамагыңызга жөнөтөлүбү, дегиси мындан ары ушун этип келгендерге кандай мамиле кылабыз? Көп келет окшойт дагы.**

**Бүгүнкүсү канча экенин айта албайм, түндө келип алышыптыр, тобуна карасак 100 чө эркек, 100 чө аял, бала чакасы көп, 150 дөй го, окко алышка диттене албай калдым.**

**Кантем, малын эмне кылабыз, кою эле 300 дөй, а жылкысы, кара малы, жүк арткан унаалары да арбын.**

**Бир жаңсыл тапшырмаңызды күтөм.**

***Прапорщик КУЛАГА.***
***1916-ж. сентябрь 27 (окт. 10)»***
*(ЦИГА Каз. ССР, ф.76, ол.1, д. 2140 а, л.51, свз.92)*

Бей чара эл кубанч менен кайгы улам алмашкан сарсанаа толгонтуп күн кечкиртти, бир жаңсыл кабар келбеди. Эртең келер, эртең уруксат кылар?! үмүт менен таң сүрдү. Көз тешилип, жол карады бири карга очорулуп, бири тизесинен кар кечип тегеренип, эри-

ни kebерсип... үч жолу көз карайлатып кирди күүгүм, эми келери келер, болору болор?! Жок, кар учкунун мойнуна түшүрбөй чоң ичигинин жакасын чүмкөнүп отурганы отурган Ыманкулдун. Кокус, адашып эле келбесе, уйку кайдан келе калсын мындай ит өлгөн суукта?! Кыбыр этерге ал  да жок, ошо саал кыңкайганы бойдон улам эңкейлеп карга ныгырылып калды.

Үн берейин деди балдарына бир ою, «кой, өз алы менен болушсун» деди бир ою. «Мейли, — деди өзүнө, — бозуп барып бөтөн жерде өлгөндөн көрө өлүгүм минтип ата журттун четинде калган абийир...» Өзүн өзү сооротқондон жок, кудайлык ниети ушу калды.

Күнү кече  бир келини үшүгөндөн не сүйлөй албай, не ыйлай албай эрини титиреп, баласын Ыманкулдун алдына сунган. Кантсин, көрдү бей чаранын  абалын, «...ата, тонуңузга катып алыңыз, ата...» дегенин түшүнгөн, бир арга деп, өлүмдөн алакачып келгенин сезген, көзүн ача албай тула бою бүт титиреген баланы унчукпай койнуна  алган чоң атасы.

Ушул абалында да небере койнунда, жан бар, акырын кыбырайт, кошо каткан нанынан биртке оозуна берет, басылып калат, улам жылым жерине жылдыра кымтылайт чоң атасы. «...көрөр тагдыр ушу болсо мейли бүгүн өлсөм... эртең Адилбегим тирүү чыксын койнуман...» деди, баланын аман калышын тиледи ичи кең Теңирден. «өлөйүн... жаным ушу балага курмандык болсун...» деп, өз көңүлүн тындырды Ыманкул.

Убада кана?! Ыя, уруксат кана?! Суугa агып кеткенби?!

Тигине кайтаруу,  катыран, улам төрттөн алмашып, түндө көз албай, кылт эттирбей карарын карап турушат.

Тарс!

Бирөө атылды го?!

Жо, тура калган, корккон бирөө жок. Жатканы жаткан жеринде кардан карая баш көтөрө  албады, турганы турган бойдон эки колун жеңине тыгып бүрүшкөнүнөн жазылбады. Ок тийген жору далбайып, куду Ыманкулдун жанына түшүп калды көктөн.

бирөө да, муну андан эч ким талашпасына көзү жеттиби, тышкы чолок ак тонунун көкүрөгүн ачып, ыссык төшүнө кымтып алды.

Бири таң калып, бири кызматтан шыпырылганына күйүп жиндеп кетти окшойт дегенчелик күлө тиктеп калышты орус атпай. Өз жеринде жерине акысы жок болуп, ээн капчыгайда тоңуп отурган байкуштар эстен ажыраган, ар бири өз жаны менен, былк этерге, шырп этерге ою да, деми жок үңкүйүшкөн абалында калды.

Эми шашты, эч кимиси менен үн бере да, баш ийкей да кайырлашпай өзү жалгыз аттанып кетти Кулага.

Үлдүрөсө да кыя тиктеген көз көргөн, өлмөсөк көкүрөк байкаган.

«Ыя... төрө жаңырган го... мунусу деле калп айта берер...» деген кимисинен болсо да түңүлгөн санаа.

Оор карга киши түгүл төрт аяктуу мал капталына дейре батып, жыла албай, жакшы күнүндө эге болгон эки аяктуу адамдан жардам сурагандай көзү жалдырап, муңканып араң мөөрөп калган.

Жан алакети күнөө да, уят да эмес ко?!

Көп эмес, тооп эмес, бир нече киши ар жерден карын күбүнө, темтейип турганы кошула бери ийриле беттеп калышты. Көз жалынат жашы кылгыра, көз чоочунат чекирейип, жаак сорулган, өң күлботодой көгүш тарта кубарган. Үч күн бою таманы кар, үстү кар, мүңкүрөп отурушса, күн көзүн көргөн суукка тоңбойт дечү эле, үч күн бою күн көзүн көрбөсө, колу буту түгүл жаны араң бүлкүлдөгөн колтугу жылыбаса кантишет бу шорго атайы кабылтылган момун эл?!

Кан көргөн арам өлбөйт дечү эле го?! Ким бу төрөлөр, караламан калкка карамдуу канбы, же ыманы, ырайымы жок жан казабы каракчыбы?! Тандамай жок эми, буйрулган тагдыр менен бет келишмей гана калган.

Бири тирмендеп, бири жөлөп, бери жакындан басып калышты. Убададан али үмүт үзүшө электей, көз жалжал, бой илдиреп. Бук түшөрдөй бүрүшө келе токтолду.

Мына жаңы төрө, караулбашы, тыгырчык десе тыгырчык поручик Густомесов, тажылуу чоң жыландын сүрүндөй сур, чоң көзайнеги, ат үстүндө ээгин көтөрө жүзүнө каар үйрүй имерип көз салды. «Жер талашкан магулуктар ушубу?!» деди го сыягы.

Эми манчыркап, камчылуу колунун алаканын түтүк кыла, бир кырт эле жөтөлгөн болуп алып:

— Кана, кайткыла, — деди үзөңгүгө тик тура, камчы менен тоо жакка жаңсап таштады, — кеткиле те Александр Кыргагынан нары! Жөнөгүлө жакшылыкча! Тыйым кылынган силерге!

Нес болду бей чаралар. Баягы чала болсо да татары жок. Бирок, жаңы төрөнүн бороондогон кабагы, темирлеп таш чапкандай чаңырыгы убаданын өлгөнүн, анын мурда эле тири болбогонун «чала татарсыз» эле маалым кылды го?!

О, кокуй ай, каран күн деген ушубу?! Бейгүнөө үмүт байкуш санат күү чертилип жаткан муңкеш комуздун кылы чырт үзүлгөндөй үзүлүп, санат токтоп, үнсүз муң кала көңүл тунжурады.

Үмүт үзүлсө ал кетеби?! Бири бүрүшкөн бойдон өчөйүп араң тура ошол бойдон көкүрөк көтөрө албай карга кайра бата жыгылып, өпкө кага солуп калды.

Ыя, үмүт үзүлсө өлтүрөр балтадан тайбас өчөштүк күч алабы?! Бири түз эле тиги тизилген караулду карай жолуна аяк шилтеди, «нары!» деген жекирикти укпадыбы, тоотподубу, темтеңдеген бойдон бир караулду жөөлөп өттү.

— Ат!

Кыжына чыкты поручиктин үнү.

Тарс!

Эки колу алдына сунула сулап калды бей чара. Өлдүбү дегендей эңиле карады аткан жеңгер. Жо, же чыркап, же сарыгып чыккан кан жок ко?! Эти жыйрыла түштү. Каны да тоңуп калганбы?!

Кирпиги кыбырап турганы анысына сүйүнбөй, өлөрүн сезгени күйүнбөй дене аны сайын муздап, чарасыз элдин эси нес болду...

А тыгырчык поручик Густомесов элдин абалын эмес мал санын тактап жогору жагына билдирме кылды.

**«Б И Л Д И Р М Е**

**243-Самаралык дружинанын командирине Ионовка станицасынан**

**Билдирем, сиздин көрсөтмөңүзгө ылайык 14 кишилүү команда менен барып, поручик Кулага башчылык кылып турган кайтарма мерчемди 28-сентябрь күнү кечки саат 6 да өткөрүп алдым.**

**Прапорщик айтты, Ионовка станицасы менен ысык булактын 6 чакырымча тоо ичиндеги жолдор аркалы биркелеген топ болуша малы да куралы да жок кыргыз келип калышса аларды ошо эле замат**

**Старшина заставага дейре кууп, кайра тоого айдап салып туруптур.**

**Кыргыз атпайдан түшкөн жылкы 170, уй 150, кой эчки 1500 экен, прапорщик толук өткөрдү мага, мындан ротанын оокаты үчүн бир азын бөлдүк, калган баарын Токмок приставына жөнөтөм. 28-сентябрь күнү кечки саат 8 де бир хорунжий баш болгон бир взвод козак келди, алар жылуу булактан жогорку тоо өтмөктөрүн тосушат экен...**

***Прапорщик УСТЕМЕСОВ.***
***1916-ж. сентябрь 29 (октябрь 12)»***
*( ЦГИА, Каз.ССР ф. 76, оп. 1, д. 2140-а, свз. 92, л. 53. )*

## 5

Ыбыкенин Канаты аттанган элдин кыйла тарабына башкөз болуп, ак кийизге салынбаса да «кан» атанып кеткен адам.

Бирде өргө тарта белес ашырган, бирде кыялатып ээн коого түшүргөн тоо арасында атынын тынымсыз

ийкелген желкесинен башка эчтемени тиктебей, атүгүл алды-артындагы атчандарынын кимиси буйгалап калып, кимиси али ээрчип келейатканы көңүлүнө түшпөй, ат туягынын кыбыр тыбыры кулагына илинбей, эси нес.

Кантсин!? Ат тыныктырарга буяма жок, күнү да, түнү да жоо чалыш көзгө илинбестин аракети, улам барар багытынан атайы буйтап, улам ыктап күйгөн көз да, сыздаган көңүл да те шаңкайган ак кар көк муз ашуу... бу чек, ата конуштан бөлөр жик... аны сайын каны соолуп бараткан сыяк жүрөк байкуш сыгылат... Ыя?.. Ушу бойдон кайрыла албай, кырылып кыйрап чачылган элдин бир көз ирмемдик ылажысына түтүшкө арзыбай, жаны гана көзүнө төртөө болуп көрүнгөн качкындын бири болуп калганы эмнеси!?

Жарым паша Куропаткин келер имиш деген шыбыш кимден, кайдан чыкканын ким билсин, иши кылып, бу дагы Канаттын кулагына жетпей калган эмес.

«Не үчүн келет?» деген туңгуюк суроо өйүгөн оюн. «Ыя, кырылган кыргыздын сөөгүн санайт беле!?» деди кыжыры, «жо... жарым да болсо паша, боюнда сөөлөт, оюнда пашалык акыйкат жок эместир...» деген демин баскан, ошол бир учук ак жиптей үмүт, «ак карасын бир териштирип көрмөк ко...» дей көңүлүн тымызын ийгерген.

Кызыл тебетейлер кеткен. Ким айта алат ага болгон иштин чынын!?

Бир күнү эрте туруп, мурдагыдай тоо жаңырта албай азанын акырын кобурап айтып, анан багымдатын окуп болгон соң атын өзү токуп аттанып калды Канат. Жалгыз жиберишмек беле!? Өз уулу Исхак, жана да жан күйөр төрт беш тууган алды артына түшө кошо жөнөп беришти.

Кайда бараары оозунан чыккан жок, ошо бойдон Кар жаабас кара Кочкордун күнбатышынан кыркып, Сары Өзөнгө түшүрөр Шамшынын белинен нары эңкейип, абайлады эки жагын.

Те терең капчыгай, орус мылтыктын үнү тарсылдап, тоо ичин каңгыр дүңгүр эттире жайылган жаңырыгы



20—1592

угулду. Мунусу  эмне? Жо, каратилдер бута атып ойношпойт, мүмкүн темселеп жүргөн байкуштар көзгө чалынса ошолорду кекиликтей терип жүрүшкөн чыгар!?

Иши кылып, бу жол тосулуу экени сезилип, бир улутуна унчукпай ат тизгинин кайра бурган.

Үйлөрүн дагы бир буйгага көчүрүп, киши келер шектүү жактарына көз ирмебей карар киши коюп, бир-тке тыныгып калышкан кооптуу күндөрдүн бири эле.

Бирөө кирди эшиктен. Кум санаанын арсында адашып отурган баатыры. Тиги аяр эңиле:

— Жалгыз атчан... — деп ооз ачты акырын. Көз кыя калды Канат. «Ким экен?» дегени сезилди.

— Турнабай салдык... минген аты таанылды, бу баягы кургак Лепестин Курманынын баласы окшойт...

— Ысагыбы?

— Ошо го...

— Изи ийри муйру эле ал баланын... — деп алды Канат, «жолун тосуп атып салгыла... көп өлгөндүн бири болот да калат...» дегиси келди, бирок оозунан чыгарган жок, «астапурилла» деп кайтты оюнан, «элденби, орустанбы, айтар бир зарыл кабары барбы» деп алмашты ой, — келе берсинчи...

Тез эле Канаттын алдына алып келишти Курмандын Ысагын.

Негедир туталанып, апкаарып салам айтты Ысак:

— Менин атам, сиздин кудайлашкан кудаңыз салам айтты...

Мындай бирөөдөн айттырган саламга кыргыз ыразы болуп, «саламат болсун» деп коймою бар, баш ийкенип ошон этип койду Канат:

— Акыбал кандай?

— Э-э, баатыр... биз көргөн күндү ит көрбөсүн... чабылды, кырылды, таланды курманкожо...

— Каратил кирдиби?

---

Б е л с а р — Белоцарск, Жумгалды орустар ушундайча атап алган.

— Жо-о, өзүбүздүн эле Белсар* мужуктары... үймө үй «эй» дегенди соо койгон жок... үйдөн төшөнөр, жамынар, эшикте адал түктүү мал калтырбады...

Кадыресе бышактап жиберди «изи ийри-муйру бала», үңкүйө тегеренип, көз жашын көрсөтпөй аарчыңгандай боло кала кайра жүз бакты.

«Кантебиз?..» дегенин байкады Канат.

— Эми... эптеп... — деп энтикти «изи ийри муйру», — өзүңүз эле кайра барып... ымга келтирип...

«...атасынын саламы ушул экен...» деп билди Канаттын дили.

— Йе!? Көптүн бириби бу киши чакырган эле жерге бара бергидей!? — деп жиберди турган кишилерден бирөө.

— Йе, кокуй, — деп ой кошту дагы бири, — көрүнөө ажалга өзү барып берсинби!?

Баркылдап, жаңкылдап жаалап кетишти:

— Муну карасаң!?

— Булардын сассыган төшөгү үчүн каратилдин колуна түшүп бериш керек тубайбы!?

Те алысты көз ирмебей тиктеп тынч да, суз да отурган баатырынын кол учу саал көтөрүлө калганда баары кеп күтө жым боло калышты.

Канат:

— Курман өзү кайда?

Оозу жарым ачылып, түз жообу жок, кара ирени заматта бозоруп, акактап токтоло калды Ысак. Мурдун тартынып, дагы балбалактап жиберердей күңк мыңк этти:

— Орустун колунда... билбейм, эмне болот...

— Кайсы орустун?

— Бишкекте...

— Ойоз чоңунда турбайбы!?

Баш ийкеди «изи ийри муйру бала»:

— Сиз барсаңыз бир кепке келишебиз дешиптир го...

Көзү дагы кадалып, бирок «кепке келишебиз» дегенди көңүлүнө купуя токтотуп калды Канат.

Муну сезбей койгон жок Курман шумдун Ысагы, эпилдете баш ийкегилеп:

— Ошо... — деди кайра үрөйүнө кайгы чүмбөт кийе, — сиз барсаңыз, ортого түшсөңүз «тынышалы» деген түрлөрү бар дейт...

«Тынышалы!?»

Бу дагы тымызын келип дилине токтоду Канаттын.

— Жо, — дей баш чайкап жиберди өз уулу Исхак, — жо, барбаңыз!

Буга атасы жактан макул белги болгон жок, кайра мүңкүрөп көңүлү ооп турганы байкалды, бала да, аны сайын күйүп, үрөйү уча баштады, — келсин кеткен жагынан «кызыл» тебетейлер... барсын ошолор...

«...качкан кайдан келсин эми...» деген өкүнттү атасын.

Курмандын Ысагы да айтар кеби түгөнгөндөй кыйла салбырап туруп:

— Билбейм... — деп мыңк этип алды акырында, — губурнадыр да келген экен дейт, сурак болуваткан имиш дейт...

Уурту кымтыла, эки көзү чекчейе түштү Канаттын.

— Э, мынча болгон соң, — деди ачык, — качпай житпей тири калгандан бирибиз барып бербесек болбос...

Нестейе түштү тобу, баласы да каршы боло албай калды.

Эртеси эле «... а бизде да айтар кеп көп...» деп не болсо ошо болор тагдырына баш байлап аттанды Канат.

Кошо камынган баласына:

— Сен дарбыба, балам, үйүңө кара бол, бөөдө камтама боло бербе, биз элчидейбиз, а элчиге өлүм жок деген, — деп жубатты, дүрбөгөн тобун имере тиктеп алды, — бириң ээрчибе, этият болуп, далдага ыктап тура тургула, — кайыр, каны жаны бирге тууган эл... сүйлөш десе сүйлөшөйүн, бар бекен акыйкаты, издейин, зулумдан суранайын... а жок болсо, кантебиз, жогу ошо, биздин алыбыз жетпейт... кайыр, канжыгада көрүшөрбүз...

Үзөңгү асте кагылар замат шатырата жүрүп кетти

акжал сары жорго, ээр кашына өбөктөй чочуна артын кыя тиктей салпылдап араң илешип кетти изи ийри-муйру шектүү бала.

Өзү ээрчитпеген соң эч ким лам дей албай, атүгүл ушу аракеттен куугун, а балким кудай жалгап, токтолору ар биринин көңүлүнө купуя үмүт болуп кирип, ошого жылынышып кала берди.

Бала да, жалгыз Исхак өзүнчө күйө быша баш чайканып, кемшейген ээгин, ирмелбей төгүлгөн көз жашын жашыра имериле басып, байкуштун жүрөгү бир жамандыкты сезеби, «...атам ай... о, атам ай...» деп, башкага угузбай акырын ийин кага өксөп турду...

Түшчүлүк жол арбытты эки атчан.

Эч нерсе көзгө урунган эмес, бир убакта эле өйдө ылдыйы көп тоо ичинен төрт жагынан чыга оор топ атчан каратил баары бирдей кылкандай суна мылтык кезей ороп калышты. Сүйүнө каткырды бири, бири туздай көз чакчаңдап бакылдады, не сөктү окшойт.

Тышта калды го изи ийри муйру бала!?

А «акыйкат издемекчини» эки колун артына кайрып, эки аягын аттын эки колтугуна карыштыра таңышып, бири анын башындагы сеңселген көк сүлөөсүн бөркүн жулуп алып, бири чылбырдан чойо тартып, бири арттан камчылап, жалаңбаш соксоңдотуп айдап, тобун бузбай дүргүп кетти каратил отряд.

«...Мен барсам, мен алып чыксам... жолдо кармалса... кокус да, булар ким көрдү кылып ташташса... баласы бизден эле көрөт ко!? Өч алат...» деп, маң болуп турду жалгыз калган Курмандын Ысагы...

Өтүп да кетти он чакты күн. Жан күйөр бала Исхак үчүн ар бир күн, ар бир түн азап, арман ай болуп узарды. Бир кабар угулабы деп, бирок сурай албай жолуккандын оозун тиктейт, келип калабы дейт, көзгө түшпөй аттанып, буйгалап жол карайт, жок, атасы али жок.

Өзү жалгыз, каңырыгы түтөй көзү нымданып отурган күндөрүнүн биринде эки атчан көрүнүп калды жол учунан. Тигине, бири дагы баягы Курмандын Ысагы экен.

Келип эле аттан түшпөй:

— Ой, Исхак! — деп калды, сүйүнчү айтчудай кабагы. — Аттан! Кеттик, биз экөбүз да келишер кепке кошулмай болдук.

— Атам кайда? — деди Исхак. «Кайда болмок эле!? Төрөлөр менен чайлашып отурушат атам экөвү Бишкекте» деген жооп алып, көңүлү тына калды баланын.

— Тууңду ала жүр.

— Эмне кылат экен аны!?

— Көрөбүз дептир төрөлөр...

Тез жөнөштү «эки элчинин» балдары, дуулдата жарышып кан жолго чыгышты. Тууду кошулган Кожонкулдун Айылчысы өңөргөн.

Жер деле, кан жол деле ээн.

Бир чай кайнамча жүрө электе эле дагы төрт жактан, дагы бир тегиз кылкандай мылтык сунган баягыдай оор топ каратил отряд бири күлө, бири сөгүнө тыгыз ороп келишти. Тигине, дагы тышта калды «изи ийри муйру. Тарс! Тарс! Бири чалкасынан, бири ат жалына кулачтап калды Исхак менен Айылчы. Олжо чычала болсо да олжо турбайбы!? Каны шырылдап төгүлүп турган эгелерин үстүнөн сүйрөп сүйрөп таштап, аттарды ортого ала жүрүп берди отряд.

Эми өзү эле жалгыз болсо да эки жагын ээк көтөрө каранып, эми эрдемсип, тиги жайыла түшө жатып калган кырмызы тууду түпөктөп шап эңип ала эми элирип шуулдата сүйрөй ээрчиди Ысак.

Тигилерге анын кекейген кейпи, эдирейген мурду бир түркүн кызык көрүндүбү, таң каларлыкпы, бири баш ийкеди, «эмесечи, сүйрөлөт да жыгылган туу» деп жактырдыбы, бири баш чайкады, «кара, өзү жыккандай...» дей шакебеси көрүнө ырсая күлө сүйлөшүп кетишти.

Ушун этип, кече жакында эле атасы Курман экөвү өзүлөрү эл катары түбүндө болгон «кан» атанган Канат кудасынын кызыл тувун сүйрөгөн бойдон Пишпек уездбашысынын эшигине жер сүздүрө ыргытып таштап берди «изи ийри муйру»...

...Токтоосуз жүзөгө ашырыла келген «на месте

уничтожать» буйругуна ылайык жолдо атылып ташталган Исхак бала жамы «туземчиге» өтө барктуу Канаттын баласы турбайбы, анын кандайча тири жүргөнү, кандайча өлгөнү сөзсүз узун сабак кеп болору шексиз, ошон үчүн буга кадыресе «күнөө» коюлуп өлтүрүлгөнүн досту да касты да ынандыра турган бир сөөлөттүү кагаз чиймелеп коюшту ылазым көрдү полковник Слинко.

**«БЕРБУЛАКТА ДАРГА АСУУ ЖӨНҮНҮНДӨ**

**Көчмө аскер сот Исхак Канатов менен Айылчы Кожонкуловдун шектүү ишин карап, булар куралдуу көтөрүлүшкө чыгып мамлекетке чыккынчылык кылган деп, ошон үчүн Жаза Уставынын 262 жана 263-статьясына ылайык укуктарынан, мал-мүлкүнөн ажыратылып, дарга асуу ыгы менен өлтүрүлүшүнө токтом кылды.**

***Сот төрагасы войсковая старшина ВОЛЖЕНЦЕВ,***
***а 6-сентябрде туура деп аныктап***
***кол койгон полковник Слинко.»***
*(ЦГИА Каз. ССР. ф. 76, оп. 11д. 2140-а, л. 11)*

Муну полковник Слинко Курмандын Ысагын шектен алыстатмак үчүнда жасаган. Бирок, жергилик ишенген эмес, жолдо эле атылып калган балдарынын сөөгүн ошондо эле түндөп таап, тууган эли ата бейитине жашырып алышкан экен.

А бир аз эле кийин 25 сентябрь күн эсеби коюлуп, «көчмө кыргыз сотунун Столыпино кыштагында көтөрүлүшкө катышкандардын асылганы жөнүндөгү өкүмү» да мурда кийин кармалган жеринде жок кылынган кыргыз ысымдары тизмеленип, анын ичине Ысак Курманов эл кулагы үчүн атайы кошулуп, акыркы «асылсын» деген токтомунун аягына

**«Ысак Курмановга коюлган күнөө жетшерлик эмес, ошон үчүн өлүм жазасын кетишке арзыбайт деп эсептейм.**

***Полковник СЛИНКО»***

деп кол коюп, көрүнөө куткарып алды.

Бул убакта Канат баягы Балбай өлүп чыккан, Байтик ууланган Верныйдагы таш түрмөдө жаткан.

Күн өткөнсүй эле берди, арестант санай алган жок. Шыптан түшкөн кылайган жарык барында, ошо күндүзү окшойт, үч жолу темир эшиктин дарчеси кытырайт, ачылат да «ареста-ант» деген бирде кыркыраган, бирде күркүрөгөн үн угулат, темир чөйчөк коюлуп калат.

Ушуга да аны ой басат, «бу биртке оокат... жан кыйбас гана, өзөк жалгатат, ачкадан өлтүрбөйт... а өчөшсөң, оозго албай койсоң өлүп да каласың, кутуласың зорлуктан да, корлуктан да... бирок... өз жаныңы өзүң кыйган болосуң... ал күнөө, кудай алдында өлүмүң өз мойнуңда калат... Жо, өлтүрөр болсо жан кыйбас бербей коюп ушулар өлтүрсүн...» дейт, бу аны чыйралтат, көңүлүн эрегиштирет, ошону күттүрөт.

Бу арестант те баягы «аттан» деген сөзүн оозунан чыгарар алдында эле аттаныштын башы да, аягы да кансыз, өлүмсүз болбой турганын билип эле «эртеби кечпи, акыры башта бир өлүм» деп моюнга алып койгон адам. Бу сезим баягы бөркү башынан жулунганда артын каранткан эмес, муну тирүү кармалган карышкырды көргөн сыяк кызыгып, таңыркап, а оозунан жалын чыккан төрөлөрдөн сестентбей, акыры мына ушу өлүмканада ыңжыңсыз жатып да жан сактоо көйүн оюна жолоткон жок...

«Жеңилген неме» менен жүз көрүшүп отуруш, кандайдыр бир кепке өтүш жеңиштин да, өзүнүн да кадырын түшүрөт деп билди генерал Фольбаум. Ишинин ылайыгы кандай келсе ошондой бүтөрө бериш аскер сотунун суракчыларынын эркине берген.

...А тынч арестант... көңүл төтөгү беш убаккы на-

мазы. Даарат алышка суу бермек кайда!? Шартына жараша кургак даарат таяммум кылат.

Күн убагын те шыптагы ничке дарче сөөрөйдөн баамдайт да чапанын жая жайнамаз кылып, бирде ачык кобурап, бирде деми сезилбей купуя окунат, бүтүп «алла улук» деп, өсүп кеткен бет түгүн сылана бата кылат да, башын ийе сүкүт калыбына көпкө отура берет. Ушу ага чыдам, кубат кошот, тагдырына кайыл кылып өткөргөн өмүрүнө каниет, акырын көңүлү жымырайт...

«...аллоу акибар» дегени өлүмкананы күңгүрөнтүп, тышка да жетеби, кээде күзөттөн не таң калган, не айбат сездирген оңураң үн келип, темир эшик карсылдата кагылып да калат.

Ошо, бир күнү шашке намазын окуп отурган. Темир эшик шарактап калды, «э, нары бери бастырат ко...» деди арестанттын оюу. Күндө келчү күзөттөн эмес окшойт, чоочун шарпа кирди, «встать» деген үн каарыды.

Намаз окуп отурган убакта шабыртка кайрыла кароо болбойт, үн берилбейт, былк эткен жок арестант. Бу тоотпогон болуп туюлду го тигилерге, кирип эле көмөлөтө тээп жиберди бири. «Алла...» деди арестант купуя, кың деген да жок, ооруксуна онтогон да жок, акырын жер таяна баш көтөрө баштаары замат аны эки эңгезер эки колтуктан алыша дырылдата тышка сүйрөп жөнөштү.

«Йе, алла... бир кокустан эмес, берсең зулумдун, ушулардын колунан бер өлүмүңү, йе, алла...» деп кетти арестанттын астейдил көңүлү.

Ошо атылган маглуктай сүйрөлгөн бойдон суракчыда болуп калды. Үстөлгө чочойтуп, суракчынын бет алдына отургузуп беришти да, эңгезердей эки азамат экен, домбуранын кош кылындай чоюла эки босогого туруп калышты өзүлөрү.

Саламы окшоп, башы акырын ийкелип алды арестанттын. Жымыйып койду суракчы да:

— Кимсиз?

Тилмери окшойт, арада казактын баш терисин кийип алган калбыйган эрин тултук сур турган.

Арестант:

— Ким керек эле?

«Тантырабай, суракка жооп бер» деген сыяк, эки эңгезердин бири тыяктан билегин түрө турганда суракчы колун акырын шилтеп тыйып койду аны. «Ну, — деди ичтен, — өлүмгө кесилер алдында туруп, ну, несине кергичтейт бу!?» Таң калды.

Арестант:

— А мен Ыбыке уулу Канатмын...

— Да-а, Канат Абукин, — деп койду суракчы тактап, мунун ысмы аларда ушундайча айтылып жүргөн, — ну, урушуп бүттүңөрбү эми?

— Жок, — деп жооп кылды Канат.

Бу кызык угулду, акылынан ажырай баштаган болуп сезилди суракчыга:

— Эми урушасыңарбы?

Канат:

— Кой э, дүйнөнүн белин майыштырып турган көп орус менен кантип урушмак элек!?

Суракчы:

— Уруштуңар го!?

Канат:

— Бизда дырдай тоногон, атажуртубузду суурабай ээлеп алган зорлукка биртке гана каяша туруштук кылган болдук... күнөө эмес...

Суракчы:

— Мына ошо «туруштук» өзү уруш, а уруш өзү күнөө.

Канат:

— Жо, кол салган күнөө, баскын күнөө, биздики күнөөгө жатпайт... аргасы жоктун биртке тырмышып көргөн алакети эле, бар болгону... калыстык болсун...

Шак! Эки эңгезердин бири капилеттен эле жаакка бир тартты, шалак эте жыгылып түштү калыстык сураган байкуш.

— Ошо «тырмышып көргөн алакет» үчүн жаза алуу керек... — деп үстүнө эңкейди суракчы, дагы эле жүзү жылуу, дагы эле ууртунда күлкү бар.

Эки колдоп жер таянып, суракчыга көзү чачырап, ага айтар бирдеме дилине келип, бирок тили күрмөлө албады Канаттын.

Колун терс шилтеп жиберди суракчы, ал күнкү иштин аяктаганы экен, арестантын дагы эки колтуктан ала сүйрөп чыгып кетишти эки эңгезер.

...Буга да тооба келтирди Канат, «...бу дагы алланын не сынагы... не жазасы...» деп тынчытты өз көңүлүн.

Эртеси:

— Кел, о кел...— деп, тилмердин которгону ушу, жадырап тосуп алды суракчы.

Жадырап турган кишиге ким кабак бүркөй алат!? Жымыйып, кадыресе ийиге баш ийкеп, салам сездирди башынан сыпаа арестант.

— Бүгүн сөз кыска, — деди суракчы, — билебиз, бир суу журтка болуш, элине имамы да болгонсуң, сабатың бар, түшүн... кантип, кимдер менен «иш» башталган, баарын тактап, эң акыры, ачык айтып эле койоюн, «күнөөнү толук моюнга алып» жазып бер... ачык эле айтып койоюн, сенин күнөөңү ченөө, жазаны аныктоо жагы бизден.

Мелтейип калды Канат.

Суракчы:

— Көрөрсүң, кытайга өтө качышыптыр, эки Империянын алакасы жакшы, акыры сыйырмактан кутула албайт Шабдандын балдары, айтып эле койоюн!

«Э-э... элди жамандап, тиги кылды бу кылды деп, баатырдын балдарына төңкөсө сыйырмактан кутултушат экен го...» деген леп келди оюна.

Суракчы:

— Үч күн мөөнөт, шашылба.

Калем, кагаз карматып, баягыдай түрткүлөбөй, сүйрөбөй бири алдына, бири артына басып түрмөгө кайра киргизип кетишти эки эңгезер.

Тез алып келишти берилген мөөнөт бүткөн соң. Чын бирдеме жазган сыягы, арапча ариптен орусчага котортуп алды суракчы.

**«... атайы көчүрүлүп келинген элге жер жакшысы тандалып берилди, а бизге какыр-мукур калды. Өнүм чыгар жерин сактап калыш үчүн тиги эле дувандын акимдерине пара беришке мажбур болду жергилик.**

**Мына, бир окуя, Лепестин Курманы 500 сом берди эле жери калды өзүнө. А Кудайбергендин Акматынан 600 сом бер дешкен, кайдан табат анча акчаны, жерин кесип алып коюшкан.**

**Алынып коюлган өз жерин кайра пайдаланса ээси жылына ижара акы төлөп калган.**

**Өз алдынча келген мужуктар бизге жакшы алака кылып турушкан, а атайы көчүрүлүп келген орустар кыргызга не үчүндүр өзгөчө кас болушту го?**

**Шайлоо дегенди ойоз өзү баштап, ушундан ырк кетти, ойоздор бийлик ишине элге эмес өзүлөрүнө ылайыктарды көтөрүп алышты.**

**Кокус, мужуктан, козактан «мал жоголду» болуп эле калса «кыргыздан көрүлүп» бир болуш элден үймө үй акча жыйналды.**

**Тыякта урушуп жаткан аскердин керегине киши алат имиш чыкты, колунда барлардын балдары тынч, жоктордун балдары бир үйдө канча болсо баары катталып, алакчы, зордук иш жүрдү. Ушунда да күчөдү пара.**

**Он эле жыл мурда бизди жан сактаткан малга кышы кыштоо, жазы жаздоо, жайы жайлоо кеңири эле. Мунун баары, токою да, казынага өткөн имиш. Жайыт үчүн, отунга деп кыйсаң жыгач үчүн акча төлөй баштады бири калбай жергилик.**

**Көчүн келген орустар ишке жалдап алган кыргызына адамча мамилеси өтө жаман болгон. Жөнү жок тилген урган, жалданган акысын убагында төлөбөй коюшкан. Бу эле эмес, деги эле кыргыз атпайды «ит» деп аташкан.**

**Көрүнөө эле мылтыкчан келишип, жергилик элдин малын жайыттан эле айдап кете бермей чыккан. Койчуман, жылкычы ар жерде атылып деле кала берген.**

**Тиги же бу окуялар боюнча кыргыздын арызын, талабын эч ким тыңшаган эмес.**

**Ошон үчүн...»**

*(ЦГИА Каз. ССР. ф. 19, оп. 1, д. 150, л. 364 – 365)*

Тез көз жүгүртө окуп чыга:

— Бул эмне!? — деп чаңырып жиберди суракчы, столго кагазды алакандап тарс чаап таштады. — Бул эмне!? Сен! Бизди айыптапсың го, Ыя!?

Канат:

— Чыны ушу кудай акы...

— Кана, — деп жиберди суракчы, — ийлеп көргүлөчү муну!

Мындайды көп жолу «ийлеп», «чынын» көп жолу айттырган эки эргул кирди эки жактан.

Шак!

Жаакка бир тартты бири, шалак эте жыгылып түштү Канат.

Күп!

Колтук тушка тээп калды бири. Көмөлөнүп жатып калды Канат.

Колунан өйдө кыла берди бири, жаакка дагы тартты бири. Шак! Бу жолу жер таяна алган жок Канат, ыргытып таштаган эски чапан сыяк жатып калды тырп этпей.

Үнүлө:

— Эсине келсин... — деп койду суракчы терс айлана баса.

Те бир убакта чын эле эсине келгенсиди Канат. «...йа, алла...» деген келди көңүлүнө, «өлөм го...» деди, үнү жок, эрини араң кыбырап келме келтирип, «йа, алла... ушу душмандан бер өлүмүңү пендем десең...» деп тиледи.

Көзү бирткe ачылганын көрө бетине дагы эңкейип:

— Эй, — деди суракчы сырдаш жолдоштой жады-

рап, — сенби Улук Россиянын менчик жерин талашкысы келген баатыр!?

Канат:

— И... силерге... силерге... сөз өтпөйт, ал да жетпейт... — деди көзү тирмейип, ушул азыр муш түгүл октон, бычактан сестенер түрү да, абалы да жок...

— О, мына! — деп алды суракчы чакчарыла. — Туура, тууранъы туура деш керек, алыңар жетпейт!

Ошо өлүмү алдында суракчыны таба кыла ырсайды Канат:

...силерге... алы жете турган бирөө бар...

— Ким ал!? — деди суракчы жооп күтпөйт чакчарылып англистерби?! Кытайбы?!

Ийин кага энтиге, кол учу араң көтөрүлө калтылдап, те көктү ишара кылды араң шыбырай Канат:

...алла... бир алла... калыс алла жазалайт...

Нестейе калды суракчы, тиги эңгезерлердин тукурбай өзү көмөлөтө тепкилеп кирди.

А күнкү сурактан арестант кандай абалда чыкканын, дагы канча, кандайча суралганын башка жан көргөн жок. «Мойнума алам», «бийликке карама каршы элди көтөргөм» дегенчелик жарым барак кагазга не койгон колу, не сыялап басылган бармагынын тагы да жок. Сурак бүткөнбү, же бүтпөй токтогонбу, дегиси ага кандай «күнөө» коюлганы, кандай түркүм «жаза» аркалы жаны алынганы эч кайда изи калган эмес, сөөгү качан, кайерге көмүлүп ташталганы эч кимге айтылган жок, көрсөтүлгөн жок...

## 6

**«...көтөрүлүшчү дегендерди табуу, кармоо, жок кылуу иштеринде өзгөчө көзгө көрүнгөндүгү үчүн...»**

деген тизмеге он кыргыздын ичине Лепестин Курма-

ны, анын «изи ийри-муйру» атыккан баласы Ысак кошулган экен.

**Атасына «Владимир лентасына тагылган Чоң күмүш Медаль, баласына милициянын хорунжийи чини, ага кошумча Владимир лентасына тагылган таза күмүш медаль берилди».**

*(ЦИА Каз. ССР. ф. Семреч. Облправления, отд. ст. 2, 16924. Л. 108)*

Жыл убагы ушу күн сууган күзгө таяп калган кезде да жергилик элди бир жагынан кыра-сүрө тоо арасына тыгылтып, бир жагынан жолун тосо баштаган аскер аракетин Үчалматыдагы, Ташкендеги чоң генералдар баймабай билип турушкан. Асте кылгыла демек кайда!?

## «Т Е Л Е Г Р А М М А

### ГЕНЕРАЛ-ГУБЕРНАТОР КУРОПАТКИНГЕ

**...кара кыргыздарды тоо таянта кыскандын акыбети билине баштады, Пишпек тарапта, Пржевальски тарапта да азык- түлүктөн, жем чөптөн мукураган немелер ар мерчемден жылчык аркалы түшүп келишке аракети гана калды. Мындай жылчыктарын да аскер жаап, а «сүйлөшөлү, кечирим сурайлы» дегендерине «силерде бизден туткун болсо бергиле, курал болсо тапшыргыла, башчы болуп жүргөндөрдү бизге кармап бергиле, жана да ар бир болуштан биздин аскерге керек 200 дөн мингич ат жыйнап бергиле»деп шарт койдук.**

**Ушуну менен бирге көбү али корголоп турган бийик жери Суусамырга жортуул кылышка полковник Слинкого буйрук берилди, ошондой эле башка бөлүк Алабаш, Сырт жагына аттанат...**

***ФОЛЬБАУМ.***

***1916 г. сентября 25 (октября 8)»***

*(ЦГИА Уз. ССР, оп.1, д. 1133-а, 217)*

## «Б И Л Д И Р М Е

### КЫЗЫЛСУУ ЗАСТАВАСЫНАН

Чалгын учурунда кыргыздардан тартылып алынган 500 ашуун жылкыны есаул Бакуревич ротанын карамагына калтырды. Муну түнкүсүн карашка, жок дегенде, 10 солдат керек, Токмокко жеткириш үчүн бир взвод зарыл...

Бүгүн эле чалгынга Кызылсуу капчыгайы жак түштүгүнөн 7 чакырым жеринен кыргыз көчү байкалган. Канча экенин билиш, ашуу жакка кайра кууп салыш үчүн түшкү саат 2 де отряд жиберилди.

*Прапорщик ДЕРГАЧЕВ.*
*2916-ж. сентябрь 27 (окт. 10)»*
*(ЦГИА Каз. ССР. ф. 76, оп.1 д.214-а, св. 92, л.52)*

## «Т Е Л Е Г Р А М М А

### ГЕНЕРАЛ ФОЛЬБАУМГА

Преображенскиге 40 чакырым жердеги капчыгай ичинен прапорщик Лесковдун отряды капчыгай ичинен кыргыздардан 208 баш кара малын айдап алды, каяша кылганы кырылып ташталды, 1 ат өлдү бизден...

*Подполковник ГЕЙЦИГ.*
*1916-ж. сентябрь 28 (октябрь 11)»*
*(ЦГИА Каз. ССР, ф. 44, описң 2. Д.16600)*

### «ФОЛЬБАУМГА
### ПИШПЕКТЕГИ 7-ОРЕНБУРГ КОЗАК ПОЛКУ ТОО АШУУЛАРЫН ЭЭЛЕГЕНИ ЖӨНҮНДӨ
## Б И Л Д И Р М Е

Билдирем, Ыссыката, Аламедин, Аларча ашуулары 29-сентябрь күнү эртелеп 3-жүз менен ээленди, Сокулук, Аксуу, Карабалта ашууларын 1-жүз басты.

**Бир кыйла кыргыз чогулду ашууга. 600 жан үй бүлө кырдын быягына өтөлү дейт, себеби тыякта жан сактар эчтеме калбаган имиш. «Башчыңарды кармап бергиле» десек «азыр биздин арабызда жок» деп коюшту.**

**Кайра өткөрүлүп жиберилди ашуудан нары.**

***Полковник ДОМОЖИРОВ.***
***1916-ж. сентябрь 30 (13-окт.)»***
*(ЦИА Каз. ССР, 167 л. 142. Ф. ар. Се.обл.)*

Жашоо барбы «ашуудан нары» ушу кеч күзүндө?!

Тосулду кетер жол, жабылды ашар ашуу, куурулду качканга кара жер куру алакандай.

Ким кимге таарынат, ким кимге өчөшөт!? Өз жанын өзү ким кыя алат!?

Не көөдөй түнүндө, не киши кийиктин изи түшпөгөн ээнинде кокустан карп курп жолгошуп, «...ыя, бу мени андып жүргөн немеби...ыя, мени кармап бергени келдиби...» деп биринен бири үркүп, эң акыры өзүндөй өз жанын ала качып жүргөн бир бей чара экенин алсыз арбак кейпинен көрүшө баш ийкешип, отуруп, экөө болсо экөвү, үчөө болсо үчөвү бирдей каңырыгы тымызын түтөй, өзүнө өзү ээ боло алышпай энтиге кайра ушу баарынын башына түшкөн бир мүшкүл аларды ким экенин суратпай шөмтүрөттү...

«...небизден жаздык, ыя?..»

Сурары ушу биринен бири, биринен бири жооп ала албаганы да ушу. Минсе эле сороюп ээсине аты айгак, айдап жүрсө малы айгак, ээрчитип жүрсө ити айгак.

Те илгери ойрот кылган чапкында Анжыян, Аксы, Самаркан багытына сүрүлүп, өз эл экен батырып алган, а бүгүн ал жак да булардын колунда, кулактан чойо бирден терип алары бышык...

О, аттиңай... жарык күнүндө шабырт угулса өлүктөй сулап, былк этпей, шарпа алыстаса тириле жыланча сойлоп, көөдөй түнүндө шырп чыгарбай төрт аяк маглукча жөрмөлөп, аттиң ай, жан арга кыла өз журтунан өзү кечти, өзү безди баягы дүпүрөгөн атчан эл!?

# БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

## 1

Баары жөө... ичинде бирткеден жан кыйбаска деген оокат бар куржунун, баштыгын көтөргөн эр-бүлө, тестиярын этегин карматып, баса элек баласын бооруна басып алган эне, баары иленден салаң... Бирок, көкүрөктө көк кайрат, тузагын үзгөн куш сыңары, октон качка кийик тариз бет алдынан башка баш калкалар буйга, корголор мерчем көздөгөн улук десең улук үмүт аларды сүрөп, алдастаткан коркунуч кубалап алган.

Улам бир белден ашып, улам бир сайдан өйдөлөп, чыйыр жок, адам изи түшкөн жүлгө жок тоо ичинде бир тобун бир тобу билбеген, эзели бет келишип көрбөгөн бирине бири чоочун эл улам өрлөп, улам бийиктеди. Бирде кайгы, бирде ажал көрүнгөн көз гана кимиси ким экенин тааныткансыйт, саламга да, аликке да дем жок, баш гана араң ийкелет, түшүнүшөт, алардын бет алганы ушу улам кара бороон уюлгуп кайра басылып турган убакта те түнөргөн Ак Гуз... аскер тоскон эмес... аяктуу түгүл канаттуу ашып көрбөгөн бийик жер...

Баары өзү менен өзү, « бас», «бери» дегени жок, башкарганы жок, кары демигет, алсыз үшкүрөт. Бир келин чала жан ымыркайын таштай албай, али сезими, тили чыга элек неме кыңкыстаса «чыдай гөр, кагылайын...» деп, баласы түшүнөрдөй күбүрөнүп, өзү тымызын бышактап келет.

Те төмөндө улам татыраган мылтыктан, шарт-шурт эткен кылычтан, дүпүрөтө чабышкан үрөйү жаналгыч көрүнгөн жумуру баш буту айры түспөлдөрдөн ар көчтөн бирлеп болсо да, экилеп болсо да кокустанбы, атайыбы не ач белден ашып, эптеп эртеңкисине тукум калсын үчүнбү куткарган тең теңирге шүгүр.

Улам өйдөлөдү, жөрмөлөдү кычырап каткан кар үстүнөн андан башка аргасы жок бейчаралар, кергичтей үрккөн кийиги түгүл эрте мененки төбөдөн көрүнгөн сур булут те төмөндө өзүнчө толкуган ак көл сыяк кара жерди көрсөтпөй көз тунартып жайкалып калды.

Мына, шаңкайган көк, бир да караан дараксыз сыпсыйдам, тике аскалуу тоо, куш конбос муз чоку, биртке эле жел толкуса майда эркек кар шыбырай жорто түшө өткүндөп, ово зыргактап турду.

Түбүнө жакын тайпаңга сенделген жөө, салбыраган, чарчаган эл чогулду ар тараптан, көбөйдү кыйла. Тиги киши ашат деген мерчемде көгөргөн торпубу, көк ташпы, баарынын көзү ошоякта. Жо, жылтырайт ко, муз окшойт ко, каран күн... Мына ошо кыз эмчектей белестен нары оонап кеткен гана жан сактайт, көңүлгө төтөк, үмүткө кубат ошо...

Биртке эс алалы деп эл суй жыгылган, баягы жаш балалуу келин четте, бооруна жылытмакчы болуп отурган баласын бетин ачып, тиктеп, нес болду. Балада дем жок, булккулап көрдү, эне да, коркуп кетти, былк этпеди бала, эрини капкачан көгөрүп, ырсайып калган экен. Жан кеткен, билди эне, билгенде ыйлай алабы, ким көңүл улайт, ким ал сурайт ушунча чоочун элдин ичинен, айта албады эч кимге, ошо бооруна баскан бойдон үңкүйүп калды.

Баланын денеси улам муздап, акырын тоңду белем, эненин көкүрөгүнө муздак өтө баштады. Кантет эми!?.. Унчукпады, баш көтөрбөдү, бирге эле тоңуп каларга кайыл болду окшойт. Кечеги чаңырган ок азыр жаңырды кулагына, ок чалып жыгылган күйөвүнүн «...баланы... сактап кет баланы...» деген акыркы деми кайра угулду ...

— Кана, отурбайлы, — деди өзү деле бозоруп бүткөн кары адам, — өлө элегиң тур эми өйдө... жан айласын кылалы...

Жер таянып, бөйрөк мыкчып өйдө болушту көбү. Көбү жатканы бойдон, үргүлөгөнсүп калганы ошол бойдон тура албады. Кана, тирисин колтуктан сүйөшөр, өлгөнүн өкүрүшүп көмүшөр күнбү... Көчүгүн көтөргөндөр «көрбөйлү да күйбөйлү» дешти го, бири да артына да, эки жагын да каранбай мөгдөп мүңкүрөгөн бойдон тиги жөрмөлөп өтөр көк торпу болуп көздөн учкан жылтыр белге ар бири кубатынын болушунча тигил өтүп ал кала бере тургансып умтулду ычкынып... ашуудан нары күңгөй да, күн жаркып жүздү да, колду да жылытып, жабыркаган жан дүйнөнү биртке болсо да жылытып, жымыратып үзүрүн берип турган чыгар... ага жетсе жан калар, уланар өмүр, көбөйөр көрөр күн... ар бирин ушул үмүт гана жетеледи...

Өйдө боло албай калганы, өлөсө гана жаны бары тиги кеткен элдин артынан көзү өтүп, аттиң ай, өлөрүн билип, арман көзүнө жыгжыйма толуп, а бирок ага кайгырышка, күйүшкө күч кана, жалдырап гана эс нес.

А жанагы келинчектин бу көйгөй дүйнөгө келерин келип көзү ачылбай, эчтемесин көрбөй, сезбей суугуна тоңгон баласын, мына, ийреңдеген бир сары ит, ал дагы кор, ага да жан сактоо керек экен го, тырмышып тартып, тыртаңдап булккулап калды, суурулду бала энесинин койнунан, эне да кантсе да, талашам дедиби, умтула түшө, өзү иттен жаман ач, өзү алсыз, жер таянып эмгектеп... «...кет... о, кет...» деди, анысы итке угулган жок, ит да билеби алсызды, жоо чаап олжо тапкансып деги эле тултуңдап, «ыр... гыр..» деп, баланы нары сүйрөп тиш салып кирди. А энеге эми баягы «...баланы сакта...» деген үн кулагына угулбай, эсине түшө албай бешенеси муздак жерге сайылып аяк серппей калды.

Ким карайт?! Ким кайрылып келет?!

Көзгө бири тору, бири сары болуп көрүнгөн эки бала алдан биротоло тайган алсыз абышканы эки колтуктан ала сүйөп, тиги алды дүрбөй арты сенделген эл

артынан ээрчип, өзүлөрүндө деле күч ашып ташып турган беле, акырын илдиреп аяк жылдыра беришти.

Артта кылыччан ажал, ким билсин алдын, дагы бир түркүн өлүм тосуп тургандыр, ал деле эске кирбейт, кутултар үмүт гана ээрчитип, сүрөп алган.

Тигине, өзөгү карайган жашы жыгылды, тигине, каржалган кары тумшугунан сайылды. Отура калганы кайра ордунан тура албады. Ким сүйөй калат, ким колдон тартып тургуза алат!? Өз жаны, өз камы эле керек тура ар кимге, токтой кала караган бирөө көрүнбөйт, карага, кайрыларга эч кимисинде ал да, чама да жок.

Күлүк деген санаа чаалыкмак түгүл думуккан, кайран баш кеңгиреп калган, аттиң ай үмүт, ошо абалда да кылтылдап, те ак кар көк муз ашуу айры кезең белинен өтөт тунарган көз.

Ар жерде бирден сулап, бирден томурайып калып жүрө алды айры бел түбүнө чендеп, кайран кош тизе өзүнөн өзү бүгүлө чөк түшө, андан нары өз денесин өзүлөрү кармана албай сулаганы сулап, бүк түшкөнү бүрүшүп кыйрап калды.

Экөөлөп атасын көтөргөп эки бала да жетип калышты бир убакта.

Бирок, жол кана?!

Күзгө таяган убак эмеспи, бир күн мурда түшкөн шыбыргак кургак кар эртеси күн табынан жумшап, кайра тоңуп, сыпсыйдам көк муз болуп калган экен.

Эми айла не болмок?!

Кайтышабы кайра анык өлүмгө, карлуу ашуу түбүндө ар кимиси ар жерде томурайып муз болуп, бийик учкан карала жорулар гана эч жерин чокуй албаса да үстүнө конуп кала беришеби?!

Жайлообай түнөрүп, өзүнүн деле жүзүндө каны сөлү калган эмес, күңгүрт санаага баткан сыяк, бирде көз сүзө баш ийкеп, бирде бу кысталыш тагдырга бир арга издегенсип тегерене каранып, өзү го өзү, көп өлгөндүн бири, моюн сунган, анын жан дүйнөсүн мына бу жарыктыктан эчтеме көрүп үлгүрө элек балдардын тагдыры аласалдырып отурду.

— Айла жок... — деди ал бир убакта. Демек, өлүмдөн башка калган эмес турбайбы?!

«...туралы...» деди бири, «көрөлү... жан айласы...» деп кошулду бири, жайылган топтун ар жеринен бирден күчү бары ынтылып, эркек, ургачы он чакты караан козголду ордунан.

Карысы таякчан, жашы тырмактап, эптеп өрмөлөп калды. Те айры белге жүрөк дүкүлдөтө бир аркан бою тутум калган, ошол учурда жогортон бирөө аягын токтото албай жыгылып, кокуй ай, ылдый карай сыдырылып, артындагыны да жыга тайдыра, өзү калчылдап араң аяк жылдырган байкуштары туруштук кыла албай үймөлөктөшө, ызычуу, ый, күүлдөгөн көчкү боло сүрүлө те төмөндө калган өңчөй карыптарын тебелей, өлгөнү өлгөн, али тириси баш көтөргөнү жок, чачылып жатып калышты.

Өлүгү томурайып кала берди, тириси кыбырап кайра ийрилди бир убакта.

— Көз көргөн эмес, илгеркиден калган сөз бар, — деди Жайлообай кары оозун караган бечараларга, — ошону кылып көрсөкпү?..

— Кылалы, — дешти алакатка эл, — өлсөк да ошону кылып өлөлү, арман башыбыз менен кошо кетпесин да, аваке?!

Кары:

— Те бир... — деди кызыл ээк оозу ачыла энтигип, — ушундай кысталыш күн башка түшүп көргөн убакта... жанга өлчөгөн жакшы атын союп, этине терисин кошо кертип көк жалтаң музга жабыштырган дешет... Жылуу эт музга жармашып калат экен, ошондон тепкич кылып өткөөлдөн өткөн дешет... Же жөн эле апыртмабы, же чын эле болгон ишпи, бир билсе жол берген кудай өзү билет...

— Куп!

А, ат кана?! Ат түгүл адал түктүү мал кана?!

Ындын өчө баштады кайра. Баары тым-тырс, баары мүңкүрөдү кайра. А кексе кары имере тиктеди. Дагы бир билгени бардай тымпыйып элди санактан өткөргөнсүп кабагы үйрүлдү.

— Малдын эти жабышса адамдын эти жабышпай койобу? — деди бирөө.

Башын акырын ийкеди оозу барбай турган кексе. Томпоюп өлүп жаткан бирөөнү сүйрөй тартыша кийимден жылаңачтап, дароо колду санды кылып, кан чыккан жок, жолдун нугу турган көк музга тез-тез баса баштады. Жо, бир жагын басып турса бир жагы кыйшайып, ал жагын басса быягы салбырап, дегиси жабышпай , токтобой койсо болобу?!

— О-о, адам эти коошпойт турбайбы?! — дешти, баары кайра шалдырай түшүштү. Эми кандай айла болмокчу?!

— Э, эти муздап калган экен да... — деди кексе.

Эми айла не болот?!

Ошо эле карынын жанында башка кыймылга, кепке көңүлдөрү бурулбай сууктан акырын аяк таптап, биринен бири көз албай эрин кыбырап эле сүйлөшүп турган эки жаш жигитке акырын көптүн көзү имериле баштады. «Эгиз тура балдары?.. Ыя, бири элдин керегине жарап кетсе бири тукумдукка калат да?..» деген ой купуя тоорулуп калды. «Жо, эгиз деле эмес ко... эгиз окшош болчу эле го?..» дегендей дагы бир ой. «Ыя, бири өзүбүздүн буудай өң, а бири... сары го...» деп таң калып турганы болду.

Ушул экөвүнүн бири ашык баш болуп тургансып көрүндү көптүн көзүнө.

Ким айтат «бирин бер» деп? Күтүп турабы күн?! Кечтеген сайын аалам боз, аны сайын ным, күңгүрт тартпай койобу?!

«Мени таанып турушат...» деп, асте кымырыла шыбыр кылды сары чийкил «кой» деди ооз кыбыратып буудай өңү, абайлай баш көтөрүндү эл тарапка, бир нече тымпыйган бирөөлөр уруна түштү көзүнө, алар эмес буудай өзү жалтанып, билмексен боло өзү ала качты көзүн, «кудай сактасын...» дей күбүрөнүп койду «эгиз» дегенине.

Сары чийкил ошол жерде өзүнөн өзү кысылды, мунун да кулагына мылтык үнү, онтоп жыгылган аял,

чырылдаган наристе кыз, сакалы белине оролгонсуган өлүп жаткан киши кайрадан бирден өтүп, жан дүйнөсү кыйналды, өзүн өзү күнөөлүү сезип, жылтырап ысык жаш тегеренди көзүнө. Аны сайын чоочулап, «кой, кой...» дей өз үнү солк этип, далысы менен далдалай берди буудай өңү.

— Ата... — деп эңилди сары чийкили ага, — мен барып берейин, атаке... мен эле күнөөлүүдөй кыйналдым, атаке...

Нес болуп тиктеп калды кары, ал баятан эле көптүн көзү каяка кылгырып турганын байкаган, оюн да сезип, өзүнчө ич толгоо тартып отурган. Чоң көрпө ичигинин эки этегин бурдап алдына басынып, козголбой жер тиктеп баш чайкап, не «кой» дегениби, не «кантейин ай» деген аргасы жоктугубу, дагы бир баш чайканып, үшкүрүнүп алды. Муну буудай өң уулу макул болгону деп түшүнүп, чакчая түштү көзү.

Башка түшүнүшкө жылчык жок да, аттиң ай?!

— Ата... — деди ал дагы алдына эңилип, — ата, кантип кыябыз, ата, муну, мейли, зарыл экен, мен эле барып берейин, атаке...

Чал мелтейип баш чайкады. Муну сары чийкил уулу «сен барбайсың» дегендей сезди, баш ийкеди шашыла:

— Болду, мени алышсын, ата... — деп жиберди.

— Жо, жо, ата... мунун тийешеси жок да, ата... мен өзүм эле барып берем, бу калсын... — деп тутала-на, бой түзөнө тиги жакка басканы калды буудай өң кызаңдап. Шап кармай калды сары чийкили.

— О! байкуштарым ай... бири бирин кыя албай... — деп, астейдил көңүлү сыздады карынын, — биринен калып бири күн көрө албай турган жаны бирге болушуп калган турбайбы, байкуштарым ай!?

Кантсин « байкуш» десе байкуш сары чийкил?! Жүзүн, көз жашын көрсөтпөй эки тизесине чекесин коюп, эки ийни солкулдап, үнсүз өксөп ыйлады. Жанына отура кала соороткого эп да, сөз да таба албай, нес болду түгөйү.

Ким булар? Жайлообай, бири Тайлагы, бири аманат сары баласы. «...ким алат эле биз албасак... бу эми аманат.. мен бир нерсе болуп кетсем да, балам, жаныңа ала жүр... тирилей бир жерге таштап кетпе, балам, аманатка кыянат болуп калат... а кокус, өз тукумунан билги бирөө кез болуп калса, ошондо да алып кетем десе... кудай жалгасын деп кошуп жибересиң...» деген атасы,ушу кысталышта да өлүмгө кыя албай отурбайбы Тайлак.

Жашы бирткe кичүү болсо да кыз бала тез бой тартып, жетилип, ар түркүн кепти, ар сырлуу мамилени эрте сезип калат турбайбы!? Люба дайыма тик карап, кымсынбай жаркылдап, күлгүдөй бирдеме өтүп өтпөй шаркылдап күлө өзүн эч качан өйдө санабай аралаш жүргөн..

А элеттин баласы Тайлак «...бу деген улуу орустун кызы да...» тымызын көңүлүнө кире кадыресе тартынып, кыздын ойкуштаган кээ бир жоругунан өзүн какас тутунчу эле.

Мына, азыр көзү дайыма жерде, таанылбайын дегени, түпсүз чексиз кайгысына чөгүп, болуп турган бу алаамат орусунун эле зордугу дейби, «тийешем бар» деп кыңкыстап, көрүнөө жан кыймакка моюн сунуп отурганы ушунданбы!?

...Бу кыздын оштонгон бир убагы көз алдына келди Тайлактын, өзү да ошо мезгилге, ошо көңүл өрүнө кайра аралашкансып ичи жылыды.

«Таки... — деген бир күнү Люба атка кызыгып, — мен отурсам болобу? А?» «Арабага отурат, атка минет...» деп оңдоп койгон Тайлак.. «Макул, минейин эле дейин «деген, тыяктан байкап турган энеси «... ээй, жыгыласың» деп кыйкырса «жыгылсам турам» деп койгон эрке кызы. үзөңгүгө бут салдырып, колтуктан көтөрө аткарып, «.эми үзөңгүнү тең теп... тизгинди тең карма...и... кана...» деп, чылбырдан жетелеп көргөн Такиси. «Апа-а-а, —деп бакырбады беле сүйүнгөндөн тиши кашкая көзү тептегерек болгон Люба, — мына-

а, минип алдым мен...» А энеси «Сен этият бол, Тайка!» — деп эскертип, зекип калган.

Ушун этип жүрүп, эң акыры өзү атка мине тизгинин өзү алып бастыра турган болгон Люба.

...ана... кузгун коно албаган бийик...кыска бетеге көк торгун ыраң... суур ийини жок, тептегиз төр жайлоо... кыштоо жерден арсак азууланып көрүнгөн ак кар көк муз азыр кол сунсаң жетердей, бирине бири чиркелишкен ак төөнүн, карала төөнүн айры өркөчтөрүндөй көзгө жакын, энчиңдей сүйкүм.

Күн жаркын эле, жер каймактагандан бери жыйылып сүрсүгөн мөңгүлөрүнөнбү, не көзгө көрүнбөгөн колго урунбаган кийесиненби, не ушунча бийикте жымырап турган овосунун жылымыбы, тири жанга дем, ынак бир азем жыт сезилип турган.

Каны дүргүпбү, ак саргыл жүзү кызгыл тарта албырып, ошол эле төр жайлоодун кирсиз көгү сыяк тунук да назик да кылгырган көгүлтүр көз кыз бала илекидей акбоз саргыл жал кунанга койкойгон... а эркек сыны буудай өң, алгыр кара ителги кабак боз улан мойну жаадай ийилген карагер минген...

...улам бири озуп, улам бири сая кууп, мемиреген төр жайлоодун тынчын как жара жарышып жүрүшкөн бактылуу күнүн көрсө ошо ак каймал чокулар, улам сур тарта баштаган көгүн, башка көргөн эмес...

Мына эми, кимдин арам оюнан, кимдин тажалдыгынан бу кылдай күнөөсү жок көркөм жаш аманатка берилип, эртеңки ар бир сааты, акыры көрөр тагдыры күүгүм болуп, ач көзгө чалынбас үчүн бирөөнүн эски чапанынын алдына бекинип, төбөсү тешик малакайын кашына түшүрө кийип, аттиң ай, тиринин өлгүсү отурат!?

Кантет!? Кармалган кундуз, күнүгө кубулуп көрүнө кубанта албайт Тайлагын, кайра жүрөгүн мыкчылтып айласы табылбас касыретке камап, көзүн көтөртпөйт...

Тигине, жанагы «экөвүнүн бирөвүн» деп көздөп келген аргасыздар бери жакындап, ошонусу менен кысмактап, не заар, не жалыныч болобу, имерилип басып, дагы тооруп калышты тыяктан..

— Ыя... — деди өзү кары, шыпшынды, башы ийкелди, «абал ушу» деп алды, — мен ашуудан ашсам да, ашпай калсам да өлөр саатым саналуу... жаш өткөн, күч кеткен... менден тукум уланбайт эми...

Тиги шалдырап, жалдырап, ар тобу ар жерде отуруп калган чарасыз элге үңүрөйө кесесине чөгүп калган көзү бир имерилип:

— Мен ыразымын, — деди, — биртке каным, биртке жылуум барында, денеми тепкич кылып ашып алгыла, мен эки дүйнө ыразымын...

Кыстап турган кыжалат бирпаста жок боло калды баарынан.

Көзүн сүзө баш ийкеди кары:

— Тукум калсын бул элден...

Жүрөк да, дене да үшүп бүткөн ушул убакта « тукум улант» деген кыйла көкүрөк көтөртүп, эми болор кыйынга да, оңойго да баш байлар кайратка сүрөп койду баарын.

— Э... баягы... — деп, ээк көтөрө энтигип алды кары, — эл башыларыбыз кана?

«Алар бири калбай малын айданып, жүгүн артынып, те кыргын алдында эле ачык турган бөксө ашуулардан ашкан бойдон жоголгон дешет ко...» деген таарыныч жооп алды.

— Э-э... — деп дагы араң кыңкыстады буга кары адам, — жаман башчы тоюнда тоңбий, жаман күнүндө айгак, барында чоң табагыңа ээ, жогуңда жолобогон неме... Ошо...

«Ошо экен...» дешти.

Өчөйүп эми тура баштады Дарменсыз кары. колтуктан алышты дароо, илке аяк шилтеди кары.

«Ата...» деди эси чыга сары чийкили, «кагылайын. Атаке...» дей өңгүрөп ээрчиди буудай өңү.

— Мен силерге садага болуп баратам, — деп, көңүл

көтөрө жымыйган болуп койду аларга, — кайыл болгула зарыл ишке, бел байлагыла болор ишке, балдарым...мейли, сөөгүмү басып, башыман аттап, мен ыразымын, эптеп тукум улантып калгыла...

Соорентту:

— Койгула, болду, — деди, — бөөдө өлүмгө кетиватамбы, кагылайындарым?! Мына, ыразымын, көзүмүн тирүүндө өкүргөнүңөрдү уктум, болду, учкан жаным, жаткан сөөгүм тынч болот эми!

Түгөйүнүн төшүнө чекесин коюп, эки ийни дагы эле солкулдап, солуктап ыйлап турду чийкили.

Кары кийимин өзү чечти, өз келмесин өзү айтты, эки колун бийик көтөрө алакан жайып, өз жанынын курмандыгына бата кылды өзү.

— О-омийин, аллау акибар...

Дуу этти көпчүлүк, башкасы нары көз бура, бири өңкөйүп, бири тымызын жашып, а жарамдуу төртөвү «кантели, о арман күн ай, кантели...» дешип күбүрөшүп, ушуну менен өзүлөрүнүн да, өлүмгө кыйган билги адамдын да көңүлүн тындырып, акка моюн сундуруп, шили омуртканын арасына акырын наштар ныгырып коюшту. «Ик» дешке жарабай билги кары эки кишини колуна салбырап калды. Бири токтоно албай өксөп:

— О, кайран абам.... кайран билги... кантели, дили катык жаналгычтар башка салган иш... — деп, салтанат кыла атайы өкүрүк чыгарып жиберди, көңүл тосмосу жарылып, дуу тегеректей калды бозгун эл.

Бири да тааныбайт, бири ысмын билбей «кутманым...» деп өксөдү көбү, «о, кайрам атам ай» деп, көзүнө жаш алды көбү. Көк тиреген, те алда кайдан булут үстүнөн чокусу канталап көрүнгөн Кан Тоо айланасын күңгүрөнтүп турду качкындардын ашып төгүлүп кеткен кайгысы, арманы.

Дарөө колду санды кылынган. Эти муздай электе тебер тепкичке ылайыктала алты саны бырчаланып, белге чыгар мерчемдеги тик тайгакка ныктап,

ыктап коюшту. О, шумдук ай! Кудуреттин буйругу-бу, чып-чып жабышып берди. «Бу деген кайран билгинин алал ниети» деп болжошту муну. Бири бир тепкичке чыга ныгырып көрүп да жиберди «О-хо, төөнү көтөрөт го бу!» деше көңүл көтөрүп калышты байкуш эл.

«О, ичи кең, берешен Жараткан! Ушу бизди да алкулум деп, эсте калбаган заманында Эр Акгуз гана ашкан деген көк музуңан жан сактарга жол бердиңби!?»

Көрүп турган көзүнө ишене албаса да, басып турган аягына ишенип, бороону уюлгуган бели көздөн өтүп, эң оболу баарыга тең Жаратканга, өзүн курман кылып берген бири да ким экенин билбеген билги адамга астейдил ыразылык оозаныша кийиктей абайлап чубады...

## 2

Күнгөй, топурагы кумдуу эккен эгин чайлабаган, тиккен дарак көп жылга түзүк бой тартпаган, каксоо жер экен үч Турпан...

Беткелди бозгон эл ар жерде бирден томурайып, көмгөнгө ал барбы, арбак болуп арыктаган, сүрүнөт болуп өңдөн тайган бир эки тобу гана илдиреп араң жеткен.

Алейне жай алыш, алейне бирдеме эгер тигер жер ээлеш кайда!? Эки үч тамы, эшигинде жалбырагы сарала суйдаң дарагы бар жергилик бирөөнүн турагына ыктай токтоп, кай бири сулап жыгылып, кай бири эки ийни түшө итче чочоюп, оозунан араң дем ала көзү жашылдана жалдырап тиктенип отуруп калды.

Керели кечке чакчайып кактаган күн улам ылдыйлап, не кара булут, не тоо экени белгисиз ымыртка чөгүп бараткан кезде туруктан бери басты бирөө. Илекидей аппак сакалы, кудай эсинде жүргөн пенде таянар аса таягы көзгө түштү биринчи. «Жан кыйбас берер...» деген жылуу үмүт пайда болду байкуштардын

дилине. А кары эки көзү чекирейип, не чоочунганы, не жадаганы, аяр басып келди.

Бири жер таянып, бир улам тизелей мөңкөндөп, кантсе да өйдө боло калышты бозгун эл.

Ким болсо да бир киши эки кишиге озунуп салам бериш мусулман каадасы, өзү салам берди кары, бу кадырга жетине алышпай колун көкүрөгүнө коштой ала күбүрөшө, баш ийкеше алик алып жиберишти узун жолунда көп куугун көргөн, көп сөкөт уккан, көбү көк келтектен өлүп жалкыган эл.

— И?.. — деп койду жергилик дарактын көңгөйүнөн тиктеген үкү сыяк биртке кыңырая.

Бу кайдан келдиңер дегенге тете. Жолможол кошулган, кимиси кайдан экени түгүл атын сурашпаган качкын эл бири мыңк, бири күңк. «...эми ушу... кармап берип койобу бирөөгө...» деген ойго кабылганы да боло калды ичинен.

Жо, жүзүндө чырымтал нуру бар абышка «...а байкуштар ай...» деген өңдө өзүнчө асте баш ийкенип алды:

...үйүнөн карыш чыккан мусапыр... — деп өзүнчө күбүрөнүп, үйү жагына кол жаңсап басты, — калгыла буйерде бүгүнчө... эртең кетебиз десеңер кете бересиңер...

Короо ичи кенен экен, алдына кебез таар салдырып:

— Кыңкайып... эс алгыла биртке... оокат бышканча... — деп коюп, өзү аярлай басып, нарырак бара кайра бир жүз бура ачка байкуштардын баары бир тегиз тырайып жыгылганын бир сыдыра тиктеп алып кетти.

Өлүм эле тартпаса уйку кайдан келсин!? Жумуру сыздап өзөрүп, кургап калган эриндерин араң жаланып, не балакет болсо да келер оокат жолуна төшөлдү булаңгырлана баштаган көз.

Келди оокат да, абышка өзү ээрчий келди, бирок тууган мышыктын эле алдына койо турган бирден чай пияла толор-толбос суюк күрүч кордо аш экен.

— Тузу жок... — деп койду абышка эскертип, — силерге азырынча туздуу, күчтүү оокат болбойт... аптыкпагыла, акырын даамын алып жуткула... ушул суюк аштан деле көп ичип алсаңар, кудай анын бетин нары кылсын, ушул көргүлүгүңөр деле жетишер, аш кыла албай... бөөдө өлүп калышка мүмкүн...

Бир чай кайнамдан соң бир сындырымдан нан, бир куюмдан чай берилди.

Ушин этип, үч күн саналды, ireңге кызыл жүгүрүп, бирин бири эми тааныгансып уурт жымыя, көз чанагына толо тиктешип калды.

Такыба адам күндө эртемененки өз азанын өзү айтып, эки ирекет сүннөт эки ирекет парыз багымдатын окуп болгон соң «тынч бекен байкуштар» деген ой кетип, дилинде «йа, алла...», колунда курма теспе, дагы баягы, асте аяр басып келди.

Дүү тура калды байкуштары.

Дагы өзү озунуп салам берди мусулман, а бирөөгө теӊ ата адамсына өйдө караштты унуткан, пендесинен түгүл «неден жаздык» деше теӊиринен ырайым күтүштөн түӊүлгөндөй бечаралар жабыла алик алышып, кай бири үнү каргылдана ийиле таазим кылып да жиберди.

«Өйдө бол, балам...» деди андайына мусулман кары, бир сыдыра тиктеп «а... шүгүр...» деп алды өзүнчө, биртке оӊолуп калышканына ичтен ыразы болду теӊирге.

— И, отургула, — деди, акырын көчүк басты өзү да, уурту жымыйып, жүзү жылуу.

— И?.. — деди, — кайдан, кайсы элден...

Бири да унчуга албады, тааныбаган соӊ тартынды биринен бири, «эл дегени уруу, айтсам айтканыма кас болсо балакетине каламбы» деп чоочунбай койо алган жок.

Кабагына кайгы чыга:

...аттиӊ ай... — деп алды кары, мурда качкын жолукпаппы, билет окшойт, ой баса баш чайканып алды, — тегибиз түгүл, өз атабызды кадырлабай, тууганды кас көрүп жатка жагынып жүрүп, аттиӊ

ай... кутман журттан кут кеткен... ары намысы бүт кеткен...

Күч окшойт бул адамдын деле касырети:

...буерде... — деп койду, — биздин деле абалыбыз таң, бир кишиге ондон ханзу, ондон манжу...

...асте ийкелди башы:

— Мейли эми, бир тукумбуз, — деди, — ашып-ташып төгүлүп жаткан оокат жок бизде деле, бирак кантебиз, колдо болушунча каралашпай койо албайбыз, каныбыз бир, динибиз бир...

Дым боло түштү орто.

Жайлообайдын Тайлагы бир маалда:

— Кудай жалгасын... аваке..., — дегенге араң жарады.

Кары:

— Бекер жүргөнчө бекер иште деген го, аны өз балдарым деле тырмалап жүрүшөт, ошого колкабыш кылгыла, аздай көрүнсө нары жагынан эшек эле аркандалып бош жаткан дыңын күздүккө бузуп алгыла... жан кыйбас бөлүшүп турарбыз...

Көрөр күн барбы, же кыякелди кокустанбы, иши кылып, кечеги октон качкан кийик эл ушу дили мусулман карыя адамга кез болуп калышканын карачы!?

Ошол эле кудайдын кутман күнү колдо багылып турган куйругу кучак кара шишегин сойдуруп, көк шилте бозгундарын кардын бир кере тойгузуп салды ниети да колу да, ачык карыя.

Бир бастырмада сыйра, жамбашына таар үстүнө жая салма төшөк болуп, башы кебез жаздыкка тийип, үстүнө эскилөө болсо да бирдеме жабылып, адам катары жатып туруп калышты.

Ушуга деле баары ыраазы эле, бир күнү жумуштан соң байаке келип саламын айтып, акыбал сурап:

— Бу болбойт... үймөлөктөшүп... — деп калды анан, — ой, оосурак жытташып, сас-сып жатпай, жок дегенде, экиден болуп камыштан алачык кылып албайсыңарбы!?

А куп, эки эле күндө те короодон тышкары жамалаша даяр болду онбеш башбаанек.

Көзү тири деп, элпек Тайлакты байаке үй тирилигине тандап алган. Тайлак мал көздөйт, а баягы «сары чийкил иниси» үй тирилигине колкабыш, басса турса көз алдынан кетирбей, жатса колтугунан чыгарбай, өз оозуна не тийсе ошондон өнчөлөп, куду бакма чымчыкка жем бергенсип, жедирип жүргөнү жүргөн. А «сары чийкил» деле баягы эмес, толо көкүрөк жок эми, дене шүйүп, үрөйү ансайын сүрүнөт болуп үлбүрөп калган.

Бир күнү эртең мененки багымдатынан соң бай атасы Тайлакты алдына жалгыз чакыртып алды.

— Кел, углум, — деп бутун тартты сыпаа кары, биртке иштелип жаткан иш жөнүн, денсоолук сураган болду, — эми, углум, оюңа жаман алба, углум...бир кепти тактап койоюн, айтасыңбы?..

— Сизден кантип кеп жашырам, бай ата!?

— А түзүк, — деп алды бай атасы, — жанагы бирге жүргөн кува жүлүн балаң ким, биздин келиндер «кыз бала окшойт» дешет имиш?

Нес болуп, көзү ирмелбей отуруп калды Тайлак. Буга эми эмине дейт!?

«Мейли, айткың келбесе өз эркиң...» деген үн нестен ойготту Тайлакты, башы ийкелди. «Чын» деди деп түшүндү кексе адам:

«Кимиң? деген суроо укту Тайлак, өңү өчө жер тиктей башы чайкалды, эми «...карындашың болсо мага кый...» дегенди жүрөгү титиреп күттү, «...карындашың болбосо кимиң бу?» деген такык чыкты.

...ата... — деп алды байкуш мукактанып, — ата.. бу орустун кызы... асырап калгыла деп, атасы аманат тапшырган эле атама...

— Тополоңдобу?

Баш ийкеди Тайлак.

— Нике болгонбу?

Баш чайкады Тайлак.

Эми өзү баш чайканып отуруп:

— Никеси жок ургаачы менен бирге болуш ылазым эмес да, углум... — деди кары кейиген түрдө.

— Тазабыз... — деп мыңк этkенге жарады Тайлак, көзүн күбө тарта өйдө карай.

— О, жакшы, — деп жиберди такыба адам таң калып, — ыманың али бүтүн бойдон турбайбы, айланайын... абдан жакшы...

Бу жылым мамиле чарасыз бозгундун көңүлүн көтөргөн жок, кайра терс божомол тымызын кирип, тулабоюн дагы селейтти. «Ыя, мага бер эми муну дегени турабы?» Жүрөгү селт этип, ушу жерден азыр тура качардай абалга дагы калтырап такалды.

«...углум..., — деген мунайым каргыл үн дагы угулду, — өзүңө жаккан болсо... кыздын да көңүлү оосо... анда минтип жүрө бербегиле... таза жүргөнүңөр түзүк таалим, бирак, углум, көргөн бөтөн көзгө бу жүрүм айып болуп туюлат...

И, мунун артында не маани бар!?

Маани улады каргыл үн:

...кыз башка дин туткан элден болсо деле жуп болушка ошол эл ошо жопарада аз болсо болот, а көп болсо болбойт, болбогону андан төрөлгөн перзенттин мусулман тарбиясына терс таалими жугуп калышы ыктымал... а буйерде бу кыз жалгыз, өзүнүн эле макул болушу ылазым...

Эрини титиреп өйдө карай берди Тайлак. «Кантем эми...» деген айласы жоктун жалдыраган көзүн көрдү кексе:

— Кантмек элең эми, — деп койду томсоруңку, — алал мамилеге өтүштөн башка айлаң жок, углум!? Алал тукум улансын да...

— Ата... — деди обдула тизелей Тайлак байкуш.

«Тукум улансын!?»

Бу ашууда тепкич болуп калган өз атасынын үмүтү эле го!?

«...жаткыла... жан сактагыла...» дебеди беле байкуш кызыл кыргында үстүнө ийри тумшук айланган боз кекиликтей экөвүнө бир жамынчы боло, кокуй!?

... жандап мылтык тарсылдап, көкүлдөрү көккө серпилген аттар бу «өлгөн» байкуштардан кубалаша уча каргып өткөн жок беле!?

...жер солкунткан дүбүрт арасынан экөвүн, өзү алсыз, жеңден тарта жылан боло ийрилип, чөптөн жапыс таштан үнсүз жыла сойлоп буйгалатты эле го!? «

«...мага карабагыла... мен эки аягым жеткен жерде, демим бүткөн жерде калармын... силер жан асырап кан сактап... тукум улагыла...» дегеничи!?

Ошо кайгы, ошо үмүт аралаша көзүнө жаш кылгырып, отуруп калды Тайлак.

Кары да бир азга ойлонуп отуруп, баш ийкенип койду:

— Мейли... сурап көрчү көңүлүн... кыз деле макул эле болор... макул болбосо зордош ылазым эмес...

«Кыз окшойт» деген шывыш баамчыл байбичесинен чыккан экен, «...бай, — дептир, — ыя, Садыгыңыз колоктоп бойдок жүрөт, ушуну эле алып берип койбойсузбу... түзү ийги, дил билги неме экен байкуш...» Мусулман үйүндө эрдин кеби эки болбойт. «Кой, кар кыскан кийиктей үйгө кирип келип отурушса, кой, өлгөн абал үстүнө тирилей көмгөн кылбайлы, кой... нары да баланын көңүлү бар окшойт...» деп тынчытып коюптур.

Кийинки базар күнү эле байбиче аркалы кызды кыздай кызыл тазыл жасантып, «мен келин алам» деп, кернейлеп бүт коңшуларын чакырып алды бай. «А-а, жакшы болуптур, көөп кетти эле бойдогу...» дешип чогулду коңшулар.

Жо, күйөөлөтөрү каралы экен го!?

Ошо уй мүйүз тарта отурган кары жаштын көзүнчө

кадими ак чынысына мелткалт таза суу апкелдирип, бир үзүм аруу кебез малдырып коюп, айылдын кутман аксакалы өзү да көңүлү эрий көз сүзө кыраатын муңкана келтире ыйык сөздөн нике сүрө окуп, салт болгон «кабыл туттуңбу» макулдугун эки жактан үч кайталай сурап «туттум» жообун эл көзүнчө, күбөлөр алдында алды да:

— Балдарым... — деп алды, — ушу көз ирмемден силер өз көңүл менен кошулган жуп болдуңар... — деди акырын күңгүрөндү көз айрыбай экөбүн алмателме тиктеп, — эр катын эриш аркак дейбиз го, не эриши не аркагы жай билбесе, өрмөк турмуш өз кунунан ажырайт... бирине бири көрксүз, наркcыз болуп, биртке кыңыр сөздөн, биртке ыксыз кыялдан бириңе бириң терс айлансаң таза турмуш кирдейт, бузулат акыры...

— Ошон үчүн... биринчи... — деп, Тайлакка көз кыйыгын сала маани улады, — үй эгеси ынтымак башы эркектана сенсиң. Кудай кошкон, тагдырын сага ишенген жубуңу кара көздүн карегиндей сакта, бир дагы көңүл калар кеп айтпа, бир да арылдап беттен алба... бир да артылтып камчы чаппа... бу колуңа өзү келип конгон куш... кушуңдай үндөп, колуң менен жем берип, кадырын кастарлап багып ал... не эксең ошону аласың дейбиз го, сен дагы ошо кадырын көрөсүң...

Ким чеки дей алат!?

— Келиним... — деди эми үлпүнчөк алдына бир назер таштап, — мына, «...эри бардын эрки бар, эл көргүдөй көркү бар, башында өз кадыры кийгизген казанбактай бөркү бар...» дейт кыркгузуң... Ошо, келиним... эми сенин эриң ушу, көркүң ушу, өзүңө жарашар бөркүң ушу, өзүң сакта... эч качан тил тийгизип, аякасты кылба... пенденин шайтаны пенде, ала жипти аттаба... өз үйүңдүн түндүгүн өзүң түшүрүп алба, ананайын...

Ак сөз эмеспи!?

— Бу деген адамгерчилик, мусулманчылык, — деп тактады, — ушуну кармансаңар кылган мейнетиңер,

жайган дасторконуңар, кудай сүйүп берген уул кыз перзентиңер алал болот...

Эң акыры бу эки бечараны баш коштурган кудайлык ниети өзүн да мээнитип, үнү каргылдана токтоло:

— Оми-ин... — деп бата кылып жиберди. Дуу, күү коштоду үй ичи...

Келген коңшу, азыр бозгун эмес эшигиндеги «ишчи» шамшум этер тойчук да өттү. Жамбашка салар төшөк, башка койор жаздык, жамынар бир жууркан кирип, Тайлактын үтүрөйгөн камыш алачыгы бир үйбүлөнүн кадыресе башбаанеги болуп калды.

...Күн өткөн сайын дагы бирлеп-экилеп темселеп келе берип, бу келгенди кет дебеген адамга байырлап, арык торук өзүнчө бир айыл болуп калган.

«Бай акеси» баягы дыңынан дагы көрсөтүп:

— Ушуйерди кетмен-күрөктөп иштегиле, камтама болбогула, ижара албайм... чилиги меке уругун да бекер берем, экkенден саналуу кырк таңда сары алтын болуп бышып берет жарыктык... — деди, — талкан болот, нан болот...

... а жарымың, — деп дагы бир ык айтты, — жакынкы кытай ичкерисине кирип жалданып иштеп көргүлө, кудай буйруган пулун таап келесиңер... былакта илгертен тартип бар, баш көтөрбөй иштейт, адам акысын жемей, уурулук деген жок, колу шарт кесилип ташталат ким болсо да...

«...кокуй о-ой... кол кесмейи жаман тура...» дей барышка мойну жар бербей калды кай биринин. Жо, «катын алсаң отун ал, бир кучагын артык ал» деген да бар, ичкери кирмейге дили макул болду Тайлактын.

Тез эле, келерки базарда жумушкер терип жүргөн ханзу* менен макулдашып, өзү тааныбаган он чакты бозгунга огожосу болуп кетмей болду. «үй» деп атап, камыш да болсо уя болуп калган үрпөйгөн алачыгында

* Ханзу — кытай

куду эле кошбаш көгүчкөн сыяк акырын күбүрөшүп, бирине бири ык салып, биринин кебин бири акмалап, асте баш ийкешип отуруп кабырга менен ачык кеңешти.

— Барайын а, Лүкү?... — деди Тайлак.

Кой дей алабы!? Жырык теңге таап келсе да бир жыртык бүтөлөт.

— Мейли, Таки... этият болуп жүрөгөр... — деди Люба.

От тышта, жер кемеге асылган казанга от жагып отурган Бүкү. Далысы дүңкүйгөн, башы эки ийнинин ортосуна кире бир жагына кыңырайган бир жан. Түйрүк эрини борбоюп, эч качан өйдө болбогон көзү оттун кызылына улам жылт этип, кыбырап куурай сындырып жагып, эч ким менен иши жок. Бүкүрү болгон соң «Бүкү» эле дешчү.

— Бүкү... — деди акырын жанына көчүк баспай отуруп Тайлак, — мен ишке жалданып кетиватам, Бүкү... мен келгиче ушерде бол, жеңеңе кара бол...

Макул болду Бүкү.

— Ошент, — деп бышыктады Тайлак, — таңга маал кетем, өзү жалгыз түндө коркпосун жеңең, күндөгүдөй эле алачыкка эле жатып жүр...

Муну жакында эле Тайлак жол боюнда солуп жаткан жеринен таап келген. Бу деле бу жаркыраган дүйнөгө ушу бүкүрү, ушу кыңыр бойдон туулган эместир!?

> «...атаңа наалат төрөткөн, энеңе наалат төрөгөн...» дейт мындайда, не жардан кулаган, не аттан жыгылган жашында, кароодон кеткен. Дагы эки аягы соолугунан ушу жакка чейин жетиптир, жан күйөрү эл катары өлүп кутулган сыягы, же ишке жарабаса, же сатайын десе эч ким албаса, кантет, өзүлөрү аргасыз бозгундар жолго таштап кете беришкен окшойт.

Кечки нан, чайын бирге отуруп шамшум этишип, буйруган деген колдо барына каниет кылышып, ушунусуна да берешен кудайга ыразылык да айтып, өзүлөрүнө топук тилеп бата кылышты үч бечара.

Кезмет жатжатка келди эми.

Эшик төрү үч кадам алачыктын төрүнө Лүкү төшөгүн салып, лыплып бөгүп калышты. А Бүкү, үстүн чечинмей жок, ийленбеген эски кара талпакты тыштан сүйрөй кире сол улагага таштап, көмкөрүнө бүк түштү.

Көшүлө тийген ай шooласы камыш алачыктын сансыз жылчыгынан самсаалап төгүлүп, ичи бит саналгыдай жапжарык.

Жаңы үйүр эки жаш бирине бири бериле моюн алышып, көз жумук, жан дүйнө көлкүп биринин кулак түбүнө бири акырын мээне шыбыштап, эт жүрөк элжиреп бу бирде ымырт бирде жаркын кең дүйнө, аалам жалгыз ошолордуку сыяк, булут үстүндө калкып жаткан сыяк...

...Жайдак талпагына чекеси тийер эле замат, «уктады десин» дегениби, дайым эле коңуруктап жибермейи бар Бүкүнүн. Былк эткен сезилбесе деле улам көзүн үлбүрөтүп ачып, андып жатып өзүн уйку басып алганын билбей, көзү ачыла түшсө өзүн да көзүн да сөгүнүп, өкүнүп калчу. «...эмнени сүйлөшөр экен...» деген санаа тегеретчү аны, уккусу келчү. А деле адам баласы, онбештерге чыккан, ыя, а деле эркектана да!? Капилеттен бет алдынан карп курп чыккан киши чоочугудай бу кейпи болуп туруп да ушундай таалай эңсейт окшойт...

...Такинин чор колу Лүкүнүн бөрсөйгөн курсагын... уучу менен акырын, аяр тегерете сылап, кубанчы көңүлүнө батпай жүрөгү дик-дик согуп:

«...кагылайын...» дейт өзү, кулагынын көнчөк түбүнө тийген жылуу жумшак эрини сезимтал келинди жан дүйнөсүн май кылып эритип, а бөрсөйгөн жылуу курсагынан бирдеме бүлк этти... «о...кагылайын...» деди Таки...

«...жерден оор нерсе ала көрбө... Лүкүтай...»

«...билем...»

«...кантсе да... кара болор...»

«...түзүк байкуш... отко жагар бирдемени ошо эле термелеп жүрөт ко...»

«...ачка койбо...»

«...мен эмне жесем ошону жейт да...»

«...ошент, акыл сары чачым... колуңу караган карыбың да...»

Эрте кетти Тайлак.

Жан баруу керекпи!? Люба байбиченин баягы эле ашкана ишинде, Бүкү бүкчүңдөп, жакабелден куу тезек, куурай терип келип, отун жагат. Тыным аз экөөвүндө тең. Кечинде гана алачыкка барышып, аны өз үйсүнө жайырап көчүк басышып, көпчүлүктөн оолак, биртке эсалгансып калышат.

— И, сүйлөп отур, — деген болду бир күнү Лүкү жеңеси.

А Бүкү сүйүнүп кеттиби, дайыма жапкак кабак алдында жүргөн көзү жылт ачыла таң кала тиктеп калды. Дегиси, «кичине бала» аны уурданып көп тиктегени байкалып жүргөн.

— Мени... — деди Лүкү аяр жымыя, — көп тиктебе а... макулбу?..

Жер тиктей калды байкуш Бүкү.

«...бирөө байкап калса... сөз болуп кетет...» деген аяр үн кирди кулагына. Кандай сөз болорун кайдан билет, эчтеме дей албады Бүкү, баш көтөрбөдү... «...йе... мени адам катары көрбөгөнү...» деди сынган дили.

Лүкү күндөгү төрүнө жазды төшөгүн, баягы ордуна баягы кара талпагына эки алаканын көзүнө жаздай таарынгансый жампайды Бүкү.

...дагы баягы ай... күндөн күнгө тарки кете баштаган камыш алачыктын ичине сүттөй чачылып, бир кылайганы Лүкүнүн аксаргыл жүзүнө кылтылдап, таарынмак түгүл ыйласа да тиктебей койо албаган көзүнө алтын сары чачы кызгыл бууга окшоп, бу керемет эсейип өзүн эркек сезине баштаган немени көңүлүн көк толкун кыла оодарылтып турду кыйлага. Жүрөк байкуш опкоолжуп, онтой терс оонап, ушуга чейинки ар бир түнүндөгү гөрүндөй

карангыга кайра төнүп, кайра түбү оңолгус майыптын бейчара абалы чүмкөп, оозун басына энтигип... сасык талпагына дымып калды...

Бүкү кыжырланып турду ошол түндөн.

...Мингени желген сайын өзүлөрү опоң да сопоң, мылтык сороктоп келе бир топ атчан дүпүрөй тегеректеп калды айылды. Орустар экен...

«...Өлдүк...» дешти бозгун эл, кимиси кайерде турса отурса былк эте албай дым болуп, көз гана чарк айланып калды. «Й!..» деп кайрат кылган шарт тийген кылычтан жыгылган, безе качканына ок жеткен, күргүчтөлө кырылып, биринин канына бири чыланган мындайда, көбү көргөн.

Ушу эс оогон көз ирмемде чоң чепкенин калдая ийнине салган «бай аке» чыкты үйүнөн.

Ичинен бири бери бөлүнө «бай акеге» беттей келди, кытай чондорунанбы, тиши ырсайып каңк куңк деше калды, баш ийкешти, күлгөн боло да калышты. «Ыя, тыякта көзү алачакмак болуп чабышчу эле... Ыя, быякта жылмаңдап эле жан кыябы!?» Жан өлүп дени калган байкуштар дагы эле тириле, дагы эле тилге кире албады. Чекир көзү да, колу да буларды бир имерип, сөөмөйү өз алдына токтоду кытайдын.

— Бери чогулгулачы... деди бай аке.

Ишке кеткенинен калганы түгөл, Бүкү да бар. Тигине, кош этеги көлкүгөн кызыл көйнөк, кара макмал кемсалчан, үлбүрөтө сарала жоолугун эки жаагына түшүрө салынган Лүкүжан келинди да көз жаздымга калтырышкан жок.

— Коркпогула... — деди бай, — булар орустун быяктагы увакил кишилери экен...

Жаңжуңдан* калыс киши кошуп алып, ушундай «качкын бар» деген мерчемди кыштакма кыштак кыдырып, качкындардын ичинде быякка зордукталып келинген орустан жан барбы деп суроо салып, көздөн өткөрүп жүргөн топ экенин туюнтту артынан.

Түйшөлө түштү качкын эл. «Йе... жок десек, таа-

нып калса, кутулбас куясына калабыз го...», «ыя...» деген күбүр шыбыр да чыга калды.

«Чын, өз ыктыярыбы, зорлукпу, билсе бир кудай өзү билет, жашырган бизге жалаа болот...» деп ээгинде кара эчкинин куйругундай сакалчан бирөө тирмейип калды Лүкүжан келинди, ошол эле замат ичинен жини шаштырган сыяк эрини кымтыла жулуна келип, гүлтажыдай жоолугун башынан сыйра тартып алды.

— Мына, сар-рыбашыл! — деди аптыга.

Дуу кобураша бери темине калды орустар.

«Йе, бу не!? Кан төгүшөбү эшигиме!?» деп нестейди пендеге жакшылык кылыштан башка азиз оюна эчтеме кирбеген мусулман. Терикпей, кайра жадырап:

— Келгиле, — деп койду мейман тосуп тургандай орусча.

«Тигини... тигини...» дешти, «сүйүнүп кетти...» деди эчки куйрук неме ичтен сөгө.

Ыраазы болдубу, консулдун увакили акырын атынан түштү, жымыя акырын алдына басып келди:

— Келдик... — деди, — колго түшкөндөр болсо иликтеп, ушинетип табылганын алып кетип жүрөбүз... Улуу Россиянын бир инсаны бөөдө кор болуп жүрүшү ылаазым эмес!

Лүкү:

— Мен эми эч кайда бара албайм...

Туздай, ырайым билбестей боз көзү чакырая түштү увакилдин.

Лүкү:

— Энем тамга кошо күйүп... атам да кулаган устун тийип... кошо өлгөн...

Чакчарылып жиберди дымагы башынан ашкан дипломат:

— Ал деген... мына ушу турган адам жабайылардын күнөөсү, карындашым!

— Ыя... ыя... — дей каяшага жарады Лүкү, — «а деген» мына силер атайы баштаган иш...

Эрини кымтыла баштады увакилдин. Тайманар эмес Лүкү андан:

— Кантейн, мына ошо силер кылган кыргын ичинен өзүм качып келдим... Эрге тийип алдым...

— Ким ал?

— Көңүлүмө жаккан жакшы адам.

Тирмейе карап, аргасыз жумшарды увакил:

— Кой, кежирленбе эми, карындашым... — деди кадыресе күлө бага, — атыңы да билебиз, Люба, тыяктан агаң Герман суроо салган, кежирленбе эми, мин бу атка... жетелеп кетем...

— Ал кайда?

— Кайда болмок эле!? Баягы эле колонияга келген.

Ой баса жер тиктенип:

— Келсе аман болсун... — деп, акырын баш ийкенип алды Люба, — кантебиз, эми анын турмушу өзүнчө, менин да турмушум өзүнчө... Мен эч кайда кете албайм эримсиз...

Тиги кыжырдан көзү чакчайып, муруту түктөйүп, «чап» дегенди эңсеп колу кылычтын сабына барып турган топ орустан башка аңдай алган жок. Сөз кош келбеген, бирине бири макул болбогон дил эгеш болуп жатканы үрөйдөн, кескин үндөн эле белгилүү болуп калды баарына.

— Бас! — деп, катуу буйрук кылып жиберди увакил.

— Баспайм! — деди, «карындашы» өчөшүп, — Ана, чабар кылычыңар, атар мылтыгыңар даяр турбайбы!? Өлтүрүп кеткиле! Ошо! Колуңардан келери эле ошо...

Жылым сөз менен да, коркутуш менен да ийгере албасына көзү жетип, колун силкип таштап, күүлөнө бара атына минди увакил:

— Сени, токто... биз кол тийгизе албайбыз, дипломатпыз.. — деп демикти, — эриңди көз алдыңда өлтүрүп, токто, сени жүктөтүп алып кетер кишини таап жиберебиз! Герман өзү келет!

Шарт бурула катуу жүрүп кетишти. Бай кытайын тиктеди, алып кетебиз десе аялдын болбой койгонун айтты кытай, баш ийкенип калды бай.

Карышкыр үйрүгөн кой болуп, бири эки чекчейип,

бири «кырат» жаман оюна думугуп, эки ийни түшө салбырап калган байукуштар эми улам бири козголо, сүйрөлө жыла жоголо баштады.

Селейип жалгыз калган Лүкү келинге:

— А түзүк, — деп, кетпегенин кубаттап койду «бай аке», — никелүү жубуң келген соң биргелешип кетер койорду сүйлөшүп аларсыңар...

Чубалып жаткан жоолугун леп эңкейип алып, кой-койгон аккуу сымак мойнуна ондоно салынып, деги эле катуу ирик сөз укпагандай, укса укканын тушарына ала койбой keриле аяндай басып, көзүнө уя көрүнгөн ала-чыгына кетти.

Бирок, булардын эртеңки тагдырынан кубанар ке-лежак болжой албадыбы, кексе кары үшкүрүнүп алды акырын.

Ким коргой алат буларды!? Бир кудай өзү арачалап калбаса эч ким аралжы түшө албайт. Ушу азыр өлтүрүп кетишсе кытай «өз иши» деп кылтыйып эле кала бермек. Эки эң үлкөн деген өкүмият, орус жыл санагы боюнча 1858 деген жылда эле жергилик элдин тыягына да быягына да айтылбай эле улу тоодун нары жагы оруска, бери жагы кытайга делинип «чек ара» сызылган. Бири бирин кол-дош макулдашылган ошондон бери. Билет муну да...

Түнүндө ай, күндүзү күн тыягынан быягына теп-чилген алачыктын карала көлөкөсүнө кыңкая калганга үлгүргөн экен, Бүкүнүн көзү те алыстан эле тосуп алды «жеңесин».

Жубата бирдеме айта тургансыйбы!? Жо, уурту тымпыйып, эки эле кыйык көзү агы көрүнбөй ирмел-бей бир купуя заар сезиле аңдыйт. «О. неге эле тиктей-сиң, бала!?» деген өкүнч оюна кылт келсе да, ооз ача алган жок келин. Кийинки күндөрү экөө алачыкта жалгыз калгандан бери мунун көзү ушинетип ага өзгөчө тешилгени тешилген. «...Эси жайында болбой калган байкуш да...» деп кечирим ой келди. Не деп таарына алат!?

Кантсин!? Бу кыйын кыстоо мезгилде үрөйү, көңүлү бала кезден жылуу курдаш жолгошуп, аны менен тири

өмүрдүн негизги сересине чыкканы мурунку каар, кан эми үстү чүмбөттөлө нары агып кеткенсип, эскиргенсип, мындан кийинки көрөр күндөн чеке жылыр, көңүл маарыр бир ак шоола гана эңсеп калбады беле!?

Мына өмүр, эрте тандан кечки күүгүмгө дейре байбиченин үй жумушунда, ага кайыл, ага ыраазы, жатар уя алачыгына кабагы бүркөлбөй келет, жалгыз да эмес, жалжал тиктеп Букүсү тосуп алат.

Түнү да тынч... көп эстегениненби, Такиси көп кирет түшүнө, көңүлү да, кучагы да толгонсуп калат, ушуга каниет кылат.

Бир түнү... денесине бирдеме жологонсуп, ошондон асте ойгоно сезим келе калды... жамынчы ичине киши колу сойлоп киргени сезилди... жүрөгү чымырап кетти бир кур, келип калгандай туюлду никелүү эгеси... сылай кол тийгизди ынтызар келин, жанбирге жардын мойнуна чап асылардай жүрөгү алеп-желеп, көзү ачылды... Букү... үңүлүп отурган экен... «Эй!..» дей чочуп кетти Лүкү.

Йе, эркектана кайтар эмес, «жеңесинин» бези толук эмчегин чеңгелдеп, көкүрөктөп баса, не күлгөнү, не кубанганы, уурту ырсайып, тиштери чирик оозу коңурсуп, ал да демигип, бышылдап, деги өзү токтор эмес.

«Ых...» деп жийиркенип, итере сала бошонду Лүкү:

— Нары тур э!

Жо, нары турар эмес:

— Иги... иги... — дей булдурады, киндиги тирсейип калган эркектана көз жума «жеңесинин» эки тизесине тырмышты Букү.

Жеңеси:

— Эй! айтып койом байкеңе, эй!

Угар эмес, дагы эле:

— Иги... иги... — деп мыңкылдап, күдүңдөп артына баштады бир бутун.

Айел заты болсо да дени соо, андан күчү ашык, кош аяктап үстүнөн улагага аласалдыра тээп таштады Лүкү:

— Йе!.. эл байкап калса эмне дейт, йе!?

Төшүнө эки согончок каты тийдиби, же өзүнүн оңол-

бос майыптыгын эми билиндиби — өзүнө, көз ирмемде назери сынып, бирпаста карып болуп, жатканынан тура албай калды.

Кайра боору ачыды, «...байкуш ай...» деп алды, тепкенине да өкүндү Лүкү.

«...Ыя. Ушундай үйүндө эри жогуна эле асыла беришеби булар?..» деген кыжыры басты бооркер көңүлүн. «...Же... муну атайы тукуруп жиберидатабы бирөө?..» Бу капилет ой да чочунтту.

Тез эле, ыргылжың күндөрдүн биринде «...Лүкүнүн агасы келиптир...» деген сөз жетти айылга. «Баягы орустарга кошо келген кытайдын увакили кабар кылыптыр байга... жакында мында келет окшойт...» дешти.

Кантсе да бир тууган, жүзү жайнап калды Лүкүнүн. «Таки экөвү сүйлөшүп эле жүргөн балдар эле...алып кетсе Такини кошо ала кетет...» деди үмүтү, ишенди, а түгүл эртели-кеч кылтыйып жол каранып да калды.

Те баягы эркектана жоругун «алачыгынан чыгара тепти» деп арман кылып, өзүндөй бир сенделген жанга ыйлактап мурдун тартынып отуруп, күбүрөп салган Бүкү.

Бирок бу Лүкүгө жеткен эмес, ак көңүл жан күн ашырбай эле «быякка кел, Бүкү...» деп, байбиче өзүнө өнчөлөп ороп берген эт оокатын ортого коюп, «ке, же, Бүкү... байкең келгенде жеңем ачка койду деп жүрбө...» деп, артынан «антсең байкеңе урдурасың мени...» деген тамашага.

Өлө ачыккан Бүкү койдун кыйла эттүү жилигин көз жума бурдап кажып отуруп, муну уккандай деле болгон эмес. «А байкуш, баягы капалыгын унуткан го...» деп, «жеңеси» аны багарын бага берген.

Жо, нары элден кем бүкүрү, нары арчыл жетим баягы «...мени адам катары көрбөгөнү...» дегенин дилине бекем катынып койгон экен.

«Герман кырып кетем дептир» деген күч алды күн өткөн сайын. Үрөй уча бирлеп-экилеп, ишин таштап буйгалай баштады эл.

Баягы эчки куйрук деги эле тууган боло, деги эле намыска күйгөн сыяк өзүнө тартты Букүнү.

«Өй... бу орус катын сени өзөртө тепкени ыраспы? Ыя?..» деп, өзү каңырыгы түтөп кеткенсип, баш чайкана кышылдап такыды.

Баш ийкене тултуюп койду Букү.

«О... анда, ыя, сени тим эле, кокуй, ити катары санаган турбайбы...» дей эңиле кала күйө-быша шыбырап жиберди эчки куйрук сакал шум.

Жер тиктене ыйламсырап койду Букү.

«Ой! — деди, атайы чаңырды күйөрман, — эркекти тепкен кээ болот, кокуй, оңбой калат, кокуй!»

«Жүр бери...» деп, нары басты колтуктан ала...

Эртеси байбиченин үй тирилигине барган жок Лүкү келин.

«Не, болду байкушка?.. кош бойлуу окшоду эле... эти ооруп калдыбы?..» деп, байбиче кыздарынан жиберип кабар алды. Эчки куйрук сакалчан ошо жопарада жүргөн экен. «О, аны түндө эле келип, шашылыш окшойт, эри алып кетти...» дептир.

Өзү кошо келди байбиченин алдына:

— Буйер деле кудайга шүгүр эле, билбейм... ошояктан жакшы жай тапкан го... сыягы... — деп бүшүркөп салды. «Ырас болду кеткени ар кимдин көзүн кычыштырбай... агасы келсе дагы бир балакетине калат белек...» деп кошумчалап, ыраазы экени көрүнө компоюп койду.

Бир аз күн өтпөй консулдан киши коштоп келер Герман да келип калды.

Ар кимиси ар жерде кайсаланып иштеп жүргөн бозгун эл. Дагы дүргүтүп, дагы тооктой кубалатып ийрип берди алдына. Чарк имерди үрөйү учкан топту Германдын көзү. «Кана?..» деди өзүнө өзү, жок, Люба көрүнбөйт, «келе албай отурабы уялып...» деген үмүт да алдап турду аны.

Эл дымып, жалдырап турат.

— И, акыбал кандай, курсак токпу?- деп сурап койду кыргызча, ою Люба.

«Ики... — деп ич урду эчки куйрук сакалчан, — кырабы, курсакты сурап не кылат бу!?»

— Люба кайда?

— Кудай акы.. ким, кимдин кызы... сураша да элек болчубуз... «кой» дедик, болбоду Тайлак деген неме... ала качып жүргөнү аз келгенсип, бечара кызды катын кылып албадыбы, кокуй!?

Кабагы үйрүлө ойлонуп калды Герман. Кырат дегидей консулдун үч кишисинен башка адам атар аскери деле жок, бир маузер жүрөт өзүндө.

Муну кулагы чалган сыяк, акырын баш ийкенди Герман:

— Ыя, араңарда жок го, Люба кайда эми!?

— Ошо... эр болумушу алып кеткен... ишке жалданган жагына кой десек болбой алып кеткен... — деп нес болду чал, «...ой, сен азамат...» дей өзү артына үңкүйтүп алып турган Бүкүнү көрүнөөгө булка тартты, — айтчы, ушу сен орус келинди өзүң узатпадың беле эри менен!? Кокуй, кырылабыз азыр, жер кучактап жатып калабыз азыр, кокуй...

— Иййи... — дей салбырап баш ийкеди, — байкем өзү алып кеткен...

Бейнеден да, акылдан да кем, ээрчиме, бирок бет келген ким болсо ошого буртуйган таарыныч, кек көрүнгөн кебетеси өзгөргөн жок.

— Мына... — деди чал жеңгендей мулжуя кабак үйрө, — алып кетсе, эмне, «алып кетти» дейт да!? Бизде... күнөө жок...

Герман:

— Күнөөлөйүн деген оюм жок, — деди, — эсен соо болсо аларды алып кетейин деп эле келдим эле. Качан келишер экен?

Бирөө мыңкылдап койду акырын:

—Келет ко... ошоякта киши колдуу эле болуп калбаса...

Көп эле киши кетип... али бири да кайра келген жок ко, — деп койду бири.

Герман:

— Келсе айтып койгула, жерине кайтсын Тайлак, мага жолуксун...

Кайтты Герман.

«Кырат!» деген коркунуч заматта сыйрылып түшүп, дене жайыла жеңилдеп, эмелеги тар дүйнө кеңип, өзүнөн өзү уурт жымыя тартыла жүз жумшарып, сезим эңги-деңги болуп отуруп калышты...

## 3

...Баягы «ишке» деп баштап кеткен уйгур Тайлактарды ошондо эле Кашкардын кан базарына ийрип токтоткон.

Кең майдан, баш аягына көз жетер эмес, эл көп, көптүгү ушу, кулак тийишет, эңкейип көр, артыңдагы түртүлөт, тегиз бир жакка ыктаса ийин сүрүлүшө лыглык жүрүп отурат. Ким эмне сатып, ким эмне алып жүргөнү билинбейт.

Бойчон, ирени кара сур, кубаты, кайраты бардай көрүнгөн Тайлакты быяктан ар жолдон кошулуп көбөйгөн алсыздар эш тутуп, «Эр Тайлак» деп алышкан. Кадам шилте, бери карагынча арага киши тыгылат, сүрүлөсүң, тобуңдан окчундайсың, адашып калыш бирпаста. Элтеңдеп Эр Тайлагынан көз алышпай, кокус сүрүлө турган эл болуп калса бери тырмышып, эки кишиге кыпчыла калган этегин араң сууруй кайра кошулуп турушат.

Кечки иңирде эл биртке суюлгансып, булардын үрпөйгөн тобуна бойлору пастек, кыдыңдап жоргологан бирөөлөр имерилип келди. Тымтырс тиктеп турушту иш издеген мусапырлар.

«Жорголордун» көздөрү кылыйып марайт, кабактары үйрүлүү, эриндери кымтылуу, чөнтөгүндө бирдеме алар теңге бар, аларды кекейткен, тымпыйткан дымагы ошо. Асте пикир алышканы беркилерге «кыйк» «чыйк» болуп угулуп, деги эле кепке келер табит тери жоктой, тиги өзөгү карарып турган байкуштарды атайы

таназарга албай, ушунусу менен сооданы ылдый түртө манчыркап көз ирмелип, баш текебер ийкелип тура берди.

Те бир убакта кылы жок ээгин көтөрө экчеп калды.

— Иш керекпи деди, —деп, уйгурбу, тилмерлик кылды ичинен бири, — иш керекми?

Жабыла баш ийкеп калышты Эр Тайлактын тегереги.

— Кандай иш экен, — деп тактады Эр Тайлагы, — баасын айтышсын.

Күңк мыңк боло калышты күч алармандар. Уйгуру:

— Бага мага жок, эртеде бир, кечте бир авкат... Куп да!

Кобураша түшүштү күч сатармандар да:

— Гөр оокатка эле иштей беребизби?..

— Ыя, эртеңки күнгө бирдеме арттырбайт бекен?

Ушуга жини келди тилмердин:

— Эй, бу не!? Силердей самсыган көп! Бар, качып келген жагыңа бар, арттыра бер!

Буга «коку-уй» дегенден башка эчтеме кирбей калды качкындардын оозуна.

Бири өкүндү акыры:

«...булар качып барганда эгин эгерге жер, мал жаярга жайыт бердик эле го биз!?»

Бири аны жапырып салды:

«Как ошо берешендигиңден азыр ушу жерде тойлоп турасың да!..»

А бири:

«Өзүлөрүнүн мынчалык кулактары тийишип жүрүшсө каягын берет!?» деп койду чын эле ниетинен.

Өтө кымбат көрүп, колду кескин шилтеп таштап, тултуңдаша басып кетип калышты иш бермекчилер.

Ово дем, кылт эткен жел жок, өзүнүкүбү, башканыкыбы, сасык жыттан думугуп, мүңкүрөп кала бериштикүчүн соодага салып турган эл. Ошол эле замат өзөрүп турган бири:

«Кой, — деп жиберди, — мен жан кыйбаска макулмун...»

Эки-үчөвү ээрчиди аны.

Базар күнү кайсы, жөн күнү кайсы айрымасы жок, эрте тандан кара күүгүмгө дейре жумурубаш лыглык. Ошол орунда үңкүйүп отуруп таң атырып алышты мукураган эл.

Эртеси, кытай го, саз ирең, эки ууртунда экиден төрт сыяктанган кара кыл муруту бар, тирмейген тик көз бирөө келди, көзү Эр Тайлакка кадалды, эрини эп эте бирдеме дегенсип калды. Көлөкөсүндөй ээрчип турганы:

«Ким иштейт деди...» деди.

Эр Тайлак:

«...иш болсо эле иштейбиз баарыбыз...—деди акырын,— сураңчы, иш акысы канчадан болгудай экен...»

Күңкү мыңкы боло калышты, «курсак да тойот экен, күнүгө бир теңге да болот экен...» деди бир убакта тилмери.

Эр Тайлагы «сиз өтүңүз» ишара кылып, бозала арык абышка бүжүрөп тигилер жакка басып калды эле иш бергичтин колу кескин терс шилтенип, үнү чар эте түштү.

«Бу жарабайт деди» деп койду тилмери. А иш бергич түз эле барып чыканактан алды Эр Тайлактын өзүн. «Сен жактың» деди ыразы боло тилмер да.

«Кандай иш,» демей, тандамай кайдан!? Жалжал артын каранып, тиги шөмтүрөшүп турган бейчараларын көздөн өткөрүп, абалын тымызын туюп, жүрөгү опкоолжуп, ындыны өчкөн бойдон кетти Эр Тайлагы. Тыякта бирөөнүн көңдөбөсүндө камыш алачыкта күнү да түнү да көзү тешиле жолун карап отурганы бар да анын да!?

Кожоюн ал топтон чыга дароо барып кош дөңгөлөк жеңил арабасына отурар замат аны эле күтүп турган жигити леп келип, арабанын артында салаңдап турган кайыш кишенге Тайлакты бир билегинен шып кынап койду да, көнүмүш иши, өзү алдына чегиле кала күүлөнө тартып жол алды. Ничке кош дөңгөлөк чыйк этер эмес, тарткандын согончогу шырп этпейт, желген аттын

ыкчамын ала токтоо да, тыным да жок, кол чойбой бирок ултарма өтүгү торпулдап Эр Тайлак куйрук улаш.

Жөө тарткан бул арабаны «рикша» дейт экен, бойчон жигитти атайы тандап, ушул ишке алган экен кожоюн. Ыгын алды, жарарын жарады, ар жаккан ушинетип киши ташытып байыган кожоюндун ондон арбын рикшасынын ичинде күнүгө жолунда болду Эр Тайлак. Билет экен кожоюн, иш жеңилден эмес, ар бир жолоочу ыразы кыла төлөйт экен, анын бир теңгеси күнүгө жөө арабакечтин колтук калтасына түшкөнү түшкөн, үч маал курсак тойот, буга кошумча кай бир не март, не бооркер жолоочу кол учунан майда барат жез чакасын аябайт экен.

Күн чубап өтө берди, бирок күн өткөн сайын камыш алачыкта калган сүймөнчүк жан көбүрөк эсине келе баштап, түнү көзү илингенче, а күндүз өзүнүн жанында кошо желип келаткан сыяк кетпей турган болду Тайлактын көз алдынан.

Бош боло калганында колтугун тырманган боло калтасына акырын кол салып, бармактап теңгесин эсептейт, жаңылат, кайра санайт, дегиси бир кочушча болуп алгансыган. Бу ага канагат, ушу менен эсен барып калса Лүкүжаны экөвү бирдеме алып, аны кайра суулап арбытып, эч кимдин көзүн карабай тирилигин кадыресе өткөрө беришке ишеним.

«...не болду экен... ичи чоңоюп... эти оорлоп... ыя, жумушуна жарабай калса... ыя, күнүмдүк оокат жайы не болду экен?.. Же... ыя... эсен төрөп алды бекен ичи кең кудай өзү жол берип?..»

Бу ой көңүлүнө көп кирип, бирде жүрөгүн жымыртa кубантса, бирде чоочунтуп, тынчы кетип:

«Мен кетейин, бай аке, — деди бир күнү Тайлак, тантыр мунтур кайлап да алган кытайча, — ак ишиме да, иш акыга да ыразы болуңуз, бай аке... мен кетейин...»

Түшүндү бай, бирок эрини кымтылып, кетиштин себебин издей калганы сезилди.

«Тыякта кош бойлуу зайып калган эле...»

«Хо, — деп жиберди бай артын айттырбай, — хо, хо, туудуруп ал, хо...»

Кош айтышты, айнып этектен ала тургандай шаша басып, байынын алдынан чыгып кетти Тайлак.

Баягы байкуштар кантти экен?..» деген көңүлүнө түштү, «ушуга дейре эле жатып алыптырбы ошоерге...» деп да алды, бирок кайрылып өтпөй койо албады, келди.

Баягы жерде баягылар жок. Эч жакка көз тегеретпей, үңкүйгөн үч төрт кемпир отурат, ар биринин жанында али балакатка жете элек не кыз, не уул бала бар.

Бири эки аягы талтая, бири бүк түшкөн бойдон өлү тириси белгисиз бир адам бейне абышка жатып калышкан. Бери караса беридe да, нары караса нарыда да ушу кыйраган абал.

Бийик ашуу кыйын, кары, алсыз, жаш аша албай жыгылганы жыгылган жеринде, чарчап отура калганы ошо жеринде томурайып, тырайып кала берген. А бу балдар кайдан!?

Бир абышка эки колдоп жер таянып, калчылдап көкүрөк токтотуп, анан өчөйүп отуруп калды, нуру өчкөн көз жыртайып тигилди Тайлакка.

Салам айтып койду Тайлак. Алик алганга не жараган жок, не атайы алган жок абышка. Эки көз кесесине чөккөн, жашы жок, суву соолуп калган башаттын көзү сыяк оңурайып турат.

«И? — деп койду абышка бир убакта, — сен деле жыргап кеткенден эмессиң... отурайын десең отур, отурбасаң кете бер, тиктебе мени...»

Сыңар тизелей калды Тайлак.

«...ал ушул, көрүп турасың, — деди абышка кышылдап энтиге, — а жер сурашпа, урук сүрүштүрбө... бирпаста ичтен жаман көрүшүп калабыз... бирибизди «ток», бирибизди «шок», бирибизди «жок» дегенге өтүшүп кетебиз... биз ошобуз... ошон үчүн экөбүз ушу жерде отурабыз...

Сөз тегин билбей ооз ача албай калды Тайлак.

Не отурушат буерде!?

Кайыр тиленишет ко десе, жо, суранган, жалынган, онтогон дабыш жок, баары башы жерге салынган жарым өлүк, чала жан.

Муну көрүп, ары чыдай албай тура барып нары четте эле жалгыз илме чайнегине чай кайнатып сатып отурган эсейген кытай кыздан бир чайнек чайын бир нан кошо сатып алып келе калды Тайлак.

Чал тиши жок ээгин аны сайын кемшейте кымтып, аңдып тиктеп, анан «а түзүк, ата көргөн бала окшойсуң» дегенсип, башы ийкенип койду.

Ошо замат, али ооз тийише электе ар жактан кыз, уул бала моюн созо көз салышып, кай бири бери тура ыктап, тегеректеп калды бат эле. Буга абшканын кабагы бүркөлгөн жок, «ме...» «о, ананайын...» дей күңкүлдөп, бир гана жан каниет алгылык жалгыз тегерек нанды баарына бирдей жарым сындырымдан кылып бирден карматып, эң акырын өз жанында тостоюп отурган балага берди кары:

«...өзөк жалгап алгыла, байкуштарым... биз өлсөк өлгөнүбүз ошо, кыйла өмүр кылдык, кыйланы көрдүк, көп жашаса көңүл ыразы болмок беле, көп көрүп көз тоймок беле... калса ушулар эсен калсын...

Ысык чай жанын жылыттыбы:

«О! Чай да оокат экен э!?—деп алды. — Ыя, казы даамданат ко бу!?

«Ушун этип... — деп, эми кепке өттү өзү, — кудай сүйүп бала берген, бак берген дегендей эле бир урук элдин белдүүлөрүнүн бир элек... кызды айтпайм, кыздын журту башка, беш уул бала көргөм, ар биринен экиден үчтөн перзент өскөн эле...»

Ээги көкүрөгүнө түшө былк этпей калды абышка, бир убакта кыржыйган эки ийни солкулдап, астелеп башын араң көтөрдү, ичтен өксөдүбү, о жок, дагы эле эки көзү чөлдүн аңындай купкургак, не көрүп тургады, не көрбөй отурганы билинбей агала так шоро эле болуп тигилди:

«Ошо... пас ашуудан аштык...»

Токтоло калды дагы, ичтен кыжыр түрткөнсүп жаак тарамышы түйүлө, көзү аны сайын мекчейди:

> «...а бир жер жутпаган жолбун... «казакпын» деп айылда жүргөн... биз менен кошо үркту эле... ошо жерге жукпаган «мен билем, апийим өткөрүп быякты көп көргөм» деп, жол башы боло келип, эң акыры атайы калмакка кабылтып бербедиби бизди...

Көз ачпай көпкө дымып калды абышка. Дагы эле ичинде арман, кыжыр санаа нечен толгонуп, кыямат күндүн таразасы Заман запкысын жаңы эле көрө баштаган али бала Тайлак анын муңун чактай алган жок.

Шуу үшкүрүп эсин жыйды абышка:

«Беш уулдан бир күндө ажырадым... ишкен жарар ургачы күң, эсейген уул балдар кулагы кесилип кул болду... — деди, токтоно албай бышылдап жашып, бирок баягы, дагы эле үңүрөйгөн көзүнөн ным көрүнгөн жок, — кичи уулумун мына бу чүрпөсүн, көзү тири, тукум болот өлбөй калса деп... калмак минип алган өз атымы өзүм уурдап, өңөрө качтым...

Эрини жабылбай ээгин биртке көтөрө акырын өпкөкага демин алып, капыстан келер бирөөдү күткөнсүп көз тегерете каранып, дагы үшкүрүнүп алды:

«Мына... кантейин... — деди киркиреп, — ушу көзү тирими сатайын деп отурам...

Буга эмне дейт!? Жүйө да, жооп да таба албай көзү эле аргасыз үлдүрөп калды «эр» дешкен Тайлактын.

Муну да сезди ач кары:

«Ме, бекер ал десең албайт... Бекер деген бекер, бекердин шорпосу татыбайт деген турбайбы!? Эчтеме бербей жумшаса, уруп койсо күнөөкөр, өлтүрүп салса күйөрү табылса ага күнкор, табылбаса баары бир кудай алдында жоопкер. Чоңойсо качып да кетет...»

Баш ийкенип койду:

«А сатып алган буюмбу, малбы, адам баласыбы өзүнүкү, кайда жумшаса, кандай башкарса өзү биле

берет экен... өлтүрүп койсо сатып алган пулу кошо өлөт... ошон үчүн багат, күчүн алат, атайы өлтүрбөйт...»

Жини кычагандай чекирейе тиктеди:

«И!?—деп алды. — Мен ушу өз неберени сатып, өз жанымы сактайын дейминби!? О жок, каным да, алым да түгөнгөн... кайсы көз ирмемде кылт дей түшөрүмү күтүп отурам... кетем бу ач дүйнөдөн... а бу бейкүнөө наристе тири калсын... кудай буйруган күнүн көрсүн... ошон үчүн сатам...

«Э-э... тукум уланар бекен дейт турбайбы бу дагы...» деп, те баягы атасынын «тукум ула» дегени эсине келди Тайлактын.

Мына, арык кытай, карды салык уйгур түспөл адам атпай асте аяк шилтеп, көз кыйыгы тиги көз көтөрбөй телмирип отурган жаш келин кызды, не корко не таңыркай көзү алайган уул балдарды шырпсыз сыдырып, унчукпай кыдырып, а кай бири кетчидей нары бара кайра кыңкайлап келип коюшат.

Бу не? Бу кытай базары, кысталган сатармандын чыдамын сынамай, айласын кетирмей, эң акыры не алса да арзанга түшүрүп алмай алакети. Күн кечтеп баратты.

Бужүрөгөн бир абышкасы тиги кызыл шалпар жолук учун алдына таштай, соодага түшөрүн өзү билеби, муңканып отурабы, көз көтөрбөй үлбүрөгөн келинди эңкейе сөөмөйү менен кезеп, кол учун пул санагандай шыпылдатып калды. Байкап турган, абышканын сөөмөйүнөн «канча» дегенин түшүндү Тайлак:

— Канча дейт... — деп койду кыздын энэсине. А байкуш жооп бере албай бышылдап ыйлап, бетин басып калды. Быяктан жанагы абышка эки колунун салаларын арбайта кере эки ирет алакан чабынып салды. «Өхү-ү, жыйырма йуан!?» дей алармандын кымбатсыганына энесине күңк этип койду Тайлак. Энеси ошо мүңкүрөгөнүнчө бир эле колун көтөрүп көрсөттү. «Хо!» деп кол чаап жиберди көзү чакчая тегерене аларман.

Чогула, кыжы кужу боло түшүштү көп алармаан.

«Хо!» деп сүйүнүптүр авалкы.

«Хо эмес, — дептир бири, — арзан кылып койдуң сен...»

«Мен, — деп көкүрөк көтөргөн бири,— о тиги чалы айткан жыйырманы берип алам...»

Чала болсо да маани түшүнүп турду Тайлак.

Теңге сунуп калды үч аларман үч жктан. Беш теңгеге куу алаканын тосту кыздын энеси. Жыйырмасын сунган неме «мен көп берип атам го» дегендей пулун зайыптын мурдуна силкилдете баштады эле, өзү өлө албай отурган абышканын эзелки дымагы али сына элек экен:

«Эй... эй...— деп жиберди энтиге, — немене!? Лавизи, топугу ошо, немене, өзү макул болгонун алат да!? — Тигини каарып таштады андан нары: —«Эй, ким сатып ала бере алган бул дүйнөдө топукту!? Бу сенин көп берем дегениң текеберлик, бу деген кор көңүлдү аны сайын тебелейт... Нары!

Кары карыптын өлүктүн жумулбай калган көзүндөй жансыз нурсуз көзү көрүнөө сестентти аны, кыдың эте кол шилтей басып кетти.

Беш теңгесине кыз ошонуку болгон бужүрөгөн кытай абышка кубанган оозун жаба албай, сөзү жок эле акырын кыкылдап күлүп, торуна кабылган көк кептерин чоочутуп ийбейин дегенчелик жымыя аярлана эңкейип, акырын:

«Хо... хо...» деп, кыздын колуна тийгизди колун, лып тартып алды кайра, бирок тагдырын моюнга алып калган кыз селт эте албады, пул төлөгөн эми батына колун кармап, «жүр эми...» дегенчелик саамыктап өзүнө тартканда бир кыял көрсөтө чойоңдоп койо албай акырын өйдө боло жетеленип басып берди.

«Кош... балам...» деп өксөдү энеси, кыз ошондо гана кол чойдура бир кайрыла каранып, үңүлдөп койду, «кош» дегени ошо болду.

«...Ө-ө-хи-и-и...
кагылайын жалгызым,
мандайга бүтөн жылдызым...

Өңгүрөп үн тартып жиберди эне байкуш. Кыз конушу башка делинет, ошо «башка» конушуна узатарда энеси кайра келбес өлгөн менен барабар кошок айтылып коштошот, анысы да, азыркы арман күнү да кошул ташыл болуп кеткенсиди.

...ө-ө-хи-и-и
кыз жигит жыйып тойлотуп,
кырк күнү шаңга ойнотуп,
кыз оюн кылам дечү элем...

...күйөө сыйлаш, кадырлаш,
артынан ушак калп айтпас,
ала жипти аттабас
аруу кылар ак мурас
кебими берем дечү элем...

...көз тайгылар түр кылып,
зыяпатын бир кылып,
асемдетип бүктөтүп,
ак каймалга жүктөтүп
себиңи берем дечү элем...

...ө-ө-хи-и-и...
кыз кадырын билгизип,
кызылдан жорго мингизип...
көчүнү санат көрк кылып,
көргөндүн көзүн төрт кылып
кошуп берип теңиңе,
убай көрөр жериңе
узатайын дечү элем...

...атаны кокуй, арман күн,
азазил башка салган күн...
ойдогунун бири жок,
оңоло калар түрү жок...
э мына...
кан базарда сатылдың а, ба-алам...

Бу эч качан оңуна жанбас тилек, арман күү бир эле эне эмес баарынын бштан өткөрүп турган көйүн козгоп, «о, боорум...» дей өксөп өкүрүк чыгарып жиберди ара-

дан бирөө. Ырп эте албай айрылыш кошогун тыңшап, эт жүрөгү болкулдап жаткан карыптар баш көтөргөнү бш көтөрө, көкүрөк көтөргөнү көкүрөк көтөрө, кай бир али биртке кубаты бары өңкөйө өйдө боло «о, боорум... о, боорум ай...» деп коштоп, дуу көтөрүлүп кетти.

Кыз жетелеген элпек чал ошо бир түп дарагы жок тегизде кылкандай ширелген адам атпайга аралашып, качан эле карааны көрүнбөй калган. А өз арманына өзү аккан байкуштар кош өгүзү жарылган алыштын сувундай буркан шарканы басыла элек.

Ким булар чуу чыгарган!?

Шаша, дүпүрөй бир чабар ак келтеги бар оор топ жергилик миршап келип дароо тегеректей көзүн аарчына элек чалын, али эзиле бышылдап отурган ургаачысып нары бери түрткүлөп, чаңыра сөгүнүп тыйып, бирок көкүрөк дарты жонго бир чабар карс этсе да тыйыла койбой каңгыр дүңгүр боло берди ара.

«Хе! Кайра өткөрүп бериш керек ко!?»

« Орусуна!»

«Же ыйлап бүтсүн, же өлүп бүтсүн!»

«Ошоягында...»

Бу жекирик ар бири кулагына улам илинип, энтикпей көз жашы ирмелип турду Тайлактын.

Жанагы али зардеси сөнбөгөн кары ыргытып ташкаган чапан сыңары былк этпей калганын көзү чала леп жетти Тайлак, башын эки алаканына сала сүйөй калды, «...жөн кой... деген демин укту, бирок койо бербей жаагына жаагын тийгизе «абаке» деди. «...а кокуй... жашыба...» деген дем келди абышкадан, көз жашынан жаагына биртке тамган сыягы, өйдө боло алган жок жашыгы, «...аваке... бу баланы мага эле сатыңыз, аваке... мен... мен тоого кетем, ала кетем... аваке...» деди, «ыя...— деп алды абышка, солгундай баштады деми, — сага сатпайм...»

Селт баш көтөрө нес боло түштү Тайлак.

Жо, эрини бүлк этти кайра абышканын, тез эңиле калды, кулак такады,

«...алып кете бер...» дегенин укту Тайлак, жүрөгү жымырап, эки алаканы менен жаагын сылай, асте

эрин тийгизе «...камтама боло көрбөң...» деп, бешенесине тооп кылды астейдил. Жан кыйды деди эле, эрини кайра бүлк этип калды карынын, кулак такап «...баланы сага... сени кудайга тапшырдым...» деген жел күдөр-медер болуп угулду кулагына те алыстан...

## 4

«...кантти экен... ичи чоңоюп калгандыр... же...иштен кыйналып чала төрөп салдыбы...»

Чарчоо билдирбей, дем аларды эстетпей Тайлакты ликилдетип айдап келе жаткан ушу бирде кубанч, бирде кейиш ой. Карачы, кубанч кейишине оорун бербейт, жүзүн гүлдөй тамылжытат... «кагылайын...» деген жылуу дем киргизет дилине... Шек да оңой эмес, кубанч менен кошо өрүлгөнсүп, кошо келе жатпайбы... Аны атайы оозго алар ниети жок Тайлактын, а бирок, «кокус да» кокус болуп калар жаман окуя ойдон оңой кеткиси жок, жылуу үмүттүн далдасында тымызын өз кезегин аңдып эле тургансыйт...

«Жүр...» деген тайлак акырын балага, атасын таштай албай ыйлайт го деп корккон. Жок чоңатасынан мындай сулап жатышы көнүмүшпү, ата «жүр» деген сыйкыр сөз «оокат» жейбиз» түшүнүк болдубу балага, каерге жейбиз — деген соң эки жакка каранып келе берди.

«...атың ким?»

Бектур...

Охо... бекем турсун деген экен го чоң атаң...

«Ихи...» деп күлгөнсүп койгон бала

Бир шам-шум этмеккке отура жерде «байке, сиздин атыңыз ким» деп сурап калды бала.

«Тайлак» деди Тайлак. Бала элтейе түшкөн, «...жанагы айры төөднүнбү» деп таң калган. Баш ийкеп, «ошо, ошон үчүн тоого сени көтөрүп кетем...» деп койду.

Бала үйралып калды ага.

«Тоого кетебиз а, байке?» деп, улам сурап, «кетебиз ананайын, «Бекке» деген жылуу жооп алган сайын ыкчамдап, желе жортуп келе жатат.

Жарым жылдык мейнетинин акыбети толтурган колунда торсойгон гана көк бөз калтасы бар, салмагы кыйла, улам бир ийнине оодара сала жүрөмал ат болуп лепилдеп келейатты Тайлак.

Тигине, камыш алачык... үрпөйсө да кошбаш чымчыктын уясы... көзгө ысык, көңүлгө кымбат... Дем кошулду, «эсен көрөм» деген аны сайын сүрөп, канат бүтө дагы ыкчам серпиле арым таштады уя ээси. «...көрсө... боолгосо... тышка чыга калат ко...»

«Келдикпи тоого?» деп калды Бекеси, ага жооп бере алган жок «төөнүн баласы».

Жо... алачык бозоруп эле турат, чыга калары түгүл айланасында кыбыр эткен жан жок...

О, ана... кош этек кызыл көйнөк кылактап бери басты, сарала шалпар жоолугу өзү шамал чыгара желбиреп, жаш келиндин албырган жүзү... Жок, алачыктан али эч ким чыккан жок, өз үмүтүн, өз көңүлүн өзү көз алдына тартып, өзү көрүп алды Тайлак.

Ана... нары жагында аны күткөнсүй үйрүлүп турушкан бир топ адам бейне эми бирден териле баса үңкүйүп тарап... ана бири үңүрөйүп жер тиктеп, бири көзү чекирейе эчки куйрук сакалын кол учу менен кармалап эки сөлөкөт гана калды.

А алачык эшиги деле тартылбаган, ачык, дагы эле үрпөйүп тынч.

«...наристесин эмгизип күймөнүп...» деп алдады үмүт, «...ыя... ооруп жатып калдыбы...» дей жүрөгүн шуу эттирип кетти шек. Тиги эрин кымтылып, көз чекирейип, эми бери астелеп жыла кейптеринен кылдай сүйүнүч көрүнбөгөн, кабагы кардай муздак эки бозгунун алма-телме тиктенип эси нес болду Тайлактын, ушу азыр бири «айрылдык» дей өкүрүк чыгарып жиберери калтылдатты жүрөгүн...

Эңиле башбакты алачыкка, жок, Лүкү түгүл багып алган ургачы таргыл мышык да жок экен...

«Лүкү кайда?..» деген оозуна кирди салам ордуна. Жооп алган жок.

— Ыя?.. — деп алды үнү калтырап.

— Эми... — деп калды сакалы эчки куйрук... «...эмилеп... кайрат кыл дейт турбайбы... кокуй, «төрөттөн кетти...» дейт турбайбы...» деп эси экиленип кетти Тайлактын кеп аягына чыккыча.

— Эми... акеси келип... — деди чал, — алдын тосо албадык, жүр деди, алып кетип калды...

Дуу үшкүрүп жиберди Тайлак, оор буу сыяк буулган сезим заматта жоголуп, байкуш жүрөктүн гана жалаң аяктай дикилдегени калды:

— Качан?..

Күңк мыңк этти кыйды чал:

— Көп эле күн болуп кетти го...

«Тири экен...» деп алды Тайлак, ушу эле тынчытты көңүлүн.

А тиги кудайдын каарынан туулгансыган, далысы чокусунан ашып турган «тууганы» бир да жолу чалыр көзүн бери ыкшыйтпады, былк этпеди.

— Мына, — деди чал, — иниң катары алачыгыңа кошуп таштап кеткен немеңен да сура.

Баш көтөргөн жок Бүкү. Көзүнөн чаары чыга зекиди аны «авакеси»:

— Эй, кудайдын каарынан туулган... — деди,— эй, айтпайсыңбы ачыгын байкеңе, алып кетти дебейсиңби, ыя... эй, өз карындашын алып кетмек түгүл «мага барсын Тайлак» дегени эсиңде жокпу!? Эй, маңыроо...

— Болду, уктум, — деди Тайлак жан дүйнөсү кыйла ордуна келе,-кеттим анда мен...

Кайсы каткан дүйнөсү бар эле камыш алачыкта!? Кирип кайсаланмак түгүл дилине суук, бир тиктеп койбой, артын каранбай баскан бойдон кетти Тайлак. Дикилдеп ээрчиди Беги.

«Лүкү карыз болуп калбады бекен?» деген ой кылт

этти, тык токтой калды, кожоюндун эшигине леп кайрылды. Эшикке байбиче чыкты:

— Келиң, келиң... — деп калды.

Салам алик ордуна жылым баш ийкешкен соң «карызы» бары жогун акырын суроо кылды Тайлак.

— О, жогуң, — деди байбиче, — карыз түгүл Лүкүжан аларын албай кетиптир, берейин азыр...

Алакан жайып койду Тайлак.

Үйүнө кир дей албай:

— Үйдө жок эди аваңар, — деди байбиче, — ошо бир орус бала келген күнү да үйдө жок эди, соода көйүндө Кашкарга кеткен эди. Биз да көрбөдүк, Лүкүжанды «алып кетти» дешкен кеп уктук...

Унчукпай баш ийкенип кайырлашкан болду Тайлак.

Ошо, «алып кетти», «мага барсын» деген көңүлүнө медер, даремет болду. Кез болгон навайдан он кызыл токоч алып баштыгына салды да, «... о, көкө теңир жол ача гөр...» деп, жан таслим кылар алдында чоң атасы «баланы сага тапшырдым, сени кудайга тапшырдым» деп берген дагы аманатты колунан дикилдете жетелеп, те алыста агы ак көгү көк булут эле сыяктанып көзгө араң көрүнгөн улуу тоо багытына жөө бет алды Жайлообайдын жалгызы.

Кээде өзүндөй жөө жалаң жолгошо калып, бир азда эле жолу айрылып кайра жалгыздап, адамдан адам коркуп калган чак, күндүз буйгалап, кез болгон эл суугa токочтон бир сыныдырым малып жеп, өзөк жалгап, биртке эсалып, кайра күүгүм талаш карандап, эрбеңдеп жол арбыта бериштi.

Ээн жерде не жүрбөйт!?

Бир мерте бир буйгада токочунан суугa малып, эми тиштеген болуп отурушкан. Шырт этип калды арты. Не балакети? Жалт караса дал өзүнө карай итпи, бөрүбү, төрт аяктуу бирдеме так түйүлө секирип жиберди. Оонап буйтап кетти Тайлак, дагы кудайга шүгүр, не бар не жокко ала баскан кызыл четин таягы колуна кире түшө тиги жырткыч күркүрөп кайра үйрүй чап

салганда шилтеп калышка үлгүрдү. Каңк деп алды, ит эле экен.

Бирок, не чала тийди, не дөбөт ит тооткон жок, бала эси чыга нестейген бойдон, кайра күч ала аркырап тегеренип, ыгын келтире арттан секирип, кечеги богун берип чоңойткон адам досунун эки ийнине эки бутун арта сала, маш болгонбу, түз эле кекиртек талашып калды. Дүгдүйгөн желке жал жүндөн эки колдоп бурдап, тегерете серпип үлгүрдү Тайлак.

Деги коюп калар эмес, деги качар эмес, эки көзү кыпкызыл, арсайган тишинен, балбактаган кара ууртунан шилекейи тамчылап, гүргүр эте улам ыкыс берип, бир оңтой издеп, тегерене имере кысты ит.

Өтө килеңдеп, не жеп семирген ушу ээн жерде!? Жумуру башка чап салып жүрсө минтип, кез келгендин баары эле Тайлакпы, алсызын суурча басып жеп көнгөн го!?

Тиктеше калышты, ууртун чормойто «чүк чүк» деп койду Тайлак, Бир «ар-р» деп, бирок бир кезде бирдеме бересинде ээси ушинткени эсине келе түштүбү, гүр дөбөт кулагы тикчийе башы кыңырая кол карап, кайра «ар-р» деп тегерене тооруп, а Тайлак дагы «чүк чүк» деди, иттин кулагы дагы тикчийип, куйругунун учу кыйшаңдап дагы кол карап калды.

«Ме...» деди адам ээси, токочтуп бирип шилтеди ага, ит эки алдыңкы аягы бирдей көтөрүлө жерге түшүрбөй илип, бурдап калды токочту.

Асте кетенчиктеди баланы ртына корголото Тайлак, жо, токочту эки чайнап бир жутуп эле артынан басты гүр дөбөт.

Те нарытан башка ит улуду, каңшылап чыкты үнү, канчык окшойт.

Эки жырткыч жан койобу!?

Эми жандан түңүлдү Тайлак. Эртеден бери адам атпайдын көзүнө түшпөсүн деп, ушу балаты арчага байырлап, кан жол эмеспи, бирөө өтүп калса арчаны тегерене далдасына басып турган. Тигине, чын эле актөш канчык экен, аңкиштеп көрүндү. Өлө тала баланы ба-

латыга тырмыштырып, өзү да эптеп үч айры бутагына чыга калышка үлгүрүп алды Тайлак.

Лепилдеп желип жетип келди сулуу канчык. Гүр-гүр эткен дөбөттөн жалтайлап, анын жаланган оозун тиктеп, кошоматка куйрук чайпап, имериле басып, жер шимший баштады.

Эми ага «чүк чүк» деп койду Тайлак. Өйдө тиктеп, сыпаа ургачы анын адам экенин таанып, бирок дөбөттөй күрүлдөбөй бирдеме үмүт кыла жаланып тиктеп токтоду, А гүр дөбөт анын энчин канчык ала тургандай болгонун сезип, желке жалы түктөйө ырылдай баштады. Муну эси бар адам дароо биле бүтүн токочту канчык жакка ийе алыс шилтеп салды.

Нары калың, нары ката түшкөн токоч кырынан тийип, кериден ылдый тегеренип жөнөдү. Эки ит экөвү бирдей атырылып, тең жетип, олжону бирине бири кыя койбой тикелеше аркырашып, бир убакта күч жеңип, канчыгын баса кала уйпалап талай баштады гүр дөбөт. Ургачы да байкуш, канчык куду алсыз аялча ыйлап каңшылап, ошондо гана дөбөт аны койо бере тыякта жатып калган токочко аңкилдеп барганда канчык да жетти, каңылдатып кайра бурдады дөбөт аны...

Эми акырын балатынын наргы бетинен сыдырылып түшүп, ошо далда жагын жамынып, бөкчөйө кымырыла жөнөп, эки ит куду үйүнөн чыр кетпеген эрди катын сыңары бири каңшылап, бири гүрүлдөп калышканда кыйла узап, эң акыры тура жүгүрүшө караан үздү эки адам.

«О-и-и... жаман иттер экен а, байке?..» деди Бектур, бала ит эле экен деп, анча корккон эмес окшойт, а байкеси «баланы алдырып койомбу» деп жүрөгү түшүп калган, «а... а... ит да...» дегенге араң жарады. «Мен бай эмесмин, «аке» де...» — деп койду артынан.

Жай алды, ак кар көк муз ашуу бирткелеп ачылып калган экен. Дал белесинен нары багыты улам төө өркөчтөнгөн майда адыр, саал көк мунарыкка төнө мелтиреген ороон. Быяк карышкыр болуп талар ити да, кулагын кесип кул кылар калмагы да жок өз уясы. Сыйгаланса түшүп бара алышат эми.

24—1592

«И-и, байке, — деп жиберди Мырза, — тирүү бирөө отурат...»

Эми кадам койор бет алдында баягы тепкич болгон атасынын башы тирүүдөй карап турганын көрө «ата...» деп эңиле бара кучактап калды Тайлак, кантсин, быяктан да тыяктан да көргөн сезген айтып бүтө алгыс күнкорлугу көбүрө солуктап жиберди, баласы да...

Баягы! Таштын үстүнө кан мойнунан тике койо жабыштырып кеткен бойдон турбайбы!?

Тура кала кош бөйрөгүн таянып, өңгүрөп өкүрүк салды баласы, эзиле өпкө кага «...атам... о, атам ай...» деп, көпкө басыла албады. Эч нерсе түшүнбөй, бирок байкеси тигинтип отурса али жүрөгү катыга элек нАристе чыдай албай ыңылдап, эзиле бышактап кошо ыйлап турду.

О, кудурет, жүзү али ошо тоңгон эле бойдон го!? Күн тийген гана жагы биртке көгүлтүр тарта баштаган. Тиги көзү мемирегенсип жумулганы али өзгөрбөгөн, көгөргөн жагыныкы биртке жыртылгансып калгансыйбы, жо, ушу жерден тоймокчу болгон кайсы бир ийри тумшук чукулаган сыяк. Көңүлү сыздады баласынын аны сайын.

«Жөн өлгөндө эл катары ариети менен кудай топурагын буйруган жерине коюлат эле го!?» деп муңканып, өзүн токтото лбай эчкирип алды. –Элдин кору, уюткусу куруп кетпесин деп, силерден тукум улансын деп, өзүңү өзүң ушуга кыйдың го, кагылайын атам ай...»

Энтикти, үшкүрдү, «куруп кетпесин» «тукум улансын» деген ата үмүтү сооротту. Ошо замат, куйругулаш бир убакта өз Лүкүсүнүн бөрсөйгөн ичин өзү жылым алакандап сылаганы, колго уруна калган бирдеме бүлкбүлк эткени кылт деп дароо ишеним, дароо кайрат берди, колунан тартып тургузган сыяк дем берди.

Актаган таруудай майда тоголок шыбыргак эркек кар чын эле шыбырашкансып, шаштыргансып уюлгуй боройлоп, Жайлообайдын көгала чачын бирпаста тармалданта аппак кылып жиберди. «Кош, мурунку өмүрүн

бизге зарп кылган, кийинки өмүрүн бизге таштап кеткен, кагылайын, атакем...» деп, бешенесинен шыбыргакты алакандап бир шыпырып коюп, бөлөк аргасы барбы, андан нары өз атасынын баягы тоңгон эт сөөгүп бирдеп астелеп басып, муну сезинген сайын каңырыгы түтөп, эси нес, Ак Гуздун көк музунан кайра ашты бала...

## 5

Чын эле Санкт-Петербургда өкүмият башкаланып кеткен экен, быякта «комитет» деген бийлик мекемелери пайда болуптур, издеген Германын сурамжылап көпкө жүрүп, «Пишпек уезкому» деген жерден тапты Тайлагы.

Жүз көрүшөр замат көз жайнай тиктеше калды экөвү тең. Тыштан кирген киши катары мурда салам айтты Тайлак, баш ийкей келе кучакташып калды чыкыйган сержант Герман:

— Кана, — деди биринчи кубанычы. — кошо келдиби Люба?

Жаакка чапкандай болду Тайлакка, нес боло түштү байкуш:

— Сени алып кетти дешти го!?

Көзү чакчая түштү:

— Эй! — дей чаңырды Герман. — Эй, сени ишке кеткен жагына алып кетти дешти го мага тыякта!?

Экөвү тең «тамаша кылыватат» «коркутуватат» дей өзүн жооткотуп, экөвү тең энтигип, тамак кургап кеткендей тамшанып, а көңүл уйгу туйгу шектенип, сурлана баштады ирендери.

— Чаргытпа, кой... — деп зекиди Герман.

— Коркутпо, сен кой! — деп туталанып кетти Тайлак ошо замат эле, кайра майышты, үнүн калтырак баса кандай абалда Люба кошо кеткенин, кантип ашуудан өтүшкөнүн айтып, ушу жеринде тамагы буула көзүнө жаш тегеренип, энтигип, төгүлүп кетти.

Мунун атасынын өзүн кыйганына такыр эле ишен-

бей, кайра кыжыры келип, булардын баягы көп жомогунун бири деп, мелтейип укту кычыраган сержант.

— Кантебиз, — деп үнү пастап шөлбүрөдү Тайлак, — мурда эле көзүбүз түз эле...тыякка баргандан кийин, кантебиз, бирлешеип күн көрүш керек болуп...

Карындашынын айтканын уккан консулдун увакилинен, улутуна баш ийкенип койду Герман:

— Кана? Эмне болсо да кайда экенин айт эми.

Иреңинен жалаа сезген жок, ошон үчүн үрөй учту Тайлактын:

— Койчу эми, Геке, — деп каралай көзү жалжал болду, — мени ажыратпа, Геке... ал менин көрөр күнүм, Геке... кош бойлуу да болуп калды эле... Геке...

Те бала кезде коңшунун балдары бири «Геке» десе бири «Теке» деп көнүп калышкан. Ошо Гекесинин алдында эт жүрөгү болкулдап, өңгүрөп ыйлап жиберер абалда калды Текеси.

Жалгыз бир туугандын тагдыры арзанбы!? Эч жумшара койгон жок теңтуш Гекеси:

— Эң оболу сен анын кайда экенин айт, калганын андан кийин! — деп таштады кескин.

...Те баягы эчки куйрук сакал «сени өзөртө тепкен» «ит катары» деп кара кузгундай тегерене куркулдап «кудайдын каарынан туулганын» көкүткөн күндүн кийинки түнү эле чокоюн шырп эттирбей камыш алачыкка жандап, ага кошо үйрөтүп ойноткон аюу сыяк мөңкөйүп Бүкү келген.

Дем тартпай, бир аягын жерге койбой тыңшады куу неме, тынчы кете баштаган өз жүрөгүнөн өзү чоочуп, өзү кирбей бүкүрүнү түрттү ичкери.

Жылыштап кирди бүкүрү. Көзү илине элек экен, «...Бүкү...» деди келин, — кайда жүрөсүң... курсагың токпу... нары оордуңа жатып ал...» Шилтенди шап балта! Былч... Кың деген үн чыга алган жок. Шаша кирди тиги, экөөлөп көтөрмөкчү болушуп, көтөрмөк кайда алы карыптарга, эптеп сүйрөшө алачыктан аркан бою арадагы суу жырган аңга араң жеткирип, үстүнө топурак шилеп жашырып таштады...

Бу «өзөртө тепкен», «ит катары көргөн» үчүн деле эмес, «карындашы ушуйерден табылса Герман кырып кетет» деген каңырышка жараша бир жандалбас аракет болуп кеткен...

Уездком эшигинде не иши түшкөн, не иш аткарар ар түркүн кийимчен кишилер, дагы эле эшик тескеген аскер топтору бири келип бири кетип кыбыр үзүлбөй турган.

Бу экөвүнө көңүл бөлүнө баштаганын сезип:

— Кой, эски коңшу, кенен жерге барып сүйлөшөлү, макулбу? — деди Герман.

«Беке», — деди Тайлак, — мен келгенче ушу жерден жылбай мына бу байкелериңин жанынан чыкпай ойноп тур а, уктуңбу?

Өз эл, өз жер дегенди бала да болсо сезип, ирең жадырап калган бала баш ийкеп гана кала берди.

Көзүнө ошол эле эшикте «кыйын бала окшойт» көрүнүп кеткен Тайлакка кай бирөө ыктап, «жаңы өкүмяттан жардам сурап бере алат ко» деген үмүткерлер чогула калган. Кошо басышып калды жүр деген жакка. Көзү бир чаргып, «кошо келген немелери окшойт, барышсын, балким ушулардан кабар чыгып калар» деп, бирге ала кетти Герман.

Герман да, анын төрт солдаты да атчан, а Тайлак, ким экенин билбеген беш өспүрүм жөө, ыкчам жүрүштөгөн ат алдында айдалып, бири жыртык чокой, бири кызандаган кызыл согончок бечаралар биринен бири өтө желип кыраңга чыкты. Пишпек алаканга салгандай даана көрүнүп калган экен.

— Кана, — деди Герман аттан түшөр эле замат, — айтчы эми, кайда Люба?

— Сен айт кайда экенин, Геке...

Жакадан ала Тайлактан тумшугуна маузер такады Герман:

— Сен каракчы... сен... кара оокатың үчүн эле... сатып ийгенсиң ал байкушту...

— Кой, Геке...андай жаман жалаа жаппа мага, Геке... — деди, чын эле жашып кетти Тайлак, —

...мен ошону багайын деп... тукум көрөйүн деп, Геке... кара башымы нечен айлап ишке сатып жүрдүм го, Геке...

Герман:

— Эмне кылсаң ошо кыл, маа десең үчтөн туудуруп ал, көрсөт менин көзүмө өзүн!

— Коку-уй... — деп боздоп, эми ишенди Любаны быякка апкелбегенине Тайлак. «Ыя... көзү түшкөн көпкөн бирөө зорлоп алып кеттиби, кокуй!?» «Өзү оңой баш бермек эмес, ыя...» деп алдастап, өзүнчө булдуруктады, ошондо да «өлтүрүп койдубу» дити барбай, тили бурулбай, буула эки ийнинен дем алып, өңкөйүп туруп калды.

— Жо, жо... — деди тыяктан Герман, — сен чаргытпа, сен каракчы, адам жабайы, кутулуп кеткиң бар э!? «Көпкөн бирөө» эмей эле өзүң алып кеткен экенсиң кытай ичине, ошо «көзү түшкөнгө» өзүң эле сатып баса бергенсиң!

Бир жактан байкуштарды бирден жакалап, шакылдата уруп, дүпүлдөтө тепкиге алыша бири «кана, сен айт», дагы бири «сен билесиң» деп, мурундан кан алып, тиш чагып, катыран сурак кылды солдаттар.

— О, кокуй ай... — деп, өңгүрөп ыйлап жиберди Тайлак, — о аларда эмне күнөө, тааныбайм мен аларды, тааныбайм...

Тура бара Германды жакадан алды:

— Ой, сатып ийсем, ой, мени Теңир урсун, ой!

Герман:

— А мени мактайт бекен өзүм бекитип алып доо кылсам!?

Көңүл сыздап, кол шалдырап, бирин бири тең түртүшө терс айланып, нес болду экөвү тең. «...эри алып кеткен...» деген, «агасы алып кеткен...» деген тешип турду кулактарын. Эки алакандап көзү бетин басып муңканып калды эле, жүгүрө жете Тайлак сүйөй бергенде чарт жарыла:

— Байла! — деп жиберди чаңыра Герман.

Былк этпей туруп берди Тайлак, берки бечаралар-

дын да колдору артына карыштыра байланды, көздөрү таңылды, бирден сүйрөлүп тизилип коюлду.

Көз таңыш атмай го!? Тайлак түшүндү, «коркутканы эле, уруп-сөгүп таштап кетишет го...» деди балдардын байоо үмүтү. Жо, темир шырк деди!? Чоочуу кирди балдарга, «мени койо бергилечи» деп жалдырады бири, «мен бу кишини мурда көргөн эмесмин» деди, угар ким бар, бирин бири сыйпалап кучактап чуу тура өксөп ыйлай баштаашты, ким угат!?

— Геке, — деди Тайлак акырын, — мени күнөөлүү десең билгениңи кыл... бирак, Геке, кудайың эсиңде болсо, Геке, бу байкуштардын канына забын кылба, мойнуңа бөөдө күнөө алба, койобердир, Геке...

Тагдыр ушу болсо ага кайыл болуп, баш ийди:

...а менин колуму чечтирип, көзүмөн таңууду алдырып кой, Геке... качпайм, жан далбас кылбайм...

Октон ким качып кутулган!?

Колу да чечилди, көз таңуу да алынды, не арман жашын кылайтпай кайра сиңдирдиби, не көмкөрүлгөн көккө кош дештиби, ээк көтөрө былк этпей калды Жайлообайдын жалгызы.

Улу тоо үстүнө ар жерине ак төөнүн чуудасындай чубалып түшкөн булут, түпсүз, чексиз кең аалам... «...көктө Жараткан, анын алдына барат чыккан жан...» деп, эсине келди көп эле жолу ата оозунан уккан кеп, бу медер болду ага, коркуш да кейиш да жок, ушу азыр чын эле ошоякка учуп бараткансып, дене сезилбей калды өзүнө.

— Геке... — деди бир убакта тике жүз бага, жаш жок экен көзүндө, муң гана сезилди, — Лүкү тирибi, өз колуңдабы, ошону айтып кой, Геке... жашык көз жашымы да, күйүт арманымы да бу улук сыноо дүйнөгө таштайын... артымда жарым, жалгыз тукум калды деп, ушуга шүгүрлүк кылып кетейин... Геке...

Мунун минтип, бөөдө өлүмгө эч кайгысыз, эч өкүнчсүз муназа кылып турган түрүн көрүп, баягы «алып кеткен» дей бирине бири күбө өткөн адам бейнелердин

карасур үрөйлөрү улам алмаша кайра келип, ага ишене да албай, ишенбей да койо албай... кантсе да, бир уялаш карындашы соо эмес экени эми сезилип жүрөгү селт этти Германдын.

Эми түңүлдү белем, көз жашын көрсөтпөскөбү, дүрт эткен кыжырбы, терс айлана берди, кет дедиби, ат дедиби, катуу силкип таштады колун.

Тарс!

Көкүрөгүн мыкчына, акырын кыңкайып бара чалкасынан, көзү ачык бойдон суналып жатып калды Жайлообайдын жалгызы.

Тажал куралдын чаңырыгы овону как жарып, тоодон тоого каңгыр дүңгүр жаңырыктап, чайпала түшкөнсүдү эмелеги гүл жыттаган тынч аалам...

Эми тула бою шалдырап, ыкшала келе бир убак бала кездеги тең курунун жүзүнө акырын эңилди Герман...

те алыстагы ак кар көк муз улу тоо, асте көчүп турган арман түс боз булут көрдү көзүнөн...

# ЭПИЛОГ

Жыл эсеби ошол эле 1916.

Тукум курут кыргын өзгөчө күчөп турган август күндөрүндө, жамандык жерге жатмакпы, Россиянын төрүнө да угулуп, ошондон Империянын Мамлекеттик Думасынын белгилүү Керенский, Тевкелев деген депутаттары өз пикирлеш жаатынын тапшырмасы боюнча Түркстанга окуяны болуп жаткан жерине барып баа бериш үчүн келип, тиги эле казак даласынан баштап Самарканга чейинки мерчемди кыдырып көрүшкөн.

Көрөрүн көрүп, угарын угуп кайтышкан соң октябрдин ону күнү Улук Думанын бир кыйла мүчөлөрүнүн ортосунда А. Ф. Керенский ушуга дейре Россияда эч ким билбеген, эч кимдин оюна келбеген кан, кайгы окуялар жөнүн ачык баян кылды.

Эң биринчи, Аскер Министрлиги бул окуялардын болушуна «пантюркисттик, германдык үгүт» түрткү болду деген ойду бетине кармап чыкты. Бирок катышкан калыс, билги көпчүлүк «чыныгы себеби Аскер Министри Шуваев суранып жарияланган Указ, ага кошумча аны жүзөгө ашырыш боюнча Министрлер Советинин төрагасы Штюрмер берген адамгерчиликке да, мыйзамга да сыйбаган аша чапкан көрсөтмөлөрү экени оозго алынды.

Ырас, Аскер Министри азирети Императордун кол куралы, ал дымактуу, ал көпкөн:

> **«...а балким, мен бийлигими ашыра пайдаланып койсом койгондурмун, эмне экен, керек десем мындан ары да ашыра берем...»**

деп ызырынды, ошол убакта Россия согушуп турган чагында кошумча күч зарылдыгына таянып, Императордун реквизиция жөнүндөгү указын ачык эле жамынып койду.

Ушун этип, аткаруу бийлиги кылгылыкты кылганы, а бирок кыргындын мыйзамсыз болгонун эч качан эч кимдин алдында моюнга албай тургандыгы билинди.

Бийлик жактан «көтөрүлүш тышкы үгүттөн» дегенин ошо кыргын болуп жаткан жерге барып, көрүп келген депутаттар «андай үгүт четтен эмес, андай «үгүт баракчалары» охранка тарабынан колониянын ар кайсы жеринде даярдалганын, кеңири таратылганын таптап, Анжыяндыкын ала келишкен экен.

**А. Ф. КЕРЕНСКИЙ:**

> **«...Өкүмдардын 25-июндагы Указын жарыялоо, аны жүзөгө мындайча ашыруу өзү эле Россияга тийешеси бар негизги да, негизсиз да мыйзам ченемдерин бузган. Ушунун кесепетинен Түркстанда эл тукум курут кылынып жатат, ушуну менен ырайымсыз иш чаралар аркалы мыйзам, укук деген тепселип ташталган.**
>
> **Белгилүү, орус чиновниги үчүн кагазга жазылган мыйзам көрсө көрмөксөн болуна бере турган нерседей, а өз чоңунун оозунан чыкканы ал үчүн ыйык, ал мыңк этпей аткарып жүрө берет...»**

**ЖАФАРОВ:**

> **«Бул иште жогорку бийликтин агенттеринин кылгылыгына ошо жерлик орус бийлигинин чеги жок зомбулугу коштолгон.**

**Орус эместерден тыл ишине алууда, аны жүзөгө ашырыш ыкмасы да орус эместерге илгертен кылымдап колдонулуп келе жаткан саясаттын, демекчи жергилик орус эмес элдин пикирин пикир катары көңүлгө албоо, күнүмдүк жашоо кызыкчылыгы карманча жерилүү салтка айланган саясаттын түздөн-түз жыйынтыгы...»**

**АЖЕМОВ:**

**«Кимдир бирөө чет жакада жүргөн чиновнигин байыткысы келсе, же бизге душман германдарга жардам кылгысы келсе, так ушуну эле ойлонмок, буйрурукту ушундайча бурмаламак, буга башкача бирдеме табам дештин кереги жок. А бизде ушу кылгылыкты кылат, анан Өкүмдардан «обер-камергер» деген барктуу атак алат, мына бу кылмыш үчүн сот алдына отуруп калбай кайра көтөрүлүп алат...**

**Ким? Сенделип жүргөн бирөө эмес, ал Россияны ондогон жылдар бою кайра оңдой турган өтө кыйын бушайман иштерге кириптер кылган неме Министирлер Советинин Төрагасы жаңы обер-камергер Штюрмер өзү...»**

*(ЦГА Кирг. ССР, ф. 75, д. 48, л. 7)*

Мына ушин этип, Империянын кадырын кирдеткен, ич ара биримдигине жарака кетирген абал Россиянын улук Думасын дүүлүктүрүп турган учурда тыякта элин түгүл, кудайын таанбай калган Куропаткин түздөн-түз карама каршы «өлгөндүн үстүнө көмгөн» кыла 16-октябрде «кыргыздарды көчүрүш жөнүндө» кеңешме* деген маселе көтөрүп чыкты, тайманышы жок.

Мунун жарым пашалык бийлиги боюнча Ысык Көл айланасынан, Кебин, Чүй, жана да Текес өрөөндөрүнөн, Жаркенттин Чалкөйдө Суу ичинен «жаңжалкөй» кыргыз атпайды көчүрмөй экен.

Тирисин күргүчтөп Нарын сайына тыкмай, Тогуз Торо, Кашкар жагына дайым турар аскер пост коймой экен. Бу деген резервуация, ошо өзү кызыл чап,

* ЦГА Кирг. ССР, ф. 75, д. 48, л.л. 7 — 9.

эгин эгилер шүдүгери аз, кийеси суйдаң, жайы кыска кышы оор жерде башка жакка катташ жок биринин этин бири жесин, өз тезегин жесин, түгөнсүн деген сөз.

Бу эле түгүл Анжиян, Аксы, Талас, төмөнкү тиги эле Самаркан, Каратегин багытынын кыргыз атпайын кезеги жеткен келерки жылдардын биринде бирден терип Кетмен-Түбө ойдуңуна шыкап, буйерде төрт жагына көз ирмебес, сурабас, аябас аскер посттору коюлуш жагы азырынча такмын болунган.

А быяктагы кыргыздан бошотулар ырыска шерик кутман жергелер, ага Кочкору, Жумгалы кошо кошулмасыз орустарга берилип, «эли таза орус край» кылмай экен.

Ырас, те баягы быякка карай жаңы жылыштаган мезгилде көп кытай менен жылым жумшак ыкташып, улуу кырка тоодун «нары жагы аныкы, бери жагы мунуку» кылынып, түркөй жергиликтин бири билбей 1858-жылы эле эки улук журттун чек арасы картага сызылып коюлган.

Бу мезгилде жергилик «инародцы» ар бири атаконушуна тырмышып, укукташып калган, не акыры көп кытай буларга жардамга, не өзү оторлошко умтулуп чыгып калышы ыктымалдын ыктымалы эмеспи!?

Баягы «жылым жумшак» жата бериш эмес, этят болуш көңүлгө кире баштаган кезде улуу кырка тоонун башы буйердеги башы Текестен этеги Каратегинге дейре чек арадан жылан сойлотпос, чымчык кылактатпас ылгый козак станицаларын кураш зарыл делинген.

«Көчүрүлөр» элдин ичинен сарыбагыш уругун «күнөөсү оорлугуна ылайык« буларды чогу койбой ар бир айылга битркеден бөлүп жибериш, же тиги эле Балкашка айдап салыш керек дептир жарым паша.

Ошо кезде жергилик эл кырылары кырылып, бозгону бозуп, кокустан тири жүргөнү бар болсо андан кийик үркпөй кекилик учпай, кутман жерлер күндүз аңгырап, түндө тунжурап, ансыз эле ээн калган.

Бөөдө кыргын маселеси тына койгон жок, декабр-

дин 13-күнү Мамлекеттик Думанын 5-Сессиясында талкууга коюлду кайрадан.

Ушунда да депутат Керенский өз көзү менен көрүп келген болмуштарга таянып:

> **«...үч түркүн куралчан жазалоо отряддары—пехота, артиллерия, атчан аскер жолмо-жол, өрттөдү, тирүүсүн түгөл кырды жергилик элди... аялбы, эркекпи карабай, жашын ылгабай...»**

деп кошумча кабар айтты...

Күү-дуу болду улук деген Думанын депутаттары.

«Позор!»

«Мына, жырткычтык эмей немене бу деген!? Ыйлактап сөз улады Керенский:

> **«...эмчектеги балдар аялган жок, эмгизген энелери, абышкалар, кемпирлер бир тегиз жок кылынды...»**

Муну «варвары» дешти, элчил-журчул демократ сыяктуулар гана эмес монархизмчил деген интеллигентер кыжырлана дүүлүкпөй койо алган жок буга.

> **«...Беловодское кыштагынын приставы бир Грибановский деген неме алдоо аркалы 500 дөй кыргызды кербен сарайга киргизип, ошойерде куралсыз элди таш менен, келтек менен, балта, айры менен кыйраттырып таштаган. Тирүү калганын Пишпек шаарына айдатып барып, шаар чоңдорунун көз алдында ошол эле күнү кечке жуук чоң аянтында кинематограф күүлөрү астында бир дагы ок чыгартпай тындым кылышкан...»**

деп, сөз жыйынтыктады А. Ф. Керенский.

Ырас, «инароцы» демек «орус эмес» делинип, букарасы катары көрүлбөгөн колониянын жергилик элине колдонулуп келинген өйдөсүнгөн саясатты илгертенки колониясы тиги эле Батыш Сибирден баштап орус падышалары өзүлөрү тандан отургузган Дюгамель, Гасфорд, Кауфман, Колпаковский, Куропаткин, булардан

төмөнкү аскербашылар Ионов, Фольбаум, Иванов булардан майдасы Рымшевич, Грибановский, Бакуревич, Гециг сыяк «ишмерлер» өзүлөрү каалаганындай жүзөгө ашырып келишкен. Мына, эң акыркысы обер-камергер, орус өмөтүн башкарууга чейин жеткен Штюрмер экен.

Бу оруска да, орус эместерге да зыян саясатты бүткүл Россиянын азирети эгесинин да ыйык көңүлүнө карабай анын «кол куралынан» да чоочунбай айыптап, жакынкы Казак Даласында, жамы Түркстанда орус эместердин бейкүнөө кырылганын ашкере кылып турган жалгыз кадет Керенский эле эмес, аны кызгын кубаттаган эстүү, уяттуу депутаттар эле эмес, демекчи бу орус руху, ичи кенен демократчыл Россия деп түшүнмөк абзел.

Келерки жыл эсеби 1917.

Өз империясынын, көптөгөн улут күргүчтөлүп турган «өз» деген элинин ошол учурда кабылып калган оор абалын акыры жөндүү түшүнгөн соң, ага кошумча тышкы эрес талашкан орус-герман согушу бүтө калбай аны сайын кыстаган шартта Николай 11 Дума ойчулдарынын алдында жалгыз өкүмдарлык атамурас бийлигинен мурун канатпай өзү кечип эрдик кылган.

Ошо Керенскийлер көтөргөн «февраль революциясы» деген тарыхий окуя, андан соңку «октябрь төңкөрүшү» Россиянын жеке бийликтен, анын көп кылым бою жүрө келген башкаруу өнөкөтүнөн акыры жадап, эли үчүн жашоодун жаңы, теңчил жолун издеп көтөрүлгөнү талашсыз. Ошон этсе да ичтеги да, колонияларындагы да «орус эмес» делген, кылым бою эзилген элдин аргасыз карама каршылыгы буга кошумча ой, кошумча түрткү болгону да жалган эмес.

А мына, ушу орус Россиядагы эки бурулуш өзүлөрүнө гана эмес мурдагы эл катары да, жеке адам катары да бирткелеген эле укуктан тумалай кылына кордолгон, тигиндей дили өзгө, бирок орус койнуна кирип алган тажалдарга таламай болгон элге «өзүн өзү

билиш», жолуна жаңсап, жаңсап эле тим койбой жүрө бара чачылганын жыйнап, чабылганын курап, а сайда саны кумда изи калбай улут аты өчүп кетишке такалган кыргызды өзүнчө канчалык деңгээлде болсо да «республика» атап, «өзүнчө эл» деген катарга кошуп коюшу дагы эле каниги орус дилинин, Россия коомчулугунун, адамгерчилигинин салтанаты, теңдеши жок тарыхий жакшылык.

Дагы эле чекеси тердебей, мурду канабай өзүнчөлүккө жетинген, ушу бүгүн кыргыз өзүн эркин, өзүн өзү билген мамлекет болуп отурганыбыздын теги, жербайы ошо Республика.

> ...жакшылыкка жакшылык ар кишинин кылары,
> жамандыкка жакшылык эр кишинин кылары...
> деп билет кыргыз накылы.
>
> «...а жакшылыкка жамандыкты ким кылат» деп сураган «шайтан кылат» деген жооп алган байыртан...

демекчи, бизге бу тарыхий жакшылыкты эч качан, ар түркүн шартта да унутпоо ылазым десек болобу?

***2002 – 2004***

# МАЗМУНУ

БИРИНЧИ БӨЛҮМ .......... 5
ЭКИНЧИ БӨЛҮМ .......... 76
ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ .......... 160
ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ .......... 261
БЕШИНЧИ БӨЛҮМ .......... 322
ЭПИЛОГ .......... 377

Көркөм-адабий басылма

*Төлөгөн Касым-Бек*

**КЫРГЫН**

(Тарыхый роман)

Редактору *М. Төлөмүшев*
Сүрөт редактору *К. Коёналиев*
Техникалык редактору *С. Нурмиева*
Корректору *Р. Бектурова*
Компьютердик калыпка салган *Р. Мукамбетова*

ИБ № 5619

Басууга 17. 05. 04 кол коюлду. Басууга 17.07.04. кол коюлду. Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84x108 $^1/_{32}$. «Мектеп» арибн. 12,0 физ. басма табак. 20,16 шарттуу басма табак. 22,0 учёттук басма табак. Заказ № 1592. Нускасы 2000. Келишим баада.

ААК «Акыл» басмасы

720361, ГСП, Бишкек ш., Ю. Абдрахманов көчөсү, 170.